КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

ТАРЫХ ЖАНА СОЦИАЛДЫК ИШТЕР ФАКУЛЬТЕТИ

Дүйнө тарыхы:

доорлор жана цивилизациялар, географиялык ачылыштар, согуштар жана революциялар, мыйзамченемдүүлүктөр жана келечек

Ош-2023

УДК 94
ББК 63.3 (0)
Д 30

ОшМУнун Тарых жана социалдык иштер факультетинин
Окумуштуулар Кеңеши тарабынан басмага сунушталды

РЕЦЕНЗЕНТТЕР: тарых илимдеринин доктору,
профессор Б.К Абытов
философия илимдеринин доктору,
профессор К.Исаков

АДИЛБАЕВ Ж.А
ДУЙШОНБАЕВА А.Б.

Д 81 ISBN 978-9967-18-642-2

Дүйнө тарыхы:

дооpлор жана цивилизациялар, географиялык ачылыштар, согуштар жана революциялар, мыйзамченемдүүлүктөр жана келечек

Дүйнө тарыхында салыштырмалуу окшоштуктар өтө эле көп, алардан даана байкалган циклдерди жана мыйза ченемдиктерди көрүүгө болот. Тарыхты окуп, өтмүштүн тереңине сүңгүп кирүү менен бүгүнкүнү жакшылап түшүнүү жана болочокто адамзатты эмнелер күтүшү мүмкүн экендигин боолголоо мүмкүнчүлүгүнө ээ боло алабыз. Анткени бул мыйзамченемдүү көрүнүш. Ошондуктан дүйнөнүн тарыхын изилдөөдө цивилизациялардын тарыхын кароо жетиштүү жана кенен маалымат боло алат. Бул окуу куралын тарыхчылардын, философтордун, коом таануучулардын, социологдордун, географтардын, кенири чөйрөсүнө арнап, ушул багытта билим алган студенттер, магистранттар үчүн маанилүү деген ойдобуз.

Толукталып, экинчи басылышы.

© Адилбаев Ж.А., Дуйшонбаева А.Б., 2023

Киришүү

Африканын саванналарында колуна жыгач найза алып жер кезип жүргөн саксайган биздин түпкү бабаларыбыз менен бүгүнкү мегаполистин жашоочусу, колундагы уюлдук телефондон көзүн албай, эл көп жүргөн көчөдөн өтүп бара жаткан адамдын ортосунда кандай байланыш же жалпылык бар? Экөөнүн тышкы көрүнүшүндөгү айырмачылыктарына карабай максаты, талабы жана мүдөөсү бирдей болгон – адам баласы.

Коом дагы анын тутуму, өнүгүү мыйзамдары көпчүлүктүн жашоо тагдырына тиешелүү болгон окуялар боюнча деле ошондой айтса болот. Байыркы уруулар жер, суу, анчылыкка ынгайлуу аймактар, б.а жашоого керектүү болгон байлыктар үчүн өз-ара согушуп келишкен. Ал эми бүгүнкү мамлекеттер учурдун универсалдуу байлыктарынын бири болгон-мунай (нефть) үчүн күрөшүп келишет. Бир нече кылым мурун Чынгысхан бүткүл дүйнөнүн үстүнөн бийлик орноткон улуу держава түзгүсү келген. Ага чейин ошол эле аракеттер А. Македонский, кийинчерээк Б.Наполеон, А.Гитлер тарабынан да болгон.

Тарых-бул бизге белгилүү болгондой, адамзат коомунун жаралышы, калыптанышы жана өнүгүшүн изилдөөчү илим. Адамзат коомунун жаралуусунун эн алгачкы формасы энелик доорго (матриархат) барып такалат. Тарых мерчеминде ал доор б.з.ч 40- миң жылдык деп болжолдонот.

Ал эми цивилизация түшүнүгү адам баласынын табияттан болгон көз карандылыгын женилдетүү багытындагы адамзат жараткан ачылыштарга байланган жараян. Болжол менен б.з.ч. 8 миң жылдыктардан - неолит доорунан башат алат. Ошол неолиттик «жаны таш доорундагы» революциялык бурулуш адамзаттын табияттан толук көз карандылыгына чек коюп, жашоо үчүн зарыл болгон азыкты өз колу менен өндүрүүгө өтүшүн шарттаган. Бул түшүнүктү илимий негизге которуп, маани-маанызына жана келип чыгуу тарыхына назар салсак, анда окумуштуулардын көп түрдүү аныктамаларына, ой-жоромолдоруна күбө болобуз. Алардын кээ бир, биздин оюбузга, назарыбызга татыктууларын сунуштап кетүүнү туура таптык.

Цивилизация (лат. civilis) – жарандык, мамлекеттик. 1. Маданияттын синоними; 2. Коомдук өнүгүүнүн материалдык жана руханий маданиятынын деңгээли (байыркы цивилизация, азыркы цивилизация); 3. Коомдук өнүгүүнүн жапайычылыктан (варварчылыктан) кийинки баскычы (К.Маркс, Ф.Энгельс). Цивилизация түшүнүгү XVIII кылымда маданият түшүнүгүнө байланыштуу пайда болгон. Француз философтору, агартуучулары акыл-эске жана адилеттикке негизделген коомду цивилизациялык коом деп аташкан. XIX кылымда цивилизация түшүнүгү жалпы капитализмди мүнөздөө үчүн да

колдонулган. Бирок бул түшүнүк кенири тараган эмес. Орустардын реакциячыл философу Н.Я Данилевский цивилизациянын же маданияттын жалпы типологиялык теориясын иштеп чыккан. Ага ылайык: “дүйнөлүк (байыркы, орто жана жаңы) тарых жок, өзүнчө обочо турган тигил же бул цивилизациянын гана тарыхы бар”- деген көз карашын билдирген. Данилевский маданий-тарыхый жактан өнүгүүнүн 11 түрүн мисал келтирип, аларга кенири токтолгон. Анда египет, кытай, байыркы семит (ассирия, вавилон, финикия, халдей), индия, иран, еврей, грек, рим, жаңы семит (араб), европа (роман-герман), славян цивилизацияларын атаган.

Ал эми немец философу О. Шпенглердин көз карашы боюнча цивилизация - ар кандай маданияттын өнүгүшүндөгү акыркы стадия. Ал индустрия жана техниканын өркүндөшү, искусство менен адабияттын бузулушу (деградация), чоң шаарлардын көбөйүшү ж.б коомдогу өнүгүүгө байланышкан жараяндар менен мүнөздөй алган. Ал эми цивилизация түшүнүгүнүн учурдагы жалпыланган аныктамасына, маанисине кайрыла кетпесек туура болбой калуучудай.

Цивилизация терминин азыркы кездеги мазмунунда – өндүрүштүн, социалдык мамилелердин, саясий турмуштун, илимдин жана маданияттын, өнүгүүнүн башка элементтеринин салыштырмалуу, жогорку денгээли менен айырмаланган дүйнө прогрессинин баскычын атоого болот. Цивилизациянын өнүгүүсүнүн негизги мыйзам-ченемдүүлүгү - жаңы муун тарабынан мурда жаралган баалуулуктарды жаңы шартка жана керектөөлөргө ылайыктап, кайра иштеп чыгуу менен өздөштүрүү. Учурдагы цивилизациянын саясий баалуулуктары: турмуштун демократиялык түзүлүшү, эркиндик, адам укугу, социалдык тендик, акыйкаттык принциптери, укуктук мамлекеттин негиздерин камсыз кылуу, тынчтык үчүн күрөшүү, калк арасында өз-ара карым-катнашты күчөтүп, ынтымак мамилелерин тереңдетүү болот деген ойдобуз. Цивилизациянын өнүгүү жараянында көптөгөн чечиле элек глобалдык жана аймактык маселелер (эл аралык куралдуу чыр-чатактар, терроризм, ядролук согуш коркунучу, экологиялык катастрофа) сакталууда. Дүйнөлүк цивилизациянын алдыңкы прогрессивдүү күчтөрүнүн негизги максаты-учурдагы өнүккөн жана өнүгүп жаткан өлкөлөрдүн ортосундагы карама-каршылыктарды цивилизациялуу жол менен (келишүү, макулдашуу, тынчтык) чечүүнү тандоо болуп турат. Прогресстин башкы булагы катары, бардык элдердин жана өлкөлөрдүн өнүгүү тажрыйбасы, материалдык жана руханий байлыгын эсептөөгө болот. Ошол эле учурда, цивилизациянын башкы максаты - эзелтеден сакталып келген элдик салттарды, баалуулуктарды кармоо менен калктын

экономикалык, саясий жана социалдык маселелери аркылуу ырааттуу чечиле тургандыгы айкын.

Урматуу окурман, колуңуздагы тарыхый эмгекте жазылгандай, цивилизациялык маалыматтар менен коштолгон дүйнөнүн кыскача тарыхы, мезгил жагынан бир учурда башталбаса дагы, цивилизация адамзат тарыхынын ажырагыс бөлүгү, анын өнүгүүсүнүн зарыл факторуна айланган. Ошол эле учурда, цивилизациялык ачылыштар аларды акыл-эс менен бүткүл адамзаттын кызыкчылыгына багыттап пайдаланбаса, дүйнөлүк прогресске да карама-каршы келген фактордун ролун аткарып калуу коркунучу бар. Окурман, эске ала турган жагдай: дүйнөнүн кыскача тарыхы цивилизациялык өнүгүүнүн алкагында шарттуу беш доорго бөлүнүп, алардын ар бири инновациялар, инсандар, таблицалар, тексттер менен коштолуп берилген.

I Бөлүм: Байыркы доор жана алгачкы цивилизациялар

Тарыхка чейинки заман: биздин Африкадагы ата-бабалар

Адам маймылдан келип чыккан. Бул Африкада турмуш чындыгына айланып, анан биздин түпкү ата-бабалар жашоого ыңгайлуу жер издеп, дүйнө континенттеринин бардыгына тарап кеткен.

Жыгач найза менен таш балта

Түпкү атабыз эмгек куралы же аңчылык үчүн колуна таш алган учурдан таш доору башталат. Аны окумуштуулар ошондойчо атап, ал доор мындан 3 млн. жыл мурда башталып Б.з.ч. 6-4 миң жылдыктарына чейинки мезгилди өз кучагына камтыйт. Ага чейин эмнелер бар эле? Адам менен маймылдын жалпы ата-бабалары гоминиддер мындан 7 миллион жылга жакын жашоосун баштаган. Башка приматтар[1] сыяктуу эле алар дагы тропикалык токойлордо жашап, токой жемиштерин жеген, колу-буту бар, денеси жүндүү келип, узун куйругу болгон. Ошентсе дагы өзүнүн алгачкы тукумдаштарынан айырмаланып, гоминиддер эки буттап баскан. Мындай жөндөм аларга саванналардын[2] ачык тилкелеринен чуркап өткөнгө чоң жардамын берген.

Алгачкы адамдардын эмгек куралдары дагы жөнөкөй, кырдуу же шиштүү таш болуп, анын жардамы менен өсүмдүктүн сабагын, өлгөн жаныбардын этин сөөгүнөн ажыратып кырып кескен. Кийинчерээк биздин түпкү бабаларыбыз таштын мизин атайылап учтап жөнөкөй балта, найза жасоого өткөн. Бул – палеолит доору б.а. таш доору 3 мезгилге бөлүнөт:

Палеолит (байыркы мезгил)

Мезолит (ортоңку таш доору)

Неолит (жаңы таш доору)

Адам уругунун адегенде аз сандан, бара-бара күчөп көбөйүшү менен табигый жер байлыгы азайып, жетишпестик башталат. Ал учурда адамдар Африканын борбордук бөлүгүндө, азыр Танзания, Эфиопия жана Кения жайгашкан аймакта жашап, азык тартыштыгынан континенттин түндүк бөлүгүнө жер которот. Бул эң алгачкы адам баласынын миграциясы эле. Адамдардын тобу андан ары-эки континентти туташтырып турган чоң эмес кургак жердин көпүрөсү аркылуу – Кичи Азияга өткөн.

---

[1] **Примат**-сүт эмүүчү айбандардын жогорку түркүмү. Адамдар, маймылдар жана адам түспөлүндөгү маймылдар.

[2] **саванна** – сейрек бадалдуу жана жыгачтары жапыз болгон тропик талаасы.

Алгачкы колонисттердин андан аркы жолу Европа, Америка, Океания, Австралияга кеткен. Адамдар Европага, Сибирге жана Ыраакы Чыгышка мындан 30 миң жылга жакын барган. Кийинчэрээк алар Аляска аркылуу Америкага мындан 23 миң жылдай мурун өтүшөт. Ал эми Түштүк Америкага адамдын буту 11-12 миң жыл илгери жеткен.

Алгачкы келгиндер улам жаңы аймактарды өздөштүрүп, ал жердин жаңы климатына, азык-ашына, жоо-душмандарына көнүгө туура келген. Бир уруунун артынан экинчиси, андан кийин үчүнчүсү жана башкалары орун которгон. Мурун келип орун-очок алганы ошол аймакты менчиктеп, жат адамдарды жолотпоо аракетин көргөн. Уруштар, согуштар болуп жеңилгендер орун которуп, жаңы жер табуу аракетинде болгон.

Адам соко иштетүүнү колго алган

Биздин түпкү ата-бабаларыбыз мындан 1,5 миллион жыл илгери отту тапканды үйрөнүп, ошондон адамзат жаңы баскычка көтөрүлөт. Тропик шартында күн кечирип жашаган адамдар, кийинчерээк климаты суугураак турмушка кабылган учурда от алар үчүн жашоонун ажырагыс табылгасына айланат. Кургак таякчаларды бири-бирине ыйкап сүрүүдөн тутанган отту адам жылынганга, тамак бышырганга, жаныбарларды ийининен түтөткү салып сыртка чыгарганга, эмгек жана аңчылык куралдарын чыңалтып курчутууга пайдаланган.

Палеолит доорунда адамдар аңчылык жана мөмө, жер жемиштерин терип жеп жан баккандыгына байланыштуу жарым көчмөн турмушта жашап азык издеп чабыттап турууга мажбур эле. Таш доору **айыл чарба революциясынан**: адамдар азык болуучу өсүмдүктөрдү өстүрүүнү өздөштүрүп, жапайы жаныбарларды колго үйрөткөндөн кийин бүтөт. Бул революция **неолит** дооруна туура келет. Эң алгачкы фермерлер Жакынкы Чыгыштын жашоочулары мындан 10 мин жыл илгери жер иштетип, колдо мал кармаганды үйрөнгөн. Эстафетаны алардын колунан Инд өрөөнүнүн жашоочулары, байыркы египеттиктер жана кытайлыктар алып улантып кетишкен. Колумбка чейинки Американы мекендеген майя, ацтектер жана башка уруулар айыл чарбасын 8 миң жыл илгери өз кесибине айлантышат.

Цивилизациянын жаралышы: Месопотамия жана Байыркы Египет

Байыркы цивилизациялар айыл чарба революциясынан кийин жаралган. Жер иштетүү адамдардын биригүүсүн талап кылган: алгач ал жамааттык түрдө башталып, акырындап татаалдашып олтуруп мамлекетке айланган.

Пиво менен дөңгөлөк.

Дүйнөдөгү алгачкы цивилизациялар эң чоң дарыяларга жакын жаралгандыгы кокусунан эмес. Жаз алды менен ташкындаган дарыялар жер бетин ылайка менен байыткан, ал эми дарыялардан суу алуу үчүн казылган каналдар айыл чарба өсүмдүктөрүн сугарууну камсыз кылган. Андан башка дагы бир жагдай, байыркы жолдор жок мезгилдерде дарыя транспорт жол катнашынын милдетин дагы аткарып турган.

Адамзат тарыхындагы эң байыркы цивилизация Жакынкы Чыгыштын Түштүк Месопотамиясында, ал мезгилде Шумер деп аталган аймакта жаралат. Ал аймак Тигр жана Евфрат дарыяларынын өрөөнү болгондугунан – эки дарыя аралыгы деген дагы бир аталышы бар. Климаты жылуу бул өрөөндө адамдар буудайдын, арпанын ж.б. дан өсүмдүктөрүнүн мол түшүмүн алышкан. Анткени жергиликтүү дыйкандар эң алгачкылардан болуп сокого чегилген ири малдын күчүн пайдаланып эмгек өндүрүмдүүлүгүн көп эсеге жогорулатышат. Шумерлер өз жазуусун, сугат системасын жана тегеретип карапа жасаган станок (аспап) ойлоп табышкан. Сыягы арпаны ачытып (сыра) пиво жасагандар дагы шумерлер окшоп калды. Археологдордун бир бүтүмгө келе алышпай жаткандыгына карабастан дөңгөлөктү ойлоп тапкандар дагы шумерлер деген ой үстөмдүк кылып келет.

Шумерлер менен замандаш Байыркы Египеттегидей эле Месопотамияда деле коомдук турмушта кечилдер (жрец: бутпарас дининдеги курмандык чалуучу киши) башкы орунда турган. Адам турмушундагы көп жагдайлар табигый кубулуштарга байланып: дарыянын ташкыны, жаандын жаашы, жаабашы, түшүмдүн мол болушу же болбошу бардыгы өз кудайына сыйынуудан көз каранды деп ишенишкен. Ушундай турмуш үчүн маанилүү миссияны аткарууда кечилдер өтө баалуу адамдар деп эсептелген.

Аккадия, Ассирия, Вавилон

Б.з.ч. 3000 жылга Шумерде калкынын саны 10 миңдеген адамга жеткен жыйырмага жакын тарыхтагы алгачкы мегаполис–шаарлар пайда болгон. Биздин чен өлчөмдө алардын көлөмү анчалык деле чоң болгон эмес, ал эми өз доору байыркы заманга өтө чоң болгон. Б.з.ч. III миң жылдыктын орто ченинде Шумер шаарларын күн чыгыштан келген элдер басып алат. Башында Саргон I Аккадский деген өкүмдар турган жаңы Аккад мамлекети – дүйнөдөгү **эң алгачкы империя** пайда болгон. Кийинчерээк Аккаддын ордуна Ассирия империясы, андан кийин Вавилон империясы келген.

Ассирия жана Вавилонияда кол өнөрчүлүк, искусство менен илим өнүккөн. Архитекторлор эгин талааларына суу жеткирген көпүрөлөрү бар

каналдарды салып, көркөмдүү храмдары менен шаарларды долбоорлошкон. Жергиликтүү айнек үйлөгүчтөрдүн колунан укмуштуудай айнек буюмдары жаралган. Мүмкүн дал ушул Месопотамия айнек искусствосунун мекени болгондур.

Пирамидалар өлкөсү

Түндүк Африкада, түшүмдү мол берген Нил дарыясынын берекелүү жээктеринде месопотамия менен ат салышканга кудуреттүү байыркы египет цивилизациясы жаралган. Өлкө башында күчтүү фараондор турган, жалпысынан 27 кылымга созулган **Династиялык (сулале) мезгил** Б.з.ч. III миң жылдыкта башталып, б.з. IV кылымында өлкөнү Александр Македонскийдин басып алышы менен аяктайт. Египет мамлекетинин маанилүү өзгөчөлүгү анын тышкы дүйнөдөн оолактыгы б.а. ал чөлдөр менен курчалып, башкалардын таасиринен корголуп келген.

Египетте дыйканчылык б.з.ч. IV миң жылдыкта пайда болуп, ошол учурдан эле кээ бир жамааттарда мамлекеттүүлүккө окшогон түзүлүш жаралган. Бирдиктүү Египеттин биринчи өкүмдары б.з.ч. XXXII – XXXI кылымдарында башкарган падыша Менес (Мин) болгон. Кээ бир изилдөөчүлөр аны фараон Нармер деп эсептешет. Кандай болгон күндө дагы Египетти башкарган династия ошондон башталат. Бул өлкөдө фараон жөн гана мамлекетти башкарган адам эмес, ал Нил дарыясынын жыл ичиндеги суусунун көлөмүнө, демек элдин жашоосуна түздөн-түз таасир эткен кудай катары ыйык тутулуп, урматталып келген.

Египет фараондорунун чексиз бийлигинин жана улуулугунун эстелиги бүгүнкү күнгө чейин сакталып келген атактуу пирамидалар. Ал теңдешсиз курулуштардын эң алгачкысы б.з.ч. XXVI I кылымда Жосер фараонунун учурунда курулган. Ал эми пирамидалардын эң атактуусу андан 200 жыл кийин Хеопс фараонуна багышталган .

Байыркы Египеттин астрономдору алгачкы жолу бир жылдагы күндүн эсебин так эсептеп чыгарып, күн менен айдын тутулушун алдын ала айта алышкан, жылдыздарга байкоо жүргүзүшкөн. Медицина болуп көрбөгөндөй өнүгүп, өзгөчө анын мумуяны пайдалануу жагы өркүндөтүлгөн. Өлүктүн ичин жарып, ички органдарын тазалып, мумиядан атайын кошундуларды пайдалануу менен египет кечилдери өз өкүмдарларынын сөөгүн катырып көптөгөн кылымдарга сактоону өздөштүрүшкөн. Байыркы Египетте жазуунун бир түрү - иероглиф[1] пайда болгон. Ошол эле Египетте жазуу үчүн

[1] **Иероглиф**-1.Кандайдыр бир түшүнүк берүүчү фигуралуу белги.2.Кыйынчылык менен окулуучу жазма.

биринчи болуп чопо тактачалар менен катар, жумшак материал-папирус колдонула баштаган.

Инд дарыясы өрөөнүндө: Веда[1] мезгилине чейин жана андан кийин

Индиянын тарыхында веддер мезгили маанилүү орунду ээлейт. Ошол мезгилде мамлекеттин коомдук тутуму негизделип, тил менен дин калыптанган.

Сыр каткан Инддер

Бир аз мурдараак эле айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүргөндү үйрөнгөн байыркы дыйкандардын конуштары Инд дарыя жээктеринде б.з.ч. 4-миң жылдыктын орто ченинде пайда болот. Андан 400 жыл кийинчерээк азыркы окумуштуулар Харапп же Инд цивилизациясы (археологиялык казуулардан алынган Хараппа шаарындагы табылгаларга байланыштуу) деп атаган цивилизация жаралган. Ылайдан курулган көптөгөн турак жайлар – Мохенджо – Даро, Хараппа, Ракхигархи ж.б. көптөгөн чоң-чоң шаарларга айланган. Инддер жайгашкан аймак 1,3 миллион чарчы километрге созулуп, байыркы цивилизациялардын ичинен аянты боюнча эң ириси болгон деп айтууга негиз бар. Инддердин шаарлары кылдаттык менен пландалып, көчөлөрү түз торчо түрүндө курулган.Жергиликтүү архитекторлордун жетишкендиктеринин бири катары суу сактагычтан тартылган суу менен камсыздоо тармагын жана канализацияларын эсептөөгө болот. Мындайды, эки миң жыл өткөндөн кийинки байыркы римдиктерден көрүүгө болот. Кийинки муундарга заңкайган курулуштарын же искусство чыгармаларын калтырбаган инд цивилизациясы боюнча маалыматтар өтө эле аз. Өз жазуусундагы текстери менен тактайчалары сакталган, бирок, окумуштуулар аларды эмдигиче чечмелей алышпай келет. Хараппа цивилизациясы б.з.ч. II-миң жылдыктын башталышында жоголгон. Эмне себептен экендиги белгисиз. Божомолдордо – табигый кырсык, эпидемиялык апаат, душмандардын кыйраткыч соккусу айтылып келет.

[1] **Ведизм**-б.з.ч. 2 миң жылдыктын акырында жаралган байыркы Индиялык дин. Ал дин табигый күчтөрдү кудайдын кудурети катары санаган; кийинчерээк өз өнүгүүсүндө брахманизмге өтүп кеткен; ведизмдин негизги жоболору Веддерде чагылдырылган. **Веддер** (санскр. билим) – б.з.ч. II к. аягы – I к. башталышында өзүнө диндик гимндерди, салттык буйруктарды, дубаларды жана мифтерди камтыган байыркы индия адабиятынын эстеликтери.

Кудайлар жана кудайсыз дин

Жогоруда сөз болгондой инддер цивилизациясы б.з.ч. 1700-жылга жашоосун токтотуп, андан 200 жылдан кийин Инд дарыясынын касиеттүү өрөөндөрүн түндүк-батыштан ооп келген жаңы эл-**арийлер**[1] жердеп калган. Арийлер малчы, дыйкан жана жоокер дагы болгон. Алар аттарга чегилген жоокер арабаларын пайдаланып, учу шиш огу бар жаа менен куралданышкан. Б.з.ч. 1-миң жылдыктын орто ченинен индиялык арийлер түштүк-чыгышты көздөй бет алышып Ганг дарыясынын айланасындагы түздүктөргө жайгашышат. Арийлер маданиятынын материалдык эстеликтери өтө аз санда, ал эми алардын жашоосунун бардык жагдайлары динден тартып медицинага чейинки маалыматтар камтылган ыйык жазуулар – Веддер сакталып калган.

Арийлер көп кудайга ишенген, алардын ичинен негизгилери болуп үчөө – Вишну, Шива жана Шакти эсептелген. Кийинчерээк ушул ишенимдин негизинде бүгүнкү күндөгү **индуизм** жаралган. Индуизм динининн негизги маңызынын бири – адам өлгөндөн кийин анын жанынын башка тирүү жан-жаныбарга көчүшү жөнүндөгү ишеним. Ал кимге көчөт, анын себеби адамдын жашоосундагы эмгек аракетине түздөн-түз байланат – деп айтылат иудаизм дининде. Такыба, түз жашап өткөндөрдүн жаны бай жана ак сөөк адамдардын үй-бүлөсүндө кайрадан төрөлөт, ал эми жашоодо көп күнөөгө баткандардын жаны жаныбарларга өтөт.

Арийлер коомунда **касталык** түзүм жаралып, анын калдыктары, бүгүнкү күнгө чейин жашап келет: 1. Брахмандар – кечилдер; 2. Кшатрийлер – жоокерлер, асылзат сословие; 3. Вайьшилер – соодагерлер, дыйкандар; 4. Шудралар – бирөөнүн кызматын кылгандар, түрдүү оор иш менен жан баккандар. Илгерки замандарда каста жагынан чектөө, тескөө өтө катуу болгон: никелешүүгө өз кастасынын ичинде гана укурсат берилип ыймандуу кесиптер жогорку кастадагыларга буйурган, ал эми оор кол эмгеги төмөнкү кастадагыларга насип кылган.

Болжол менен б.з.ч. IV ылымда Ведалар цивилизациясынын ордуна көптөгөн княздыктар менен падышалыктар келген. Алардын ичинен эң чоңу жана таасирдүүсү – Маурлар империясы болгон. Ал империяны б.з.ч. II кылымда легендарлуу Ашока падышасы башкарып, калкынын саны 40 миллион адамга жеткен. Ашоканын учурунда Индияда салттуу индуизм менен жол талашкан жаңы **буддизм** дини таралган. Өкүмдар ал динди мамлекеттик динге айландырган эмес, анткени, анын ою боюнча коомдун ар

[1] **Арийлер**-азыркы Иран мамлекетинин аймагында жашаган перстер менен тууганчылыгы бар индиевропалык эл. “Арий”-деген сөз асылзат, тектүү, эркин деген маанини түшүндүрөт.

бир мүчөсү дин тандоо укугуна ээ, ал эми түрдүү дин өкүлдөрү өз ара каршылашпай, ынтымакта жашоолору парз.

Асман алдындагы өлкө сапары: Чыгыш Азиядагы алгачкы цивилизация

“Элди абийир менен башкарсаңар, алар силерди урматтайт. Элге жакшылык кылсаңар, алар бел чечпей иштеп берет. Жакшы адамдарды көтөрмөлөсөңөр жана билимсиздерге насаат айтсаңар, эл силерге ишеним артат”.

Конфуций

Дүйнөдөгү эң алгачкылардан болгон кытай цивилизациясы түрдүү булактардагы маалымат боюнча үч миң жылдан көбүрөөк мезгил ичинде өмүр кечирип келет. Анын тарыхы Кытай жергесинде эң алгачкы мамлекеттүүлүк пайда болгондон башталат.

Шан сулалеси (династия), бизге белгилүүлөрдүн эң алгачкысы

Асман алдындагы өлкөнүн эң байыркы жашоочулары кытай жергесине мындан 2 млн. жыл илгери келип туруп калышкан, ал эми алгачкы эң жөнөкөй неолит маданияты б.з.ч. 8-миң жылдыкка жакын пайда болгон. Мына ошолор болочоктогу цивилизациянын тамыры болуп калган. Байыркы маданияттар арасынан дыйканчылык, малчылык менен кесиптенип, күрүч эгип, уй баккан Яншао жана Луншань маданияттары өзгөчөлөнүп турат. Алардын эмгек куралдары коло доороруна мүнөздүү – колодон жасалган. Коло доору адамзат тарыхында б.з.ч. 3-1 миң жылдыктарды камтыйт.

Тарыхта жашап өткөндүгү көптөгөн археологиялык эстеликтер тарабынан тастыкталган биринчи кытай сулалеси Шан экен. Ал, б.з.ч. 1760-жылдары негизделип, анын өкүмдарлары вандар деп аталып, жер менен асмандын элчиси (ортомчу) катары урматталган. Бийлик мурас катары өткөрүлүп турган, мамлекеттик иштерди аткарууга өкүмдар менен катар кол кабыш кылган кадырлуу, колунда байлыгы бар эл каймагы (элита) болгон. Шан бийлиги учурунда бир топ эң сонун шаарлар курулуп, учурдагы кытай иероглифинин уюткусу болгон пиктографиялык жазуу ойлонуп табылган, түрдүү кол өнөрчүлүк өнүккөн. Шан сулалесинин бийлиги Түндүк Кытайдын көз жеткис аймактарына таралып, түштүк чеги суусу мол Янцзы дарыясына чейин жеткен. Өкүмдар жана анын жанындагы жакшылар өлкөнүн чыгыш бөлүгүндөгү Хуанхэ өрөөнүндө жашап, ал эми борбордон алыскы аймактар жергиликтүү бийлик өкүлдөрү – кнэздар тарабынан башкарылган.

Конфуций нааразы болгондо

Б.з.ч. XI к. Шан сулалеси вассалдык уруу башкаруучусу У-ван тарабынан бийликтен кулатылып, анын ордуна өлкөнүн батышында борбору Хао шаары эсептелген жаңы – Чжоу сулалеси жашоосун баштайт. Өзүнөн мурдагы бийликтин жолун улап Чжоунун өкүмдары дагы өлкөнүн алыскы аймактарын башкарууну өз тарапташтары менен туугандарына карматат. Дал ушул кырдаал кийинчерээк абалды оорлотуп, мамлекеттин түбүнө жеткен: княздыктар убакыт өткөн сайын күчтөнүп, өз алдынча болуу аракетин көрүп, борбордук бийлик тескерисинче алсырагандан алсыраган. Жыйынтыгында өлкө бири-бири менен согушкан көптөгөн майда княздыктарга тыркырап бөлүнүп кеткен.

Айтылган Чжоу сулалеси учурунда “асмандын мандаты”[1] деген түшүнүк жаралып, ага ылайык өкүмдар бийлиги асмандагы кудуреттүү күчтөр тарабынан колдоо табат. Мамлекет башчысы, өкүмдар адилеттикти бек тутунса асман мандаты ага чексиз бийлик тартуулайт. Адилеттиктен тайганда асман андан жүзүн буруп, өлкөгө чоң кырсык (катаклизм) келет. Ал өкүмдарды алмаштыруунун кабарчысы деген түшүнүк жашап турган.

Чжоу сулалеси жашоосун б.з.ч. III к. токтоткон, бирок, борбордук бийлик “Асман уулунун” бийлиги андан көп убакыт мурда эле алсырай баштаган болучу. Жергиликтүү бийлик өкүлдөрү княздардын бийлиги күчтөнүп, ар кимиси өзүнчө падышачылык түзүп, империя ыдырай берген. Атактуу даанышман, **философ-Конфуций** ошол доордо жашап, патриархалдык коомдун кыйрагандыгына жаны кейип, анын себепкерлери бийлик эгедерлери ата-бабалардын акыл-насааттарын эстен чыгарып, Асман алдындагы өлкөнүн жыргалчылыгын арттырууну эмес, өз көмөчүнө күл тарткан көр пенделерге айланышкандыгына капа болгон. Конфуций уникалдуу этикалык система түзүп, анын бул мурасы тарыхта “конфуцийдин насааттары” – деген ат менен мураска калды. Ага ылайык ар бир адам жашоосунда өзүн адеп-ахлак жагынан ыйманын өнүктүрүп, өзүнүн кылган ишине жооп бергенге даяр болушу шарт. Конфуцианство б.з.ч. I к.Хань империясында мамлекеттик идеологияга айланган.

[1] Мандат- бир нерсе жасоого укук берген адамдын колундагы документ.

Майя, ольмектер, байыркы нубиялыктар: Биздин заманга чейинки Африка жана Америка

Байыркы Африкалык цивилизация, америкалык цивилизациядан мурда жаралган, бирок экөө тең бирдей жолду басып өткөн: адамдар дыйканчылыкты кесип кылып, анан жамаатка биригишкен, кийинчерээк ал жамааттар мамлекетке айланган.

Беринг кысыгы аркылуу сапар

Америкага алгачкы адамдар Беринг кысыгы аркылуу б.з.ч. 23 миң жыл мурун келген. Кылымдар бою алар көчмөн турмуш кечирип, өз жанын аң уулоо, балык кармоо, жана жыйноочулук менен багышкан. Б.з.ч.3-миң жылдыгынын орто ченинен гана дыйканчылык жамааттары пайда боло баштайт. Дүйнөнүн бардык аймактарында болгондой эле Америкадагы дыйканчылык жамааттары дагы суу өзөндөрүндө жаралат.

Тарыхта аты калган өнүккөн белгилүү жамааттардын бири – **ольмектер** Мексика булуңун жээктеп жашашкан. Алардын тарыхы болжол менен б.з.ч. 1500 жылдары маис (кант жүгөрүсү, мака) жана башка айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүп, балык уулаган дыйканчылык жамааттарынын түзүлүшү менен башталган. Климаттык шарт маистин жылына төрт түшүмүн алууга ылайыктуулугу дыйканчылык жаамааттарынын бардар жашоосун камсыз кылган негизги фактор болуп калган. Дагы бир жагдай, ольмектер каноэ кайыгын биринчилерден болуп пайдаланган эл, анын жардамы менен сууда сүзгөн канаттууларга аңчылык кылып, балыкты жеңил жана мол кармап үйрөнүшкөн. Ошентип, ольмектердин жашоосу оңолуп, 300 жылдан кийин алардын цивилизациясы майда жамааттардан кол өнөрчүлүгү гүлдөгөн, соодасы өнүккөн, өз жазуусу бар (тилеке каршы аны окумуштуулар бүгүнкү күнгө чейин чечмелей элек) чоң- чоң кыштактарга өсүп жеткен. Ольмектер көзү өткөндөр аркы дүйнөдө дагы жакшы жашашат деген ниетте зор күмбөздөрдү курушкан. Ольмектер маданиятынын туу чокусу б.з.ч. 1000 жылдарга туура келип, андан кийин ал маданият төмөндөө жараянына тушугуп, бир нече кылымдардан кийин биротоло жоголгон.

Колумбга чейинки Американын эң белгилүү эли талашсыз **майялар** болгон. Алар тарыхта, өздөрүнүн көз жоосун алган архитектуралык курулуштары жана кээ бир окумуштуулардын чечмелөөсүндө 2012-жылдын декабрында акыр заман болорун алдын ала так айткан календары менен калган. Көрсө майялардын календарындагы акыр заман – дүйнөлүк жыл эсебиндеги “күндүн бешинчи доорунун” аяктаган күнү экен – дешет окумуштуулар. Америкада майялардан башка элдер дагы жашап өткөн, алар:

Түштүк Мексикадагы сапотектер, Перуда чавин маданиятынын өкүлдөрү, батыш Мексикадагы пурепеча элинин цивилизациясы.

Сахара- чөлгө айланганга чейин

Миңдеген жылдар мурун азыркы африкадагы Сахара чөлүнүн аймагында кумдар эмес, асыл топурактуу көйкөлгөн чөп өсүмдүктөрү менен гүлдөр каптаган жер, балыгы быкылдаган көлдөр болгон. Тогуз миң жыл илгери ал жерде табигаттын берешендигине карк болгон аңчылар менен жыйноочулар күн кечирген. Б.з.ч. 7-6 миң жылдыктарда дыйканчылык жаралып, миң жылдан кийин африкалыктар дагы колго кой, буйвол, эчки кармаганды үйрөнүшөт.

Б.з.ч. 3- миң жылдыкта Африканын түндүгүндө убакыт өткөн сайын чөл каптай турган белгилер билине баштайт. Климат кургагына тартып, дарыялар менен көлдөрдүн суусу азаят. Ал жактагы дыйканчылык жамааттары чыгышты көздөй же континенттин түштүгүнө орун которушат. Нил дарыясынын жээктери, азыркы Судан өлкөсү жайгашкан Африканын Түндүк-Чыгышында **нубия** маданияты жаралган. Ал маданият коңшулаш Египеттин күчтүү таасири астында болгон.

Б.з.ч.2-миң жылдыктын баш ченинде бул аймакта Керма мамлекети жаралып, кийинчерээк ал Куш падышалыгы менен алмашкан. Керма мамлекетинин борбору – көптөгөн храмдары бар, айланасы бийик коргон жана аны бойлой казылган чуңкуру бар чоң шаар болгон. Керма падышаларынын күмбөздөрү археологдор тарабынан XX кылымдын башталышында табылган. . Куш падышалыгынын өкүмдары өтө эр жүрөк согушчан адам келип, анын аскери өтө кубаттуу болгондугунун күбөсү: ал б.з.ч. 728ж. Египетти өзүнө баш ийдирип, аны 60 жылдай башкарган. Алардын дагы египет иероглифинин негизинде түзүлгөн өзүнүн алфавити, өз өкүмдарларына курулган пирамидалары болуп, Египет кудайларына сыйынышкан.

Афина жана башка шаар-республикалар: Байыркы Греция

“Жылкы жүгүргөнгө, өгүз жер айдаганга, ит мурду менен жыт алып бир нерсени издегенге жаралган сыяктуу эле, адам дагы эки нерсеге: акыл калчап ойлонуу жана аракет кылуу үчүн жаралган”.

Аристотель.

Байыркы грек цивилизациясы өзүнүн гүлдөгөн дооруна б.з.ч. V-IV кылымдарда жеткен. Анын тарыхынын ошол мезгили **классикалык** деп

аталганынын себеби, так ошол мезгилден жалпы батыш цивилизациясынын жерпайы түптөлгөн.

Караңгылыкта өткөн кылымдар жана кайрадан жаралган Греция

Б.з.ч. 3-1миң жылдыктарында Байыркы Грецияда коло доорунун түрдүү мезгилдери өмүр сүргөн, аларга окумуштуулар – **Эгей цивилизациясы** деген жалпы аталыш ыйгарышкан. Ал учурдагы мамлекеттер күчтүү монархиялык түзүлүштү карманышып, алардын ичинен эң белгилүүсү – Крит падышалыгы болгон. Падышалыктын борбору Кноссадагы падыша сарайынын урандылары – көп кабаттуу, эсеп жеткис коридорлору жана өтмөктөрү менен адамды таң калтырып, акылды адаштырат. Мүмкүн бул ак сарай Минотавр жөнүндөгү жомоктогу лабиринттин үлгүсү катары салынгандай.

Б.з.ч. XII кылымда Байыркы Грецияга Балкан жарым аралы тараптан келген дорий уруусу кол салып, цивилизация соолуй баштап, караңгылык каптаган мезгил келген. Темир кылымдарынын (темирден түрдүү курал-жарак, буюмдар жасалып, кеңири таркаган мезгил ушундай аталган) мезгилинде Грециянын кайра жаралуусу башталат. Б.з.ч. VIII –VII кылымдарда адегенде чакан-чакан, бара-бара чоңоюп жүрүп олтурган шаар-мамлекеттер-**полистер** түзүлүп жатты. Алардын эң белгилүүлөрү – Афина, Спарта, Коринф, Фива. Ошол эле мезгилдарде гректер Жероортолук жана Кара деңиздердин жээктерин ээлеп, ондогон өзүнүн колонияларын түзөт.

“Гректер – саздын айланасында чардаган бакалардай Жер орто деңиз жээктерине отурукташып алышкан”

Платон

Байыркы грециялык полистерди адегенде бийликти мурас катары өткөрүп берип турушкан аристократтар башкарган. Мындай тартипке макул болбогондор көтөрүлүшкө чыгып, аристократтардын ордун бийликти өз күчү менен алган кол өнөрчүлөр менен дыйкандарга жан тарткан – тирандар ээлешет. Андан кийин элдин бийлиги – **демократия доору** келген.

Демократиянын алтын кылымы

Б.з.ч. V к. байыркы грек полистеринде мурда болуп көрбөгөндөй маданият, илим жана искусствонун өнүккөн мезгили башталган. Өзүнүн классикалык мезгилинде Грециянын дүйнө элине берген табылгалары баа жеткис. Философтору жердеги жана ааламдагы жашоо жөнүндө ой калчап, адамзат жашоосунун маңызы, коом менен табигаттын өнүгүүсүн жөнгө

салып турган мыйзамдар жөнүндө баш катырышкан. Сүрөтчүлөр менен скульпторлор (бедиз) эң жогорку деңгээлдеги искусство чыгармаларын жаратышат. Кийинки муун көптөгөн кылымдар бою ошол генийлердин жолун туурап, чыгармачылыгын өнүктүргөн. Байыркы Грециянын архитекторлорунун долбоору боюнча көз жоосун алган храмдар, театрлар, дворецтер, гимназиялар салынган. Бир эле учурда философтор да болгон жазуучулар бүгүнкү күндө дагы жашап жаткан адабий жанрдын негизин түзүшкөн.

Аталып өткөн жетишкендиктердин бардыгы тарыхчыларды – **Байыркы Греция батыш цивилизациясынын бешиги, ал эми анын гүлдөгөн мезгилин адамзат тарыхынын жаңы барагынын башталышы-** деп атоого мажбурлаган. Байыркы Грециянын эң өнүп-өскөн, гүлдөгөн, саясатта же башка маанилүү жактарда болсун негизги орунда турган шаары Афина болуп эсептелген. Ал эми Афинанын эң даңазалуу өкүмдары Перикл болгон. Ал башкарган мезгил **“алтын кылым”** аталып, башкаруунун демократиялык формасы өзүнүн эң жогорку деңгээлине жетет: Афинанын бардык жарандары өзүнүн материалдык абалына карабастан коомдук турмушка жана мамлекеттик башкарууга катыша алган. Мындай укуктан кулдар пайдалана алышкан эмес, анткени алардын жарандыгы болгон эмес.

Даңазалуу Александр Македонский

Классикалык доордо Байыркы Греция ички душмандар арасындагы – полистер ортосундагы жана тышкы душмандар менен көптөгөн согуштарды башынан өткөргөн. Өз ара союздар, коалицияларга бириге калышып, бир аздан кийин кайрадан чачылып, алардын ордуна башка бирикмелер келип турган. Өлкөгө кол салган Персияга каршы, анын башында Афина турган Делос союзу түзүлсө, Афинанын күчөп кетишинен кооптонгон Байыркы Грециядагы кубаты жагынан экинчи деп эсептелген Спарта полиси ага каршы чыгып, аягында экөөнүн ортосунда согуш башталган.

Шаар-мамлекеттер (полистер) ортосундагы бирде тынчып, бирде күчөп элге тынчтык бербеген согуштар Грецияны бир мамлекетке бириктирүүгө жөндөмдүү күч пайда болгонго чейин улана берген.Андай күч Грециянын түндүк бөлүгүндөгү Антикалык өлкө – Македония болгон. Дал ошол жактан дүйнөнү багындырган Александр Македонский өзүнүн теңдеши жок жортуулун баштаган. Ал өз өмүрүнүн б.з.ч. 336 жылдан 327 жылга чейинки мезгилинде өкүмдарлык кылганы менен, ошол кыска убакыт ичинде Грецияны бириктирип жөн калбастан, өзүнө Сирия, Египет, Финикия жана башка аймактарды баш ийдирип турган Персия империясын дагы басып алган. Анын бийлиги учурунда Байыркы Грециянын ээлиги Индияга чейинки

зор мейкиндикке созулуп жаткан. Грецияны – Греция деп римдиктер атаганын кошумчалай кетели. Өз өлкөсүн гректер Эллада деп аташып, өздөрүн эллиндер дешкен. Азыркы учурда деле гректерде ошол салт сакталып калган.

Дагы бир жагдай, римдиктер Грецияны б.з.ч. III кылымдан баштап, акырындык менен басып ала баштаган. Б.з.ч. II кылымда Греция толук бойдон римдин провинциясына айланган.

Жаңыдан жанган жылдыз: Байыркы Рим

“Римдиктер үчүн согуш деген бул өз душманын багынтуу же тынчтык орнотуу эмес; алар үчүн качан гана мурунку душманы “дос” же Римдин союздашына айланганда согуш аяктаган”.

Ханна Арендт

Кубаты ташып, кел-кели колунда болгон учурда Рим империясынын ээлиги азыркы Англиядан Эфиопияга жана Португалиядан Иранга чейин созулуп жаткан. Римдиктердин максаты жөн гана бийликти ээлеп алууда эмес, Римдин букаралыгында түрдүү мамлекеттердин союзун түзүүдө болгон.

Байыркы Римдин жети падышасы

Байыркы Рим адамзат тарыхынын башталышынан Орто кылымдарга чейинки аралыктагы өмүр сүргөн эң зор цивилизациялардын бири болуп калган. Ал жалпы европа цивилизациясына чоң таасир этип, ал эми дүйнө тарыхынын летописине[1] кирип калган жаркырап көрүнгөн барак болуп эсептелет.

Б.з.ч. XI к. Рим, Тибр дарыясынын боюндагы кичинекей конуш болуп, анын жаркын келечеги боюнча эч кандай белги жок эле. Ал конушта борбордук италияга тиешелүү – латын жана сабин уруулары жашашкан. Айтылып калган жомокто Римди негиздегендер бир тууган Ромул менен Рем болгон. Алардын энеси латын шаарларынын бирөөсүнүн падышасынын кызы Рея Сильвия, ал эми атасы каардуу кудай болгон деп айтылат. Рим конушунун шаарга айланган расмий датасы б.з.ч. 753 жылдын 21 апрели. Ошол күнү жомок боюнча Рим турган Палатин дөңсөөсүндө биринчи жолу соконун тилип кеткен жолу салынган. Б.з.ч. VI к. Рим- өзүнүн өнүккөн цивилизациясы бар, латындардын жана байыркы гректердин маданияты менен бирге рим цивилизациясынын калыптануусуна жана өнүгүшүнө таасирин тийгизген – этрускалардын көзөмөлүнө өтөт.

[1] **Летопись** – жыл-жылы менен жазылган байыркы тарыхый окуялар

Римдин тарыхынын алгачкы, эң байыркы мезгили **падышачылык** мезгили деп аталат, себеби, шаарды жана анын айланасындагы баш ийген аймактарды атактуу жарандардын арасынан тандалып алынган падышалар башкарып турган. Жомоктордо айтылгандай жети падыша башкарып, алардын биринчиси Ромул, ал эми акыркы жетинчиси Каардуу Луций Тарквиний болгон. Дал ошол Тарквинийдин тираниясы жана бийликти кыянаттык менен пайдаланышы монархиянын кулатылып, республикалык башкаруу мезгилине жол ачкан.

Консулдан диктаторго чейин

Рим республикасынын башына жыл сайын шайланган, бийлик жүргүзгөндө жакшылыкты карманган жана эл урматтаган жарандардын кеңеши эсептелген сенатка таянган консулдар келген. Республиканын алгачкы жылдарында өлкөнүн эки социалдык табы болгон патрицийлер менен плебейлердин карама-каршылыгы күчтүү сезилген. Анткени, патрицийлер, өз уруулук кланына биригип алган бай жана кадыр-барктуу жер ээлери болсо, ал эми плебейлер иш жүзүндө эч кандай укугу жок, төмөнкү тапты түзгөн.

Түзүлгөн кризистик кырдаалдан чыгуу аракети б.з.ч. V к. плебейлердин укуктарын патрицийлерден коргогон плебейлердин кеңешинин түзүлүшү менен башталган. Кийинки IV к. плебейлер мамлекеттик кызматты ээлөө укугун алышат. II к. (б.з.ч.) патрицийлер менен плебейлердин укуктары теңелген. Ошондой төмөнкү шатычадагылардын укугунун жогорулап, теңчиликтин орношу, рим коомун бир бүтүн болуп, биримдигин чыңдап, түрдүү катаклизмдерден: согуштан, социалдык кыйсыпырдан сактап калган.

Рим республика болгондон тарта айлана – тегерегиндеги жерлерди басып алып, өз таасирин жайылта берген. Римдиктер этрускалар, сабиндер, галлдар жана башка уруулар менен согушуп, оомат алмашып, ийгилик бир колдон экинчиге өтүп, аягында римдиктер бүт Италияны багындырып, анын жашоочулары Римдин жарандары болуп калган.

Римдин дүйнөлүк державага айланышына Жероотодеңизиндеги ошол мезгилде эң күчтүү деп эсептелген Карфаген жолтоо кылып турган. Үч жолку Пуни согуштарынан кийин гана Карфаген жеңилип, Жероотодеңизи Рим республикасына өз коюнун ачкан.

Б.з.ч. I к. Римде диктатордук тактыны талашкан талапкерлер – Гай Юлий Цезарь менен Гней Помпей Великийдин ортосунда жарандык согуш тутанып, Цезарь жеңип чыгып, Римди өмүр бою башкаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, бирок, бир жылдан кийин өлтүрүлгөн. Анын өлүмүнөн кийин эле

Римде республикалык түзүлүш кулап, Рим **империясынын** мезгили башталган.

Римден Константинополго

Рим империясынын негиздөөчүсү жана империянын башчысы Римди 40 жылдай бийлеген, Юлий Цезардын бакма баласы Октавиан Август болгон. Рим үчүн бул жылдар жакшылыктын жана бейпилчиликтин убагы деп айтылат. Октавиан Август башкаруунун жаңы системасы – принципатты түзгөн. Анда республикалык коомдук мекемелердин тутуму, биринчи кезекте сенат сакталып калган, бирок, акыркы чечим кабыл алуу укугу императордо болгон.

Август өлгөндөн кийин бийлеген императорлор бара-бара авторитардык башкарууга ооп, сенат өзүнүн маанисин жоготкон. Римдин кийинки тарыхы бирде бийиктеп, бирде төмөндөп, негизинен эле жеке бийлик карманган императорго көз каранды болуп турган. Ошентип, Римдин тарыхы башынан үч мезгилди кечирген:

№1. Падышалык (б.з.ч. VIII к. ортосунан – б.з.ч. 509 ж. чейин)

№2. Республикалык (б.з.ч. 509 жылдан – б.з.ч. 27 ж. чейин)

№3. Императордук (б.з.ч. 27 ж. жылдан – б.з. 476 ж. чейин)

Империя акырындап начарлай берип, б.з. III к. кризиске кептелген, эми андан оңоло албай калган. Римдин тарыхынын маанилүү бөлүгү император Константиндин бийлеген учуруна дал келет. Константин жаңы христиан дининин айланасына империяны бириктирип, аз убакытка болсо дагы бузула баштаган империяны калыбына келтирген. Ал империянын борборун Византий шаарына көчүрүп, ал шаардын аты Константинополь болуп өзгөртүлгөн. Римди курамында вандалдар, гунндар, готтор, бургундулар жана башка элдер болгон байыркы герман жана чыгыш-европалык уруулар толук кыйраткан.

Алгачкы жамааттык коомду геологиялык жактан мезгилдештирүү (Жер шаарынын тарыхы)

Эралардын аталышы	Жашаган мезгили	Эра ичинде орун алган мүнөздүү өзгөрүлөр
Архейлик эра	1.5 млрд жылга созулган	Ошол арейлик эранын II жарымында гана жерде жашоо башталган: адегенде эң жөнөкөй организмдер анан сууда өсүүчү балыр, ала була ичеги түрүндөгү жаныбарлар, килкилдек денелүү

		омурткасыз майда жаныбарлар, шакек түрүндөгү курттар жаралган.
Палеозойлук эра (эң байыркы жашоо)	325 млн. жылга жакын созулган	Балыктар жана чиркей, курт-кумурскалар, жерде-сууда жашоочу жаныбарлар, сойлоп жүрүүчүлөр жана жер бетинде флоралуу өсүмдүктөрдү пайда болушуу
Мезазойлук эра (ортоңку жашоо эрасы)	115 млн. жылга жакын созулган	Эңе эле зор сойлоп жүрүүчү маклуктардын заманы болгон
Кайназойлук эра	70 млн. бүгүнкү күнгө чейин созулуп эки мезгилге бөлүнөт	Үчтүк мезгил: жер шаарынын тарыхында өтө узак мезгилди ээлей. Ал мындан 70 млн. жыл илгери башталып, 1 млн. жыл мурун аяктаган. Бул мезгилдин жер шаарынын тарыхында андагы жан жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүндөгү мааниси өтө зор. Жер шаарынын өзүндө чоң өзгөрүлөр: тоолор, деңиздер, булуңдар пайда болгон. Дандуу өсүмдүктөр менен сүт эмүүчү жаныбарлар калыптанган. Үчтүк мезгилдин аяк ченинде адам затынын түпкү ата-теги дриопитек (даракта жашоочу маймыл) пайда болгон. Төрттүк мезгил: 1- этап плейстоцен 1млн. жылдан башталып б.з.ч. 8-7-миң жылдыктарга чейин созулуп, муз дооруна чейинки жана муз доорун өзүнө камтыйт. 2-этап, Голоцен б.з.ч. 8-7- миң жылдыктан азыркы учурга чейинки мезгил кирет. Төрттүк же төртүнчүлүк мезгилге таандык эң чоң жаңылык питекантроптун (адам кейпиндеги маймылдын) сөөк калдыктарынын табылышы болуп калган.

Антропогенез-азыркы түрдөгү (Homo sapiens) адамдын келип чыгышы жөнүндөгү илимий торчо

Физилогиялык негизги белгиси	Антропондор	Гоминиддер эки буттап түз басып жүрүүчү приматтар				
Адамдын келип чыгуу баскачтарынын аталышы	Dryopithecus	Australopithecus	homo erectus	(homo sapiens)		
	Дриопитек адам кейпиндеги маймыл	Австралопитек	эң байыркы адам питекантроп, синантроп	Байыркы адам-неандерталь адамы	Жаңы доордун адамдары	
					Кроманьондук	Азыркы адам
Мээнин көлөмү		450-550 см	900-1200 см	1400см чейин	1600см	1800см
Жашоо мүнөзү	Даракта жашаган	Олдубай маданияты: уруп түшүрүү үчүн куралдар пайдаланылган. Токойсуз жерлерде жашаган	Ашель маданияты: уруп кесүү, жаруу куралдары	Мустьер маданияты: учуна кийгизилүүчү шиш, кыргын куралдары мартриархатка өтүү	Шателперон маданияты: сөөктөн, мүйүздөн жана таштан салган курал-жарактар	Таш, жез, коло жана темирден жасалган эмгек курал-жарактар
Болжолдуу тарыхый мезгил		Мезазой эрасынын үчтүк мезгилинин 70-1 млн жыл аяк чене	Төртүнчүлүк мезгил (1 млн. б.з.ч. 8-7-миң жыл аяк ченинде үйүр эмес уруулук коом	Ортоңку палеолит бз.ч 100-40 миң жыл.	Бз.ч 40-миң ж. Б.з.ч 8-миң жылдыктар	Бз.ч. 8-4 миң жылдыктарда патриархатка өтүү башталган
Калдыктарын таап илимге киргизген окумуштуу, ачылыштары		Түштүк Африкадан 1924 жыл сөөгү табылган	Ява аралынан 1894- ж. Дюбуа питекантроптун сөөк калдыктарын тапкан .	1856 –ж. Германияда Неандерталь өрөөнүндө клдыктар табылган.		Египет, Месапатамия Жакынкы Чыгыш (Палестина)

Алгачкы жамааттык коомдун археологиялык мезгилдештирүү

(Эмгек куралдарынын өнүгүүсүн түркүмдөө белгичи боюнча)

Кылымдардын аталышы	Палеолит (байыркы таш доору)	Мезолит (ортоңку таш доору)	Энеолит (өткөөл таш доору)	Неолит (жаңы таш доору)	Коло доору	Темир доору
Үстөмдүк кылган мезгил	2-1.5 млн. жылдан-б.з.ч. 100миң жылдыкка чейин	Бз.ч. 100-миң жылдыктан бз.ч. 40-миң жылдыкка чейин	бз.ч 40-миң жылдыктан бз.ч. 8-миң жылдыкка чейин	Б.з.ч. 8-миң жылдыктан 4-миң жылдыкка чейин	Б.з.ч. 4-миң жылдыктан б.з.ч 1-миң жылдыкка чейин	Б.з.ч. 1-миң жылдыктан бүгүнкү күнгө чейин
Ар бир жамааттык тиешелүү жалпы мүнөздүү белгилер	Үйүр түрүндөгү жамааттык коом. (Эндогамия)	Урукка негизделген Жамааттык коом Матриархат (Эндогамия)	Урууга негизделген жамааттык коом Матриархат (Экзогамия)	Урууга негизделген жамааттык коом. Матриархаттан патриархатка өтө баштаган коом.	Негизинен дыйканчылыкка байланышка коңшулаштык коом. Патриархат жана үй-бүлөөлүк никелешүүгө өтүү	Матеарилдык теңсиздик, алгачкы таптык коом. Мамлекеттин пайда болушу менен алгачкы жамааттык коомдун доору аяктаган.
Эмгек куралдары	Негизинен уруу, согуу үчүн колдогулган атайын жасалбаган таш жана жыгач куралдары	Сөөк жана таштан, жыгачтан жасалган, жыйноочулук менен мергенчиликке жарамдуу куралдар	Ошол эле материалдардан жыйноочулук, мергенчилик, балык уулоого ылайыкталып жасалган куралдар	Ошол эле материалдардан дыйканчылыкка, мал чарбачылыкка жарамдуу эмгек куралдары	Өндүрүш жана жоокердик куралдарды жосоо үчүн колону (жез + калай) пайдалануу	Турмуштук зарылчылыктан темирди, металлдын баардык түрлөрүн (түстүү кара асыл, жеңил, оор ж.б) пайдалануу

Алгачкы жамааттык коомдун тарыхын мезгилдештирүү

Алгачкы жамааттык коомдун аталышы		Жашаган болжолдуу мезгилдери
1. Алгачкы адамзат үйүрү (стадо)		Б.з.ч. 2-1.5 млн. б.з.ч. 100-миң жж. Палеолит
2. Алгачкы уруулук коом	А) Аңчылык, жыйноочулук жана балык кармоочулук менен күн көргөн уруулук коом.	Б.з.ч. 100-миң жылдыктан-бз.ч. 8-миң жылдыкка чейин. Мезолит, Энеолит
	Б) дыйканчылык жана мал чарбачылык менен жан баккан өнүккөн уруулук коом.	Б.з.ч. -миң жылдыктан б.з.ч 4-миң жылдыкка чейин. Неолит
3.Алгачкы коңшулаштык коом (негизинен дыйканчылык)		Б.з.ч. 4-миң ж-б.з.ч. 1-миң жыл. Коло доору

Жер шаарында муз каптоо дооорлору: плейстоцен (муз дооруна чейинки жана муз доору) жана голоцен (муз доорунан кийинки мезгил)

Жердин геологиялык тарыхындагы климат өтө суук болуп материктик муздар уюл кеңдиктерин гана эмес мелүүн кеңдиктерди да каптаган мезгилдер. Муз каптоолор **протерозой** заманынын башталышында Түндүк Америка: рифейдин аяк ченинде Австралия, Африка; **карбондук** акыры менен **пермдин** башында Гандвана материгинде жүргөн. **Антропон** мезгилинде Евразия, Түндүк Америка муздун алдында калган.

Антарктидада муз азыркыдан 300 метрге чейин калыңдыкта болгон. Кургактыктын 30% муз каптаган. Ал Скандинавия жарым аралынан баштап, орус түздүгүнө андан ары Днепр менен Дондун өрөөндөрүнө, Днепропетровск менен Харьковдун талааларына Кеткен.

Чыгыш тарапта Жаңы жер аралынан башталып, Обь суусун муз бөгөп, суу Торгой аркылуу Арал деңизине куйган. (Союз учурунда Арал деңизин кургап калуудан сактоо максатында, Сибирь дарыясын бурабыз деген долбоор жөнүндө сөз болгондугу жогоруда айтылган тарыхый фактыга негизделген көрүнөт). Германия, Польша, Улуу Британия, Памир, Теңир-Тоо, Алтай, Кавказ тоолору муз- мөңгүлөрдүн астында калган.

Эң акыркы **Төртүнчү** жолку **Валдай** муз каптоо доору мындан 10-11 миң жыл мурда жүргөн. Муз ээрип кеткенден кийин сүрүлүп жылмаланган,

чиймеленген, жумуру кой таштар, узатасынан созулуп жаткан жолдор быткылдуу кокту-колоттор «кой маңдай таштар» , «тармал аскалар» калган. **Антропоген** мезгилиндеги муз каптоолор так, толук изилденип, муз каптоо теориясы иштелип чыккан.

Байыркы цивилизациялар:

Байыркы Египет

Инновация: Сугарма дыйканчылык жашоо Нил дарыясы менен тыгыз байланышкан. Июль айынын ортосунан ноябрдын орто ченине чейинки суу ташкыны учурунда айыл чарба иштери токтоп, эл коомдук иштерге тартылып, кол өнөрчүлүк менен алектенген.Суу тартылгандан кийин жерлер айдалып, эгин эгилип, сугарылып, отоо чөптөрдөн тазаланган. Март-апрель айлары эгин кремний тиштүү ороктор менен орулуп, түшүм жыйналган. Ошол учурда салыктар жыйналган. Март айынын ортосунан июлдун ортосуна чейин сугат системасын оңдоп-түзөө иштери жүргөн. Орулган эгинди жерге жайып, үстүнө мал айдап, эгин бастырышкан. Андан кийин шамалга сапырып, данын атайын дан сакталуучу жайга салышкан. Саманын малга тоют катары пайдаланышкан. Египеттиктер уй, кой, чочко, эчки, каз, өрдөк, кептер жана аары кармашкан. Балыкты чоо, кайырмак, тор менен же дегээ менен уруп кармап жешкен. Египеттиктердин азыгы түрдүүчө келип, анын арасынан атам замандан пайда болгон сыраны (пиво) пайдаланышкан.

Инновация: Соода б.з.ч. 3-2 миң жылдыктарда, Байыркы жана Ортоңку падышалык мезгилдеринде Египеттин соодасы Сириянын түндүк облустарына чейин жайылган. Библ шаарындагы археологиялык казууларда көптөгөн Египет буюмдары табылган. Сириядан Египетке минералдар[1] туз, өсүмдүктөр, тери, үй канаттуулары, анын ичинен көгүчкөндөр ташылып турган. Египет Вавилония менен дагы соода байланыштарын түзгөн. Нубияга уюштурулган баскынчы жортуулдарынан кийин ал жердеги жана Синайдагы алтын, жез кендери Египеттин көзөмөлүнө өтөт.

Жаңы падышалык доорунда(Б.з.ч.2-миң жылдыктын 2-чи жарымы) Египеттин коңшулары менен соода байланышы андан дагы өскөн. Сириядан дан эгиндери, мал жаныбарлары, вино, жез, сириялык кол өнөрчүлөрдүн буюмдары алынып, египет соодагерлери Сирия аркылуу: Хетт мамлекети, Эгей деңизиндеги аралдар жана Месопотамиянын товарларын ташып кетип турган. Көптөгөн товарлар Сириядан кургак жолдо кербендер менен ал эми Египет өзүнүн **деңиз флоту** болгондугуна байланыштуу деңиз жолу менен

[1] **Минерал**- жер кыртышындагы тубаса, органикалык эмес, химиялык кошунду.

ташып турган. Ливандан көп сандагы курулуш жыгачын, Кипрден жез, Месопотамиянын түндүк-батышындагы Митанна мамлекетинен коло, лазурит, кездемелер, кийим, май, эки дөңгөлөктүү араба, жылкыларды жана кулдарды алган. Вавилондон болсо алтын, пил сөөгү менен кооздолгон күмүш жана кымбат баа буюмдарын сатып алып турган. Ал эми Египеттен Алдыңкы Азия менен Эгей деңизинин аралдарына уютулган алтын жана алтын буюмдары, таштан жасалган идиштер, пил сөөгү, кездемелер менен кийимдер чыгарылган.

Инновация: Кеме (Корабль) Нил дарыясы ташкындап, жээгинен чыгып бүт Египетти каптаган учурда тургун жайлар бири-бири менен кайык аркылуу гана байланышкан. Египетте дарыяда сүзүү б.з.ч. 5-миң жылдыкка жакын, папирустардан жасалган баркалар[1] пайда болгондон башталган. Эң алгачкы Египет баркалары орок формасындагы папирустук боолонгон бөлүкчөлөрүнөн куралган чоң кайык (ладья) түрүндө жасалган. Тумшугу менен арткы бөлүгү кайкалап ийилген. Андай кемелер жеңил жана бышык болуп, корпусу тростор[2] менен бекем тартылып байланган. Кийинчерээк кеме курууда ото бышыктыгы менен айырмаланган ливан кедри[3] пайдаланыла баштаган. Убакыттын өтүшү менен калакчылардын күчү менен жылган чоң-чоң кемелер пайда болгон.Үч ярустуу баркалар узак мезгилге чейин согуш ишине эң пайдалуу деп эсептелип келген. Андагы түрдүү узундуктагы калактарда отурган кулдар шахмат тартибинде жайгаштырылган. Ярустары көп кемелер дагы курулуп, мисалга, египет фараону Птолемей Филопатрдын кемесиндеги калактар 40 яруска жайгаштырылган. Ал эми фараон Птолемей IV нүн кемесинин узундугу 122м, туурасы 15 м келип, командасы 4 миң адамдан турган.

Инновация. Курулуш. Пирамидалар материалдык өндүрүштүн эң мыкты бизге чейин жеткен эстеликтери пирамида курулуштары болгон. Алар фараондордун көзү барында эле, алардын сөөгүн коюучу жай катары курулган. Пирамидалардын жанында таштан же кыштан мастабдар- жогорку даражалуу төрөлөр, бай жана атактуу адамдар үчүн – күмбөздөр салынган. Биздин мезгилге чейин сакталып калган 70тей пирамиданын ичинен эң чоңу Хеопстун пирамидасы эсептелет. Анын бийиктиги – 146,5 м, жер пайынын ар бир жагынын узундугу 230 м. (салыштыруу үчүн: Петропавлов соборунун бийиктиги 122 м, Останкино телемунарасы 360 м.) Анын курулушуна ар биринин салмагы эки тоннаны түзгөн 2300 миң таш кеткен. Анын курулушу

[1] **Барка**- дарыяда жүрүүчү жүк ташуучу кеме
[2] **трос** – кендирден, зымдан жасалган жоон аркан.
[3] **кедр** – ийне жалбыректуу жыгачтардын бир түрү.

100 миң адамдын катышуусунда (ар 3 айда алмашып) 20 жылга созулган. Пирамидалардын ичинде фараондордун күмбөзү жайгаштырылган. Алардын көпчүлүгү таланып-тонолгон. (Кээ бир авторлордун айтымында: египеттеги пирамидалар татаал блокторду, рычагдарды ж.б. пайдаланган анча чоң эмес адистешкен артелдер тарабынан курулган. Ошол таш менен иштеген артелдерден "эркин таш усталар" масондору[1] таркаган)

Инсандар. Улуу Рамсес II б.з.ч.1301-1235 жж. Египеттеги XIX династиясынын падышасы. Египеттин тарыхындагы эң белгилүү падышалардын бири. Өзүнүн башкаруусунун башталышында хеттер менен күрөшкөн. Акыр аягында күрөш кыйроо менен аякталарына көзү жеткен тараптар өз ара тынчтыкка келишет. Рамсес II хеттердин падышасынын кызына үйлөнүп, эки элдин ынтымагын бекемдеген. Рамсес өтө көп сандагы чептерди, храмдар менен эстеликтерди, анын ичинде: Луксордогу атасы Сети I дин храмын, Карнактагы колоннаданы[2], Аби-Симбел аскасында оюлуп курулган эки храм жана Абидостогу Осирис храмын курдурган. Рамсес II нин жүздөн ашыгыраак уулдары болгон. Рамсес II 67 жыл өкүмдарлык кылып башкарган деп эсептелет. Бирок дүйнө тарыхында эң узак башкарган Хеопс II болгон. Анын бийлиги б.з.ч. 2281 ж. 6 жашка чыккандан башталып, 94 жылга созулган. Орусияда узак башкаргандардан рекорд Каардуу Иван IV(51 жыл) эсептелет. Ал 3 жашында (1530 ж. туулган) Москва княздыгынын улуу князы деп жарыяланып, 1547 ж. таажы кийгизилген, 1584 ж. өлгөн.

Инсандар. Клеопатра б.з.ч. 69 ж. төрөлүп – б.з.ч. 30 ж. өлгөн. Египеттеги Птолемейлер династиясынын акыркы падышасы. Атасы дүйнөдөн кайткандан кийин Египет падышаларынын салтына ылайык мураскер бир туугандар: Клеопатра менен анын иниси Птолемей XII, экөө баш кошуп анан өлкөнү чогуу башкаруулары керек эле. Египеттик өкүмдарлардын арасындагы мындай салт көптөгөн өлүмгө себепкер болуп фараондор династияларынын алмашуусуна алып келген. Акылдуу жана билимдүү Клеопатра (он чакты тил билген) Б.з.ч. 51- жылдан баштап бийликти толук өз колуна алган. Птолемей XIIнин тарапташтары менен күрөштө Клеопатраны, анын көңүлдөшү болуп калган Гай Юлий Цезарь колдоого алган. Цезарь өлгөндөн кийин Клеопатра Марк Антонийге турмушка чыгып, Антоний анын балдарына Рим империясынын чыгыш провинцияларынан жерлерди белекке бөлүп бере баштаган. Юлий Цезардын небере жээни, кийин биринчи Рим императору Октавиандын таасири астында

[1] **масондор**- 18 к. пайда болгон, мистикалык урп- адаты бар диний- философиялык жашыруу коомдорунун мүчөлөрү.
[2] **колоннада** – колонналардын тизмеги, катары.

сенат Египетке согуш жарыялаган. Акция деп аталган тумшуктун жанында Клеопатра менен Марк Антонийдин флоту жеңилип, Рим аскерлери Египетке басып киргенден кийин Клеопатра өз жанын өзү кыйган. Клеопатранын элеси адабиятта, сүрөт искусствосунда жана кинодо кеңири чагылдырылган

Шумерлер цивилизациясы

Инновация. Жазуу шумерлердин маданий мурастарында жазуу маанилүү орунду ээлеген. Адамдар түрдүү маалыматты жазуу жана башкага жеткирүү муктаждыгын сезип келген. Б.з.ч. 4000 жана 3000 жылдары буюмдардын аталышы жана сан жагынан маалыматын белгилөө үчүн пикто-граммаларды (эң жөнөкөй сүрөттөр) пайдалана баштаган. Ылай (чопо) бетине тегерек, жарым тегерек жана ийри сызыктарды тартуу оор болгондуктан, сүрөт-белгилерди жөнөкөйлөштүрүп, түз сызыкчалардан чогулта баштаган. Бирок түз сызыкты чыгарууда дагы кыйынчылык жаралган, себеби, таякчанын түз бурчтуу учу чопого батып кетип, анан өтө кууш ичке из калган: түз сызык шынаа түрүндө түшкөн.

Адегенде пиктограммалар жогортодон төмөн карай мамычаларга учталган камыштын сөңгөгү менен жазылган. Кийинчерээк горизонталдуу саптарга бышырылбаган чийки чопо бетине белгилерди басып түшүрө баштаган. Ошентип, эң алгачкы сүрөттөр акырындап шынаа түрүндөгү символдорго[1] айланып, ал эми жазуу (**шынаа түрүндөгү жазуу**) **клинопись** деп аталып калган.

Аккаддыктар (вавилондуктар жана ассириялыктар) – тили боюнча араптар, еврейлер менен эфиопторго жакын семит элине кирет. Алардын балдары шумер тилдүү мектептерде окуп, шумерлерче окуп, жазып калышкан. 3000 жыл бою алар клинопись жазуусун пайдаланышкан. Сөздүн так жызылышы жагынан бул жазуу 2 миң жыл бою башка бардык жазуулардан артыкчылык кылып келген. Египеттин Б.з.ч. 3300-3100 жылдары пайда болгон иероглифтери[2] дагы ошол клинопистин таасири астында жаралган деп эсептегендер бар. Клинописти XIX кылымдын экинчи үчилтигинде, бактысына Иранда үч тилде жазылган жазууну таап алган англиялык офицер Генри Роулинсон чечмелеп окуп берген. (Айта кетүүчү нерсе, азыркы учурда дагы спорттун түрлөрүн , жол белгилерин түшүндүрүүдө, техникалык түзүлүштөрдү пайдалануу боюнча түрдүү инструкциялар ж.б.пиктограммалар кеңири колдонулуп келет).

[1] **символ** – бир абстракттуу түшүнүктү, ойду билдирүүчү нерсе; аракет же образ.

[2] **иероглиф** – 1. кандайдыр бир т\ш\н\к бер\\ч\ фигуралуу белги; иероглифтик жазуу белгиси. 2. кыйындык менен окулуучу жазма

Байыркы дүйнөнүн көптөгөн башка жазуулары – шумер, аккад жана байыркы египет жазууларына окшошуп кетет. Азыркы учурда оозеки – муундуу (словесно-слоговая письменность) жазуу Кытай менен Японияда жашап жатат.

Индиялык цивилизациясы

Будда. (санскрипт. “күнөөдөн арылган, көзү ачык” деген мааниде) – буддизм динине олуялыкка “касиеттүү” адам. Буддалык диний китептерде миңден ашык Будда бар. Кыскача маанисинде Будда деп буддизмди негиздөөчү катары эсептелген Сиддхартка Гаутаманы айтат, ал б.з.ч. 623-544 жж. жашаган. 29 жашында атасынын хан сарайынан, үй-бүлөсүнөн безип, жер кезип кетет да, ар кандай кырсыктардын себебин ачып, алардан адамдарды “куткаруунун” жолун тапмакчы болуп, диний китептерди окуп, брахманизмден баш тартат жана жаңы динди (философиялык окууну) жаратууга аракет кылат. Акырында ал “чыныгы динди” тапкандыгын жарыялап, Будда деген наам алат. Ал өмүрүнүн акырына чейин башка шаарлар менен кыштактарда өз динин (окуусун) үгүттөгөн имиш. Бул адамдын тарыхта болгондугу жөнүндө анык маалымат жок. Буддизм таралган Азиянын көп мамлекеттеринде Будда жөнүндө ар түрдүү легендалар пайда болгон. Будданын образы, ага коюлган эстеликтер буддизмде “касиеттүү” деп эсептелинет.

Инсандар. Сиддхартха Гаутама б.з.ч. 623-544жж. Индиянын түндүк жагында Шакья деген падышалар уругунан. Уул балага Сиддхартха деген ат берилген, а Гаутама анын фамилиясы. Уулун айлана-чөйрөдөгү турмуштун терс таасиринен оолак кармаш үчүн атасы атайылап үч хан сарай салдырган. Бир жолу бала бир хан сарайынан экинчисине кетип бара жатып кокустан жашоодо оору, жабыркоо жана өлүм деген бар экендигин көрүп калат. Бул ачылыш Гаутамага өтө зор таасир эткен. 29 жашында Гаутама үйүнөн чыгып кетип календер[1] (дербиш) болуп алып, Ганг өрөөнүндө алты жыл кыдырып жүргөн. Ошол жылдары көптөгөн даанышман адамдар менен баарлашып, аскеттик[2] жашоо өткөрөт. Бирок, адамдын тан-жанынын куурай башташы акылдын дагы өксүшүнө алып келээрин түшүнгөн Гаутама аскеттик жашоодон баш тартат. 35 жашында ал турмуштун акыйкаттыгына жетүүгө аз эле калгандыгына көзү жетип, медитацияга[3] кеткен. Ал медитация

[1] **календер** – элден безип, жалгыз тиричилик кылган адам. Дербиш- тентимиш, селсаяк

[2] **аскет** - турмуш жыргалчылыгынан баш тартып, түнт жашаган адам.

[3] **медитация** (лат.ойго батуу) – ойго батуу, өзүнө-өзү байкоо жүргүзүү, өзүнүн ички дүйнөсүнө сүңгүп кирип кетүү.

абалында бир нече жума ичпей, жебей, көзү ачылган б.а. Буддага айланган-жашоонун бардык мыйзамдарын түшүнгөн.**Турмуш азабынын** эң бийик **чындыгы**: жарык дүйнөгө келүү- бул азап чегүү, карылык- азап чегүү, оору-сыркоо –азап чегүү, өлүм- бул азап чегүү, жакын адамындан айрылуу дагы азап чегүү, сүйбөгөн адам менен жашоо- азап чегүү, мүдөөңдүн ишке ашпай калышы дагы азап чегүүгө кирет (кыскасы индивидуумдун[1] жашоосу өзү азап чегүү). Агайындар азап чегүүнүн өзүнүн **келип чыгуусунун чындыгы**: укумдан-тукумга келе жаткан турмуштагы эңсөө, самоо, каалоо (танха); өз сезимдериңди канааттандыруу, өзүңдүн жекече бактыңа (бактылуу болууга) умтулуу. Агайындар эми азап чегүүнү **жок кылуунун чындыгы**: - бул турмуштагы эңсөө, самоо, каалоону, суктанууну (көз арткандыкты) жок кылуу, баш тартуу, чек коюу. “Биздин арзыбаган нерселерге алданып кайгыга батканыбыздын себеби, биздин турмуш азабынан башыбызды куткаруунун **төрт** жолун билбегендигибизден.” Агайындар эми **азап чегүүнү жок кылуунун жолдору:** - ак пейилден чыккан ой жана астейдил өзүңдү-өзүн аңдап – билүү, чыныгы ишеним, чын дилден чыккан чечкиндүүлүк, чын дилден чыккан сөз, ак дилден жасалган иш, чындык менен таза жашоо, ошого чын ыкластан умтулуу.” Ошондон кийин Гаутама 45 жыл өлкөнү кыдырып, адамдын өзүн-өзү кантип жашоодогу азаптан куткаруусу жөнүндөгү окуусун үгүттөп, жайылтып жүрүп, 80 жашында каза болгон. Будданын өмүр баянынын бир нече варианттары бар.

Буддизм - Дүйнөдөгү үч чоң диндин бири. Байыркы Индияда б.з.ч. VI-V кк. пайда болгон. Уламыш боюнча ага Будда негиз салган. Адегенде брахманизмдин бир тармагы катары пайда болуп, анын айрым түшүнүктөрүн (жандын көчүп жүрүшү, бейиш, тозок) мурастап алган; бирок брахмандардын касталарды актаганына каршы турган.

Алгачкы буддизм “хинаяна” (“кичине араба” же ”тар жол”) деп аталып “**азап тартуу**” жана “**жан куткаруу**” жагынан адамдар тең укуктуу деп эсептелген. Б.з.ч. III – к. Индияны сурап турган Ашок падыша буддизмди мамлекеттик дин деп жарыялаган. I-к. Индиянын түндүк-батышында буддизмдин “махаяна” (“чоң араба” же “улуу жол”, “кең жол”) деген жаңы түрү пайда болот. Анын окуусунда бодисатвалар, башкача айтканда “**жан куткарууга көмөктөш теңирлер**” чоң орунду ээлейт. Буддизмдин эң башкы диний догмасы жандын кутулуп, бир түрдөн экинчи түргө өтүп, жаңы түспөл алып турушу жөнүндөгү түшүнүккө негизделген. Бул ишеним боюнча, дхармалардын тутумдашкан белгилүү бир тобу (“комбинациясы”) жандуу нерсеге жашоо берет; ал жаңы “комбинацияга” бириккенде, жан кубулат.

[1] **индивидуум** – айрым тирүү организм, айрым киши, личность.

Натыйжада падыша (раджа) кул болуп, кул падыша болуп кубула алат. Дхармалардын жаңы “комбинациясын” карма жаратат, ал эми карма болсо өткөн чакта жасалган “күнөөлөр” менен “сооптордун” кошундусу деп түшүндүрүлөт. “Сообу”, “күнөөсүнөн” ашып түшсө, кубулуу эң мыкты болот. Кубулуунун түпкү чеги – **нирвана** (өчүү, сиңип кетүү маанисинде). Бул абалга жеткенде, жандын кубулушу токтолот, жандуу нерсе азап-тозоктон биротоло арылат. Адам кечилдик (монах) жол менен кетсе гана нирванага жетиши мүмкүн. Индияда буддизм менен брахманизм жанаша жашап, жакындашып отурушу акыры жаңы диндин – **индуизмдин** пайда болушун шарттаган. X к. башында Индияда буддизм маанисин жоготкон. Бирок, ал, Тибет, Кытай, Корея, Япония, Инди-Кытай өлкөлөрүнө, Монголия, Тайланд, Индонезия, Россияга (бурят, калмак, тува элдерине) ж.б. таралып кеткен. Ал жергиликтүү диний түшүнүктөр менен айкалышып, мазмунун жана формасын өзгөртүп отурган. М.: Тибет менен Монголияда буддизм **ламаизм** түрүнө өткөн.

Таблица. **Индия цивилизациясы**

Адам жана табият	Адам менен Адам	Адам дүйнөсү
• Калкынын саны көп, бирок, айдоого ылайыктуу жери аз өлкөдө, дыйканчылыкка шарты ыңгайлуу климат(бир жылда бир нече жолу түшүм жыйнап алса болот) айыл чарбасын интенсивдештирүүнү шарттаган. Дин жактан чектөөлөр (М: уй ыйык жаныбар катары эсептелет) мал чарбасын өнүктүрүүгө жолтоо	• Эски салттык экономикалык тутумдардын общиналык ири жер ээлөө менен катар бузулбастан сакталышы, диний максаттарга көп өлчөмдөгү каражаттардын сарпталышы, калктын көпчүлүк бөлүгүнүн экономикалык көз карандылыгы. • Татаал социалдык-касталык шатыча:	• Санскриттин, тамил, англис тилдеринин үстөмдүк кылуусу менен катар эле, көп тилдүүлүктүн сакталып калышы.Тилдердин өз арибинин пайда болушу жана жайылтылышы. • Өзүнүн ички дүйнөсүнө көп маани берип, өзүн кызмат кылуучу кармага (тагдыр, жазмыш) жетүүнү максат кылган интраверттүү[1]

[1] **Интроверт** (нем.лат.-ичине,өзүнө)- биринчи кезекте өзүнүн көйгөйлөрүнө, ой-санааларына көңүл бурган, айлана-тегерегиндеги адамдар менен кыйынчылык менен байланыш түзгөн адам.

кылып келген. • Кен байлыктарды, баалуу таштарды казып алуу жолго коюлган. Байыртадан өтө өнүккөн кол өнөрчүлүккө XIX к.англичандардын өнөр жай товарларынын каптап кирүүсү менен сокку урулган. Илим менен техниканын эң жаңы жетишкендиктери (кээ бир тармактары: космонавтика, программалоо) жана калктын көпчүлүгүнүн жашоо деңгээлинин эң төмөнкү абалы. • Транспорт тармактары начар өнүккөн. Унаа транспорту, велосипед, рикши кеңири пайдаланылат. • Байыркы мезгилдерде табият таануу илимине бараандуу салым кошкон: акыркы мезгилдерде дагы бул багыттагы аракеттер жанданууда.	магараджалар, эл каймактары (элита), брахмандар, жоокерлер (кшатрийлер), кол өнөрчүлөр, дыйкандар (вайши), төмөнкү толук жарандык укуктардан четтетилгендер (шудра). • Монархиялык-деспотиялык түзүмдөрдүн үстөмдүгү (княздыктар, падышачылыктар); децентрализация (башкарууну борбордон жергиликтүү бийликтерге өткөрүп берүү), чачкындык (раздробленность), аймактарга бөлүнүүчүлүк (регионализм); чет душмандарынын кол салуулары, акырында Англиянын колониясына айланышы. • Дүйнөдөгү бирден бир татаал: улут аралык, аймак аралык, диндер аралык мамилелери чаташкан жана кыйынчылык жараткан өлкө. • Салттык, адат укугунун үстөмдүгү, диний эрежелердин (индуизм, ислам)	инсандардын санынын көптүгү. • Адамдын психикасы [(обьективдүү чындыктын аң-сезимдеги көрүнүшү болуп эсептелген духтук (психикалык ийкем:ойлоо, акыл жүгүртүү) кайгыруунун же кубанычтын жыйындысы; бирөөгө таандык болгон духтук түзүлүш)] жана физиологиясына (организмдин тиричилик функциялары жөнүндөгү илим), ички дүйнөсүнө, организмдин катылып жаткан ички мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланууга, адамдын космос менен болгон байланыштарына көңүл буруу: йога, медитациянын (ойду токтоолук менен ойлонуу, жөнөкөйлөштүрүүгө жеткире ойлонуу, денесин бош коюу, айлана-чөйрөдөн толугу менен айрылуу) түрдүү түзүмдөрү ж.б.у.с. • Жалаң гана өсүмдүк майларын пайдалануу адам организмине

	үстөмдүгү, бийликтин көрсөтмөлөрүнүн үстөмдүгү. • Коомдук илимдердин башка илимдерден акырындап обочолонуусу жана өнүгүүсү.	керектүү өлчөмдө кубат бере албайт. Аскерде көпчүлүгү мусулмандар менен сикхилер.Чөп устундөгү хоккей, шахмат (Индия мекени) өнүккөн. • Индуисттик храмдар таштан курулган.Таштан, баалуу жыгачтардан, пилдин азуу тишинен скульптура (жабыштыруу, кесүү, оюу жолу менен корком нерсе жасоо чеберчилиги) - бедизчилик - өнүккөн. Байыркы мезгилден келген адабият –негизги билим булагы болуп калган. • Адам жана коом турмушунун өзөгүн индуизм жана башка диндер түзөт. Дин менен философия бир бүтүн, ажырагыс түшүнүк.

Кытай цивилизациясы

<u>Инсандар. Конфуций</u> Кун-Цзы б.з.ч.551-479 жж. жашаган. Акылман жана философ. Конфуцийдин атасынын биринчи аялынан 9 кызы болгон. Өзү эр жүрөк жоокер (Конфуцийдин атасы) аялы өлгөндөн кийинки аялынан 70 жаш курагында уулдуу болот. Кичинекей Кун-Цзы шаан-шөкөттүү жөрөлгөлөрдү жана кудайы чалган оюндарды жакшы көрө турган. 17

жашында өзү окуган окуу жайда (училище) өзүнүн мугалиминин жардамчысы деңгээлине жеткен. Конфуций мамлекеттик кызматты- базарда жана күркөлөрдө сатылган азык-түлүк, жер жана мөмө жемиштердин жаңы же эскирип кеткендигин көзөмөлдөгөн соода өкүлү катары баштаган. 19 жашында бай үй-бүлөнүн кызына үйлөнүп уул жана кыздуу болот. Кийинки кызматтарында: айдоо жерлерди, токойлорду жана мал чарбаларын көзөмөлгө алган инспектор кезинде княздыктагы дыйканчылык жакшы жагына өнүккө.

Атасы өлгөндөн кийин салтка ылайык Конфуций кызматын таштап 3 жыл аза күткөн. Ал жылдары көбүнчө эл көзүнө көрүнбөй жашап, убактысын илимий иштерге, байыркы мезгилдеги ыйык китептерди жана байыркы бийлик эгедерлеринин токтомдорун окуп үйрөнүүгө жумшаган. Так ошол үч жыл арасында өзүнүн окуусун жаратып, өмүрүнүн калган бөлүгүн аны таратууга арнаган. Кун-Цзы көп саякаттаган, көптөгөн княздардын чакыруусу менен конокто болгон. Философтун көптөгөн окуучулары жолун жолдого. Конфуций байыркы чыгармаларды окуп үйрөнүүнү улантып, өз ойлорун кагазга түшүргөн.

44 жашында Кун-Цзы Лу княздыгынын башчысынын резиденциясынын жана ага жакын аймактардын башкармалыгына дайындалып, кийин жогорку соту б.а. княздыктын экинчи адамы болуп калган. Көп өтпөй Конфуций өз кожоюнуна сын айта коюп, аны ыңгайсыз абалга каптаганы үчүн кызматтан кетип, өзүнүн окуучуларын- шакирттерин ээрчитип жер кезип кеткен. Өкүмдарлар өз күчүнө чиренишип, анын окуусун кабыл алуудан баш тартышкан.

Конфуцийдин шакирттеринин саны 3миңге жетет. Өзүнүн жеке мектебин Платондон (Б.з.ч. 427-347 жж) 100 жыл мурун ачкан деп далилдешет кытайлыктар. Конфуций өзүнүн Лу княздыгына кайтып келип, аялын жана уулун өз колу менен жерге берет. Лу князы ал өлгөндө, өзүн анын окуучусумун- деп моюндап, тажиясын зор сый-урмат менен өткөргөн. Анын урматына атайын чиркөө салдырган. Убакыт өтүшү менен аны ыйык адам деп анын урматына сыйына башташат. Императордун баш кийимине жана падышалардын (царь) кийимдерине анын сүрөтү салына баштайт. Конфуцийдин урпактары укумдан-тукумга дворян наамын алып келишкен. Миңдеген кытайлыктар өздөрүн Конфуцийдин урпактарыбыз деп, аны менен сыймыктанып келишкен.

Конфуцийдин окуусуна ылайык ар бир адам коомдогу өз ордун билүүгө милдеттүү. Андай адам гумандуу (адамды сүйгөн, адилеттүү, дили таза, бой көтөрбөгөн, токтоо ж.б.у.с.) болуп, ата-бабаларынын, үй-бүлөсүнүн, мамлекетинин алдында өзүнүн жоопкерчилигин сезген б.а. өз милдетин

баарынан жогору койгон болуу керек. Конфуций өкүмдардын өз букараларына, атанын өз балдарына , күйөөлөрдүн өз аялдарына карата туура жана адилет мамиле карманууусуна басым жасаган. Конфуцийлик кулк-мүнөздүн, адеп-ахлактын негизги принциби болуп – чектен чыккандыкка жана кумарданууга берилбей, ортозар жүрүм-турумду карманууу, өзүн тыя билүү эсептелген. Азыркы мезгилдеги кытайлыктардын айтуусунда Конфуций өзүнөн мурдагы гуманисттик ойлорду тереңдетип, Кытай маданиятын терең гуманисттик деңгээлге жеткирген.

Буддизмден айырмаланып конфуцианство окуусу адамды **жарык дүйнөдө** өз жашоосун жигердүү өткөрүүгө б.а. жашоонун маңызы билим алуу, акылмандыкты үйрөнүү, талыкпаган эмгек жана ата-бабалардын урматы үчүн өз жөндөмүн өркүндөтүү деп эсептеген.

Конфуцийдин окуусу калыптанып бүткөн элдик духка[1] толук төп келген. Ошондуктан ал турмушту түп тамырынан бери жаңылоого, реформаларга каршы чыккан.Турмушта кытай адамы үчүн негизгиси-пайдалуу, максатка ылайыктуу жашоо, калыптанган тартиптерди сактап жашоо болгондуктан, философтун ою боюнча өкүмдарлар (башкаруучулар) дагы ошол багытта бийлик жүргүзүүлөрү шарт. Конфуций: «Өз ишиңерде дайыма тырышчаак болгула, көңүл, ыклас койгула, жалганды чындан айырмалай билгиле. Өзүңө карата адилет, чын дилиң менен, ишеним менен мамиле кыл. Чын дили менен өз кызыкчылыгын ойлобой жасалган иш, кадам адилеттикке алып барат, өз камын ойлогон адам адилет боло албайт; өзүңөн төмөнкү абалды ээлеген адамдан алган белек же тартуу кандай гана шылтоо менен берилбесин кара ниеттик менен уурдап тоноо. Бардык адамдарга ачык бол, кол жетидей бол.Эч кимге кабак бүркөбө, бардык адамга кичи пейил бол, сылык бол, адептүү бол. Маселени чечүүгө шашылба, аны адегенде ар тараптан талкууга алгыла. Жыл сайын 4 жолу элди чогултуп, алардын милдеттерин түшүндүргүлө. Эгерде жөнөкөй адамдар эмне кылуу керек экендигин билишпесе, анда бул же тигил ишти аткарбай койгондугу үчүн алардын күнөөсү барбы? Мыйзам бар экенин билбеген адамды мыйзам буздуң деп жазага тартууга болобу? Жөнөкөй элди талаа иштерине алаксытып, жолдорду же көпүрөлөрдү оңдоого мажбурлабагыла. Бардык нерсенин өз учуру болот» - деген насаатын айткан.

Конфуцианство Кытай цивилизациясына өчпөй турган из калтырып, байыркы маданияттын жана салттардын мурастарын миңдеген жылдарга **консервациялап,** муундан-муунга өтүп сакталышын шарттаган. Кытайлыктардын чыгармачылыгы диндик- философиялык жана этикалык

[1] **Дух**-адамдын психикалык жөндөмү (акыл-эсин, ой-жүгүртүүсүн адамдык иш-аракетке түрткөн, жүрүм-турумун аныктаган ички абал.)

түзүмдү жаратып **деспотиялык бийликти бекемдөө** менен эле чектелбестен, алар өлкөдө туруктуулукту, зарыл болгон ишин улантуучулукту жана кытай социумунун ийкемдүүлүгүн камсыз кылган.

Иудей цивилизациясы

Инновация. Библия иудаизмдин мезгил агымы менен акырындап калыптанышы Библияда чагылдырылган (гр.тилинде "китептер" дегенди туюндурат, ошондон-библиотека, библиография ж.б.). Библиядагы көптөгөн сюжеттер (көркөм чыгарманын негизги мазмунун көрсөтө турган аракеттердин, окуялардын жыйындысы), кырдаалдар, каармандар, кейипкерлер (образ), символдор (бир абстрактык түшүнүктү, ойду билдирүүчү нерсе: аракет же образ) христиандардын ою боюнча көптөгөн элдердин, өзгөчө Батыш элдеринин руханий азыгы болуп калган. Адамдар дүйнөнүн жаралышы, кыямат кайым, адамдардын күнөөгө батышы, Вавилондогу кымкуут түшүү, египеттеги кыргын, добуш (трубном гласе), асмандан түшкөн тамак (жөөттөр дүйнө кезип жүргөн кезде, аларга асмандан түшкөн тамак имиш - манна небесная) жана дагы көп нерселер жөнүндө Библияны окуп билишкен.

Инсандар. Соломон (Сулайман) б.з.ч. 970-930 же 965-928 жж.жашаган Израилдин падышасы. Давид менен Вирсавинин экинчи баласы. Сулайман Египет жана Финикия менен өнөктөштүк келишимин түзүп, аймакта тынчтыкка жетише алган. Мындай абалга көп адамдар нааразы болгон, себеби Иерусалимде кээ бир чет элдик диний ырым-жырымдарга уруксат берилген болучу. Сулаймандын учурунда Израиль бийлиги күчүнө келип турган. Тынчтыктын өкүм сүргөндүгүнүн дагы бир себеби, Сулайман коңшу өлкөлөрдүн өкүмдарларынын кыздарына үйлөнүп алып, куда-сөөктүк байланыштары дагы күчөгөн. Библияда айтылгандай Аравиянын түштүк жээгиндеги жери семиз жана бай өлкөнүн падыша- айымы Савская түндүккө саякаттап жүрүп, Сулайманда дагы конокто болот.Эфиоптордун жомогунда Савская дагы Сулаймандан уул төрөгөн. Ошол баланын атынан эфиопиянын падышалар фамилиясы уланган. Сулайман өз өлкөсүн административдик райондорго бөлүп, башкарууну жөнгө салган. Шаарлар пайда болуп, хан сарайлар курулган, болжол менен Б.з.ч. 970 ж. Иудея динининн ыйык жайына айланган храм тургузулган. Курулуш ишинде мажбурлоо эмгеги пайдаланылган. Көп өлчөмдөгү салыктар дагы сынга кабылган. Бул храмдын курулушуна кеткен чыгым өлкөнүн экономикасын алсыратып, өлкө эки падышалыкка бөлүнүп калган. Сулайман өзүнүн акылгөй , даанышмандыгы менен аты чыккан. Библиялык тексттердин бир бөлүгүн, Сулаймандын үлгү-

насият китебин, Ырдын ыры, Екклезиаст жана Сулаймандын акылмандыгынын Китебин дагы анын эмгеги деп айтылып калган.

Инновация. Талмуд – бул турмуштук жана диндик акылгөйлүктүн (акылмандыктын) диндик-укуктук ((юридикалык) эрежелердин өтө чоң (көлөмдүү) кодекси. Иврит тилинен которгондо талмуд- “окуп үйрөнүү” - дегенди билдирет. Б.з. 70 ж. Иерусалим храмы талкаланып жөөт диаспоралары дүйнөгө чачырай баштаганда жөөттөрдүн общиналары элдин динин, осуятын сактоо багытында көптөгөн иштерди жүргүзөт. 100 ж. жакын Иуда га – Наси Библиянын редакцияланган оозеки түшүндүрмөлөрүнүн жыйнагы- «Мишнуну» түзүп чыккан. Мишнуга берилген түшүндүрмөлөр («Гемарой») менен бирге жыйынтыгында Талмуд пайда болгон. Талмуддун маңызы боюнча талаш-тартыштар 2 миң жылдан бери уланып, бирок ал ошого карабастан жөөттөрдүн интеллектуалдык жана диндик турмушунун негизи болуп келе жатат. Иудей цивилизациясынын маңызын жана өзгөчөлүктөрүн Талмуддан табууга болот. Жашоонун бардык жактарын камтыган 613 буйруктар (уруксат берүү жана тыюу салуулар) камтылган.

Талмудду чечмелеген – раввиндер – өтө сыйлуу адамдар. Алар ыйык адам катары каралышпайт, бирок, алардын окумуштуу же талмуддун ички маңызын жакшы билишкендиги, алардын сөзүн буйрук катары кабылдоону шарттайт. Алар руханий соттордун ишине дагы жетекчилик кылышат. Жөөттөр жашаган бардык өлкөлөрдүн өкмөттөрүнөн - алардын ич ара мамилесин тескеген өздөрүнүн сотуна уруксат алып келишкен.

Таблица. **Иудей цивилизациясы**

Адам жана табигат	Адам жана Адам	Адам дүйнөсү
•Диаспора мезгилине чейин дагы, андан кийин дагы жөөттөр дыйканчылык жана мал чарбачылыгы менен алектенишкен. •Чебер кол өнөрчүлүк: зергерлер, саат оңдогон усталар, кийим тиккен уздар ж.б.	•Соодада, каржы (финансы) ишинде, ишкерликте өздөрүн көргөзүшкөн. •Жөөттөрдүн үй-бүлөсү, жамааты(кагал), эл аралык уюмдары өзгөчө эрежелерди карманышкан. •Көптөгөн өлкөлөрдө	• Өзгөчө жазуу, тилдери иврит жана идиш •Өзгөчөлөнгөн менталитет (жөөттөрдүн улуу эл экендигине ишенишкен). •Тамак- ашты керектөөдөгү өзгөчөлүгү (кан-сөлү

•Транспорттун көптөгөн түрүн пайдаланышкан. • Бул тармакта жөөттөрдөн аалымдар көп.	жөөттөр саясий бийликке жете алышкан эмес. •Этникалык өзгөчөлүгүн жана өз тамырын сактап калышкан. •Торанын укуктук ченемдерин жетекчиликке алышып, өзгөчө юрисдикцияга жетүүгө умтулушкан. •Коом таануу тармагында жөөттөрдөн аалымдар көп.	жок тамак) жана өзүнүн ден-соолугуна өтө дыкат мамиле. • Жөөттөр кара-күчкө эмес, акыл-ойго басым жасашкан. • Интеллектуалдуу оюндарды : шахмат, шашки ойношкон. •Жөөттөрдүн маданияты иудаизмде толук камтылган. • Иудаизм- жөөттөрдүн дини жана философиясы.

Перс цивилизациясы

Инновация. Зороастризм байыркы перстер көп кудайга ишенген. Б.з.ч. 628 ж. Заратуштра (Зороастр) пайгамбары төрөлүп, ал Ахурамазда кудайына сыйынган диний түзүмдү негиздеген. Дарий I нин мезгилинде **маздаизм** перстердин мамлекеттик дини болуп калган. Зороастризм, маздаизм, отко сыйынуу (табынуу) диндерин кээде, ыйык китеп эсептелген «Авестанын » атынан **авестизм** деп дагы атап коюшат. Зороастризм динин негизин дуализм, б.а. карама-каршы турган эки күчтөр – эки кудай турат: бири, мээримдүү кудай **Агура- Мазда** (грек тилинде (Ормузд) адамдар үчүн бардык жарык, таза, адамга жагарлык жана пайдалуу нерселерди: иштетип, эгин эгилүүчү жерди, үй жаныбарларын, жер, суу, отту; чындыкты, акылмандыкты, жакшылыкты, жараткан. Ырайымсыз Кудай **Ангра-Майнью** (грек тилинде Ариман) бардык жамандык, ыпластык жана зыяндуу: чөлдөрдү, жапайы жырткычтарды, жырткыч канаттууларды, сойлоочу жана жерде-сууда жашоочу макулуктарды (жылан, бака ж.б.) курт-кумурскаларды; ооруларды, өлүм менен тукумсуздукту; жалганды, кара ниеттикти жана моралдык бузукулукту жараткан. Мээримдүү кудайга ишенгендерге Авеста бактылуу турмушту убада кылган.

Мындай ачык карама-каршылык, дуализмдин келип чыгышын отурукташкан дыйканчылык менен көчмөн мал чарбачылыктын ортосундагы карама-каршылыктан көрүшөт. Бардык өлүк дене (майит) ыплас, таза эмес

нерсе катары эсептелип, ыйык деп билген-жер, суу жана оттон алыс кармалышы керек- деп, атайын адистешкен адамдар, жылаңачтанган өлүк денени-**дакмаларга-** атайлап курулган тегерек мунаралардын башына коюп коюшкан. Ал жерден тарп жеген куштар этин жеп, сөөгү атайын жасалган ноо аркылуу кудукка түшүп кеткен. Мындай «үнсүз мунаралар» азыр дагы маздаизм динин тутунган ирандагы гебрлерде жана парстарда (батыш индия) сакталып калган.

Таблица. **Байыркы башка цивилизациялар**

Байыркы башкы цивилизациялар		
Адам менен Табият	Адам менен Адам	Адамдынакыл дүйнөсү
•Сугарылма дыйканчылыктын келип чыгышы, дан эгиндерин жана колдо өстүрүлүүчү өсүмдүктөрдүн жаралышы, жаныбарларды колго үйрөтүү. •Кендерде (руды), туздарды, күйүүчү материалдарды, мраморду ж.б. куруучу материалдарды, алтынды, күмүштү казып ала баштоо; жасалма же «экинчи табият» материалдарын-айнекти, фаянсты (чопонун айрыкча бир сортуна , гипс ж.б. нерселер аралаштырылган ак түстүү масса), фарфорду (ак чопонун жогорку сортунан жасалган материалдык масса),	•Жеке коллективдүү (жамааттык) жана мамлекеттик менчиктин пайда болушу; өндүрүш жараянын, керектөөнү, материалдык байлыктарды уюштуруу жана жөнгө салуу; салыктардын, карыздардын, насыя жана карыз берүүнүн, ижаранын, эмгектин белгиленген тартипке салуу эрежелери (нормирование). •Матриархаттан патриархалдык үй-бүлөгө, кандаштардын (бир туугандардын) коомунан аймактык (территориалдык) айылдык жана шаардык коомго өтүү; социалдык шатычанын (иерархия) жаралышы: элита (эл каймагы), перстер	•Эл башчылардын, жрецтердин (кечил) атка минерлердин, эркин адамдардын жана кулдардын, үй-бүлөө башчыларынын, өз жана жаттардын, коомдук жана жекече аң-сезимдин элементардык ой жүгүртүүдөн дифференциацияланган түрүнө өтүүсү •Адамдын дене түзүлүшүн изилдеп үйрөнүү, мумия менен катыруу; акушерлик, аскердик-талоо, хирургиясы боюнча тажрыйба топтоо •Койгулашып мушташуу ыкмаларын өркүндөтүү, согушта пайдаланылган эки дөңгөлөктүү арабаларды пайдалануу алгачкы мелдешүүлөр

кагазды өндүрүүгө өтүү; курулуштун өнүгүшү- «ааламдын жети керемети» • Дөңгөлөктү, дөңгөлөк менен жүрүүчү транспортту, атка таокуп минүүнү ойлоп табуу; кеме куруу, деңизде сүзүү; көз аркылуу маалымат берүү, кептер ташыган почта, фельдьегердик (маанилүү документтерди ташуу үчүн аскердик же өкмөттүк чабарман) байланыш. •Табият таануунун башталышы: табиятка байкоо жүргүзүү, календардын, метеорологиянын, астрономиянын пайда болушу; мейкиндик (пространство) аркылуу катнаш илими боюнча алгачкы түшүнүктөр- геометрия, сандардын эң жөнөкөй касиеттери- арифметиканын жаралышы	(кечил: бутпарас дининдеги курмандык чалуучу киши), жоокерлер, дыйкандар, соодагерлер, кол өнөрчүлөр, кулдар, аялдар, балдар, кары-картаңдардын өзгөчө абалы. •Деспотиялык мамлекеттин үстөмдүгү, жогорку падышалык бийликтин статусунун калыптанып бүткөн түргө келтирилиши (оформление), башкаруу аппаратынын, атка минерлердин (чиновничество), армиянын (аскердик) калыптанышы •Элдердин жер которуулары (миграция) өз ара аралашуусу (ассимляция) жана этностордун жаралуусу, алгачкы көп улуттуу империялар • Мыйзамдардын алгачкы кодекстери (мыйзамдар жыйнагы), (Хаммурапи), адат укугунун (талоо-ууручулук, коомдогу күнөөлүүнү өзүнүн күнөөсүнө жараша болгон так күнөөгө	•Оозеки чыгармачылык эпикалык (эпостук) чыгармалар; Индиялык веддер (эң байыркы 4 томдон турган диндик гимндер, ыр ырдоо, дубалардын түрлөрү, үрп-адаттардын жазылмалары, мифтерден турган индиялык адабияттын эстеликтери); шумерлердин Гильгамеш жөнүндө эпосу, байыркы Кытай китептери, Иудейлердин Эски жана Жаңы осуяттары; храмдардын (касиеттүү,салтанаттуу жай) курулушу, таштан чегилген скульптура (бедиздер, барельефтер (жалпак нерсенин бетине түшүрүлгөн скульптуралык сүрөт), аска-таштарга чегип түшүрүлгөн сүрөттөр, алгачкы музыкалык аспаптар, бийлик короосундагы искусствонун өнүгүшү • Тотемизмден (Укум-тукумдан бери аларга ыйык деп диндик белги катары эсептелген жаныбар, өсүмдүк, буюм же кубулушка табынуу) фетишизмдин

	тартуу-«көзгө-көз» ж.б.) кеңири жайылышы •Коом жөнүндөгү түшүнүктүн калыптана башташы. Алгачкы тарыхый эмгектер	(Байыркы доордогу адамдарды диндик сыйынууга кызмат кылган, алардын ойлору боюнча керемет күчкө ээ жансыз буюм, тумар), анимизмден (Байыркы адамдардагы бардык нерседе жан бар деп түшүнүүчүлүк азыр мультфильм) мифологияга (кудай,баатыр, дүйнөнүн жаратылышы тууралуу байыркы жомок), Пантеизмге (Кудайды жаратылыш менен окшоштуруучу диний-философиялык көз караш), дүйнөлүк диндерге өтүү •Адамдын өзүнүн дүйнөдө өзгөчө ордун аңдап, сезүүсү

<u>Инновация. Алфавит</u> – бул, символдор аркылуу сөздөрдүн үндүк кебетесин берүүчү, өзүнчө үндүк элементтердин сүрөттөлүшүн чагылдырып туруучу- белгилүү бир тилдин жазуу белгилеринин системасы. Байыркы грек, латын, көпчүлүк азыркы алфавиттердин жаралуусунда **финикиялык алфавиттин** орду талашсыз. Б.з.ч. 2-миң жылдыктын орто ченинде финикиялыктар 22 тамгадан турган жөнөкөй жаңы жазууну ойлоп табышкан. Ал жазууну еврейлер (жөөттөр), арамейлер, араптар дагы пайдаланышкан. Б.з.ч. IX-VIII кк. гректер финикиялык жазууну пайдаланып, бардык үндүү жана үнсүз тамгалары менен биринчи алфавит түзгөн. «Алфавит» деген сөз грек алфавитиндеги биринчи тамгалардан: альфа, бета, вита-куралган. Финикиялык жазуу өзүнүн жөнөкөйлүгү, символдорунун санынын аздыгы менен көптөгөн элдер тарабынан кабылданган. Ошондуктан жазуу тандалган гана адамдарга буюрбай, көпчүлүктүн энчисине айлангандыктан,

маданияттын өнүгүүсүндө ченемсиз мааниге ээ болгон. Ошол гректердин жазуусунан латын алфавити жана орус азбукасы – кириллица келип чыккан.

Инсандар. Ганнибал б.з.ч.247-182 жж. жакын. Көрүнүктүү карфагендик аскер башчы жана мамлекеттик ишмер. Жаш кезинен аскер ишин окуп, жортуулдарга атасы Гамилькар Баркуну коштоп жүрүп, Рим менен жеңишке жетишкенге чейин күрөшүүгө ант берген (“ганнибал анты”). Өзүн чыгармачылык менен ой жүгүткөн кол башчы катары көргөзгөн. Экинчи Пуни согушунун (Б.з.ч. 218-жылдан) жүрүшүндө Испаниядан 26 миң жоокер жана согуш пилдери менен 15 күндө Алпы тоолорун ашып римдиктерди Треббий дарыясынын, Тразимент көлүнүн жана Канндын алдындагы (Б.з.ч. 216-ж.) салгылашууларда талкалаган. Канндын алдындагы салгылашуу душманын толук талкалоонун эпитети[1] болуп айтылып калды. Ганнибал Карфагенде саясий реформа жүргүзүү аракетин көргөн, бирок, Римден колдоо тапкан душмандарынан качып бекинүүгө аргасыз болгон. Душмандын колуна түшпөс үчүн уу ичип өлөт.

Антикалык Греция

Инсандар. Перикл б.з.ч. 490-429-же. б.з.ч. 444-443-429жж. аралыгында жашаган. Афинанын стратеги (башкы кол башчысы). Байыркы жана атактуу уруудан чыккан. Анын атасы перстерди Микале тумшугунда жеңген. Перикл көрүнүктүү саясатчы, оратор жана уюштургуч болгон. “Ушунчалык бийлиги бар элде шыктануу дагы болору турган иш.” Перикл аларды өзү өтө чеберчилик менен башкара билген.Элине үмүт жаратып, ошол эле мезгилде каарын төгүп, жүрөгүнүн үшүн алган. Эл чектен чыга баштаганда тизгинин тартып, оту өчүп, маанайы сууп калганда көңүлүн көтөрө билген. Мындай жөндөм Платондун сөзү менен айтканда: “адамдын жан дүйнөсүнүн ачкычын таба билүү көрүнгөндүн эле колунан келе бербейт”. Периклдин мындай касиетинин себебин Фукидид анын сүйлөгөн сөзүнүн таасири эле эмес, анын атак- даңкы, элдин ага болгон ишеними: эл анын сатылбаган касиетин жана керт башынын камын жебеген, эл үчүн жан берүүгө даяр кебелбестигинен көргөн. Ал өзү башкарган шаарды эң бай жана гүлдөгөн шаарлардын катарына кошсо дагы, көптөгөн падышалар менен тирандардан[2] бардык жагынан бийик көтөрүлсө дагы атасынан мураска калган байлыгын бир драхмга[3] дагы көбөйткөн эмес. Перикл өмүрү бою өз жеринен түшкөн кирешенин эсебинен жашаган. Өмүр жолун баяндап

[1] **эпитет** - адам атына кошумчаланып айтылуучу аныктама. М: Манастан: «Көкжал», «Кабылан»
[2] **тиран** – Байыркы Грецияда – бийликти зордук менен тартып алуучу киши.
[3] **драхма** – Гректердин монетасы.

жазган Плутарх өсүп келе жаткан балдары атасынын мындай топуктуулугуна нааразы болгонун белгилейт. Перикл жогоруда айтылып өткөн өз принциптерин өмүрү өткөнчө бек сактаган. Периклдын өмүрлүк жары өзүнүн сулуулугу, акылы жана билими менен дүйнөлүк символго айланган Аспазия болгон. Кырдаал Периклга жагымсыз, артын салган учурларда ал элдин каарына калып, кызматынан кетип, айыпка жыгылган учурлары дагы болгон. Бирок, дайыма андай абалдан ийгиликтүү чыгып , өз кадырын ордуна тикелей алган.”Олимпиядалык” Перикл эпидемиядан кайтыш болгон.

Инсандар. Демосфен. Цицерон Демосфен б.з.ч.384-322-жж. Грециянын шаар-полистеринде[1], байыркы Афинада оратордук, жарандарды өзүнүн сөзүнүн чындыгына ынандыруу чеберчилиги өтө жогору бааланган. Атактуу оратор Демосфен гректерди Филипп II нин баскынчы саясатына каршы ийгиликтүү үндөгөн. Демосфен Херонейде (б.з.ч. 338 ж.) македониялыктар менен болгон салгылашууга катышкан. Ал өзүн сотто “пара алган” жана “согушта коркоктук кылган” - деген күнөөлөрдөн коргоп, утуп чыккан. Александр Македонскийдин өлүмүнөн жана македониялыктарга каршы гректердин ийгиликсиз көтөрүлүшүнөн кийин Демосфен “казынага кол салган” - деген жалган жалаа менен өлүмгө тартыларын билип, өз жанын өзү кыйган. Байыркы Римде алдына адам салбаган дагы бир чечен-оратор Марк Туллий Цицерон б.з.ч. 106-43 жж. жашап өткөн. Чечендик атак-даңкы жарандык жана кылмыш иштери каралган сот иштеринде сүйлөгөн сөздөрүнөн улам жайылган. Саясий турмушта болсо республикалык тартипти коргоп, жигердүү катышкан. Цицерондун сүйлөгөн сөздөрү, жазган каттары жана илимий эмгектери дүйнөлүк маданияттын алтын казынасында сакталып калган.

Инсандар. Улуу Александр Македонский б.з.ч. 21.07.356- 10.06- 323-жж. жашаган. Македониянын падышасы, эң атактуу кол башчы жана Байыркы дүйнөнүн өкүмдары. Аны атактуу Аристотель окуткан. Атасы жок учурларда 16 жашынан өлкөнү башкара баштайт. 20 жашында падыша болуп жарыяланган.Ал өмүр бою баскынчы жортуулдарда жүрүп, эң оор согуш Персия менен болгон согуш эсептелет. Дарий III бардык сатрапийлерден жоокер курап, анын аскери сан жагынан македондуктардан көптөгөн эсе чоң эле. Ошого карабастан Иссадагы салгылашууда перстер оор жеңилүүгө дуушар болот. Тарткан ызасына чыдабаган, өч алууну самаган Дарий III Гавгамелдеги салгылашууда үчүнчү жана чечүүчү жеңилүүгө

[1] **полис (гр.)** – шаар-мамлекет – Байыркы Греция менен Байыркы – Римдеги коомду социалдык-экономикалык жана саясий уюштуруунун өзгөчө түрү.

дуушар болгон. Андан кийин Александр Македонский Финикияны, Египетти тартып алып, Александрия шаарын түптөгөн. Кийинчерээк Александрия деген шаарлар Фракияда, Кичи жана Орто Азияларда, Индияда пайда болгон. Вавилондук кечилдер Александрды дүйнөнүн төрт тарабынан падышасы деп жарыялашат. Б.з.ч. 330 ж. Дарий III нүн дүйнөдөн кайтышы менен Персия державасынын толук укуктуу өкүмдары Александр болуп калган. Эми македондук-персиялык бириккен аскерлер Индияга бет алат. Ал жерде дагы биринчи эле салгылашууда жеңишке ээ болгон Македонскийдин жоокерлери үйлөрүнө кайтарууну талап кылышкан. Александр болсо өз мерчеминде кемелер менен Аравияны, андан ары бүткүл Африканы айланып өтүп, Жер орто деңизине кайрылып келип, ал жердеги Испания, Италия жана Карфагенди басып алгысы келген. Тилекке каршы, өзү ооруга чалдыгып, Б.з.ч. 323 ж. 10 июнунда о дүйнөгө сапар алган. Сөөгү алтын табытка салынып, египеттеги Александрия шаарында коюлган. Анын мураскерлери өлтүрүлүп, империяны Александрдын аскерий башчылары өз ара бөлүп алышкан. Алардын бирөө Птолемей Египеттин падышачылыгын ээлеп, өз династиясын негиздеген.

Инновациялар. Мусейон жана Библиотека Птолемейлер даржавасынын негиздөөчүсү Птолемей Сотер («Куткаруучу») өзүнүн борбор шаары Александрияны теңдешсиз маданий борборго айландыргысы келген. Анын чакыруусу боюнча келген Аристотелдин окуучусу, перипатетик Деметрий Фалерский «музанын[1] очогун», илимдер храмын[2]- Мусейонду түзгөн.

Мусейон менен Китепканада: лекциялар жана илимий иштер үчүн залдар, тамак ичүүчү зал, окумуштуулар, акындар жана философтор үчүн бөлмөлөр, ботаникалык бак, зоопарк, обсерватория жана анатомиялык театр ачылган. Бир топ убакыт өткөндөн кийин Александрия китепканасында 400 миңдей папирус түрмөктөрү (томдор) чогултулган, а Цезардын учурунда алардын саны – 700 миңге жеткирилген. Аристотелдин китепканасы дагы Мусейон үчүн сатылып алынган. Эллиндер мезгилинде 1400 дөн көбүрөөк авторлордун чыгармалары пайда болгон. Александрия китепканасында көптөгөн тексттер (эски осуят ж.б.), апокрифтер[3] которулган жана

[1] **муза** (гр.) – грек мифологиясында – искусствону жана илимди колдоочу аял кудай.

[2] **храм** – касиеттүү жай.

[3] **апокриф** (гр.-жашыруун) -1.чиркөө тарабынан тыюу салынган, маңызы расмий диний окуунун талаптарына толук бойдон жооп бербеген, иудея жана алгачкы Христиан адабияттары. 2. Автору так эмес чыгарма.

комментарияланган[1], сөздүктөр даярдалып, грамматика түзүлгөн. Библиотекарь (библиотеканын башчысы). Каллимах 120 томдон турган «Билимдүүлүктүн бардык тармактарында башы көрүнгөн жазуучулардын жана алардын чыгармаларынын Каталогун» түзүп чыккан. Бул эң чоң тарыхый –адабий жыйнак - жөн гана библиографиялык каталог эмес, аннотациялык[2] көрсөткүч болгон. Китепкана бир нече жолу өрттөлгөн. 391-ж. христиан-фанатиктери Мусейонду кыйратып, китепкананын көпчүлүк бөлүгүн жок кылган. Калган бөлүгү араптар Александрияны басып алган учурда жок болгон (же жашыруун алып кетилген).

Антикалык Рим

Инновациялар. Аппийдин жолу Рим менен Капуя шаарларын байланыштырып турган жол. Б.з.ч. 312 ж.стратегиялык максатта цензор Аппий Клавдийдин буйругу менен курулуп, узундугу 350 км. түзөт. Дүйнөдө биринчи таш, шагыл төшөлүп салынган бул жол кийинчерээк Италиянын түштүгүндөгү Брундизий шаарына чейин жеткирилген жана бүгүнкү күнгө чейин сакталып турат. Анын себеби, римдиктер жол салуунун өзүнчө ыкмасын (технология) өздөштүрүшкөн.

Ошондой мыкты курулган жол тарамдары Рим менен провинциялардын ортосундагы тынымсыз байланышты, сооданы, керек учурда аскерин тез арада бир жерден экинчи жерге жеткирүүнү камсыз кылган.

Инсандар. Полибий б.з.ч. 201-120 жж. жашаган. Грек ак сөөктөрүнөн чыккан тарыхчы. Согуш учурунда колго түшүп, Римде «Жалпы тарых» деген эмгегин жазган. Анда Полибий, Римдин ийгиликтеринин себебин-мамлекеттик түзүлүшүндөгү монархиянын, аристократиянын жана демократиянын элементтеринин ийгиликтүү айкалышуусунан көргөн. Ал эми Греция болсо, анын ою боюнча ошол айкалышты жарата албай, адегенде өсүп, гүлдөп акырында кыйроого тушуккан. Анын эмгектеринин бир бөлүктөрү бизге чейин жетип, ошонун негизинде авторду - тарыхтагы «цикл[3] теориясынын», тарыхты изилдөөдөгү цивилизациялык ыкманын жол башчысы деп атоого болот.

---

[1] **комментарий** – кандайдыр бир текстти же китепти түшүндүрүү; ага берилген түшүндүрмө, кошумча.

[2] **аннотация** – китептин же кол жазманын кыскача мазмуну.

[3] **Цикл**-белгилүү бир убакыт ичинде өөрчүштүн толук жолун басып өткөн кандайдыр бир кубулуштардын, жараяндардын, жумуштардын жыйынтыгы. Бири-бири менен байланышкан көрүнүштөрдүн, аракеттердин жыйындысы.

Инсандар. Гай Юлий Цезарь б.з.ч. 102 же 100-44 жж. жашаган. Байыркы Римдеги саясий, аскерий ишмер жана адабиятчы. Кызмат жолун 73-жылы аскер трибуну болуп баштап, 65- жылы **Эдил** (базарлардагы, көчөлөрдөгү жана коомдук имараттардагы тартипке көз салып, көпчүлүк үчүн оюн-тамашаларды уюштурган жана акысын төлөп берген адам), 62-жылы претор (сот) ишин аткарат. Диктатор болуп б.з.ч. 49, 48-46, 45 ал эми 44 ж. (өлгөн жылы) аны өмүр бою дайындашкан. Өзү ак сөөктөрдөн чыгып, популяр-жол башчылардын эмгегин даңктап сүйлөгөн сөздөрү менен элге таанылган (популяр-жөнөкөй, элге жакын). Ал Сулла алдырып салган ыйык Мариянын эстелигин калыбына келтирет. Сенат менен тең келип көрөшүү үчүн Помпей жана Красс үчөө триумвират түзгөн. Алар рим мамлекетин өз ара таасир этүүчү чөйрөлөргө бөлүп алышып, өзүнө Галлиянын башкаруучулугун алып, аны Римге баш ийдирген жана өтө көп байлыкка ээ болот. Красс өлөт. Б.з.ч. 49 ж. Цезарь Римди басып алып, Помпейдин колун талкалаган. Анын өзүн (Помпей) Цезарга кошоматчылар египет падышасынын министринин буйругу менен өлтүртүшкөн. Цезарь Египеттин тактысына **Клеопатраны** олтургузган. «Галл согушу боюнча баян», «Жарандык согуш жөнүндө баян», андан башка көптөгөн афоризмдер (санат сөздөр) Цезарь тарабынан жазып калтырылган деп келишет. Ал жыл эсебине реформа жүргүзүп, Юлиан календарын киргизген. Байыркы Римде Цезардын аты императорлорго ардактуу наам (титул) катары берилип келген. Россияда узак мезгил ичинде – царь (падыша) деген наам өзгөртүлгөн түрүндө пайдаланылган. Гай Юлий Цезарь көптөгөн адабий чыгармалардын, искусствонун, көркөм жана документалдуу кинофильмдердин каарманы болуп калган.

Инсандар. Октавиан Август б.з.ч. 63- - б.з. 14 жж. жашаган. Римде императордук башкарууга жол салган белгилүү саясий ишмер. Юлий Цезардын эжесинин небереси (жээни). Өзү өлөрүнө аз калганда Цезарь уул кылып асырап алган. Эми анын аты толук: Гай Юлий Цезарь Октавиан болуп калган. Цезарь өлтүрүлгөндөн кийин 19 жашында бийликке келген Октавиан – Марк Антоний, Марк Эмил Лекид менен бирдикте Экинчи триумвират түзгөн (Биринчисин: Цезарь-Помпей жана Красс менен түзгөн эле). Деңизде болгон кармашууда Октавиандын аскери Марк Антоний менен египет-падышасы Клеопатранын кошулган флотун талкалап, Египетти Римге кошуп алуу менен узака созулган жарандык согушка чекит коет.

Өз каршылаштарын жеңгенден кийин Октавиан баардык бийликти өз колуна алат. Бир эле мезгилде Август: өмүр бою император-консул, припцепс (мамлекеттеги биринчи жаран), улуу Понтифик ж.у.с.кызматтарды

ээлеген. Сырт жактан көз салган адамга тышкы көрүнүшүн, салттуу республикалык мекемелерди сактап калган. Б.з.ч. 27 ж. Сенат Октавианга ардактуу Август (б.а.жыргалчылык, бакыт тартуулаган адам) жана «Мекен атасы»деген наамдарды ыйгарат. Октавиан башкарган учурдагы бийлиги принципат аталышка ээ.

Инновациялар. Колизей (лат. тил. эң зор, эбегейсиз чоң)- дегенди түшүндүрөт. 75-80 жж. туфтардан[1] курулган Флавийлердин Амфитеатры[2] эллипс формасында. Өзүнүн көлөмү жагынан (190м-156м) Колизей теңдеши жок, 50 миңге жакын адамды батырып, гладиаторлордун салгылашы жана башка оюндарды көрсөтө турган жай болгон. Көрүүчүлөр 80 дарбазадан кирген. Галереялары[3] бетон жана кыш менен бекемделген. Маңдай жагы үч ярустуу[4] аркадалар[5] менен кооздолгон. Трибуналары мрамор менен жалатылган.2-чи 3-чү ярустардын фасадында (маңдайкы) статуялар тургузулган. Атайын курумдар аркылуу Колизейдин аренасына суу толтурулуп, анда (навмахия) деңиздеги салгылашуу өткөрүлгөн. Император Клавдиянын бийлиги учурунда бир жолку навмахияда 19 миң адам катышкан. Ал эми кургак аренада 3 миңге жакын гладиаторлор бир мезгилде салгылашуу өткөргөн. Колизейдин ачылыш аземинде оюндар 100 күнгө созулган. Анда 10 миң салгылашкан адамдардын көпчүлүгү, 5 миңдей жаныбарлар өлгөн. Жыл ичинде мындай оюндар 175 күнгө чейин өткөрүлгөн. Салгылашуунун алдында гладиаторлор: «Цезарь, өлүмгө кетип жаткандар сага салам айтабыз»- деп кыйкырышкан. Жеңилүүгө дуушар болгон жарадарларды көрүүчүлөрдүн талабы боюнча биротоло ошол эле жерден сайгылап өлтүрүшкөн. Көрүүчүлөр үчүн жырткыч жаныбарлардын кармашы же аларга туткунга түшкөндөр, кылмышкерлер же христиандарды салып берип тамаша кылышкан. Оюндарга V-VI кк тыюу салынып, токтотулган. Колизейдин формасы, түзүлүшү азыркы спорт аянтчалары менен стадиондорду курууга үлгү болуп кызмат кылган.

Таблица **Антикалык цивилизация (Байыркы Греция жана Байыркы Рим)**

Адам жана табигат	Адам менен Адам	Адам дүйнөсү
•Зайтун (олива) жана маслина даректарын	•Акча –товар мамилелеринин	•Кийинчерээк көпчүлүк европа элдеринин

[1] **туф** – курулуш материалы катарында колдонулуучу тоо теги.
[2] **амфитеатр**- театрларда, концерттик залдарда ж.б.партердин артындагы көтөрүңкү жайдагы орундар.
[3] **галерея** – эки имаратты кошуучу жана да имаратты бойлото кеткен узун балкон.
[4] **ярус** – катар, катмар.
[5] **аркада** – жогорку жагы арка болуп кошулган устундардан турган галерея.

өстүрүп Балканды жер картышынын кургашынан сактап калышкан, азык-түлүк өндүрүүчү күн сайын күчтөнгөн эмгек, дыйканчылык,жүзүмчүлүк •Темир өндүрүүнү үйрөнүп, эмгек куралдарын жана жоо жарагын жасоо; мраморду жана күмүштү казып алуу; өнүккөн кол өнөрчүлүк, татаал өндүрүш ыкмаларын өздөштүрүү (зергерчилик). •Транспорт каттамдарынын өнүгүшү, жол, көпүрөлөр, акведуктардын (көпүрөгө окшотубураак салынган суу өткөргүч, ноо) храмдардын, порттордун, чептердин курулушу; каботаждык (суу жээктеп сүзүү) сүзүүдөн ачык деңизде сүзүүгө өтүү; кемелердин көптөгөн түрүнүн пайда болушу •Табият таануу илиминин: жердин пайда болушу, Ааламдын, адам баласынын келип чыгышы, заттардын түзүлүшү, табигаттын мезгил алмашуулары, табигый күчтөр жөнүндөгү түшүнүктөрдүн	өнүгүшү, рынок мамилелери, тынымсыз өнүгүп турган экономика, кулдардын эмгегин кеңири пайдалануу •Байлыгына, ата-тегине карап бөлүнгөн социалдык тутум (патрицийлер, плебейлер, атчан жоокерлер ж.б.); Эркектин үстөмдүгү орногон моногамиялык үй-бүлө •Демократиялык республикалардын туруктуу жашоосу. Монархия, империя, олигархия, охлократия. «Партиялар», жарандык согуштар, проскрипциялар (мыйзамдан четтетилген, тыш деген адамдардын тизмеги),фаворотизм (чоң даражадагы адамдын жакшы көрүп каалаган кишиси),жалдангыч наемничество (керт башынын камы үчүн бирөөгө сатылган адам), демагогия (өзүнүн арам ойлуу	негизги тили жана жазмасы болуп калган грек жана Латын тилдеринин (жана арибинин) тынымсыз өркүндөтүлүшү •Батыштык ой жүгүртүүнүн рационалдык (акылга, максатка негизделген) түрүнүн, менталитетинин (өзгөчөлүгү, кулк-мүнөзү, касиети)калыптанышы •Азыркы медицинанын көпчүлүк тармактары Гиппократ тарабынан негизделген •Денеңин жана рухтун мыкты болушуна өзгөчө көңүл бурулган. Олимпиядалык оюндарды өткөрүү, спорттук көптөгөн түрлөрүнүн жана салттардын (марафондук жарыш) пайда болушу •Архитектуралык ордерлер (архитектуралык композициянын бир түрү), «алтын кесик, кыйык», ыр куроонун түрлөрү, драманын, бийдин, музыканын мыйзамдарынын жаралышы: Мирон,

жогорулашы: Фалес, Гераклит, Платон, Аристотель, Пифагор, Демокрит, Лукреций Кар, Эвклид	максатына жетүү үчүн коомдун артта калган бөлүгүнүн аң-сезимине апыртмалуу сөздөр менен таасир этип, өзүнө тартууга жасалган аракет, башын айландыруу, алдамчы). • Антикалык менен Чыгыш, Антикалык менен жырткычтык (варвар) коомдорунун өз ара мамилелери. Александр Македонскийдин көп улуттуу империясы. Рим империясы •Солондун мыйзамдары, Ликургдун мыйзамдары, 12 торчо мыйзамдары, Римдик жарандык укук, присяжныйлар соту •Тарыхтын (Геродот, Полибий, Тацит), Саясий илимдин (Платон, Аристотель), риториканын (Демосфен, Цицерон), юриспруденциянын (Ульпиан)жана коом боюнча башка илимдердин жаралышы	Фидия, Поликлет, Лисипп, Гомер, Овидий, Гораций, Эсхил, Софокл, Эврипид, Аристофан •Антикалык мифология антикалык коомдун турмушун, адамдын тагдырга, кудайларга жана өз күчүнө болгон ишенимин чагылдырган (Прометей, Икар, Геракл, Одиссей) • Антикалык адам таануу Ренессанс доорундагы гуманизмдин өнүгүшү үчүн алгачкы баскыч болуп калган(психология, логика)

Байыркы доордогу Адам менен Табигат

Инновациялар. Акча коомдук эмгектин бөлүнүшү жана түрдүү продукталарды жасап чыгаруу менен аларды өз ара алмаштыруу шарты жаралып, ал продукталар товарга айланып калган. Товарлардын өздүк наркы дагы түрдүүчө болгон. Ошондуктан товарлардын бардык түрүнүн өздүк наркын чагылдырган жана алардын бардыгына алмаштырууга жарай турган жалпы эквивалентти[1] издөө башталган. Мындай эквивалентке Кауранын раковинасы[2] же кымбат баа металлдан жасалган кичинекей дискалар[3] пайдаланыла баштаган. Эң алгачкы наркы көрсөтүлгөн тыйын түрүндөгү акча бир эле учурда Лидия (Кичи Азия) менен Кытайда Б.з.ч.VIII к. пайда болгон. Демек 2700 жыл мурда. Көп учурларда стандарттагы салмагы жана алтындан жасалып, баасы кепилденген тыйындарды куюп чыгара баштаган деп лидиянын падышасы Крңздун аты атала калып жүрөт. Б.з.ч. IV к. бир бетинде кандайдыр бир келбет (фигура), ал эми экинчи бетинде мамлекеттик символика түшүрүлгөн алтын тыйындар пайда болгон. Римге баш ийген Европа, Африка жана Кичи Азия аймактарында жезден, күмүштөн жана алтындан жасалган тыйындар жүгүртүлгөн. Кийин алар менен чектеш аймактарда дагы ошол тыйындардын көчүрмөсүн чыгара башташкан. Орто кылымдарда тыйындар өз ара мамилелерди орнотуудагы төлөм каражатына айланган.

Инновациялар. Улуу Жибек жолу- Түштүк Чыгыш Азия менен Жер ортолук деңизинин жээгинде жайгашкан Кичи Азия жана Европа өлкөлөрүн байланыштырган байыркы соода жолу. Улуу Жибек жолу деген түшүнүк алган немец географы Ф.фон Рикттофен (1833-1905-жж.) тарабынан 1877-жылы киргизилген. Жибек жолу менен кытай жибегин алып өтүшкөндүктөн, Улуу жибек жолу деп аталып калган. Б.з.ч. 138-126-жж. Орто Азияда болуп кайткан кытай элинин Чжан Цзянь ал жакта бир нече мамлекет, 70тен ашуун чоң, кичине шаарлар жайгашканын, бирок жибек өндүрүлбөй, анын кымбат экенин жана агаг Даван аргымактары алмаштырса пайдалуу экенин эскерткен.

Алгачкы кербен б.з.ч. 121-жылы жөнөтүлүп, негизинен жибек кездемелерин жана коло күзгүлөрдү алып келишкен. Акырындап Орто Азия менен жүргүзүлгөн соода мамилеси өнүгүп, Шэньси провинциясында (борбору Чань-Чань) өндүрүлгөн жибек Ланчьжоу жана Дуньхуань аркылуу

---

[1] **эквивалент** – 1. Барабар баалуу, бирдей маанилүү, ордуна жүрүүчү, айырбаш болорлук, маанисин берерлик; 2.башка товарлардын кунун, баасын билдирүүчү товар.
[2] **раковина** – үлүлдүн кабыгы.
[3] **диск** – тегерек жалпак нерсе.

батышка эки негизги жол менен ташылып өткөн. 1) Түндүк жолу негизинен Түркистандагы (Синцзянь) Турпан, Кулжа шаары, Или өзөнү, Ысык-Көл, Чүй өрөөнү, Талас суусу жана Сыр Дарыянын төмөнкү агымы аркылуу. 2) Лобнор көлү, Такла-Макан чөлүнүн түштүгү жана Котон, Кашкар шаарлары, Терек-Даван аркылуу Ферганага чыккан. Андан ары Бактрия, Кушан падышачылыгы менен байыркы Мерв шаары аркылуу Жер ортолук деңизинин жээгине чейин кеткен. Азыркы Кыргызстандын аймагында жайгашкан байыркы Атбаш, Жул, Суяб, Невакент, Барскан, Ош, Өзгөн ж.б шаарлар улуу жибек жолундагы соода байланышында маанилүү роль ойногон.

Улуу жибек жолун жандандыруу жөнүндө Кыргыз Республикасынын өкмөтү 1998-жылы 17-сентябрда атайын доктрина кабыл алган. Ал эми Улуу Жибек жолун жана деңиз аркылуу кеткен ошол эле аталыштагы соода жолун жандандыруу Кытай мамлекети тарабынан иштелип чыгып “Бир алкак бир жол” стратегиялык мерчеми 2015-жылы расмий түрдө жарыяланып, кийинки жылдары акырындык менен жүзөгө ашыруу жолуна түштү.

Инновациялар. Дөңгөлөк адамзаттын гениалдуу ойлоп табууларынын бирөө-бул дөңгөлөк болуп эсептелет. Дөңгөлөктүн алгачкы идеясы сыягы оор нерсени ордунан жылдырууда алдына жумуру жыгачты пайдаланууудан келип чыккандай. Эң байыркы дөңгөлөк ортосуна жыгач огу бекитилген жумуру жыгач диска түрүндө болуп, дөңгөлөк айланганда огу кошо айланган. Дөңгөлөктүү эң алгачкы арабанын модели Б.з.ч. IV миң жылдыкта Месопотамияда пайда болгондугун тарых тастыктайт. Ал эми күпчөктүн (ступица[1]) жаралышы менен дөңгөлөктүн огун кузовго бекитип коюуга мүмкүнчүлүк ачылган. Жыгач дискке тешиктер оюлуп дөңгөлөктүн чабактары (спица) бекитилип, дөңгөлөктүн жакшы айлануусуна шарт түзүлгөн. Кийинчерээк жаныбарлар чегилген арабалар, адам баласына XX к. экинчи жарымына чейин эле кызмат кылып келди.

Инсандар: Аристотель б.з.ч. 384-322 жж. жашаган байыркы Грециялык философ жана энциклопедист-окумуштуу. Башка адамга урматтоо менен мамиле карманып, ошол эле учурда анын башкача көз карашын колдобой тургандыктан формуласын ал: «Платон менин досум, бирок, чындык андан да кымбат» - деген сөзү менен насаат катары калтырып кеткен. Аристотель өз чыгармаларында илимдин бардык тармактары боюнча ой калчаган. Ал жазып калтырган чыгармаларга:«Биринчи философия», «Метафизика», «Физика», «Органон», «Жаныбарлардын жаралышы

[1] **ступица** – күпчөк, дөңгөлөктүн күпчөгү.

жөнүндө», «Жан жөнүндө», «Этика», «Саясат», «Поэтика» кирет. Аристотель формалдуу логиканын негиздөөчүсү. Аристотель жашоонун негизги принциптери: мүмкүнчүлүктөр жана аларды турмушка ашыруу жөнүндө, форма жана материя, аракеттеги себептер жана максаттар жөнүндөгү окууну жараткан. Аристотелдин ачылышы боюнча табияттын өнүгүү баскычтары: органикалык эмес дүйнө, органикалык дүйнө: өсүмдүктөр, жаныбарлар, андан адамдын жаралышы болуп эсептелет. Адамдын жаныбарлар дүйнөсүнөн айырмаланган негизги белгиси "Акыл" (нус), аң-сезим. Аристотелдин ынанымында этиканын негизги принциби – акыл эске негизделген жүрүм-турум, топуктуулук, нысаптуулук (метриопатия). Ал адамды коомдук тирүү жан («адам деген – бул коомдук жаныбар»)- деп мүнөздөгөн. Мамлекеттин эң мыкты формаларына: монархия – бул бир адамдын бийлиги, аристократия – азчылыктын бийлиги; демократия-көпчүлүктүн бийлиги. Булардын ичинен монархияны биринчи катарга коет. Эң жаман формаларына – тирания[1], олигархия[2], охлократияны[3] койгон. Искусствонун маңызы окшоштуруу (мимесис), ал эми трагедиянын максаты – руханий дүйнөсүн тазалоо (катарсис) деп түшүнгөн.

Б.з.ч. 335 ж. Аристотель Ликейди (Афинанын чет жагындагы гимназиянын аталышы) же перипатетикалык мектепти (грек тилинде – «үстү жабык галерея» ачкан). Б.з.ч.IV-II кк. бул мектеп илимдер академиясынын милдетин аткарган, анткенинин себеби, анда Аристотелдик усул боюнча билимдин бардык тармактарынын үстүнөн систематикалык иштер жүргүзүлгөн. Бир эле мезгилде Ликей афиналык жаштар үчүн жогорку мектеп болуп кызмат кылган. Кийинчерээк перипатетиктер негизинен Аристотелдин эмгектерин талкууга алышып, комментарийлеп турушкан. Дүйнөлүк илимде Аристотелдин окуусу (аристотелизм) XVII-XVIII кк. чейин үстөмдүк кылып келген. Бул мезгилге аристотелизм схоластикалык[4] мүнөзгө ооп баштап, сынга кабылган. Бирок, бүгүнкү күндө дагы көпчүлүк илимдердин тарыхы боюнча кандай гана окуу китеби болбосун Аристотелге шилтеме (ссылка) жасоо менен башталат.

---

[1] **тирания** – залимдик.

[2] **олигархия** – кичине гана бир топ-байлар менен атактуулардын бийлиги.

[3] **охлократия** – сүрмө топ, үйүлгөн, жыйылган топ башкарган бийлик.

[4] **схоластика** – 1. Орто кылымдардагы диний идеалисттик философиялык жалпы аты; 2. Турмуштан жана практикадан таптакыр ажыраган, курулай баш катырмачылык, начетчиктик кылган билим.

Н.И.Вавилов боюнча тандалып алынган

Таблица **“Маданий өсүмдүктөрдүн келип чыккан борборлору.**

Борборлор	Маданий өсүмдүктөрдүн аталышы
Түштүк-Азия	Күрүч, кант тростниги, цитрус сымалдар: лимон, апельсин, мандарин
Чыгыш- Азия	Таруу, гречиха, тамыры жемиштер, алмурут,алма
Борбордук -Америка	Жүгөрү, күн карама, ашкабак, какао
Түштүк-Батыш Азия	Буудай, буурчак өсүмдүктөрү, мөмөлүү бактар, жүзүм,ашкабак түрүндөгүлөр
Жер Орто деңизи	Жашылча жемиштер, тоют болуучу чөптөр, дандар
Эпиопия	Дан эгиндери, кофе, сорго[1], дарбыз
Түштүк - Америка	Картошка, тамеки, арахис

Адамдын калыптанышы байыртадан башталган

Инновациялар. Олимпиадалык оюндар эстен кеткис кароодон өткөрүү, «аткарылган иштер боюнча отчңт берүүлөр» түрдүү мелдештер, күч сынашуулар, анын ичинде тилекке каршы согушуулар болуп турган. Алардын арасында эң универсалдуу формада өткөрүлүп, адамдын кудуретин, мүмкүнчүлүктөрүн ачып көргөзгөн Олимпиадалар болгон. Алар түштүк Грециядагы **Олимпия** шаарында өткөрүлүп турган. Олимпиядалык оюндар өткөрүлүүчү жер Зевстин храмына туташып турган. Күчүнө кирип турган Спарта Элида облусун бейтарап деп жарыялап, аны өзүнүн камкордугуна алган. Олимпиадалардын башталыш датасы **Б.з.ч. 776 ж**. деп аталган, себеби, ошондон баштап жеңүүчүлөрдүн аттары эстелик тактасына жазылып келет.Грецияда андан башка Дельфадагы Пифий оюндары, Коринфтеги Истмий оюндары жана Геракл коркунучтуу арстанды өлтүргөн жерде Немей оюндары өткөрүлүп турган. Олимпиадалар өтө таза, так өткөрүлгөн. Спорттук программада оюндун беш түрү (чуркоо, найза ыргытуу, диска ыргытуу, күрөш жана узакка секирүү), андан башка араба жарыш кошулган. Жеңүүчүлөр өз уруусунун жана мекенинин баатыры болуп даңкталган.

[1] **сорго** – тарууга окшош дан өсүмдүк.

Тарыхый булактарга ишене турган болсок, жүгүргөндөр бир саатта 19 км чуркап өтүшүп, секиргендер 16 м., ал эми күч сынашкандар бир колу менен 144 кг жүктү көтөрүшкөн. Спорттук оюндар менен катар эле «чыгармачыл интеллигенциянын» ат салышуулары өтүп турган. Ошол классикалык доордо драматургия искусствонун, адабияттын, көңүл ачуунун, тарбия берүүнүн негизги түрү, андан башка саясий күрөштүн куралы катары дагы кызмат кылган. Дионистин Афина театры 17 миң, ал эми Аркадийдеги Мегаполь – 50 миң көрүүчүгө ылайыкталып салынган. Авторлордун чыгармаларына баа берген судьялар көрүүчүлөрдүн арасынан жребий менен тандалып алынган.

Олимпиадалардын өткөрүлүү убактысына карап жалпы грециялык убакыт ченеминин киргизилиши өзү эллин элинин, эллиндер тарыхы менен цивилизациясы үчүн алардын башын кошуп, бириктирип турган символ болуп калган. Ошентип, эллин элинин, эллиндер маданиятынын, эллин цивилизациясынын жетишкендиктери ар төрт жылда бир жолу өткөрүлүп турган жалпы грециялык олимпиядалык майрамда көрсөтүлүп турган. Ал олимпиядалык оюндар 394 ж. кызганчаак Христиан императору Феодосий тарабынан күч менен токтотулуп, ошону менен антикалык цивилизация дагы өз жашоосун токтотуп, анын ордуна жаңы орто кылымдык христиан цивилизациясынын доору башталат.Олимпиядалык кыймылдар XIX к. аягынан француз педагогу, барон Пьер де Кубертен тарабынан демилгеленип, кайрадан жанданган. Грецияда 1896 ж. өткөрүлгөн Олимпиадалык оюндарга 12 өлкөнүн өкүлдөрү катышкан.

Инсандар. Геракл. (Геркулес) грек жомокторундагы баатыр, Зевс менен анын аялы Алкмендердин уулу. Анын адамда жок күчү, баамчылдыгы жана акылы болгон. Ымыркай кезинде аны өлтүрүү үчүн жиберилген эки жыланды муунтуп өлтүргөн. Анчалык деле жеткиликтүү акылы жок Эфрисфей падышасына кызмат кылган. Гераклдин 12 баатырдыгы жомокто айтылып калган: ал немей арстанынын терисин алып келет, өтө чоң малкананы (Авгиев атканасын) тазалаган, «Геркулестин түркүгү» деп аталып калган- Гибралтар кысыгын ачкан ж.б. Мектеп окуу китептеринде анын он үчүнчү эрдиги жөнүндө айтылбайт. Белгилүү бир өкүмдардын өтүнүчү менен анын 50 кызынын боюна бүтүп, 51 бала төрөлгөн. Геракл Олимпте аты түбөлүккө сакталгандардын катарына кошулган.

Инсандар. Венера рим мифологиясындагы жаз менен бактардын кудайы, гректердин Афродитасы менен окшоштурулуп, экөөнү бир, сүйүү менен сулуулуктун кудайы катары эсептешкен. Энейдин апасы катары римдиктердин түпкү энеси жана колдоочусу, коргоочусу. Юлий Цезарь өзүнүн уруусу трояндын Энейдин уулу, легендарлуу Юладан таркаган деген

санжыраны айтканы бар. Жомокто айтылган гректердин кудайы Афродита деңиздин көбүгүнөн бүткөн (жаралган). Анда бүт дүйнөнү сүйүү менен балкыткан теңдешсиз күчтүү космостук функция болгон. Афродита Венерадан башка дагы: финикиялык Астарта, Вавилон – ассириялык Иштар, египет сулуусу Исида жана кичи азиялык эне-кудай жана Кибела менен окшоштурулуп келет. Афродитанын күйөөсү колунан көөрү төгүлгөн уста жана кудайлар арасындагы эң (куник) көркөмсүз- Гефест болгон. Афродитанын балдарынын ичинен согуш кудайы Арестен (Марс) төрөлгөн Эрот белгилүү.Анын сүрөтүн тарткандар колуна жаа жана жебе кармаган, адамга сүйүүнүн нурун чачкан канаттуу баланын образын беришкен. Афродитанын дагы бир уулу Герместен төрөлгөн Гермафродит. Анхистен төрөлгөн Афродитанын уулу Эней Троя согушунда Аполлон тарабынан өлүмдөн куткарылга. Афродитаны даңктоодо «алтын», «кооз таажы кийген», «жыргатып ич жылыткан», «көздөрү балбылдаган» деген мүнөздөмөлөр берилген. Антикалык доордон бери карай Венеранын (Афродита) скульптурадан тартып, көптөгөн сүрөттөрү жаралган. Эркек-сүрөткерлер Венера (Афродитанын) образы аркылуу идеалдуу аялзатынын элесин берүү аракетинде болуп келишкен. Азыр идеалдуу деп эсептелген аялзатынын турпатынын чен-өлчөмү 90-60-90 Париждин Лувр музейинде турган Мелостук Венеранын (Б.з.ч. 120 ж.) чен өлчөмдөрүнө туура келбейт.

Таблица **Цивилизациялык өнүгүүнүн Батыштык жана Чыгыштык жолдору**

Турмуш чөйрөлөрү	Байыркы Чыгыш цивилизациялары	Античтик Цивилизация (Байыркы Греция жана Рим)
Экономикада	•Адамдын эркиндигинин жоктугун шарттаган жерге ж.б.материалдык байлыктарга мамлекеттик, коллективдүү, жамааттык менчиктин үстөмдүк кылышы	•Адамдын эркиндигин шарттаган жерге, өндүрүш куралдарына жана өндүрүш каражаттарына болгон жеке менчиктин пайда болушу жана бекемделиши
Саясий чөйрөдө	•Падышачылык бийлик: деспотиялык, жекече, мураска берилүүчү, харизматикалык мүнүзгө ээ •Өлкөнү башкаруу: борбордук, аймактык, жергиликтүү, атка	•Биринчи жолу демократиянын, башкаруунун республикалык түрү, коллективдүү башкаруунун принциптеринин жер пайы курула баштайт •Бийликтин монархиялык,

	минерлерден турган күчтүү мамлекеттик аппараттын жардамы аркылуу жүргүзүлөт. Бийлик кызматына жогортодон төмөн карай дайындалат •Жогорку өкүмдар көп сандуу куралдуу күчтөргө, өзүнүн жеке гвардиясына ж.б. күч түзүмдөрүнө таянат •Көп улуттуу өтө чоң империялар зордук-зомбулукту курал катары тутунушат. Эл аралык мамиледе дипломатияга караганда согуш үстөмдүк кылат	олигархиялык, жеке диктатуралык түрлөрү да кездешет • Бийликтин мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана соттук болуп бөлүнүүсү жарала баштаган • Аскердик түзүлүштүн негизин жалпы аскердик милдет түзөт.Аскердик кызмат өтөө- жарандык милдет болуп эсептелген. • Жарандык коомдун белгиси катары саясий партиялар пайда боло баштаган жана алардын ортосунда бийлик үчүн күрөш башталган • Укуктук мамлекеттин негизи түзүлүп, сот системасына жарандар(присяжный-касам ичкен, адис) тартыла баштайт
Руханий, маданий чөйрөдө	• Бийлик эгелери ыйык катары бааланып, кээде кудайдын жердеги өкүлүнө айланган, дин мамлекеттик – саясий түзүлүштүн түркүгү болуп калган. • Көркөм маданият жогорку бийликтин жана дин кызматкерлеринин кызыкчылыгын коргогон • Коомдук аң-сезим өзүнүн консервативдүүлүгү, патриархалдуулугу жана тагдырга баш ийүүлүгү менен айырмаланган	•Античтик мифология, бутпарастык (көп кудайга ишенген) диндер адамдын жогорку күчтөргө ишенимин жана алар менен тил табышса болоруна ишеним жараткан •Көркөм маданият адамга негизделип, анын физикалык жана руханий жактан бийиктигин, өтө жогорку мүмкүнчүлүктөрүн (кудуретин) ачып көргөзүүгө багытталган • Коомдук аң-сезимге атаандашуу, чыгармачылык, турмушту жакшыртууга болгон умтулуу, тагдырга тике кароо мүнөздүү

II Бөлүм. Дүйнөлүк цивилизациялардын өнүгүүсүнүн феодалдык доору

Израилден Византияга чейин: христиан динининг жаралышы жана таралышы

“Иудаизм атасынын дини, христиан уулунун дини болгон. Картайган кудай, уулу Христостун арт жагына өтүп алды: Уулу Христос алгачкы доордо бардык эле бала каалагандай атасынын ордун ээлеп калды”.

Зигмунд Фрейд.

Христианчылык – I к. Палестинада жаралып, бир нече кылым ичинде Рим империясына жайылган дүйнөдөгү эң чоң дин. Ал иудаизмден өнүгүп чыгып, Эски жана Жаңы осуяттар менен катар эле иудейлердин ыйык жазууларын дагы урматтайт.

Христостун жаңы этикасы

Байыркы иудейлер көчмөн эл болуп, б.з.ч. X к. Израиль жана Иудея мамлекетин түзгөн. Бир нече кылымдарда иудейлердин ыйык жазуусу- Танах жазылып, ал кийинки христиандар үчүн Эски Осуят болуп калган. Эски осуяттын негизги моралдык өзөгү – Кудайды сүйүү эсептелген. Ошондон адамдын Кудайга карата, өз жакындарына жана өзүнө карата этикалык милдеттери келип чыккан. Ошого байланыштуу аныкталган жашоо эрежелери Кудай Муса пайгамбарга (Моисей) насаат кылып тапшырган адам баласынын он парыздарында айтылган.

Христиан дини дагы иудейлерде пайда болуп, анын жаралышы, жолун жолдогондордун ишениминде, жөн гана динге үгүттөөчү жана мессия[1] эле эмес, кудайдын уулу – Иисус Христос тарабынан жүзөгө ашырылган дин. Бул жаңы диндин иудаизмден айырмасы биринчи орунга ишеним менен сүйүү коюлат. Акыл-эс, кудайдан коркуу, күнөөң үчүн жазалоо, адилеттүүлүк, болгондо дагы аңсуз жана кан төгүү аркылуу адилеттүүлүккө жетүү сыяктуу – категориялар, түшүнүктөр, өздөрүнүн алгачкы маанисин жоготкон. Иисус “Өз жакындарыңды сүй” – дейт жана андан ары насаатын улантып, душмандарыңды дагы сүйүүгө чакырат. “Эгерде сени жаакка чапса, сен ага экинчи жаагыңды тосуп бер” – дейт. Адамдарды жамандыкка моюн сунууга, жамандыкка жамандык менен жооп кайтарбоого чакырат .

Бул адамдар ортосунда мамиле карманууудагы жаңы көз караш, этикалык революция болгон десе дагы туура болчудай.

[1] **мессия** (лат., бай.еврей т. - майланган) – 1. Иудаизмде жана христиан дининде - асмандан жерге кудай тарабынан адилеттик орнотуу үчүн жиберилген адам. 2. Кыйыр түрүндө: бир нерседен куткаруучу.

Учкундан жалын тутанат

Христос кайып болуп, көккө учуп кеткенден кийин анын окуусу адегенде еврейлер арасында гана таркап, кийинчерээк башка элдердин арасынан дагы өз тарапкер-лерин таба баштаган. Христиан динин алгачкы таратуучуларынын бири, апостол[1] Павел: “Иудея жок, бутпарастык жок; кул дагы жок, эркин адам дагы жок; эркек, аял деген жок – бир гана Иисус Христоско чын дилден берилгендер гана бар” – деп айткан.

Римдик бийлик алгачкы христиандарды куугунтукка алган. Диний ишеними учун куугунтук эле эмес, кыйноого кабылгандар, ал гана турсун кыйноого алынып өлумгө буюрулгандар, ошентсе дагы өз ишениминен баш тартпаган кашкөйлөр жөнундө көптөгөн маалыматтар сакталуу. Христиан динин I кылымы жана жаны доорду **апостолдор кылымы** деп атап коюшкан, анткени, дал ошол мезгил Христостун он эки апостолдору дин таркаткан учур болгон. Алардын Иоанн Богослов жана Иуда Искариоттон башкаларынын баардыгы кыйноо тартып өлтүрүлгөн.

Акырындап жаңы дин өз формасына келе баштаган: ырым-жырымдары, түшүнүүгө татаал сырлары түзүлүп, ыйыктарды урматтоо күндөрү менен диний майрамдары белгиленген. II к. христиан дини Рим империясын толук өз кучагына алып, Палестинадан Кипрге, Балкан жарым аралынан Кичи Азияга чейин таркаган. Куугунтуктоо азайып, кыйноого алуу, жазалоо мурдагыдай катаал болбой бардык жерде храмдар курулуп, сыйынгандардын катары калыңдаган.

Христиан динин колдоого алган биринчи өкүмдар Рим императору Константин болгон. Ал учурда кырдаал өзгөрүп, христиан дини үстөмдүк кылып, бутпарас дининдегилер куугунтукка алына баштаган. Байыркы кудайларга сыйынууга тыюу салынып, антикалык храмдар кыйратылган. Рим империясынын борбору Константинопол шаарына көчүрүлүп, ал шаарда христиан динин урматына көп сандаган храмдар курула баштаган.

IV к. баш ченинде христиан динин расмий мамлекеттик дин катары жарыялаган алгачкы мамлекет пайда болот. Ал Улуу Армения болгон. Анын артынан Грузия, азыркы Европанын көптөгөн бөлүгүн өзүнө бириктирип турган Рим империясы дагы христиан динин мамлекеттик дин денгээлине көтөргөн. Египет, Сирия жана Палестинада дагы чөлдүү жерлерге кетип, Кудайга сыйынган алгачкы христиан монахтары пайда боло баштаган. Ошентип бир нече кылымдардан кийин дүйнөдөгү эң чоң динге айланып кеткен христиан дини, улам жаны адамдардын жүрөгүнөн түнөк таап турган.

---

[1] **апостол**-1. жомоктогу Ыйса (Иса) пайгамбардын 12 шакиртинин,анын окуусун таратуучулардын бири; 2.кыйыр маани си,кандайдыр бир окуунун,идеянын абдан катуу жактоочусу.

Европа дооорлор айкалышында: согушчан кельттер жана каардуу германдыктар

“Германия – деген жакында эле пайдаланыла баштаган жаңы сөз, ал эми Рейн дарыясын кечип өтүп галлдарды сүрүп чыккандар азыр тунгрлар деген ат менен бизге белгилуу болгон эл”.

Тацит

Качанкы бир мезгилдерде кельттер менен байыркы германдыктар Рим империясынын жүрөгүнүн үшүн алган коркунучтуу согушчан күч болгон. Бирок дал ошолор азыркы европалык элдердин түпкү тамыры экенин унутпашыбыз керек.

Римге кельттер келе жатат

Кельттер аеону билбеген, каардуу жана жаалдуу, жырткычтардай кармашкандыгы менен аты чыккан. Согуштардын алдында душманын коркутуу максатында кулак тундурган кыйкырык салышып, жаныбардын башына окшош керней-сурнайлар менен чуулдатышкан. Кыргын убагында кельттер жоонун башын кесе чаап, ал башты атынын моюнуна илип алган. Жипке катар байланган жоо баштарын уруштан кайтканда ала келип өз үйүнүн эшигине кагып илип койгон.

Түрдүү уруу топторунан турган кельттер[1] Борбордук жана Батыш Европага чачырап жайгашышканы менен, жалпы дин, маданият жана тили боюнча биримдикте болушкан. Алар темир кылымынын биринчи, маанилүү цивилизациясын жаратышкан. Темир эритип, андан эмгек куралдарын, аңчылык жана согуш курал-жарактарын жасашкан. Байыркы кельттердин эң бышык салынган чептери, мүрзөлөрү сакталып калган.

Бул жапайы уруулар цивилизацияга бет алып барганы менен жете алган эмес. Ар бир уруунун башында уруу башчысы туруп, ага **друиддер**[2] менен аскер башчылар жардам берген. Кийинчерээк кызыкчылыктарын коргоп, биргелешкен жортуулдарга чыгуу максатында уруулар федерацияларга бириге баштаган. Адегенде кельт уруулары чакан конуштарда жашап, ал конуштар бара-бара ирилешкен, бирок, толук кандуу

[1] **Кельттер**-индоевропалык уруулар борбордук жана Батыш Европага Түндүк Альпылардан б. з. I миң жылдыгынын биринчи жарымында ооп келген. Галлдар – азыркы Бельгия, Франция, Германия, Түндүк Италияда, Швейцариянын бир бөлүгүндө жашаган кельт урууларынын римдиктерче аталышы, аты. Алар азыркы француздардын түпкү аталары болгон деп эсептелет.

[2] **друиддер** – байыркы кельттердеги кечилдер. Алар каада салттарды башкарып, дарыгерчилик, астроном, акындар дагы болушкан.

шаарларга өсүп жете электе эле кельттерди римдиктер басып алып, баш ийдирген.

Римдиктерге тизе бүккөнгө чейин, кельттер өзүнүн түштүктөгү коңшуларына кан төгүп далай бүлүк салган. Б. з. 390 ж. кельт уруулары жолунда кездешкендердин баарынын күлүн көккө сапырып Римге чейин жетип, аны талап –тоноп алышат. Андан жүз жыл өткөндөң кийин кельт урууларынын бирөө гректердин Дельфасына келип, анда жайгашкан Аполлондун храмын талкалаарда чагылган жаркылдап, жамгыр төккөнүн жаман белги катары кабыл алган кельттер артка кайтышкан деп айтылып калган жомоктордо. Антикалык дүйнө менен кельттердин ортосундагы бет келишүүлөр, алардан антикалыктар жабыркаган учурлар көп эле болгон. Кельттер менен тили, маданияты жана ата-теги жагынан окшоштугу бар **байыркы германдыктар** түндүгүрөөктө – азыркы Германиянын түндүк бөлүгүндө, Дания, Швеция жана Норвегиянын аймактарында жашаган. Римдиктер бул эки элди чаташтыра беришип, акыры аларды айырмалаганды дагы үйрөнүшкөн: германдыктар кельттерге салыштырмалуу бойчол жана саргыл чачтуу келишкен.

Кельттер сыяктуу эле германдар дагы Рим империясынын түндүк аймактарына жортуулдарды жасап, көп учурда ийгилике жетишсе, кээде римдиктердин соккусу сезилээрлик болуп келген. Акыр аягында германдар өздөрү үчүн, римдиктер басып алган кельттер үчүн дагы өч алышкан. V кылымдагы германдардын жортуулу ийгилик менен коштолуп, ички карама-каршылыктарынан алсырай баштаган Рим империясы германдардын соккусуна туруштук бере албай кыйроого дуушар болгон. Римдиктер германдар менен согушуудан кийин алар жөнүндө көркөмдөлгөн эскерүүлөрдү калтырышат. Анда германдар өтө эле коркунучтуу , баш бербеген варварлар[1], кан менен олжо көксөгөн жапайы эл катары мүнөздөлөт. Чын-төгүнүн ажыратуу кыйынчылык жаратуучу мүнөздөмө.

Б. з. I миң жылдыгынын орто ченинде Европада климат муздай баштап, элдердин Улуу көчү жүз бергенде германдар дагы түштүккө Рим империясынын чегин көздөй жылат. Байыркы германдардын уруулары: вестготтор, остготтор, франктар, вандалдар жана башкалар империянын аймагынын бөлүктөрүн басып алып, өз мамлекеттерин түзүп, жергиликтүү калк менен жуурулуша баштаган. Бул азыркы европа мамлекеттеринин калыптануусунун башталышы эле.

[1] **варвар** (гр. чет жердик) 1. Байыркы гректер менен римдиктер үчүн бардык чет жердик, оз маданиятына жат киши-орой, олдоксон, маданиятсыз.
2. кыйыр маниде- ырайымсыз, таш боор.

Түндүктөн сапарга чыккан жаңы күч: викингдердин баскынчылыгы

Викингдер – жүрөк түшүргөн каардуу, ачка жоокерлер- үч кылым Балтика жана Жер орто деңиздеринин айланасында, ошондой эле Атлантика океанынын түндүк жээктеринде жайгашкан өлкөлөрдүн көкөйүнө тийген.

Скандинавиядан чыккан каракчылар

Викингдердин экспанциясынын башталышы, жүрөктүн үшүн алган эң коркунучтуу окуя – Англиянын түндүк жагындагы Линдисфарн аралында жайгашкан ыйык Кутберттин монастырына кол салуу болгон. 793-жылдын июнунда тишине чейин куралданган жоокерлер кемелери менен аралга жете келип, жээкке сүрүлө түшүп, эч кимди камынтпай монастырды талоонго алып, өрттөп, ал эми андагы монахтардын бир бөлүгүн өлтүрүп, калганын кулдукка алып кетишкен. Ошентип, европадагы маданият менен билим берүү борборлорунун бирөө жок кылынган. Бул кол салуу менен талоон европалыктардын эсин эки кылган, ал эми башка өлкөлөрдүн жашоочулары-викингдер алдыдагы үч жүз жыл бою ушунтип талап-тоноп, адамдарды өлтүрө беришээрин угуп, билише турган болсо, андан да жаман сезимге чулганышмак.

Мындай аео сезимин билбеген, таш боор, канкор жоокерлер кимдер, алар кайдан чыга калышкан адамдар? Викингдердин мекени – Скандинавия, VIII к. ал жактын калкы чектен ашып көбөйүп, жер жетишпей бара жаткан. Ал учурда шведдер, норвегиялык жана даниялыктардын мамлекеттеринде жамааттык түзүлүш бузулуп, бирок, феодализм али орной элек мезгил эле. Жергиликтүү ак сөөктөр бийлик менен байлыкты ээлеп күчтөнүшүп, ал эми катардагы жамаат мүчөлөрү эч нерсеге ээ болбой, жашоого керектүү жаңы жерлерди басып алуу, соода жүргүзүү, каракчылык, талоончулук менен байлыкка жетүү максатында жортуулга чыга баштаган.

Викингдердин жолун ачкан дагы бир маанилүү жагдай, бул мезгилге скандинавиялыктар алыскы деңиздерге сапар тартканда коркпой турган эң мыкты кеме курганды үйрөнүшкөн. Алар, суу аркылуу жете турган бардык элдердин – франктар, британдар, ирланддардын, Жерорто деңизинин жашоочуларынын конуш-кыштактарына кол салышкан. Алар деңиз менен эле эмес, кичинекей кайыктар жеткен дарыя бойлорундагы элдерди дагы талап-тоноп, өлтүрүп-кырып турушкан. Мисалы үчүн IX к. алардын кол салуусунан Кельн менен Гамбург дагы өтө жапа чеккен.

Скандинавиядан Канадага чейин

Талап-тоноодон кандайдыр бир деңгээлде капчыгын кампайтып, табитин кандырган викингдер эми конуш таап жайгашуу камын көрө

баштаган. IX к. алар Англиянын жети королдугунун үчөөнү: Нортумбрия, Чыгыш Англия жана Мерсияны басып алган. Бул ийгиликке алар жүздөгөн кемелер менен эсеп жеткис аскерин англосакстын жээктерине түшүрүп жетишкен. Англичандар аларды “бутпарастардын улуу аскери” деп аташкан. Коңшу Уэссекс королдугунун өкүмдары Улуу Альфред өз аймагын сактап калуу максатында варварлар менен тынчтык келишимин түзүүгө барган. Анын мураскорлору күчтүү чыгып викингдер басып алган коңшу үч королдуктун экөөнү бошотууга жетишкен.

X к. акырында оңойлук менен тынчыбаган викингдер Англиянын деңиз жээктерине кайра дагы бир ирет келишип, бул жолу англосактарды тизе бүктүрүшөт: алардын королу же конунгу Улуу Кнуд курамына Дания, Англия жана Норвегия кирген бириккен мамлекетти башкарып турган. Ал өлгөндөн кийин бийлик Англиялыктардын колуна кайтарылып алынат. Андан кийин дагы викингдер Англияны баш ийдирүү үчүн бир нече жолу аракет кылып көрөт, бирок андан майнап чыккан эмес.

IX-X кылымдарда викингдер Ирландияда Дублин шаарын куруп, өз колониясын негиздөөгө жетишкен. Кезек Исландия менен Шотландиянын жээгиндеги аралдарга жеткен. Белгилүү деңиз саякатчысы Сары Эрик Гренландияда биринчи конуш курган. Анын уулу бардык викингдер менен европалыктардан өтүп, Канаданын аймаганда колониясын курган.

XII кылымга Дания, Норвегия жана Швеция туруктуу (стабилдүү) мамлекеттерге айланып, ал эми викингдер болсо Европанын аймактарында отурукташып, жергиликтүү калк менен аралашып, өз алдынча эл болуудан калды.

Жаңы диндин байрагы астында: Мухаммед пайгамбар жана ислам

Ислам дүйнөлүк диндердин ичинен эң жашы, ал VII к. кудай жалгыз экенин элге жеткирген, мусулмандар тарабынан акыркы пайгамбар катары таанылган Мухаммед тарабынан негизделген.

Жабраил периште

Ислам динин негиздеген Мухаммед пайгамбар аравиянын Мекке шаарында жашаган курейшиттер уруусунан чыккан. Курейшиттер Меккенин жашоочуларынын көпчүлүгү сыяктуу эле бир нече кудайга сыйынган бутпарастар болушкан. Мекке VII к. бутпарастардын дагы түрдүү формасына сыйынган уруулар жашаган чоң шаар эле. 40 жашка чейин Мухаммед философиялык ой жүгүртүүгө жакындыгы бар кадимки эле арап көпөсү болгон Ал иудаизм жана христиан диндери менен, алардын кудайдын жалгыз деген концепциясы менен тааныштыгы бар, ошол концепция ага көп жагынан жаккан адам эле. Исламдын ыйык жазууларында (куранда)

айтылгандай Мухаммед 40 жашка чыкканда ага , кудайдын элчиси, Жабраил периште келип, жаңы динге үгүттөөнү буюрат. Бул окуя 610 жылы, исламдын негизделген жылы болуп калган.

Бул жаңы диндин башка белгилүү диндерден, айталык христиан динине кандай аырмасы бар? Ислам – өтө так жана айкын дин, анын ыйык китеби Куран иш жүзүндө жашоонун бардык жагын жөнгө салып турат. Ошол эле учурда христиандардын Жаңы Осуятынан айырмаланып куранда адамдын ынанымы менен моралдык турмушу боюнча насаат айтууга көп деле көңүл бурулбайт. Христиан дини болсо адамга: ырайымдуу болууга, жакындарын сүйүүгө, моралдык буйрукту аткарууга, себеби алар жакшы жана туура экендигине ынандырууга аракет кылат. Ислам болсо: куранда эмне айтылса ошону аткар, анткени ал кудайга жагат деп үйрөтөт. Исламда кудайга такыба ой жүгүртүү жолу менен эмес. конкреттүү аракети, кылган иши менен жагат. ошондуктан, ислам башка диндерге салыштырмалуу жөнөкөй жана түшүнүктүү дин.

Кайрылып келип жеңишке жетишет

Эң негизгиси мусулман адам беш парзды аткаруусу шарт:

1. “Алладан башка кудай жок, Мухаммед анын жердеги өкүлү”- деп бир гана кудай бар экендигин моюндоо;
2. Күнүмдүк турмушта кудайды эстен чыгарбас үчүн күнүнө беш жолу намаз окуу;
3. Рамазан айында отуз күндүк орозо кармоо;
4. Кайыр-садага, зекет берүү;
5. Мекке шаарына ажылыка барып зыярат кылуу.

Бир жолу Мухаммедке дагы Меккени таштап чыгып кетүүгө туура келген. Жабраил периштеден буйрук алгандан кийин Мухаммед жаңы динге эң жакын үй-бүлөсү, досторунун арасында үгүттөй баштайт. Башынан эле ал, бутпарастар динине ишенип, көзү өткөндөрдүн арбагына, даректарга, таштарга, тотемдик жаныбарлар ж. б. ларга сыйынган Мекке коомчулугу каршы чыгарын билген, анкени анын жаңы дини алардын сыйынып келген кудайларын жокко чыгармак. Дал ошондой, өзү күткөндөй эле болду. Мухаммед баштаган анын көп эмес тарапкерлери баштарын куткарып Меккеден Мединага качууга аргасыз болушкан.

Мединада алардын иштери жакшы жылып, жаңы диндин үгүттөө-чүсүнө өтө деле катуу каршылык болбоду. Анын тарапташтары күн санап көбөйүп акыры бул шаардын калкы толук бойдон исламды кабыл алат. Бул шаарда исламды кабыл албаган бир гана иудейлердин жамааты калган, алар менен Мухаммед тынчтык келишимге келип, анда: Мухаммед аларды

кысымга албайт, алар болсо анын душмандарын колдошпойт. Ошондой аракеттердин аркасында Мединада исламчылар жамааты-умма түзүлүп, ал диний мыйзамдар менен жашай баштаган. Мединада өз абалын бекемдеп алып, Мухаммед өз аскерлери менен Меккеге кайтып келип, аны өзүнө баш ийдирип, аны дагы мусулмандардын шаарына айландырган.

Ислам аймагы

Мухаммед өзүн бир кудайга ишенген акыркы пайгамбарымын деп жарыялаган. Ага чейинки Эски жана Жаңы Осуяттарда жазылып калган пайгамбар-лар: Ибраим (Авраам), Ысак (Исаак), Муса (Моисей), Иса (Иисус) болгон.

Мухаммед өлгөндөн кийин умманы башкаруу иши анын халифтеринин колуна өткөн. Алардын биринчиси Абакир (Абу Бакир) исламдык араб мамлекетин түзүүнү аягына чыгарган. Ал башкарган мезгилдин аяк ченинде араптар толук бойдон исламды кабыл алып буткөн. Кийинки эки халиф Омар менен Осмон (Усман) өлкөнүн аймагын бир топ кеңейтип, Палестина, Сирия, Ливия жана Египеттин жерлерин камтыган күчтүү ислам мамлекети пайда болгон.

680-ж. ислам эки агымга бөлүнүп калат: биринчи суннөт агымын колдогондор: халифатты умма жамаатын тандагандар башкарат дешсе, экинчиси шеиттер халифтик кызматты Мухаммед пайгамбардын түз урпактары гана ээлөөгө акылуу деп эсептешкен. Жаңы дин өрт каптагандай өтө тездикте жайылган. Мухаммед өлгөн-дөн кийинки бир нече он жылдыктар ичинде эле ислам дини жайылган аймак Индиядан Африка континентине чейин, Жерорто деңизинен Каспийге чейин, Перс булуңунун жээктеринен Гибралтар кысыгына чейин жеткен.

VI к. араптар Испанияны басып кирип, Европа аймагына өз бийлигин орнотуу аракетин баштайт, бирок, Турдун жанындагы салгылашууда христиандык франктардын аскерлери аларды токтотуп калган. Испания, Португалия, Франция жана Андорра өлкөлөрү жайгашкан Пиреней жарым аралы XV к. мусулмандардан бошотулуп, кайрадан христиандар дүйнөсүнө кошулган. Ислам империясынын күч-кубаты жана борборлоштурулуп уюштурулушу айталык Рим империясына жеткен эмес. Бирок бул мамлекетке бирик-тирилген элдер динден башка тил жагынан дагы биригишкен болучу, анткени намаз, үгүт-насаат иштери бардыгы араб тилинде жүргүзүлүүгө тийиш болгон. Андан башка дагы таянган негиздери менен тыюулары, анын ичинде тамак-ашка байланышкандары дагы бардыгында жалпы бирдей болгон. М: мусулмандар чочконун этин жеп, алкогол ичимдиктерин ичпөө-лөрү керек эле.

Ислам динине күч берген дагы бир жагдай, бул динде, дин ишенимин сатып кетүү эң чоң кечирилгис күнөө, дин үчүн күрөш – бейишке баруучу түз жол. Дин учун ыйык согушта каапырларды өлтүрүү күнөө эмес, ал эми бул динди коргоп өлгөндөр шейит кетишет деп эсептелет.

Ыйык Рим империясы: Евросоюз түзүлгөнгө чейин эле союз болгон.

“Уйкудан ойгонуп, руханий угутубузду, көрөңгөбүздү жана көзүбүздү ача турган мезгил келди. Айбалта ыйык даракка чабылып, христиан динин жок кыла турган душман дүбүрттү бүт дүйнөгө угула баштады”

Император Фридрих II нин бардык христиандык мамлекеттеринин өкүмдарларына кайрылуусунан.

Бүткүл христиандардын башын кошуп, бириктирүү миссиясын өзүнө алган жаңы Рим империясы адегенде 962-жж. ыйык деген аты жок болгон. Ал атты 1254- жылдан алган. Империянын гүлдөгөн мезгили узака созулган эмес, бара-бара борбордук бийлик начарлап, мамлекет аймактарын жогото берген.

Түштүктүктөр жана түндүктүктөр

Ыйык Рим империясын негиздеген король Улуу Оттон I болгон. Анын королдугу, IX к. мурунку курамына Франция, Германия жана Италия кирген – Каролингдердин Империясы аталган европалык мамлекет бөлүнүп кеткенден кийин түзүлгөн. Оттон I ге мурас катары Чыгыш- Франк королдугу (Германия) тийген. Ал мамлекет X к. Европадагы эң кубаттуу өлкөгө айланып, дүйнөдөгү христиан динининн негизги коргоочусу болуп турган.

Өзү башкарган бир нече жыл ичинде Оттон өз королдугунун чегин кеңейтип Венгрияны, Италиянын көпчүлүк бөлүгүн өзүнө бириктирүүгө жетишет. 962-ж. Рим папасы ага императордун таажысын кийгизет. Ошондон тарта Ыйык Рим империясы, бир мезгилдерде антикалык Рим империясы менен бардык франктардын башын кошуп турган ”Улуу Карлдын империясынын ишин улантуучу”- деп жарыяланат. Бирок бул мамлекет жол көрсөткөн мамлекеттердин деңгээлине жете алган эмес, анткени, империянын ички конфликтери анын кедерин кесип турган.

Расмий эмес түрдө империя түндүк жана түштүк болуп экиге бөлүнүп калган. Түндүгүндө император өзү жашагандыктан, бийлик салыштырмалуу туруктуу болгон. Ал эми Альпы тоолорунун түштүк тарабы өз алдынчалыкка көбүрөөк ыктап, моюн толгоп турган. Андан калса бул жакка

Византиялыктар менен араптардын кол салуулары күчөп, алардан империя аймактарын коргоп туруу милдети дагы бар эле. Ал гана турсун тынчыраак деген түндүк бөлүгүндө деле княздар арасында өз ара кол салышуулар орун алып, жарандык согуш оту тутанып турган. Императорду колдогон княздар, анын ордуна өз адамын коюуга кызыккандар менен согушуп жаткан.

Император – падышаларга тең эмес, күчтүү өкүмдар

Императордук наам, империянын башчысын башка монархтарга караганда алдаганча бийик койгон, себеби, ал бардык чиркөө институттарынын үстүнөн дагы бийлөө укугуна ээ болгон. Кудайдын жердеги өкүлү катарында император аббаттарды дагы жеке өзү тандап, алар, өз кезегинде императорго ант беришээр эле. Империя менен императордук бийлик XI к. орто ченинде өкүмдарлык кылган Генрих III нүн тушунда гүлдөгөн, эң жогорку чегине жеткен. Анын мураскерлери бийлик кылган учурдан тарта бийликке карата рим чиркөөсүнүн чабуулу башталат.

Рим папасы Григорий VII императордун бийлигин чектеп, чиркөөнүн бийлигин күчөткөн реформа жүргүзөт. Император реформага каршы чыгып, алардын күрөшү папа тарабынан императорду христиандыктан чыгарып салууга чейин жеткен. Император пападан кечирим суроого барып, ошону менен Ыйык Рим империясынын императорунун кадырына сокку урулган.
Рим империясынын жашоосундагы дагы бир эң күчөгөн мезгил Фридрих I Барбаросстун учуруна туш келген. Ал Германиядагы бийлигин бекемдеп, колдон чыгып кеткен Италиянын облустарын басып алууга аракет кылып, толук болбосо дагы, алардын бир бөлүгүн кайтарып алууга жетишкен. Өзүнүн эң күчкө толуп турган учурунда Ыйык Рим империясы өз бийлиги астында Германияны, Италиянын көпчүлүк бөлүгүн, Чехия, Нидерландияны, Франциянын бир нече аймактарын кармап турган.

Империянын алсыроосу XIII к. башталып, анда 20 жыл бою бийликке татыктуу адам табылбай, 1273ж. гана ошондой адам табылгандай болуп, бирок анын бийлиги андан мурункулардыкындай күчкө ээ болгон эмес. Ошол эле учурда ар бир княздык борбордук бийликтен көз карандылыктан кетип, көбүрөөк өзүнө өзү ээ болгусу келген. XV кылымга Франция империядан чыгып, Италия дагы иш жүзүндө бөлүнүп кетет. Ыйык Рим империясы Европада мурункудай башкы күч боло албай калган. Жыйынтыгында бир гана герман жерлери калып, империя **немистердин улуттук мамлекетине** айланган. Бирок, Ыйык Рим империясы өз жашоосун 1806ж. чейин улантып, Наполеон I нин кысымы астында Франц II өз титулунан баш тартканда гана андай мамлекеттин аты оозго алынбай калган.

Варягдардан Гректерге кеткен жолдо: орус мамлекетинин түзүлүшү жана кеңейиши

“Үч бир тууган өз уруктары менен келишип, эң улуусу Рюрик Новгородго отурду, ортончусу Синеус – Белоозерде, ал эми үчүнчүсү Трувор – Изборскиде башкарып калды. Ошол варягдардын атынан варяг-орус же Рюрик-орус жери деген аталыш калды”.

Повесть временных лет.

IX к. Русь он чакты чыгыш славян урууларынын союзу болгон, ал эми XVII кылымга анын аймагы Сибир менен Ыраакы Чыгышты дагы өзүнө камтыган көз жеткис аймактагы дүйнөлүк саясий күрөш майданында маанилүү орду бар өлкөгө айланган.

Рюриктердин чакырылышы

Орусиянын аймагына славян уруулары V к. көчүп келе баштаган. Алар азыркы Польша турган жактан прибалтика өлкөлөрүнөн өтүп түндүк жагынан Ильмень көлүнөн тарта чыгышында Ока жана Волга дарыялары кесилишкен жердеги аймактарга жайгашкан. VII кылымга: кривичтер, древляндар, вятичтер, поляндар, радимичтер, уличтер, тверликтер ж.б. ондон ашык чыгыш славян уруулары калыптанган.

“Повесть временных лет” эмгегиндеги жазылып калган жомокко караганда Байыркы орус мамлекети **862** жылы славяндар бийлик башына үч бир тууган Рюриктерди – варягдарды чакырганда түзүлгөн. Ошондон бүгүнкү күнгө чейин Рюриктер тарыхта чыныгы жашап өткөн инсандарбы же жомокпу, андан башка “Русь - Орус” деген аталыш кайдан келип чыккандыгы талаш-тартыш жаратып келет. Жогоруда айтылгандай “Повести временных лет” эмгегинде орус деген ат Рюриктерге байланышкан деп айтылат. Чыгыш славяндар жашаган аймактар аркылуу маанилүү “варягдардан гректерге соода жолу” өткөн. Ал жол Балтика деңизинин жээгинен башталып Чыгыш Европа аркылуу жүрүп олтуруп Византияда бүткөн. Бул жол аркылуу соодагерлер Түштүк Европа, Скандинавияга жана Константинополго катташып, жаңыдан түзүлгөн мамлекеттин гүлдөп өсүшүнө жолдун салымы чоң болгон.

Орустардын мойнуна алым салынган

Рюриктин мураскору Олег өлкөнү кеңейтүү аракетин баштап, анын жолун кийинки башкаруучулар көптөгөн кылымдар бою улантып келишкен. Олег өзү бийлеген уруулар союзуна түштүк тарабында жашаган славяндарды кошуп алып, анын борбору кылып Киев шаарын жарыялаган. Тарыхчылардын ою боюнча бул биригүү Байыркы орус мамлекетинин

түзүлүшүн аягына чыгарган. Орус мамлекетин Княз Владимир башкарып турган учурда 988-жылы ал христиан динин кабыл алып, Византия менен маданий жана экономикалык байланыш түзгөн. Айтымга караганда христиан динин кабыл алардан мурда княз Владимир “диндерди кароодон” өткөргөн. Исламдын ага жакпаган жери ал дин мас кылуучу ичимдиктерди ичүүгө тыюу салат, иудаизм дагы негедир ага жакпай, ал эми христиан дини өзүнүн акылман философиясы жана үрп-адатынын көркөмдүгү менен анын көңүлүнө төп келген.

Жаңыдан түзүлгөн мамлекеттин мыйзамдар жыйнагы Орус Правдасы деген аталышта Ярослав Мудрыйдын учурунда XI к. кабыл алынат. Ошондон көп өтпөй өлкө ичинде бөлүнүп – жарылмай жана ич ара кагылышуулар башталат. Ар бир княз бөлүнүп, өз алдынча болууну самап, жыйынтыгында Орусия бир нече княздыкка бөлүнүп, бирок, алардын ар бири борбор эсептелген Киевде бийлик жүргүзүүгө жан талашкан.

Мындай бөлүнүп-жарылуу болбогондо балким Орусия XIII к. башталган монгол-татарлардын баскынына туруштук бере алар беле деген суроо жаралат? Монгол татарлар жолунда кезиккендерди кайсап өткөн өтө коркунучтуу күч болгону маалым. Көптөгөн шаарлар кыйрап, калкынын бир бөлүгү кырылган, ал эми тирүү калгандары алым төлөө үчүн салык салынган. XVI к. аягына чейин созулган монгол-татарлардын эзүүсү башталган.

Иван Грозныйдан Улуу Петрга чейин

XIV к. Орусияда бийликтин жаңы борбору – Москва княздыгы калыптана баштаган. Ал княздык биринчи болуп Алтын Ордого алым төлөөдөн баш тарткан. Өзүнө жаңы жерлерди кошуп алган княздык кеңейип, XVI к. ал жерде расмий таажы кийген **биринчи** орус падышасы – Иван IV Грозный (каардуу Иван) чыккан. Анын учурунда Казан хандыгы менен Астрахан хандыгы каратылып, Сибир хандыгын жана учу-кыйыры жок Сибир аймагын басып алуу жана өздөштүрүү иши башталган. Өлкөнүн аймагы уламдан-улам кеңейтиле берген. Каардуу Иван IV мезгилинде өлкөдө мамлекеттик реформалоо жүргүзүлүп: боярлар дыйкандардын жерлерин өз менчигине алып помещиктерге айланып, аскердик дворяндар сословиеси жана өлкөнүн чегарасын кайтарууга алган стрелецтер войскосу түзүлгөн.

Каардуу Иван IV өлгөндөн кийин орус жеринде тынчы жок мезгил башталып, борбордук бийлик алсырап, Москваны поляктар басып алган. Борбор шаар менен Орусиядан поляктарды Минин менен Пожарский баштаган элдик ополчение кууп чыккан.

Орусия Петр I мезгилинде империяга айланып, ал өкүмдар жүзүн Чыгышка эмес күн Батышты карай бурган. Ал Европага өзү барып, алардагы

түрдүү институттардын түзүлүшү менен жеринде таанышып келгенден кийин Орусияны сабаттуу жана цивилизациялуу өлкөгө айландыруу максатында реформаларды жүргүзгөн. Петр I нин көзгө көрүнгөн иштеринин бирөө – Санкт-Петербург шаарын, өлкөнүн жаңы борборун негиздегени болду. Бул шаар Орусия үчүн Европага ачылган терезе болуп калган.

Жүз жылдык согуш, чума жана крестүүлөрдүн жортуулдары: орто кылымдардагы европалыктардын күнүмдүк жашоосу

“Темир менен элди кырганча, сөз менен согушту токтотуп коюу үчүн кандай эрк, кандай кайрат керек”.

Аврелий Августин

Крестүүлөр согушка аттанганда

Европадагы феодализм Рим империясынын кулашы менен башталып, ошол узака созулган тарыхый мезгилдин баш ченинде **элдердин улуу көчү** деген тарыхый жараяндын аркасы менен көптөгөн элдер калыптанып, мамлекеттер жаңыдан түзүлгөн. Ошол эле учурда дагы бир окуя – **реконкиста** жараяны– христиан дининдеги португалиялыктар, испандар ж.б. элдер арабдар ээлеп алган Пиреней жарым аралын согуш жолу менен кайтарып алуу аракетин көргөн. Орто кылымдардын орто ченинде ири шаарлардын калкы тездик менен өсүп, коомдук түзүлүштө дагы олуттуу өзгөрүүлөр жүз берген. Европада гүлдөө доору орун алып, анын ичинде маданият өскөн.

XI к. аяк ченинде **крестүүлөр жортуулдары** башталган: христиан – рыцарлар Чыгышка, эң алды менен Палестинадагы мусулмандар ээлеп алган Иерусалим баш болгон христиан динин ыйык жайларын бошотуп алуу үчүн сапарга аттанышкан. Жогоруда аталган негизги багыттан башка дагы майда жортуулдар – Испанияда, Осмон империясынын аймагында, ал гана турсун мусулмандар сыяктуу диний жактан душман эсептелген бутпарастар мекендеген Балтика багытын көздөй уюштурулган.

Алгачкы крестүүлөр жортуулу негизинен дыйкандардан куралып жеткиликтүү даярдалбаган биринчи этабы жеңилүүгө дуушар болгон. Анын кийинки жолун улантканлар негизинен норманндык жана француздук рыцарлардан куралган жоокерлеринин жортуулдары ийгиликтер менен коштолгон. Бирок, бардык эле крестүүлөр жортуулу шаңдуу жеңиш менен аяктабаганына карабастан, ар бир тирүү калган рыцар үйүнө чоң олжолуу кайткан. “Крестүүлөр” терминининин пайда болушу – жортуулга даярданган ар

бир рыцар өз кийимине кызыл кездемеден кыркып крест (чырым) тигип алууга милдеттүү болгондон улам келип чыккан.

Европаны кризистер каптаган

Орто кылымдарда Европада негизинен жер бөлүшүүдөн келип чыккан нечендеген согуштар менен куралдуу кагылыштар орун алган. Феодалдык мамилелер үстөмдүк кылып, аскерлер өз вассалдарынан куралган мезгилде согуштар эреже менен жүрүп, ар дайым ар намыс кодексин карманышкан. Бул рыцарлыктын алтын кылымы эле. XIV кылымга жакын жоокерлер аскерий адистерден тандалып, курал-жарактардын жаңы түрлөрү болгондо дагы кубаттуу жана коркунучтуу куралдар (М., замбиректер) пайда болуп, согушуунун ыкмалары өзгөргөн.

Тарыхта аты жазылып калган ошол учурдагы согуштардын эң чоңу – **Жүз жылдык согуш**, Англия менен Франциянын жер талаштан келип чыккан согушу болуп калган. Алардын ар кимисинде туруктуу жана улам алмашып турган өздөрүнүн тарапташтары болгон. Тынымсыз согуш убактылуу тыным менен алмашып, кайрадан баары жаңы күч менен башталып турган. Жыйынтыгында Англия континенттеги өз жерлеринен кол жууган.

Белгилүү болгондой өлүм менен кыргын алып келген согуш коркунучтуу кырсык. Орто кылымдарда андан дагы коркунучтуу, адамдын жүрөк үшүн алган жугуштуу чума – кара ажал каптаган. Бул эң зор эпидемия – ал убактагы айыкпас апаат Европаны XIV к. ортосунда каптап шаарлардын бүтүндөй калкын кырган. Апааттан өлүм тапкандардын саны өтө көп болуп, мисалга кээ бир облустарда, Италиянын борборунда, Англиянын чыгышы менен Норвегияда калктын жарымы кырылып калган. Сицилиялык тарыхчы Микеле де Пьяццанын жазып калтырганы боюнча:

“Үйлөрдөгү өлүктөр жаткан бойдон калып кеткен, бир дагы поп, бир дагы туугану – баласы же атасы өлүктүн үстүнө киргенге даабады: көркоолордун колуна көп акча берип, анан алар өлүктү алып чыгып мүрзөгө көөмп жатышты”.

Эпидемия тыйылды, бирок өлүм ошол бойдон токтоп калган эмес, дагы үч кылым бою “кара ажал” мезгил-мезгили менен Европанын булуң-бурчунан өзүнүн бар экенин эске салып турган. Европа эле эмес чума эпидемиясы Жер орто деңиз жээктери, Араб өлкөлөрү, Орусия ж.б. көптөгөн өлкөлөрдө сан жеткис адамдардын өмүрүн жалмаган. Орто кылымдардагы медицина бул апаатка дабаа таба алган эмес. Ал убакта андан кутулуунун

бир гана жолу: эпидемия жайылган жерден мүмкүн болушунча тез жана алысыраак качуу калган.

Аркага, антикалык доорго кайрылуу: Ренессанстын укмуштуудай мезгили.

“Табигат, б.а. Кудай адамга укмуштуудай керемет, теңдеши жок байлык берген: ал талант, билим алууга, бир нерсени үйрөнүүгө жөндөм, акыл-эс берген ”.

Леон Баттиста Альберти.

XIV к. Европада мезгилдин таң калыштуу агымында сүрөт тартуу, архитектура, скульптурада (бедизчилик) жана адабиятта гениалдуу адамдардын жаралышына өбөлгө түзгөн искусствонун жаңы багыты пайда болгон.

Качан жана эмне үчүн

XV к. башталышында түрктөргө көп жыл багынбай, каршылык көрсөтүп келген Константинополь алардын колуна өткөн. Азыр ал Осмон империясынын борбору Стамбул шаары аталып калган. Бул жердеги византиялыктар кылымдар бою сакталып келген антикалык доордон калган эстеликтер: искусствонун теңдеши жок чыгармалары менен китептерди өздөрү менен алып түрктөрдөн Европаны көздөй кача башташат. Ал эми орто кылымдардагы Европа болсо искусство менен философияга жана жашоонун башка жагдайларына катаал диний көз карашты карманып, бир мезгилдерде жашап өткөн кудуреттүү Байыркы Рим менен Греция жөнүндө эс тутумдары деле калбай калган болучу. Византиялыктар европалыктардын эс тутумун ойготуп, кайрадан көзүн ачкандай иш жасашкан. Бул окуяны **Кайра жаралуунун биринчи** себеби деп атап койсо туура болот.

Ал эми **экинчи себеби** – ал мезгилде орун алган Европадагы стабилдүүлүк менен өнүгүп- өсүү. Европада, өзгөчө Италияда кол өнөрчүлүгү өнүгүп, ошонун аркасында мастерлер менен кол өнөрчүлөр катмары (сословиеси) жаралган көптөгөн өз алдынча жашаган шаар-республикалар пайда болот. Алар, сословиелер өзгөчөлөнүп, башкаларга көп кошулбай жашоо менен мастерликтин сырын сактап, гильдияларды[1] түзүшкөн. Кол өнөрчүлөрдөн башка дагы жаңы – соодагердердин, банкирлердин сословиелери түзүлө баштаган. Булардын баары келип Орто кылымдарда калыптанып калган шатыча (иерархиялык) системасынын бузулушуна алып келген. Адамдар ортосунда жаңы мамилелер дин

[1] **гилдия** (нем.)- кесиптик кызыкчылык менен кошулган бирикме.

калыптана башташы, жаңы доордун келе жаткандыгы жөнүндө кабар болуп эсептелген. Кайра жаралуунун (аны Ренессанс деп дагы атап коюшат) **үчүнчү себеби** – ал убакта чиркөөнүн таасири солгундай баштаган. Мурда бардык коомдук институттар жана демилгелер попторго баш ийип келген. Эми болсо өз алдынча иш баштоого, аракет кылууга жол ачылган. Ири шаарларда искусство менен илимди өнүктүрүү борборлору биринин артынан экинчиси пайда болуп жаткан. Акырында, ренессанстын гүлдөп өнүгүшүнө меценаттардын[1] ролу дагы чоң болгон. Кайра жаралуу башталып жана калыптанган Италияда анын спонсорлору[2] Медичи жана дагы башка атактуу үй-бүлөлөр болгон. Алар таланттуу сүрөтчүлөр менен скульпторлорду, архитекторлорду ар тараптан колдоп, ренессанстын гүлдөп өнүгүшүнө салымдарын кошкон.

Кайра жаралуунун идеалдарынын таасири Россияга чейин жетип, улуу князь Иван III нүн тушунда (XV к. экинчи жарымы) италиялык архитекторлор чакырылып, алар Ренессанстын мазмунуна туура келген бир нече кооз сарайлар (дворец) менен соборлорду курушкан. Алардын арасында – Успенский собору, Грановитая палата жана мунаралары менен кирпичтен курулган жаңы Кремль салынган.

Кайрадан эле Платон

Милан, Мантуе сыяктуу башка жерлерде дагы жаңы стиль жигердүү өнүгүп жатканына карабастан, Ренессанс искусствосунун негизги борборлору Италиянын Флоренция менен Венеция шаарлары болуп калган. Бул шаарлардын бийлик башындагы династиялары колунда байлыгы, жетишерлик жогорку деңгээлдеги билими бар туруп, өздөрүнөн кийин эстеликке эң мыкты чыгармаларды калтырып кеткилери келген. Алар мен деген мастерлер менен архитекторлорго портреттер жана скульптураларга буюртма берип, көз жоосун алган соборлорду салдырган.

Адабият менен философия дагы көңүл сыртында калтырылган эмес. 1462-ж. белгилүү меценат Козимо Медичи византиялык оратордун антика доору боюнча бир нече лекциясын уккандан кийин өз мекенинде Платондун академиясын калыбына келтирүүнү чечкен.

Бул академиянын мүчөлөрү дүйнөнү таанып-билүү жана жашоо жөнүндө ой жүгүртүшүп, лекцияларды окушуп, байыркы гректердей эле достук кырдаалда талкууларды өткөрүшкөн. Ал эң сонун окуу жайда ошол

[1] **меценат** – илимдин жана искусствонун ишмерлеринин колдоочусу

[2] **спонсор** (англ.)- кандайдыр бир иш-чараны акчалай жактан каржылаган адам (уюм, ишкана)

учурдун мен деген мыкты гуманисттери билим алган. Кудайга жакындап, андан ырайым күткөндү максат кылган Орто кылымдык окууларга карма-каршы келген гуманистер адамга карай жүзүн бурган. Гуманисттер акыл-эске, аң сезимге, анын дүйнө таануу кудуретине ишенип, адамдын жашоодогу максатын өз мүмкүнчүлүгүн өстүрүп, акыл топтоо деп түшүнүшкөн. Бул агымдын өкүлдөрүнүн арасында Бокаччо менен Леонардо да Винчи, Монтень менен Рабле, Шекспир менен Сервантестер бар эле.

Ренессанстын таажысындагы үч бермет

“Турмуш өзүнөн өзү эле жыргал же куурал болбойт: өзүңөр гана турмушту жыргал же куурал кылып алышыңар мүмкүн”.

М. де Монтень

Ренессанс доорунун гүлдөгөн мезгили бийик, салтанаттуу **Кайра жаралуу** деген аталышка татыган. Ал убакта искусстводогу жаңы ыкма өзүнүн салтанаттуулугу, кооздугунун жогорку чегине жетип, дүйнө маданиятына нукура, кайталангыс шедеврлерди[1] мурас калтырган. Ошол доордун сыймыгы теңдеши жок үч мастер: Леонардо да Винчи, Микеланджело Буонарроти жана Рафаэль Сантилер болгон. Микеланджелонун кыл калеминен көптөгөн керемет сүрөттөр жаралганынан башка, ал эң алды теңдеши жок скульптор болгон. Анын бул багыттагы чыгармачылыгынын чокусу “Давид” статуясы. Ал чыгармада адамдын дене түзүлүшүнүн идеалы чагылдырылган. Рафаэль Санти өз атын өзү тарткан сүрөттөрүндө өчпөс кылып калтырган. Анын колунан жаралган көп сандагы мадонналар[2], андан башка бардык байыркы грек философтору чагылдырылган көлөмдүү “Афина мектеби” деген аталыштагы сүрөттөрү адамга кайталангыс күчтүү сезим тартуулайт. Кайра жаралуу доорундагы сүрөт искусствосу орто кылымга таандык эмгектерден өтө көп жагынан өзгөчөлөнүп турат. Жаңы доордун сүрөтчүлөрү көлөмдүү композицияларды жаратканды үйрөнүшүп, ал эми алар тарткан сүрөттөр турмуш чындыгына өтө жакын. Дагы бир жаңылык – адамдын жылаңач денесин тартуу. Антикалык доордон кийин биринчи жолу адамдар кийимсиз чагылдырыла баштаган.

Леонардо да Винчи универсалдуу (ар тараптуу) гений, андан дагы ошол укмуштуудай доордун күзгүсү, сыягы ошон үчүн ал “Кайра жаралуунун адамы” аталып калган болуш керек. Бардык жагы төп келген сүрөткер,

[1] **шедевр** – искусстводо үлгүлүү чебер чыгарма.

[2] **Мадонна**-(итал. менин айымым)-католиктердин айтуусундагы Кудайдын энесинин атынын аталышы.

окумуштуу жана философ Леонардо бүт дүйнөгө адам баласынын улуулугу менен күчтүүлүгүн даңазалаган.

“Табигатта бардык нерсе даанышмандык менен ойлонуп жаралган ар ким өз иши менен алек болушу керек. Ушул даанышмандыкта турмуш адилеттүүлүгү катылган”.

Леонардо да Винчи

Кайра жаралуу доору Италияда XIV к. башталган, ал эми кээ бир изилдөөчүлөр анын башталышын XIII к. аягы деп эсептейт. Европанын калган өлкөлөрүндө бул жаңы агым XV – XVI кылымдарда жайылган.

Кудайы жок дин: Буддизмдин салтанаттуу жүрүшү

“Өткөнгө санаа тартып баш оорутпагыла, келечекке баш орутпагыла бүгүнкүгө да баш оорутпагыла. Турмуштун (жашоонун) тээтиги бир алыскы жээгине барып алгандар, акыл эсинен бардык нерсени чыгарып ой санаадан кутулгандар, кайрадан жаралбайт дагы, өлбөйт дагы”.

Будда

Байыркы диний – философиялык окуу болуп эсептелген буддизм, азап тартуу жана акыл ой жактан мүдөөлөрүн жөнгө салуу андан арылуу жөнүндөгү түшүнүктөргө таянат. Буддисттердин максаты- нирванага жетүү же көздүн ачылышы – андай абалга жеткенде дүйнө баштапкы абалында кандай жаралса. ошондой абалда көрүнүп, ар кандай иллюзия жок болот.

Принц Сиддхартха

“Буддизмди түшүнбөй туруп Чыгыштын –Индиянын, Кытайдын, Тибет менен Монголиянын маданиятын түшүнүү мүмкүн эмес”.

Е.А. Торчин

Айтылып калган жомокко караганда жашап өткөнүнө эки жарым миң жылдан ашып калган Сиддхартха Гаутама буддизмдин негиз салуучусу падышанын үй-бүлөсүндө жарыка келген. Атасы өзүнүн болочок мураскерин адам турмушундагы бардык терс көрүнүштөрдөн жана диний ишенимдерден оолак кармаганга аракет кылган. 29 жашка чейин Сиддхартха турмуштун рахатын көрүп, жыргалда жашайт. Отуз ооган курагында ал турмуш чындыгын көрүп деңдароо абалга кептелет. Турмушунда биринчи жолу томаякты көрүп – жокчулук жөнүндө, пес (ала) оорулуну көрүп – оору менен дененин мүчүлүштүгү жөнүндө, адамды акыркы сапарга узаткан тажияны көрүп – өлүм бар экендигин билет. Жашоо, өзү өсүп, чоңойгондой эле

жыргал эмес үрөй учурган коркунучтуу жана азапка толгон дүйнө экен деген жыйынтык чыгарат. Анын дагы бир, акыркы жолугушуусу ага азап чегүүнүн табигатын аныктап билсе боло тургандыгын көрсөтүп, кандай жол менен андан кутулса боло тургандыгына көзү ачылган. Ал жолу Сиддхартха элден безип жалгыз жашаган календер, дербиш менен жолуккан болучу.

Ошондон кийин ал дагы календер болуп жашагысы келди, анткени ал жашоонун чындыгын өз көзү менен көрүп, мурдагы бейкапар, жыргал турмушуна кайткысы келген эмес. Анын эмдиги максаты – нирвана, көзүнүн ачылышына жетип, турмуштун азап-тозогунан, кайра жаралуудан оолак кетүү болгон.

Индияда, **реинкарнация** же адам өлгөндөн кийин анын жанынын башкага көчүп баруусу жөнүндөгү ишеним Буддага чейин узак убакыт мурун эле болгон. Индустардын ишениминде жан өлбөйт, дене өлөт, ошондуктан өлгөн адамдын жаны анын денесин таштап, адеп-ахлактык жүрүм-турумуна жараша башкага көчүп кайрадан төрөлөт. Жакшылык менен жашап өткөн адамдын жаны асылзат, жакшы үй-бүлөгө, ал эми бузуку жана ажаан адамдын жаны – каракчыга, ал гана эмес жаныбарга көчөт. Индияда таралган бардык диний ишенимдердин эң бийик максаты, ушул жандын айланып, биринен-бирине өтүп жүрө бериши жөнүндөгү ишенимден кутулуп, аң-сезимдин жогорку деңгээлине жетүү болгон. Ушул максатты Будда орундатып, кийинки ондогон жылдарын өзүнүн жолун жолдоочуларды окутууга сарптаган. Мына ошентип буддизм окуусунун негизги түптөлгөн.

Будданын окуусу, өзү тарабынан аныкталган төрт формулада[1] берилген: жашоодо жабырлануу, азап чегүү бар: азап чегүүнүн себептери бар; азап чегүү, жабырлануудан кутулса болот; азап чегүүдөн кутулуунун жолу бар.

Будданын окуусун ортоңку жол деп аташат. Будда өзү нирванага жеткенге чейинки жашоосунун бир бөлүгүн жыргалда, экинчи бир бөлүгүн кууралда өткөргөн. Ал экөө тең Сиддхартханы бактылуу кыла алган эмес. Ошондо ал – жыргалын дагы, кууралын дагы четке кагып үчүнчү жолго – кумарлануу сезиминен баш тартууга өткөн.

Индиядан – алыскы өлкөлөрдү карай

Буддизм Индиянын аймагында б.з.ч. VI-V кылымдарда айтылуу билим жана таалим берген окутуучу Будданын көзү барда жаралган. Кийинчерээк бул окуунун ичинде бир нече агым пайда болуп, алардын эң белгилүүсү азыркы күнгө чейин жашап келген – **Тхеравада** мектеби. Бул мектеп буддизмди эң консервативдүү, классикалык түрдө үгүттөп келет. Андан

[1] **формула-** кыска жана так айтылган корутунду.

башка дагы эки белгилүү – **Махаяна** (Чоң араба) жана Хинаяна (Кичине араба) деген агымдары бар.

Биздин заманга чейин буддизм Индия менен Шри Ланканын аймагында, алардын бардык аймактарында таралып келген болсо, Б.з. I к. Кытайга, андан дагы көбүрөөк Орто Азияга тарай баштаган. III к. буддистердин монастырлары Кореяда, 1V- V кк. Япония менен Тибетте пайда болгон. Бул жаңы философиялык окуунун таасиринен Түштүк-Чыгыш Азия өлкөлөрү – Бирма, Тайланд, Вьетнам менен Камбоджа дагы четте калбай, буддалык мектептер ачылып, көз жоосун алган Буддага арналган храмдар салынган, буддизмге байланышкан искусство дагы гүлдөп өнүккөн. Кытайда буддизмдин бир бутагы эсептелген – чань пайда болуп, ошол эле Японияга **дзэн** деген аталышта жайылган.

Башка диндерден буддизмдин айырмасы – анда адам баласын, ааламды жараткан **Кудай жок.** Буддизмди жараткан Будда кудай деп эсептелбейт. Ошондуктан, көбүнчө буддизмди диний окуу деп айтышпай, философиялык агым катары кабылдашат. Биддизмде бирдиктүү уюм, окуусунда бирдиктүү канон[1] жок. Ошого байланыштуу анын ар бир бутагы же агымы буддизмди өз алдынча, өз билгениндей үгүттөй алат.

Жолундагынын баарын тып-тыйпыл кылган монголдор жана Чынгызхан

“Чөөлөрдүн арасында биринчи болгуча, карышкырлардын ичинен акыркысы болгон артык”

Чынгызхан.

Болуп-толуп турган мезгилинде Монгол империясы, дүйнө тарыхындагы эң чоң мамлекет болуп кала берди. Анын чегарасы Түштүк-Чыгыш Азия менен Новгородду, Дунай менен Япон деңизин чапчып турган. Мамлекеттин жалпы аянты 38 миллион чакырымга созулуп, калкынын саны 100 миллион адамга жеткен.

Жаа менен куралданган атчандар

“Ар бир: өз үйүн жеткиликтүү деңгээлде кармай алган, өз ээлигин жеткиликтүү тартипте кармай алган, он адамды талапка жооп бергендей даярдап жоого каршы алып чыга алган монгол – ага ишенип миң же түмөн

[1] **канон** – эреже, негизги принцип, үлгү.

(10 000)жоокерди тапшырууга татыйт; ал ошончо жоокерди дагы жоого каршы баштап кире алат”.

Чынгызхан.

Көптөгөн элдерди багындырып, көз жеткис аймактарды өзүнүн жаалдуулугу жана ырайымсыздыгы менен багынтып дүйнөгө атагы чыккан монголдор, азыркы урпактары жашаган Монголиянын аймагын мекендеп келишкен. Монголдор чачкын көчмөн урууларга бөлүнүп, негизинен жылкы кармашкан, ошондуктан ат үстүндө чабендес болуп чоңоюшкан. Монголдордун уруулук түзүлүшү көптөгөн көчмөн элдер сыяктуу эле тутумда: урук-уруу-уруулар бирикмеси болгон. Ар бир монгол баласы учтуу жебеси бар жаа тартканды мыкты өздөштүргөн чебер жоокер болгон.

Чачкын монгол урууларынын башын кошуп, бирдиктүү эл, аскер түзүү ишин аскербашчы кийинчерээк Чынгызхан аталган (“деңиздей чексиз аймактын өкүмдары”) Темужин өз колуна алган. Чынгызхан талашсыз эң зор кол башчылык (полководец) талантка ээ болгондуктан, өтө катаал тартипке баш ийген, алыс аралыкка узак мезгил жортуулга чыгып, анан дагы жоокердик кайратынан жанбаган эң күчтүү аскер түзө алган.

Улуу кол башчы буйрукту узак аралыкка ыкчам жеткирүүгө жөндөмдүү почта кызматын түзүп, империянын ар бир эркек адамын согушууга милдеттендирген мыйзам чыгарган. Кызмат тепкичинде жогорулоо жана ак кызматы үчүн сыйлык, наамдарды алуу дагы жоокердин жекече баатырдыгына карата чечилип турган. Сыягы ошондуктан узак убакыт бою монгол аскери күчтүү жана жеңилбес болуп келген.

Өзүнүн баскынчылык жортуулун 1211-жылы Чынгызхан коңшу Кытайдан баштаган. Адегенде кытайдын түндүгүндө жайгашкан чакан мамлекет Си Ся ны басып алып, андан кийин салыштырмалуу кубаттуу деп эсептелген Цзинь империясына чабуулга өтөт. Ички ыйкы-тыйкыдан алсыраган Цзинь империясы баш ийип берет.

Ошол монголдор менен кытайлардын согушунун алдында Кытайда жашы улгайган император каза болуп, ордуна жаңысы келет. Чынгызхан салт болуп келген кытай императоруна урмат көргөзүп жүгүнүүдөн баш тартып: “Дүйнөнүн туткасы, борбору болуп келген өлкөнүн императору болууга теңирдин амири буюрган адам татыктуу деп ойлойм. Бул император ортозаар жана тартынчаак неме көрүнөт, ушундай адамга кантип жүгүнүүгө дитиң барат”-деген экен.

Кытай империясы баш ийгенден кийин эле сан жетпеген монгол аскери Орто Азиядагы мусулмандардын өтө чоң Хорезмшах мамлекетине жортуулга чыккан. Талаалар менен жол жүрүп анын чегарасына келип күчүн топтогон

монголдор Хорезмшахтын гүлдөгөн шаарларына өрттөй каптап кирип, аларды жер үстүнөн жексен кылган.

Монголдор ким өз эрки менен баш ийип, жеңилип бербегендерге карата ушундай аңсуз мамиле карманышкан. Ондогон шаарлар талкаланып жок болгон, жашоочулары аялдар менен балдары кошо кырылган. А эгерде өз эрки менен баш ийип, алар тарапка өтүп, алардын катарында согушуп, төлөм төлөп бергендердин жаны аман калган.

Өтө эле зор империя

Чынгызхан кытай компаниясында 1227-жылы эле каза болуп, бийлик анын балдарынын колуна өтөт. Алар азыркы Казакстан, Кыргызстандын аймактарын ээлеген түрк элдерин баш ийдирип, Арменияны, Азербайджан менен Грузияны басып алып, Орус жерине да басып кирет. 1236 ж. монголдордун алдыдагы колдору Волга боюна жетип, бир жылдан кийин Рязань, Коломна, Москва, Владимирди караткан. 1240 жылга Орустарды толук өзүнө баш ийдирип, монголдор андан ары Венгрия менен Польшага бет алган. Ал ортодо империя кеңейгенден-кеңейип, бир жерден башкарууга мүмкүн болбой, бөлөк-бөлөк хандыктарга бөлүнүү башталат. Бир хандыгы (Юань сулалеси) Кытайда, экинчиси Кыргызстан, Казакстан, Өзбекистан жана Туркменистанда, үчүнчүсү – Алтын Ордо аймагы – Монголиядан Кавказ, Орусия, Украинага чейин созулуп, жалпысынан Чынгысхан жана анын урпактары 20жылга созулган жортуулдарда 720га жакын уруу бирикмелерин, элдерди баш ийдирип, Тынч океандан Карпат тоолоруна чейинки аймакка көз жетпеген зор империя түзгөн.

XIV к. түрк-монголдордон чыккан кол башчы Темирлан (Амир Темир) мурунку чегинде жана кадыр-каадасы менен Монгол империясын калыбына келтирүү аракетин көрүп, Борбордук Азия хандыктарын баш коштуруп, ага Персия менен Месопотамияны бириктирген. Бирок, анын Кытайга жортуулу ордунан чыкпай калып, көзү өткөндөн кийин ал түзгөн империя кайрадан чачырап кеткен.

Улуу географиялык ачылыштардын доору: Колумб Американы ачканда

“Көз жаздымынан жээкти жоготуп алам деген адам эч качан мухитти(океан) кечип өтө албайт ”.

Христофор Колумб

XV- XVII эки кылым ичинде европалыктар өтө көп сандагы географиялык ачылыштарды жасаган. Деңизде сүзүүчүлөр Африка менен

Азияга жол салып, эгебейсиз чоң эки континентти – Түндүк жана Түштүк Американы ачышкан. Андан башка, Сибир менен Арктиканы өздөштүрүү, Австралия менен Жаңы Зеландияны жана көптөгөн географиялык ачылыштар дагы ошол доорго туура келет

Алтын менен татымалдарды издеп

Деңиз саякатчылары узака созулган деңиз сапарына жөн гана жаңы эл, жерлерди же укмуштуу окуяларды өз көзү менен көрүп калуу үчүн чыгышкан эмес. Европалыктар үчүн мындай сапарлардын турмуштук зарылчылыгы – жаңы соода жолдорун ачып, соода өнөктөштөрдү таап, алар менен эки тарапка тең пайда алып келе турган товар алмашууну жолго коюу кызыкчылыгы болгон. XV к. башталышында Азия менен Европаны байланыштырып турган кургак жолдор түрктордүн көзөмөлүнө өткөн. Ал эми Жакынкы Чыгыш менен Азияны байланыштыруучу деңиз жолдору башка мусулман өлкөлөрүнүн колунда болгон. Ошентип, европа өлкөлөрүнүн ахвалы бир топ оорчулука тушуккан. Алардын ичинен бир гана Венеция чыгыштан келген товарларды: татымалдар, жыпар жыттуу заттар, кездемелер ж.б.у.с. менен соода жүргүзүнүү монополиялап алган эле. Ошондон түшкөн сан жеткис пайда башка европалык соодагерлердин түн уйкусун бузуп турган. Дал ошол европалыктар Индиянын кен байлыктарына жетүүнүн айланма деңиз жолдорун издеп жандары тынч албаган учур болгон.

Деңиз саякаттарынын ийгилик менен аяктоосунун кепили ошол мезгилдердеги негизги деп эсептелгендерден техникалык жетишкендиктер болгондугу талашсыз. Эң алды менен көп жерди ээлебеген, чакан, бирок, ошол эле учурда сапарды душмандардан коопсуз кылган кубаттуу атуучу курал, мурдагыларга караганда бир топ эле так көрсөткөн навигациялык приборлор менен географиялык карталар колго тийген. Алардын баарынан ашып түшкөнү жаңы парустуу кемелер, жеңил, ошол эле учурда маневрдүү келип, үстүнө көп жүк батырган каравеллалар[1] пайда болгон.

Адам баласына, өзгөчө европалыктарга белгисиз жерлерди алгачкы ачкандар португалиялыктар болгон. Алар ошол учурда эч бир изилденбеген Африка континентинин батыш жээктерине сапар алышкан. Европалыктар анын Түндүк бөлүгүн гана билишкен. Португалиянын королунун планында Африканын түштүгүндө жайгашкан жомоктогу бай өлкөлөр менен соода жүргүзүү жана Индияга жеткирүүчү жаңы деңиз жолун ачуу бар эле. 1445 ж. Португалиялык кемелер ысык континенттин эң батыш жээгине жетип, азыркы Сьерра-Леоне мамлекетинин аймагында жашаган уруулар менен

[1] **каравелла** – бир палубалуу, бийик борттуу маңдайкы жана арткы бөлүгүндө курулмалары бар парустуу деңиз кемеси

соода байланышын түзүшөт: ал жерден кулдарды, алтын менен түрдүү татымалдарды ташып кетишет. Африканы түштүгүнөн айланып өтүп, Индия жетүү насиби Португалиялыктарга XV к. аяк ченинде гана буюрган.

Индияга жетем деп Америкага барып алган

Ошол мезгилдеги экспедициялардын эң атактуусу генуялык Христофор Колумбдун саякаты болгон. Ал ачылыштын өлчөмү (масштаб) адегенде анчалык деле бааланган эмес. Көптөгөн саякатчылардай эле ал дагы Индияга барууга камданат. Түрдүү булактардан чогулткан маалыматтар боюнча Индияга жол Атлантика океаны аркылуу батыш жолу менен жетмек. Колумб бул тобокелчилиги бар экспедицияга каражат табуу үчүн бир нече жыл өкүмдарлар менен меценаттардын эшигин жыртып жүрүп, акыры тилегине жеткен. Айтылып жүргөн жомокко караганда аны колдоого макул болгон Испания королевасы Изабелла: “Мен кымбат баалуу буюмдарымды да күрөөгө коюуга даярмын!” деп айткан экен.

1492ж. 12-октябрда Колумбдун алгачкы келип түшкөн жери Багам аралдарынын архипелагындагы Гуанахани аралы болгон. Колумб ал аралга Сан-Сальвадор деген ат берген. Мындан миң жыл илгери викингдер келгенден кийинки америка жергесин буту баскан алгачкы адам Х.Колумб болуп калган. Ал өзү Индияга келдим деп эле ойлоп, жергиликтүү элди “индеецтер” деп атаган. Бул аталыш ката айтылган болгонуна карабастан бүгүнкүгө чейин сакталып калган.

Колумбдан кийин Американы өздөштүрүү тез ыргак менен жүргөн. Анын артынан көп сандуу экспедициялар уюштурулуп, азыркы Канада, Перу, Мексика ж.б. аймактары изилденген. XIII-XVII кк. Италия,Испания, Португалия өлкөлөрүндө пайдаланылып, Жер ортолук деңизиндеги өлкөлөрдө соода жүргүзүү үчүн кеңири тараган. Мындай каравеллалар кеме менен 1492ж. Кристофор Колумб Атлантика океаны аркылуу сүзүп өткөн жана Португалиялык саякатчы Васко да Гама 1497-98 жж. Европадан Индияга саякат жасаган, ал эми Фернандо Магеллан 1519-1522-жылдары жер шаарын айланып чыккан.

Испандыктар менен португалдактар Түштүк Америка, эң алгач Мексиканы өздөштүрө башташкан болсо, англичандар менен француздардын көңүлүн Түндүк тарабы өзүнө бурган. Жыйынтыгында француздар азыркы Канаданын, ал эми англичандар АКШнын аймагын колонизациялаган. 1522 ж. биринчи жер шарын айланып чыккан экспедиция аякталып, аны Магелландын жетикчилигиндеги испандыктар ишке ашырган. Бул экспедиция адам баласына ошол учурда деңиздер менен океандар жөнүндө жана дүйнө түзүлүшү боюнча баа жеткис маалыматтарды берген. 1605

ж. дагы бир деңиз саякатчысынын жаңылыш ачылышы болгон. Голландиялык Виллем Янсзон Австралиянын жээгине, Аристотелден бери карай жомоктордо айтылып келген, европалыктарга бейтааныш континентке келип түшкөн. Бирок, бул ачылышка Янсзон өзү анчалык маани берген эмес, себеби, ал Жаңы Гвинеяга келдим деп ойлогон.

XVI к. баш ченинде португалиялык соодагерлер европалыктардын ичинен биринчи болуп күн чыгыштын өлкөсү Япония менен соода байланышын түзүшкөн. Алар ок атуучу куралын сынап көргөзүп япондуктардын оозун ачырган.

Чиркөөдөгү өзгөрүүлөр: Европадагы реформация

“Биз диний такыбалыкты, адилеттүүлүктү кудайга ишенүүнүн арты менен алаарыбызды, ошол биздин ишеним үчүн ырайымдуу кудай күнөөлөрүбүздү кечире тургандыгын түшүндүм”.

Мартин Лютер.

Экономикалык көз караштан алып караганда **Реформация** эски феодалдык түзүлүш, анын иерархиялык түзүлүшү менен чиркөө бийлигине баш ийгиси келбеген жаңыдан телчиге баштаган капитализмдин ортосундагы күрөш болгон.

Мартин Лютердин жаман жоруктары

31 октябрь 1517 ж.дин илимдеринин доктору Мартин Лютер Виттенберг шаарындагы собордун эшигине “95 тезистер” деген документ илип койгон. Так ошондой эле кагазды епископ[1] менен архиепископко[2] дагы жөнөтөт. Ошол документ **Реформациянын** башталышы болуп калган. Ал тезистерде эмнелер камтылган эле? Анда биринчи кезекте **индульгенциялардын**[3] (күнөөсүн кечирүү) сатылышына, чиркөөдөгү коррупцияга жана чыныгы ишеним менен күнөөсүн мойнуна алып, тобо кылуу жөрөлгөлөрү диний ырым- жырымдар менен алмаштырылгандыгына каршы чыгып, сын айтылган. Лютер Рим папасынын өзү билгениндей күнөөсүн кечирүү укугунан пайдаланган чексиз бийлигине каршы чыккан.

Чиркөө мындай кылыгын кечире албай Лютерди сотко чакырат, ал эми сотто анын иши талкууга айланып кеткен. Коомчулуктун алдына чыккан Лютер өзүнүн айткан сөздөрүн кайталап, бышыктап берген. Өзгөчө папанын өзүнүн актыгына жана адилеттигинен күмөн санай тургандыгын билдирет.

---

[1] **епископ** – христиан попторунун чоңу, башчысы.

[2] **Архиепископ**-хрестиан чиркөөсүндөгү диний наам. Епископ менен митрополиттин ортосундагы улуу епископ наамы.

[3] **индульгенция** – “күнөөнүн кечирилгендиги” тууралуу Рим папасынын атынан сатыла турган грамота; бул чиркөөнүн таасирин чыңдоо жана динге ишенүүчүлөрдөн акча өндүрүп алуу үчүн иштелген алдоонун бир түрү.

Бул сөзү үчүн папа ал кудайдын каарына калды деп, динден чыгарылгандыгы боюнча булла (документ) жөнөтөт. Лютер анда да коркпой-этпей ал булланы элдин көзүнчө өрттөп жиберген.

Лютердин ошондой жоругунан кийин император Карл V аны Ворм **рейхстагына**[1] чакырып, ал жерде дагы Мартин Лютер папанын өкүмзордугуна каршы күрөшүүгө чакырат: “Мен папанын дагы, соборлордун дагы кадыр-баркын сыйлагым келбейт, себеби, алар бири-бирине карама-каршы аракет кылышат. Менин ыйманым Кудайдын сөзүндө – мен ошол ойдо калам жана ал оюмдан кайтпайм”- деген. Император аны бошотуп, кийинчерээк **еретик**[2] катары соттоп жиберген. Мартин Лютер бир нече жыл из жашырып бекинүүгө мажбур болот, бирок, убакытты текке кетирбей ошол жылдары Библияны немис тилине которот. Ал өмүрүн акырына чейин немис элин чиркөөнү жаңылоого үндөп, эл анын чакырыгын кабыл алган.

Германиядагы жаңы дин

Лютердин көз карашы Европада өтө тездик менен тарап кеткен, анткени ал идеяларды кабыл алууга эл даяр болуп калган болучу. Немис динаятчысынын христиан дининин алгачкы мезгилдердеги абалына кайтып келүү, Ыйык жазууга гана ишенип, кийинки жазылган тексттерди четке кагуу чакырыктары өзүнүн көптөгөн тарапташтарына жаккан.

“Монахтар менен динаятчылардын эмгеги канчалык оор жана ыйык болбосун, кудайдын алдында талаада иштеген дыйкандын, же үй тиргилигиндеги аял кишинин эмгегинен эч нерсеси менен өзгөчөлөнбөйт”

Мартин Лютер.

Ал эми католик чиркөөсү менен Ыйык Рим империясы Мартинди душман көрүшкөн. Мартин Лютердин “Тезистерин” колдоо иретинде Германия жана башка өлкөлөрдө дыйкандар көтөрүлүшүнүн толкуну башталат. Ал дыйкандардын көтөрүлүштөрүн кээ бир колунда бар адамдар, анын ичинде бир нече немис облустарынын принцтери дагы колдоп чыгышат. 1531ж. **протестанттык** мамлекеттердин Лигасы же башында Саксония менен Гессен турган Шмалькальден союзу түзүлгөн.

Мартин Лютер каза болгондон (1483-1546 жж.) кийин Германиядагы протестанттар кыймылы олуттуу кризиске учурайт. Карл V протестанттар лигасынын аскерин талкалап, жаңы агымдын күйөрмандарынын жок дегенде бир бөлүгүн кайрадан католик чиркөөсүнө буруу боюнча токтом чыгарган. Анын бул аракетинен майнап чыккан эмес. Ал учурда протестантизм

[1] **рейхстаг** – Германиянын 1945 ж. чейинки парламенти.
[2] **еретик** – үстөмдүк кылып турган динге каршы чыккан адам.

тамырын терең жайып, калктын түрдүү катмарына өзүнүн жөнөкөйлүгү жана кекирейбеген, кесири жоктугу менен жагып, адамдар ыгы жок кооздолгон жана салтанатты жакшы көргөн католицизмге кайра кайткылары келген эмес.

Католиктердин каршы аракеттери

Европанын башка өлкөлөрүндө **реформация** өзгөчө, өздөрүнө мүнөздүү түрдө өткөн. Алсак, Францияда кыймылды Жан Кальвин жетектеп, ал тарапташтарын христиан динин баштапкы түзүлүшүнө кайтууга чакырган (азыркы ислам фундаментализми сыяктуу). Анын жолун жолдогондор **кальвинисттер же гугеноттор** деп аталган. XVI к. орто ченинен катарында көп сандаган дворяндар болгон гугеноттор менен католиктер ортосунда күрөш башталат. Ондогон жылдар бою куралдуу кагылыштар орун алып, жыйынтыгында католик өлкөсүндө гугенотторду диний азчылык катары тааныган келишимге келишкен. Болгондо дагы алардын динди таануу эркиндиги кепилденген.

Англияда болсо реформация “үстүртөдөн” демилгеленип: Генрих III жана анын мураскерлери папанын бийлигинен бошонуп, өз өлкөсүндө протестантизмдин бир түрү – **англикан** динине өтүшкөн. Протестантизмдин түрдүүчө агымдары Швейцарияда, Швецияда, Финляндияда, Данияда, Норвегияда, Нидерландияда жана европанын башка өлкөлөрүндө түрдүүчө жайылган. Реформация доорундагы диний кыймылдар:

- Лютеранство
- Кальвинизм
- Цвинглианство
- Англиканство
- Анабаптизм

Католик чиркөөсү колунан алдырып койгон абалын кайрып алуу багытында көптөгөн аракеттерди көргөн. Ал максатын жарым-жартылай гана орундата алган.

Контрреформация кыймылынын алкагында ички реформалар жүргүзүлүп, жаңы **ордендер**[1] (иезуиттер, капуциндер ж.б.) түзүлүп, алар түрдүү өлкөлөрдө католицизм динине үгүт жүргүзгөн. Контрреформациянын жыйынтыгында католик дини Испания менен Италияда, Германиянын түштүгүндө, Франциянын, Швейцариянын, Ирландиянын жана Польшанын көпчүлүк бөлүктөрүндө сакталып калган.

[1] **Орден** – орто кылымдарда Батыш Европадагы монахтар же рыцарлардын уюму

Нидерландиядагы жана Англиядагы буржуазиялык революциялар (1566-1609, 1640-1660 жж.).

Европалык цивилизациялардын өнүгүүсүнүн феодалдык доору

Христиан дининин башаты

Инсандар. Иисус Христос- Христиан динин негиздөөчү. Кудайдын баласы, ыйык үчилтиктеги экинчиси. Иисус Христос Палестинанын Вифлеем шаарында Рим негизделгенден[1] эсептегенде 754 ж. жарык дүйнөгө келген. Архангел[2] Гавриилдин буйругу менен Иисус («куткаруучу») деп аталган. Ал эми Христос деген «майланган» (кудай тарабынан майланган) дегенди түшүндүрөт.

Отуз жашка келгенде Иоанн Предтечи[3] аны Иордан дарыясында чокундурган. Коомго кызмат кылууну Иисус Христос чөлдө кырк күн бою орозо тутуу жана өзүнө 12 шакирттерди тандоо менен баштаган. Алар эл аралап Кудайдын башкаруусу башталгандыгын жарыя кылып, элди Иисус Христостун айткандарына ынанууга үгүттөшкөн. Анын коомго кызмат кылуусу 3 жылга созулган. Үгүт-насааттарына иудей коом башчылары каршы чыгышып Христосту « пайгамбар кейпин кийген жалганчы» аташат. Анын шакирттеринин бири Иуда Искариот 30 күмүш акча алып Иисуска чыккынчылыкка барган. Герасиман багында жашыруун жолугушуу учурунда Христос колго түшүрүлөт. Римдик сот (Понтий Пилат) Иисус Христосту крестке[4] керип өлтүрүү өкүмүн чыгарып, ал өкүм Иерусалим шаарынын сыртындагы Голгоф тоосунда аткарылган. Сөөгү кресттен алынып таштан жасалган табытка салынат, бирок динде айтылгандай 3 күндөн кийин тирилип кеткен. Тирилген Иисус өз окуучуларына (шакирттери) бир нече ирет келет. 40-күнү шакирттеринин көзүнчө асманга кайым болгон деп айтылат. Христиан динин тутунган өлкөлөрдүн маданиятында Иисус Христос эң көрүнүктүү фигура болуп келе жатат.

Византия цивилизациясы

Инсандар. Улуу Константин I 285-337 жж. жашаган, Император Диоклетиан бийлик кылуудан баш тарткандан кийин 306 ж. Рим императору болуп калган. 324-330 жылдары ал байыркы гректердин шаары Византийдин курулушун бүтүргөн. 330-ж. Константин Византий шаарын Рим

---

[1] Рим б.з. 753 ж. негизделген болсо Христос Б.з. 1-к. туулган болуп эсептелет. Болжолдуу Римдин негизделген убагы б.з.ч. 753 -жылдын 21-апрели болуп калат.

[2] **Архангел**-христиан жомокторундагы канаттуу наристе түрүндө сыпатталган, Кудай тарабынан адамдарды жамандыктан сактоо үчүн асмандан жөнөтүлгөн периште.

[3] **Предтечи**- предшественник – кийинки ишке үлгү болуп негизин даярдоочу киши.

[4] **Крест** – бир-бирине каршы –терши айкалышып жаткан сызык же тилке сыяктуу фигура.

империясынын расмий борбору деп жарыялап Рим шаарынан чыгып кеткен. Византий шаары Константинополь б.а. Константиндин шаары деп атын өзгөрткөн. 334 жылдан Константин Рим империясын жалгыз башкарып, бир нече реформалар менен токтомдорду жүзөгө ашырып, калктын көпчүлүк бөлүгүнүн көз карандылыгын күчөткөн. Товарлардын өздүк наркынын 10% шаар казынасына түшүрүлүп, курулушка сарпталып турган. Кооз, көздүн жоосун алган имараттарга, шаардын коргондоруна, жабык колоннадалар менен суу түтүктөрүнүн курулушуна 60миң алтын фунт акча коротулган.

Өзүнө шаан-шөкөттүү падыша сарайын кармаган. Кесиптик аскер түзгөн. Алтын күндүн элеси чагылдырылган тыйын көз жеткис аймактарда колдонууда болгон. Константиндин бийлиги учурунда христиан дини мамлекеттик дин болуп жарыяланган. 313 жылда чыгарылган Милан Эдикти[1] менен Константин динге ишенүү эркиндигин жарыялап, иш жүзүндө христиан динин куугунтуктоого чек койгон. Чиркөөнүн бардык мүлктөрү өзүнө кайтарылган. 325 ж. Улуу Константин Биринчи Дүйнөлүк Никей соборун чакырып, анда Ишеним Символу кабыл алынып, ариандардын ереси[2] сынга алынган. Император Кудайдын жердеги өкүлү катары жарыяланат. Константин өзү өлүм төшөгүндө чокундурулуп Константинополдогу Апостол чиркөөсүнө коюлган.

Инновациялар. Юстиниандын кодекстери. Юстиниан I нин императордук башкаруу учурунда 528-533 жылдары түзүлгөн жарандык укуктардын Жыйнагы эң зор окуя болуп калган. Юстиниандардын кодекси (4652 императордук указдар кодификацияланып[3], юристтердин мыкты эмгектерине обзор түзүлгөн ж.б.у.с.), рим укугунун жетишкендиктерин жалпылап, бардык европа өлкөлөрүндөгү юриспруденциянын андан кийинки өнүгүүсү үчүн стартык аянтча болуп калган. Византиялык укук таануучулардын эмгектеринде табигый укук теориясы биринчи жолу юридикалык жактан таанылган. Ал теорияга ылайык бардык адамдар төрөлгөндөн тең укуктуу жана кулчулук адам баласынын табигатына карам-каршы келет. Маселенин ушундай өңүттөн коюлушу гуманизм концепциясынын башаты болуп кызмат кылуусун аңдап билүү кыйынга турбайт. Ошол окуя батыш цивилизациясынын калыптанышынын башталуу этабындагы «прометейдин оту» болуп, адамга өзүнө ишеним жараткан, чыгармачылыкка жетелеген.

---

[1] **эдикт** – жогорку бийликтин жардыгы, указы.

[2] **ересь** – үстөмдүк кылып турган динге каршы келген диний окуу.

[3] **кодификация** – кандайдыр бир убакыттын ичинде басылып чыккан, колдонулуп турган законду бир системага келтирүү; өлкөнүн закондорун укуктун айрым тармактары боюнча системага келтирүү жана бириктирүү.

Таблица **Византия цивилизациясы**

Адам жана табият	Адам менен адам	Адам дүйнөсү
• Ромейлер антикалык дыйканчылыктын салттарын сактап калышкан жана өнүктүрүшкөн, арабдардан бир нече айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүнү үйрөнүшкөн. • Византиянын курамына кирген Балкан жарым аралынын жана башка аймактардын байлыктарын өздөштүрүп пайдалануну улантышкан.Суу жана шамал тегирмендерин кеңири колдонушуп, жаңы химиялык курамдарды, анын ичинен « гректердин оту», түрдүү боңктор, айнек, уулуу заттарды ж.б. ойлоп табышкан. Константинополдо (Стамбул) ыйык София Собору (чоң чиркөө), коргонуу имараттары, түрдүү	• Экономикада чечүүчү орун мамлекет менен императорго таандык болгон; кул ээлөөчүлүктөн феодалдык жер ээлигинин түрдүү формаларына өтүү жараяны жүргөн; мамлекеттик, монастарлык, кызматтык, жамааттык ж.б. жер ээликтери жашап жаткан. • Империядагы татаал социалдык шатыча император менен чиркөөгө баш ийген. Антика адамы «кичинекей адамга»-Хомо византикуска айланган. • Интенсивдүү саясий турмушта императорлорду дайындоодо сенат, «цирк партиялары» катышып турушкан. Бул жерде дагы цезарепапизм-диндин	• Грек тилинин кеңири таасири жана таралышы.Европада биринчи университеттин (Константинополь) ачылышы. • «Константинополь-экинчи Рим», цивилизация дүйнөсүнүн борбору катары дүйнөдө өзгөчө орунга умтулушу. • Эң алгачкы медициналык энциклопедиялар жарык көргөн. • Физикалык (денени) даярдыктын, чыңдоонүн антикалык салттары сакталып калган жана андан ары өркүндөтүлгөн. Ипподром-коомдук турмуштун борборунун бирине айланган. • Ыйык жайларды куруу өнүккөн, иконалар (христиандар сыйына турган кудай же олуялардын кооздоп тартылган сүрөтү),мозаика (турдүү түстөгү таштардан, айнек сыныктарынан, жыгачтан, металлдардан бири-бирине бекитип кооздоп жасаган нерсе, фрескалар(жаңыдан шыбалган шыбакка суу боңк менен тартылган сүрөт), китепке миниатюралар өнүккөн; адабиятта жаңы тармактар (жанр)- сөздөр, каттар, эпиграммалар (сатира түрүндө жазылган кыскача ыр), эротикалык повест, куртуазный

коомдук жайлар курулган. • Византиялыктар кыйшык парусту ойлоп чыгарышып, деңизде сүзүү ишин өркүндөтүшкөн.	мамлекетке баш ийдирилиши орун алган. • Византия өзгөчө геосаясий абалды, Европа менен Азиянын, Чыгыш менен Батыштын ортосундагы өзгөчө эл аралык мамилелердин чордону болуп турган.	роман (жогорку адамдар менен мамилелеш аягы суюк аялдардын кылыктары) өркүндөгөн; христиан адабиятында- турмуштук жашоону, акыл-насаат берүү күчөгөн. • Христиан динин таркатууда диний окууларын иреттөөдө, ерестер менен (үстөмдүк кылып турган динге каршы келген диний окуу) күрөшүү. • Гуманитардык илимдердин өнүгүшү.

Европалык феодалдык цивилизациянын калыптанышы

Инсандар. Улуу Карл. (742-814жж.) франктардын королу, Батыш Рим империясынын негиздөөчүсү, Франктардын королу Пипин Короткийдин чоң уулу. Иниси өлгөндөн кийин Карл Батыш Европанын көптөгөн аймактарын жана элдерин (сакстар, баварлар, лангобарддарды ж.б.) басып алган. Улуу Карлга баш ийген аймактар Атлантика океанынан Карпатка, Ла-Манш кысыгынан Жерорто деңизине жана Балкан жарым аралына чейинки аймактарды өзүнө камтыган, башкача айтканда: азыркы Франция (Бретанини кошпогондо), Белгияны, Голландияны, Швейцарияны, Германиянын батыш бөлүгүн, Италиянын көпчүлүк бөлүгүн, Корсиканы, Болеар аралдарын, Испаниянын түндүк-чыгышын бириктирип турган. Улуу Карл аварларды талкалап, даниялык норманндар, араптар, батыш славяндар менен согушуп, Византиядан өз аймагын бөлүп алган.

Чоң Россиялык энциклопедияда Улуу Карлга берилген төмөндөгүдөй мүнөздөмө жазылып калган: « Улуу Карл укмуштай акылга, темирдей эркке, арыбас чыгармачылык шыкка ээ. Анан калса анын жоокердик жөндөмүнө жана мыйзам чыгаруу жаатында, мамлекеттин ички түзүмүн ирээтке салуу, калктын сабаттуулугу боюнча камкордугуна карап “Улуу” деген наам ыйгарылгандыгын белгилөө зарыл. Карл коомдун талабын алдын ала сезип, ал убакытты күтпөй эртелеп турмушка ашырган. Кырдаалды туура баамдап, элди, акыл-эсти, аткарылган иштерди баалай, барктай билген. Таланттуу кызмат адамдарынан керектүү нерселерди үйрөнүп, коомдук күчтөргө туура багыт бере алган... Орто кылымдардагы эң улуу генийлердин бири болгон»

Улуу Карл өзү узун бойлуу, күчтүү, сымбаттуу, чыдамдуу жана шамдагай, ден-соолугу чың адам болгон. Ал көзгө атар мерген, суучул, аңчы, физикалык көнүгүүлөрдү жасаганды жакшы көргөн, ичкиликке жок болгон. Анын хан сарайы шаан-шөкөттүүлүк менен салтанатка толгонуна карабай, өзү жупунулукту, жөнөкөйлүктү жакшы көргөн, жортуулдарда бардык кыйынчылык менен жокчулукту көтөрө билген. Латын тилин билген. Грек тили менен тааныштыгы болуп, диний жана жарандык адабиятты окуп жүргөн. Математика, астрономия жана теология боюнча эмгектер менен таанып болгон. Византиянын Багдад халифатынын материалдык жана руханий маданиятынын жетишкендиктерине көз салып турган. Римдин маданий мурасынын сакталышына кам көрүп, өзүнүн хан сарайында көптөгөн билимдүү адамдар чакырылып турган академия деп аталган илимий ийрим (кружок) уюштурган.

Улуу Карл динге берилген адам болгондуктан ыйык чиркөөнү бутпарастардан коргоону өзүнүн милдети катары эсептеп, папалык бийликтин үстүнөн камкордук кылган. 800-жылдагы Рождество[1] майрамы күнү Лев III Папасы Карлга Рим империясынын таажысын кийгизген.

Улуу Карлдын 9 аялы менен ойнош аялдарынан төрөлгөн көптөгөн мураскерлери болгон, бирок, небересинин мезгилинде ал түзгөн империя кыйроого учураган.

Мусулмандар цивилизациясынын жаралышы жана гүлдөшү

Инсандар. Мухаммед. Мухаммед пайгамбар (570-632) – реалдуу жашап өткөн адам. Мекке шаарында (Сауд Аравиясы) жарык дүйнөгө келген, жрецтердин[2] уругунан, бирок, жашынан ата-энесинен эрте ажырап, жакырчылыкты башынан өткөргөн. Мухаммед 25 жашында 40 жаштагы бай Кадычага үйлөнүп 6 кыз бала көргөн. Өзү дагы соода менен алектенип, көп жер кыдырган. Мүнөзү жагынан өтө сезимтал келип, көп ойлонуп, акыл калчаганды адат кылган.

Мухаммеддин осуяттары Меккедеги жрецтердин ой санатына кайчы келип, 622 ж. куугунтукка алынып Медина шаарына качып кетүүгө туура келген. Ошол «хижра» (качуу, качкын) учурунан мусулмандар («Алланы» сүйгөн, жактаган) өзүнүн жыл эсебин жүргүзөт. Мединада эң алгачкы мечит салынып, намаз окуунун эрежелери, турмушта жашоо тартиби, никелешүү, мурас калтыруу ж.б. тартиптери киргизилген.

---

[1] **рождество**- христиан дининде – Иса пайгамбардын туулган күнүнө арналган майрам.

[2] **жрец** – кечил, бутпарас дининдеги курмандык чалуучу киши. (Бутпарас – бутка чокунуучу, бутка табынуучу. «бут»- «тулку,сүрөт». «Параст»- жүгүнүү,табынуу

630 ж. Мухаммед куралданган отряддын башында өзүнүн туулуп өскөн шаарына (Меккеге) кайтат. Шаардагы (жрецтер) кечилдер менен жашоочулары бир нече жылга созулган куралдуу кармаштан кийин гана Мухаммедге баш ийип анын жаңы диний окуусун кабыл алышат. Мухаммеддин айыгышкан күрөштөгү жеңиши, жалпы эле Аравиядагы анын кадыр-баркын көтөргөн. Аравиядагы түрдүү уруулардын өкүлдөрү аны менен шериктештик мамиле түзүп, анын- ислам динин (ишенүү, берилүү) кабылдашат.

Мухаммед Аравиянын көп бөлүгүн өзүнө караткан чоң диндик-саясий союз түзүүгө жетишет. Ошол Мухаммед түзгөн күчтүү борбордоштурулган мамлекетте эки бийлик (мамлекетти башкарган жана диний) бир адамдын колуна топтолгон. Өзүнүн окуусун (динин) Мухаммед Палестина менен Сирияга дагы таркатууга аракет кылган, бирок, өзүнүн эркек мураскери жок 632 ж. дүйнөдөн өткөн. Кээ бирөөлөрдүн айтымында ууланып өлтүрүлгөн деген да ой бар. Мухаммеддин сөөгү Медина мечитинде коюлган.

Инновациялар. Куран Ислам динининн негизги китеби. Мусулмандардын ишениминде куран Алланын (Кудайдын) сөзү. Араб тилинен которгондо «окула турган» деген маанини берет. Мухаммеддин көзүнүн ачылышына 20 жыл бою Жебреил (архангел Гавриил) периштенин жеткирген насааттары түрткү болгон. Мухаммед пайгамбар Мекке жана Мединада өзүнүн Жебреил периштеден уккандарын насыят, дуба, намаз, акыл айтуу, жомок түрүндө элге жайылтып келген. Анын айткандарын шакирттери жазып жүргөн. Мухаммед өлгөндөн кийин чогултуп, жыйнактап чыгарган.

Куран үчүнчү калыйпа (Халиф) Осмондун заманында 656-жылдары жарыяланды. Ал 144 сүрөдөн (главадан) баптан турат. Көлөмү 50 басма табак, Куран мусулмандардын диний милдеттерин аныктап, диний эрежелерди көрсөтөт; көптөгөн юридикалык милдеттерди, коомдук нормаларды жана адамдардын күнүмдүк мамилелерин аныктап, жөнгө салат. Куран мусулмандар цивилизациясынын өзгөчөлүктөрүн жана маңызын аныктап көрсөтөт. Дүйнөнүн 28 мамлекетинде ислам мамлекеттик дин катары таанылган, 35 мамлекетте (а.и.Кыргызстанда) калкынын көбүн (80%) мусулмандар түзөт. Дүйнөнүн 125 өлкөсүндө мусулман жамааттары (община) бар. Мусулман өлкөлөрүнүн көбүндө таасирдүү ислам партиялары бар. Ислам дини Орто Азияда VIII к. башында пайда болгон. Алгачкы таратуучу катары **Кутейба ибн Муслимди** эсептөөгө болот.

Таблица. **Мусулман цивилизациясы.**

Адам жана Табигат	Адам жана Адам	Адамдын ички дүйнөсү
• Өнүккөн, жогорку деңгээлдеги сугарма дыйканчылык; талаа өсүмдүктөрүн, жер-жемиш жана мөмө-жемиштерин (гречиха, күрүч, лимон, кант тростниги ж.б.у.с.) өстүрүү жана башка жактарга таркатуу; жылкы, кой, төө өстүрүүнүн өнүгүшү, алардын продуктуларын алуу, жабдыктарын жасоо. • Тоо кендери (рудалар, курулуш материалдары), темир өндүрүү (жоо жаракталары, идиш-аяктары), зергер буюмдары; жеңил өнөр өндүрүшү (жибек, муслин, атлас, жыпар жыттуу заттары өндүрүү ж.б.) Шаарлардын, чептердин, мечиттердин, сарайлардын курулушу, римдиктердин суу парасынын колдонулушу. • Дөңгөлөктүү транспорттун өнүктүрүлүшү, регулярдуу почта байланышы, жогорку мобилдүүлүк (кыймыл, орун которуу). • География боюнча энциклопедия (Эль-Масуда), математика үчүн ойлоп чыгарылган араб цифралары (1,2,3 ж.б.), рим цифралары	• Бийлик түзүмүнүн үстөмдүгү-халифтердин,султандардын менчиги: бирдиктүү салык түзүмү (системасы); мечиттердин, вакуфтук жерлердин өзгөчө статусу; Чыгыш базары; Куран жана экономика. • Диний (мусулмандар жана мусулман эместер) жана социалдык (башкаруучулар, мусулман динаятчылар,аскерлер жана башкалар) жактан бөлүнүү. • Теократиялык мамлекеттин түзүлүшү, арабтарда жана түрктөрдөгү анын өзгөчөлүгү, мусулмандардын саясий түзүмүнүн эволюциясы. • Араптардын, түрк-селжуктардын жана башка элдердин биримдигинин күчөшүндөгү исламдын орду. • Шарият – Куранга	• Араб тили менен ариби(алфавит) мусулмандардын жалпылыгы менен мусулмандар цивилизациясынын түпкү негиздеринин бири. • “Адамдын жашоосун Алла таала бешенесине жазып койгон”- деген мусулмандар концепциясы. Мусулмандар менталитетине мүнөздүү; фундаментализм, консерватизм, традиционализм, ой-жүгүртүүдөгү чыдамдуулук жана ийкемдүүлүк. • Ибн Синанын (Авиценна) «врач илиминин канону» орто кылымдарда Европада 30 жолу латын тилинде жарык көргөн эмгек теориялык жана клиникалык медицинанын энциклопедиясы. • Атчан араб жоокерлеринин жогорку маданияты, янычарларды (жөө аскерлерди) даярдоонун өзгөчө ыкмасы, өзгөчө машыгуулар жана мелдештер. • Адамдын сүрөтүнө тыюу: декоративдик жана колдонмо искусствонун

(I,II,III), Индиялык цифра түзүмүнө “нөл” түшүнүгүн кошуу. Астрономиянын астрологиянын, химиянын өнүгүшү. Античтик жана византиялык китептердин кайрадан көчүрүлүп жазылышы. Багдаддагы илимдер үйү.	негизделген мусулман укугунун топтому. Казыларды даярдоо жана алардын орду. • Куран - мусулмандардын коом тааануу уюткусу. • Ибн Аль – Асирдин – жалпы тарых боюнча эмгектери.	(орнамент) жасалгалоонун бийик деңгээли; антикалык, византиялык, кытайлык жана индиялык жетишкендиктерди кайрадан жаңыртып иштеп чыгуу, музыкалык (инструменттер) аспаптары, геральдика, архитектурадагы арка; Ибн Аль-Араб Фирдоуси ж.б. • Ислам – жашоосунун жана адам тааануу илиминин негизи.

Инсандар. Кутейба бен Муслим ал-Бахили Абу Хафс (т.ж.б.-715жж.) араб аскер башчысы. Иракты бийлөөчүсү Хаджаж ибн Юсуф аны 704 ж. борбору Мерв (азыркы Мары) шаары болгон Хорасан аймагынын наместниги кылып дайындагын. Кутейба ислам динин кабыл алган жана басып алган аймактарга тараткан. Фарсылар менен түрктөрдүн Аму дарыясынын оң жээгинде көп жылдык кагылышууларынан пайдаланып, 705 ж. Балхты (аз.Ооганстандагы Мазари-Шариф ш.), 706-09 жж. Бухара шаарын, 710-12 жж. Самарканд жана Хорезмди, 712 ж. Ферганаы басып алган. 713 ж. Кашкарды каратуу, 715 ж. Омейяддардын Халифи Сулайман бен Абдал – Маликти багындыруу ишке аспастан, каршылаштары тарабынан 715 ж. өлтүрүлгөн.

Европадагы феодализмдин башталыш мезгилиндеги мамлекеттер

Инновациялар. Король Артурдун төгөрөк столу- Бриттер Vк. аягыVI к. баш ченинде Король Артурга баш ийип турушкан. Бул адамга байланышкан көптөгөн жомоктор айтылып калган. Анын бири Төгөрөк столду ойлоп тапкандыгы. Артур рыцарларды ушундай столго чогулта баштаган. Ар бир олтургучка алтын тамгалар менен рыцарлардын аттарын жаздырып койгон. Төгөрөк столодун негизги идеясы, олтургандардын бардыгы бирдей абалды ээлешип, столдун төрү, башы деген түшүнүк жоюлган. Рыцарлардын эч кимиси өзгөчөлөнүп столдун башын ээлеп олтура албай, алар үчүн чырлашуунун бир себеби жоюлган. Ошондон тарта төгөрөк

стол татаал коомдук маселелерди тең ата талкуулап чечүүдө, конструктивдүү дипломатиялык жана башка жолугушууларда колдонулуп келет.

Улуу номаддар цивилизациясы

Моңголдор доору

Инновациялар. Көчмөнчүлүк. Көчмөндөр жашоосу деген бул – жайытты алмаштыруу үчүн бир жерден экинчи жерге миграция дегенди түшүндүрөт. Дыйканчылыктан мал чарбачылыктын бөлүнүшү неолит доорунан башталган. Алгачкы көчмөндөр жалаң гана жайыт издеп көчүп жүрүшкөн. Алардын негизги байлыгы төө, жылкы, кой, эчки болгон. Толук маанидеги көчмөнчүлүк (номадизм) Б.з.ч. 2 миң жылдыктын акыры – 1 миң жылдыктын баш ченинде Евразиянын тоо-талаалуу аймактарында калыптанган.Кийинчерээк көчмөндөр тоолуу жана талаалуу райондордо жашоону ылайык көрүшкөн. Жаныбарларды өстүрүүдө жана андан түрдүү продукцияларды (тери,жүн,үй буюмдары) жасоодо көчмөндөр көп баалуу тажрыйба топтогон. Тарых баяндагандай көчмөн уруулары бул же тигил кол башчынын кол алдына биригип алып көз жетпеген аймактарды ээлеп алган же болбосо тышкы жоодон коргонгонун көп эле учуратууга болот. Ошону менен номаддар цивилизациясы дүйнөлүк өнүгүүгө өзүнүн көптөгөн таасирин тийгизген.

Инновациялар. Кыргыздардын дүйнөлүк цивилизацияга кошкон салымы

1. “Дөбө маданияты – деп тарых илими тааныган: Афанас, Андрон, Кара-Сук, Тоо-Кар жана Таштык маданияты кыргызга тиешелүү, ал Б.з.ч. 4 миң мурун башталып, 5 миң жыл жашаган.

Далилдер: *Бернштамдын докторлук диссертациясы, Киселев, Окладниковдун эмгектери, лингвистика, палеоастрономия, палеогенетикалык жаңы ачылыштар.*

2. Жылкы, төө, кой жаныбарларын кыргыздар биринчи болуп колго үйрөткөн. Жылкы, төө дүйнө цивилизациясынын тез өзгөрүшүнө алып келген, алыскы эл, жерлерди байланыштырган, азыркы ааламдашуунун башаты болгон. (көчмөндөрдүн көчү, Улуу Жибек Жолу, согуштук жортуулдар) XVII к. чейин согуш тагдыры ушул жаныбарларга байланыштуу болуп келген.

Далилдер: Төлөк Төрөкан уулу. Кыргыз санжырасы «Кыргызыя зар заман». Б,:Арип-Пресс, 2018.-490 б.

Кыргыз гана жылкынын 24 түсүн, 20 мүнөзүн, 8 жүрүшүн, туягынынын 19 түрүн билет.

3. Кыргыз биринчи болуп жезге калайды кошуп колону жаратып, аны дүйнө жүзүнө жайылткан жана дүйнө цивилизациясынын “**Илим коло доору”**- деп тааныган доорду кыргыз баштап берген.

Далилдер: Д.Сарыгулов., Кабар Инфо.-2018.-4-окт.

4. Илим **сибир-скиф маданияты** деп аныктаган доорго таандык эң чоң Аржан, Пазырык дөбө мүрзөлөрүндө коюлган адам сөөктөрүнүн ДНК-сы (R Ia Ia Снип Z-93) жалаң гана кыргызга таандык болуп чыкты. Ошентип, сибир-скиф маданияты да дүйнө цивилизациясына кыргыз кошкон салымы деп айтууга болот.

Далилдер: Генетиктердин изилдөөлөрү. Копенгаагеn шаары.

5. Ай календары, жылдыздар аркылуу жылдын аба-ырайын божомолдоо (тогоол)-кыргыздардын ачылышы.

Далилдер: Хакасиядагы Аксуу дарыясындагы Кара- тоодогу аскадагы жылдыздар сүрөтүнө 30миң жыл; Алтайдын түштүк-чыгышында табылган таш-оюк-ай календары, Саймалуу таштагы чегилген-тогоол.

6. Табиятка жандуудай аяр мамиле жана рухий байлыкты – өлүк дүнүйө материалдык байлыктан жогору коюп жашаган.

Далилдер: макал-лакаптар, жомок-уламыштар, ыр-дастандар.

7. 4,5 миң жыл жашаган дөбө маданиятында археологиялык табылгаларда бай-кедейдин белгилери жок: коом түзүлүшүн адилет, калыс, акыйкат, аруу жана ыймандуу сактап келген бул көчмөнчүлүк, уруучулук замандын мыйзамына туура келген (жоокерчилик).

Далилдер: Киселев, Окладников, Бернштамдын эмгектеринде көрсөтүлгөн археологиялык табылгалар.

8. Аял- эркектин тең укуктуулугу, аялды ыйык тутуу.

Далилдер: Жер-Эне, Эне-тил, макал-лакаптар.

9. Манас эпосу, Кыргыз комузу, Манастын аты. Непал, Индия, Тибет, Кытай, Кавказ, Азия аймагындагы даңктуу жер, суу, чокуларда сакталды.

Далилдер: географиялык аталыштары.

Инсандар. Чынгызхан 1162-1227жж. жашаган, өз аты- Темучжин, мамлекеттик ишмер, кол башчы жана алгачкы бириккен монгол мамлекетинин түзүүчүсү. Темучжин –душмандары тарабынан ууланып өлтүрүлгөн монгол урууларынын союзунун башчысынын уулу болгон. Атасы өлгөндөн кийин апасы жана башка бир туугандары менен жокчулуктун айынан жер которуп, балалыгы менен өспүрүм курагы оор турмушта өткөн. Өзүнүн эрки күчтүүлүгү жана дипломатиялык сапаты аркылуу Темучжин-уруу башчысынын уулу, бир нече монгол урууларынын колдоосуна ээ болгон. Кажыбас кайрат, өжөрлүк менен күрөшүп жатып монгол

урууларынын көпчөлүгүн бириктирүүгө жетишкен. Чынгызхан монголдордун мыйзамдар топтому- Улуу Ясуну бекиткен. Анда өлүм жазасына тартылуучу кылмыштар бөлүнүп көрсөтүлгөн. Ошол эле Ясада жеңилген элдердин динаятчыларын салык төлөөдөн, аскерде кызмат өтөөдөн жана мажбурлап иштетүүдөн бошотулган. Чынгызхан өзүнө кеңешчиликке: кытайлыктарды, мусулмандарды, христиандарды, еврейлерди пайдаланган. Ошондой кеңешчилердин бирөөнүн кеңеши менен монголдор басып алган жерлердеги отурукташкан элдерди тукум курут кылып кырганды токтотуп, алардын салык жыйнаганга өткөн.

Темучжин Улуу хан (Чыңгызхан) болуп жарыялангандан тарта тынымсыз согуш жүргүзүп, чоң-чоң мамлекеттерди талкалап, өзүнө баш ийдирген. Ошондой жоонун бирөө Хорезмшах Мухаммеддин 400 миң аскеринин 160 миңдейи өлтүрүлүп, калганы багынып берген. Кээ бир орто азиялык шаарлар таланып, жер менен жексен болуп, эли кырылган. Чынгызхан – монголдор менен түрк тилдүү элдердин бир бөлүгүнүн сыймыгы. Ал теңдеши жок мамлекеттик жана кол башчы. Согушту баштаганда анын жоокерлеринин саны болгону 13 миң адамдан турган. Өмүрүнүн акырында монголдор 720 элди баш ийдирген. Көптөгөн элдердин тарыхый эс тутумунда, монголдордун өкүмдары эч бир пайдасыз кыргындын, турмушту аңтар-теңтер кылган ырайымсыздык менен таш боордуктун символу бойдон калган. Чынгызхандын сөөгү Керөлөң суусунун өрөөнүнө көмүлгөн. Монголияда ал, өтө зор тарыхый Инсан катары даңкталып, ал жөнүндө көптөгөн эмгек жазылып, «Чыңгыздын очогу» деп аталган коомдук уюм түзүлгөн. Чыңгызхандын бейнеси жеткиликтүү даана ачылган «Монголдордун жүрөгүндө ыйык сакталган жомок»(1240) деп аталган тарыхый- адабий эстеликтин 750-жылдыгы өлкө боюнча кеңири майрамдалган. Чыңгызхандын сөөгүнүн көмүлгөн жерин издеп табуу боюнча илимий экспедиция иштеп, анын иши «Чыңгызхандын жашыруун сыры» деген аталыштагы кызыктуу документалдуу фильмде чагылдырылган. Көптөгөн журналисттер арасында жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча, Чыңгызхан дүйнөлүк өнүгүүгө зор таасир эткен «экинчи миң жылдыктын адамы» деп табылган.

Европа менен Азиянын ортосундагы Русь (Орус)

Инсандар. Рюрик 862-879 жж.башкарган орустардын тарыхындагы легендарлуу инсан. Анын айланасында жаралган божомолдор көп, алардын бирөө боюнча Рюрик Новгород ак сакалдар коомунун башчысы Гостомыслдын небереси, кызы Урмиладан төрөлгөн уул. Скандинавиялыктар

Рюрикти өздөрүнүн жердеши, варягдардын конунгу деп билишет. Кээ бир орус авторлору- аны, Карел моюнунан Эски Ладогага келип калган славян-орустардын башчысы деп ишендиргилери келет. Украинада болсо Рюрик ободриттер уруусунан чыккан батыш славян князы деп келишет. Рюриктин уруулук тотеми- өзүнүн жемине шукшурулуп бара жаткан шумкар куш-учурдагы украинанын мамлекеттик герби болуп калган. Рюриктер династиясынын негиздөөчүсү, биринчи орус монархы (Карамзиндин Н.М. аныктамасы боюнча самодержец); «Повести временных лет» күбөлөндүргөндөй жортуул учурунда өлүп, Ленинград облусундагы Ладога көлүнүн жээгиндеги Приозерск шаарынын жака-белинде көмүлгөн.

Орус мамлекетинин биринчи өкүмдары ким гана болбосун, легендарлуу Рюрик, анын урпактары 1598 жылга, б.а. Рюриктердин ата тарабынан түздөн-түз мураскери, Кааруу Иван IV нүн уулу, Федор Иванович I өлгөнгө чейин башкарып келген. Дүйнө тарыхында Рюриктердин династиясы эң узак мезгилге башкарып келгендердин катарына кирет. Алар Орусияны 736 жыл башкарган. (Салыштыруу иретинде: Осмон I нин урпактары, түрк султандары өлкөнү 1299 жылдан 1918 жылга чейин бийлеген). Сыягы, башкаруунун узактыгы боюнча жалпы жонунан 2500 жылдан ашыгыраак тарыхы бар япон императорлору баарынан ашып түшөрү талашсыз.

Инновациялар. Мамлекет менен чиркөөнүн өз ара мамилеси

Христиан динин кабыл алуу аркылуу көптөгөн европа өлкөлөрү, анын ичинде Орустар дагы тагдыр чечээр кадамга барышкан. 988 жж. христиан динин кабыл алуу менен орустар европалык королдук үй-бүлөлөр менен династиялык- никелешүү байланыштарына мүмкүнчүлүк алышкан.

Бирок батыш европалык өлкөлөрдөгү христиан дини менен байыркы орус княздыктарындагы диндин айырмачылыктары бар эле. 988 ж. Владимир I византиялык варианттагы христиан динин кабыл алган. Андан көп өтпөй 1054 ж. эле батыш жана чыгыш христиан диндеринин ортосундагы ажырым биротоло экиге бөлүнүп, бүгүнкү күнгө чейин сакталып турат.

Батыштагы «папизм» светтик жана руханий бийликтин белгилүү бир дуализмине[1] негизделген. Карама-каршылыктар, атаандаштык, эки бийликтин ортосундагы күрөш бардыгы обьективдүү түрдө коомдук өнүгүүнүн кыймылдаткыч күчү болуп эсептелет. Орус «цезарепапизми», б.а. светтик бийликтин чиркөө бийлигинин үстүнөн үстөмдүгү, саясий чөйрөдөгү

[1] **дуализм** – дүйнөнүн негизи-бири-бирине байланышпаган эки башталыштан-дух менен материядан –түзүлгөн деп материализм менен идеялизмди элдештирүүгө куру аракет кылган философиялык агым.

монизм[1] монголдорго чейинки мезгилдерге эле Орустарды чыгышка жакындатып койгон. Византиядагы патриархтын императорго баш ийдирилиши дагы Чыгыштын, анын ичинде Араб халифатынын таасиринен калыптанган. Православие динин ишмерлери менен тарыхчылары светтик жана чиркөө бийликтеринин симфониясы (ынтымак, өз ара мамиле, өз ара түшүнүшүү) жөнүндө күбүрөөк сөз калышат. Көп өлкөлөрдүн цивилизациялык кебете- кешпири менен кулк-мүнөзүндө Таажы менен Чырым (крест) ортосундагы мамиле чоң роль ойнойт.

Инсандар. Александр Невский 1220-1263 жж. жашаган. Бийликте1252 жылдан тарта болгон. Ярослав II Всеволодовичтин уулу, Новгороддун князы, 1252 жылдан Владимирдин улуу князы жана хандын жарлыгы менен орус княздарынын улугу. 1240 ж. 15- июлунда Невадагы салгылашууда шведдерди, 1242 ж. 5 апрелиндеги Муз үстүндөгү салгылашууда немистерди талкалаган. Литвалыктар менен ийгиликтүү согушуп, бир дагы кармашта жеңилүү ызасын тарткан эмес. Александр Рим Папасынын Ордого каршы өнөктөштүк түзүү сунушун четке каккан. Алтын ордонун ханынан көтөрүлүшкө чыккан орус шаарларынын жашоочуларына ырайым сурап, ошол эле мезгилде Атамекенин Ордодон толук көз карандылыктан сактап калган. Александр өзү Алтын Ордого 4 жолу барып, аларга каршы күрөшүү жакшылыкка алып келбесине көзү жеткен. Бирок, болочокто алардын бийлигинен кутулуу үмүтүн жоготкон эмес.

Ордодон үйүнө кайтып келе жатып жолдо каза болот, балким ууланган деген күмөн саноолор дагы жок эмес. Анын сөөгү Санкт-Петербургдагы Александр-Невский монастрына коюлган. Жоокердик эрдиги үчүн Невский атагын алган биринчи князь. Православие чиркөөсү тарабынан ошол наамы мыйзам түрүндө бекитилген. Александр Невскийдин «Кылыч Батышта, Калкан Чыгышта»деген гениалдуу саясаты өзүн толук актаган. Орустардын цивилизациясын куткарып калган. Александр Невский өз замандаштары жана кийинки укум-тукумдары үчүн унутулгус баатыр болгон: 1942 ж. Александр Невский ордени киргизилген. Петербург менен Улуу Новгороддо анын эстеликтери, көчөлөргө, аянттарга аты коюлган.ң

Инновациялар. Рецепция[2]: цивилизациялар ортосундагы

[1] **монизм** – дүйнө жана анын кубулуштарынын бир гана негизи бар деп түшүндүрүүчү философиялык багыт; материалисттик монизм үчүн мындай негиз – материя, идеалисттик монизм үчүн мындай негиз- дух болуп саналат.

[2] **рецепция** (лат.кабыл алынган) – Башка өлкөдө же башка доордо пайда болгон социологиялык жана маданий формаларды коом тарабынан кабыл алуусу жана өзүнө ылайыкташтыруу

өз ара таасир көйгөйү

Орус улутунун, орус мамлекеттүүлүгүнүн, орус цивилизациясынын эволюциясына Монгол-татарларынын тийгизген олуттуу таасирин тануунун эч кандай маани жок. Бирок, ал таасирлер кандайдыр бир деңгээлде тандалма болгон деп айтууга дагы негиз жок эмес. Калкты алым төлөөгө, мамлекеттик төлөм милдеттерин аткарууга үйрөтүү княгина Ольганын учурунда башталып, кийин Москва княздары-алгачкы Рюриковичтердин, Владимир II Монамахтын жана Андрей Боголюбскийдин саясатын улантышат. Монгол-татар хандарынын катуу жеке бийлиги Москва княздыктары үчүн үлгү болгон. Алар дагы кызматчылардын сословиесин түзүп, өзүнө социалдык таяныч даярдаган. Батыш европадагы рыцарлар, япон самурайлары жана орус дворяндары сословиялык тайпа катары жаралышы жагынан бири-биринен айырмаланганы менен, аткарган функциясы бирдей: өкүмдарларды коргоо, калкты башкаруу, куралдуу күчтөрдүн уюткусун түзүү болгон. Маданий- аң сезим жана күнүмдүк турмуш чөйрөлөрүндө Чыгыш цивилизациясынын таасирин жокко чыгаруу мүмкүн эмес. Ошол эле учурда орустар кабыл албаган жагдайларды дагы белгилеп коюу зарыл. Алсак, орустар көп аял алууну кабылдабай, кымыз ичпей, бирок мурдагыдай эле чочко этин жешти улантып келишет. Орустардын кылмыш кодекси катаалдашканы менен алар монголдордой арка-белин сындыруу же жүрөгүн сууруп алуу (Чынгызхандын Ясасы боюнча) сыяктуу жоопко тартуу эрежелерин кабылдашкан эмес. Ал эми мурунку оор кылычтын ордуна жеңил ийри кылыч, согуш өнөрүнүн пайдалуу жактары, кийимдердин кээ бир түрлөрү ж.б. орустар тарабынан ийгиликтүү пайдаланууга алынган.

Батыш Европа: күч топтоо мезгили

Инновациялар: Порох атуучу курал Кытайда селитранын[1] күйүшү боюнча эң алгачкы маалымат V-VI кк тогошунда тараган. Ал эми VII к. ошол эле Кытайда порох (көмүр, калий селитрасы жана күкүрт аралашмасы) ойлонуп табылган. «Өлбөстүктүн пилюлясын[2]» издеп жаткан кытайлык алхимиктер тажрыйбалап таап алышкан. Ок атуучу курал – согуш ишинде X-XIII кк. колдонулган. Европага ок атуучу курал монголдор менен араптар аркылуу жеткен. Европада эң алгачкы дарынын рецебин 1249 ж Роджер

[1] **селитра** – техникада жарылма зат; агрономияда семирткич кылып колдонулуучу азот – кычкыл туз.

[2] **пилюля** – жутууга оңой болуу үчүн кичине- кичине тоголоктоп жасалган дары.

Бекон түзөт. Бирок, дарынын өзүнүн жасалып алынышын 1354 ж., ал эми эң алгачкы замбиректи колдонуу 1380 жылы болгон деп айтылып калган.

Таблица. **Орто кылымдардагы христиан цивилизациясы.**

Адам жана Табигат	Адам менен Адам	Адам дүйнөсү
• Эң жөнөкөй экстенсивдүү дыйканчылыктан үч кезмектүү айдоого, көп кезмектүү айдоого, жаңы эмгек куралдарын пайдаланууга акырындык менен өтүү. Аңчылык,балык кармоо маанилүү ролду ойнойт. • Герман жана башка варвар уруулары тарабынан Рим империясынын аймактары менен мурастарын акырындап өздөштүрүү. Күндө керектелүүчү буюмдар менен аземдүү буюмдар өндүрүмдүү эмгек аркылуу айыл- кыштактарда эле эмес, согуштук басып алуу жолу менен дагы топтолгон (викингдердин жортуулдары, крестүүлөрдүн жортуулдары, Жаңы дүйнөнү өздөштүрүү). Өнөр жай өндүрүшү согуштарды тейлей баштаган (курал-жарак, шайман-жабдыктар), ак сөөктөр, калктын эң жөнөкөй муктаждыктарын канааттандырып турган. Сепилдердин (замок)	• Феодализмдин чыңдалышы. крепоснойлук укук, экономикадан тышкаркы мажбурлоо, натуралдык чарба, экономикалык өз алдынчалык менен акча-товар мамилелеринин өнүгүүсүндөгү шаарлардын уникалдуу орду. • Коомдун үч сословиеге бөлүнүшү: биринчи-рыцарлар, экинчи-динаятчылар, үчүнчү-шаардыктар менен дыйкандар. Аялдардын статусунун төмөндөшү. Патриархалдык бир никелүү үй-бүлө. • Монархиялык мамлекеттүүлүктүн үстөмдүгү. Монархтар менен аристократтардын, светтик менен диний бийликтердин күрөшү. Сословиелик – өкүлчүлүк мекемелердин жана шаардык өзүн-өзү башкаруу бийлигинин пайда болушу. Ички	• Чиркөөлүк (расмий) жана одоно (элдик) латын тилинин таралышы, европалык улуттук тилдердин калыптанышы. • Консерватизм, башкача ой жүгүрткөн, жаттарга карата жек көрүү мүнөзгө ээ болгон түрдүү корпоративдик[1] сословиелик ой жүгүртүүлөр. • Медицинадагы дымып өнүкпөй туруп калуу(чиркөөнүн аракетинен улам),тез-тез кайталанып турган эпидемиялар, калктын санынын жай өсүшү. • Рыцарлардын турнирлери (кармашуусу), соттордун жекеме-жеке талкуу иретиндеги таймашы, согуш алдындагы жекеме-жеке эр сайышы. • Искусство менен адабият негизинен эки алдыңкы сословиедегилердин кызыкчылыгын, укуктарын жана

[1] **корпоративдик**- көбүнчө кесиптик таламдар негизинде түзүлгөн союз,бирикме,коом.

чептердин, көпүрөлөрдүн, храмдардын курулушу. • Кургактагы жол тармактарынын, байланыштардын кеңейиши. Деңизде сүзүүдөгү прогресс, компасты ойлоп табуу жана Американын ачылышы (Х.Колумб). Жер шарын айланып чыккан саякат(Ф.Магеллан).Улуу географиялык ачылыштар. • Табигый илимий билимдерге караганда Дин илимине, теософияга[1], алхимияга[2] жана астрологияга[3] артыкчылык берүү. Чиркөөнүн каршылыгына карабастан илимдеги акырындап алдыга жылып жаткан прогресс (Д.Бруно,Г.Галилей, Н.Коперник, Р.Бэкон)	жана тышкы согуштар. Реформация жана революциялар. • Улуттардын, улуттук маданияттардын, улуттук тилдердин, улуттук мамлекеттердин калыптанышы. • Укуктук феодалдык, сословиелик, «жаатташкандардын» (кулачный), шаардык, чиркөөлүк ж.б. тармактарынын өнүгүшү. Рим укугун рецепциялоо. • Коом таануу илими монархтар менен чиркөөнүн көзөмөлү астында болгон.	артыкчылыктарын чагылдырып турган (папага, королдорго, императорлорго сыйынуу;рыцарлардын романы, скандинавиялык сагдар[5], барддардын, ваганттардын поэзиясы; Чиркөөлүк жана светтик музыка; ыйык жайлардын архитектурасы менен соборлордун (Париждеги Эне кудайдын, Реймсс ж.б.) ички жасалгалары. • Христиан дини адамдар ортосундагы мамиленин касиеттерине чоң маани берип, жарыкчылыктын кыйноосун, аркы дүйнөнүн кайтарымын баса белгилеп турган. • Адам таануу илими чиркөө менен инквизициянын монополиясы болгон.

Орто кылымдардагы Кытайлык тарыхый цикл

Инновациялар, Бюрократия[6], чиновничество[7] (атка минээр) Орто кылымдардагы Кытайда өлкөнү башкарууда негизги ролду феодалдар эмес, ошол учур үчүн уникалдуу[8] бюрократиялык аппарат аткарган. Анын түзүлүшү, калыптанышы бардыгына бирдей тең мүмкүнчүлүк принцибине

[1] **теософия**- «тиги дүйнө» менен байланышуу аркылуу бардык диндердин ички мазмунун билүүгө болот деп ишендирүүчү диний-мистикалык окуу.
[2] **алхимия** – орто кылымдарда жөнөкөй металлды «философиялык таш» деп аталган нерсенин жардамы менен алтынга айландыруу жолдорун издеген мистикалык илим.
[3] **астрология**- байыркы заманда жана орто кылымдарда жылдызга карап кишинин тагдырын күн мурун эле айтып берүүчү жалган илим.
[5] **сага** – поэтикалык жомок, сүрөттөр, кооздоп айтылган же жазылган аңгеме.
[6] **бюрократия** – массадан обочолонуп, мекеме аркылуу гана башкаруу системасы.
[7] **чиновник** – мамлекеттик мекемелерде иштөөчү кызматчы.
[8] **уникалдуу** – өтө сейрек учуроочу

ылайык жүзөгө ашырылган. Өзүнүн ким экендигине , кайсыл чөйрөдөн чыккандыгына карабастан өтө татаал мамлекеттик экзамен тапшыра алган ар бир кытайлык чиновник (атка минер) боло алган. Экзаменге даярдык талапкерден аябагандай көп эмгекчилдикти жана бош убакытты талап кылган. Алсак Кытай тилин үйрөнүү, конфуцийдин философиясын өздөштүрүп түшүнө билүү, мыйзамдарды түшүнүп жатка билүү ж.у.с. кыйынчылыктарды жеңүү бардык эле адамдын колунан келе берген эмес. Чиновниктердин калыптанышында кландык[1] жана жамааттык байланыштар чоң роль ойногон. Жалпы турмуштук деңгээли төмөн, жакыр кыштак деле өзүнүн жөндөмдүү балдарынын экзаменди ийгиликтүү тапшырууга даярдыгына шарт түзүп бере алган. Анын себеби, эгерде ал экзаменди тапшырып кетсе кийин иштеп жүрүп өзүнүн жердештери менен туугандарына камкордук кылуу мүмкүнчүлүгү жаралмак. Өз уруусунан чыккан адам жогорку бийлик шатысына көтөрүлсө, кытайлыктардын салты боюнча ал бүткүл уруунун (уруктун) сыймыгы эсептелген.

Оттоман империясы дүйнөлөр тогошунда

Инсандар. Сулейман I Кануни Султан Сулейман I, 1495 ж. төрөлүп, 46 жыл (1520-1566 жж) өлкөнү башкарган. Түрктөр аны Мыйзамчы (Кануни) деп аташкан. Европада аны көбүнчө Эң мыкты Сулейман дешчү. Анын даңкы ийгиликтүү баскынчы катары жайылып, ал өзүнө Венгер королдугунун бир бөлүгүн, Закавказьени, Месопотамияны, Аравияны, Триполи менен Алжирди караткан. Ал милитаристтик[2], теократиялык[3] мамлекетти бекемдеген реформаларды ишке ашырган. Көркөмдүү искусство менен адабиятты камкордукка алган. Славянка Роксаланага болгон өзүнүн сүйүүсүн жашырын ат менен ырларында жарыя кылган. Өмүрүнүн акыркы учурунда Сулайман I Венаны баш ийдирүү үчүн жортуулга аттанып, бирок, жолдо каза болгондугуна байланыштуу аскери Стамбулга кайтарылган. Анын сөөгү өзүнүн атындагы мечитке коюлган. Султан Сулейман I Кануни XVIк. эң атактуу өкүмдарлардын: Англиялык Генрих VIII, Франциялык Франциск I , Ыйык Рим империясынын башчысы Карл V, Каардуу Иван IV – катарында турат.

Индия: Моголдор державасынан «англиянын таажы бермети» мезгилине чейин

[1] **клан** – 1. Уруулук жамаат, уруулук байлаеыштар.; 2. Кандайдыр бир жалпы кызыкчылыктар (экономикалык, жумуш боюнча ж.б.) боюнча баш кошкон адамдардын жабык тобу. (топтому).

[2] **милитаризм** – кээ бир өлкөлөрдө аскер адамдарынын саясий үстөмдүгү.

[3] **теократия** – саясий бийликдин кызматчыларынын колунда болгон башкаруу формасы.

Инновациялар. Тадж-Махал Могол стили, мусулмандардын катаалдыгы жана индустардын кооздугунун айкалышынын эң эле белгилүү мисалы – Акбардын небереси Шах-Жахан өзүнүн аялынын күмбөзү катары салдырган Тадж-Махал- болуп эсептелет. Анын долбоору Индиялык, Персиялык жана Борбор Азиялык мен деген архитекторлордун кеңеши менен иштелип чыккан. 1632- 1648 жж. Агра шаарындагы Джамна дарыясынын боюнча салынган. Бир караганда оордугу жоктой көрүнгөн аны эбегейсиз чоң куполу 57 м бийиктикке көтөрүлуп, бейиштеги кудайдын тактысы кейиптенет. Шах-Жахандын өзүнүн сөөгү дагы Тадж- Махалга коюлган

Феодалдык доордун адамы

Инновациялар. Университеттер (жогорку мектеп) Европада эң алгачкы университеттер XI к. пайда болгон. Кээ бир изилдөөчүлөрдүн ою боюнча эң алгачкы университет 1045 ж. Константинаполдо ачылган дешсе, башкалары 1051 ж. Болон университетин биринчи ачылган деп аташкан. Париждеги Сорбонна университети 1200 ж., андан кийин Оксфорд, Кембридж ж.б. ачылган. XVк. аяк ченинде Европада 60 «илимдин храмдары» иштеп турган. Алардын кызматкерлери-профессорлор (лат.окутуучу)-университеттердин ички турмушун уюштурууда көптөгөн укуктардан автономиялык өзүн-өзү башкаруу укугунан падаланышкан. Профессордук корпорациялар декандарды[1], ректорлорду[2] шайлап, профессордук наам ыйгарган, студенттерди окутуп, экзамен алышкан жана жазалашкан. Студенттер тез эле шаардын өзгөчө тайпасына айланып, калган жашоочулардан өздөрүнүн энергиясы, сезимталдыгы жана эркиндикти жогору сыйлагандыгы менен айырмаланган. Студенттик чөйрөдө түрдүү корпорациялар пайда болуп, калыптана баштаган Европанын интеллигенциясынын арасында дагы корпоративдик дух жайылган.

Италия жана Ренессанс доору (Кайра жаралуу)

Инсандар. Микеланджела Буонаротти 1475-1564жж. жашаган **и**талиялык сүрөтчү, скульптор, архитектор жана акын. Тосканада жакырданган үй-бүлөдө жарык дүйнөгө келген. Флоренцияда жергиликтүү князь Лоренцо Медичинин камкордугунун астында билим алган. Ошол шаарда Микеланджело «Давид» деген статуясын жасаган. Рим папасынын буйрутмасы менен скульптор Ыйык Петр собору үчүн «Христосту ыйлап жоктогон Мария» деген скульптурасын бүтүргөн. Ал Ватикандагы Сикстин

[1] **декан** (лат.) – он адамдан турган тайпа жетекчиси.

[2] **ректор** (лат.)- башкаруучу

капелласынын (кичине чиркөө) төбөсүндөгү сүрөттөрдү тарткан. Анын эң белгилүү эмгеги болуп Сикстин капелласынын төркү дубалындагы «Коркунучтуу сот»деген аталыштагы фрескасы[1]. Кайра жаралуу доорунун эң улуу мастерлеринин бирөөнүн аталып кеткен жана башка дагы көп чыгармалары бүгүнкү күнгө чейин сакталып жеткен.

Инновациялар. Китеп басып чыгаруу Европанын руханий дүйнөсүндөгү олуттуу өзгөрүүлөргө китеп басып чыгаруунун жайылышы теңдешсиз таасир эткен. Тарыхый маалыматтарга ылайык кагазды биринчи болуп 100-жылы кытайлык Цай Лунь, ал эми 1041-1048 жж. кытайлык темир уста Би Шэн чоподон литерлерди[2] жасап чыккан. Ал эми 1232 ж. Кореяда китеп басып чыгарууда металлдан шрифт[3] колдонулган. Европалыктар болсо биринчи китеп басып чыгаруучу катары немис Иоганн Гуттенберг (1399-1468) болгон деп эсептешет. Анын колунан жасалган китеп басып чыгаруучу станок жана биринчи басылып чыккан китеп 1450 жылга таандык.

Андан кийинки 50 жыл ичинде 260 Европа шаарларында 1500 типографиялар пайда болуп, аларда 100 млн даана 40 миң аталыштагы китептер басып чыгарылып, аларды библиофилдер[4] инкунабулдар деп атап коюшкан. 1491 ж. Краков шаарында славян ариби-кириллицада алгачкы китеп жарык көргөн. 1522 ж. Вильнюста биринчи славян (типографиясы) басмаканасы пайда болгон.

Китеп басып чыгаруу илим менен маданияттын өнүгүшүнө чоң түрткү болгон, рухий турмуштагы чиркөөнүн монополиялык абалын алсыраткан. Светтик билим берүү өнүгүп, коомдун руханий турмушунда жаңы борборлор: университеттер, китепканалар ишин баштаган. Тилдин грамматикалык нормаларын жана жазуунун графикалык формаларын унификациялоо[5] дагы чоң таасирге ээ эле. Китептерди даярдоо иши сүрөт искусствосунун андан ары өнүгүшүнө да түрткү болгон, себеби, боекторду пайдаланып китептерди иллюстрациялоо[6], китеп миниатюраларды[7] тартуу зарылчылыгы туулган. Кандайдыр бир деңгээлде китеп басып чыгаруу индустриалдык цивилизацияга жол ачкан, чыйыр салган деп койсо дагы туура болот.

---

[1] **фреска**- жаңыдан шыбалган дубалга суу боёк менен тартылган сүрөт.

[2] **литер** – баш жагында тескери каратып, кабартып жасалган ариптери же тамгалары бар түз бурчтуу төрт кыр металл (чопо).

[3] **шрифт** – басмаканадагы куйма коргошун арип.

[4] **библиофил** – китепти жакшы көрүүчү, жыйноочу адам.

[5] **унификация** – бир түргө келтирүү

[6] **иллюстрация** – китептин мазмунун түшүндүрүү үчүн тартылган сүрөт

[7] **миниатюра** – байыркы кол жазмага, китепке боёк менен тартылган көп чоң эмес сүрөт

Инсандар. Уильям Шекспир 1564-1616 жж. жашаган. Англиялык драматург жана акын. Шекспир Королдук труппанын[1] артисти болгон. Анын колу менен жазылган пьесаларга «Шекспир канонуна» 37 драма киргизилген. Алгачкы жаралган пьесалары: «Азоону жоошутуу» (1593), «Жайкы түндөгү уйку» (1596), «Арзыбаган нерсеге ызы-чуу» (1598). Комедиялары турмушка оптимистик көз караш менен мамиле кылуу идеясы менен сугарылган. Ал эми эл арасына кеңири тарап, атын чыгарган эмгектери: өмүрүн курмандыкка чалып сүйүү жана берилгендикти чагылдырган трагедия «Ромео жана Джульетта» (1595), тарыхый хроникалар[2]: «Ричард III» (1593), «Генрих IV» (1597-1598), трагедиялары: «Гамлет»(1601), «Отелла» (1604),«Король Лир»(1605), «Макбет»(1606), римдик трагедиялар: «Юлий Цезарь» (1599), «Антоний менен Клеопатра»(1607), «Кориолан» (1607), лирика-философиялык чыгармалары «Сонеталар» (1592-1600) түбөлүк мурас болуп келе жатат. Шекспирдин чыгармаларында ошол доордогу адеп-ахлактык, коомдук жана саясий карама- каршылыктар таасын чагылдырылган. Шекспирдин каармандары өз идеялары менен шыктанууларын жетекчиликке алып, тагдыр менен кырдаалга каршы чыгып күрөшкө аттанышат. Ошол карама- каршылыктарды оптималдуу чечүүгө болгон аракет анын «Кышкы жомок» (1611) жана «Бороон»(1612) деген романтикалык драмаларында айкын көрсөтүлгөн. Шекспирдин чыгармалары дүйнөнүн дээрлик бардык өлкөлөрүндөгү театрларга коюлуп, кинофильмдерде тартылган.

Инсандар. Леонардо да Винчи 1452-1519 жж. жашаган улуу сүрөтчү, математик, механик жана инженер. Леонардо тосканиядагы Винчи деп аталган кичинекей шаардагы нотариустун никесиз төрөлгөн баласы. Ал автоматтык түрдө иштей турган ийиктин конструкциясын сунуш кылган (кайрадан XIX к. ойлоп табылган), эң биринчи болуп шлюздары[3] ачылып-жабыла турган каналдардын долбоорун түзгөн. Миланда герцогдун инженери болуп кызмат кылган. Өмүр бою илимдердин бардык системасын кайрадан карап чыгуу аракетин көргөн. Оор салмактын таасири менен нерсенин кулашын, эңкейиштеги тегиздикти, блоктун[4] иштешин, своддун[5] жана жиптин чоюлуп асылып турушунун теориясын изилдеген. Физикалык

[1] **труппа** –театр же циркте иштөөчү артисттер коллективи.
[2] **хроника** – окуяларды хронологиялык ирээти менен жазуу.
[3] **шлюз** –суунун деңгээлин жөнгө салып туруу үчүн плотиналарда тургузулган жылма дарбаза.
[4] **блок** – кыры кобулдуу, кобулунан жип өткөзүлгөн жүк көтөргүч чыгырык.
[5] **свод** – эки дубалдын же эки таянычтын ийилип кошулган төбө

жана биологиялык оптиканын, гидро жана аэродинамиканын негизин түптөгөн. Адам өлүгүн ичин жарып, изилдеп, адамдын ички организмдеринин жайгашуусун туура чагылдырган жүздөгөн сүрөт-чиймелерин калтырган. Жердин түзүлүшүн биринчи болуп изилдеп чыккан, кен-байлыктардын жаралышы боюнча туура түшүндүрмө берип, геология илиминин түзүүчүсү деп саналат. Бир нече гениалдуу көркөм сүрөттөрдүн автору (Францияда Лувр көркөм сүрөт музейинде турган «Джоконда»).

Леонардонун долбоорлорунун көпчүлүгү аягына чыгарылбай калып кеткен. Сыягы никесиз төрөлгөн бала катары бир нече жетишпестиктери болгондой, гомосексуалист болгондугуна байланыштуу тукум калган эмес. Францияда өлгөн.

Улуу географиялык ачылыштар-цивилизациялык жарылуу

Инновациялар. Компас географиялык жана магниттик меридиандын[1] багытын көргөзүп туруучу (прибор) аспап. Горизонттун түрдүү жактарына багыт алуу үчүн пайдаланылат. Эң алгачкы магниттүү компас мындан 2 миң жылдан ашыгыраак илгери Кытайда колдонулган. Европада компас XII к. пайда болгон.

Инсандар. Христофор Колумб 1451-1506 жж. жашаган, деңиз саякатчысы. Индияга баруучу кыска жол издөө максатында уюштурулган испаниялык төрт экспедицияга жетекчилик кылган (1492-1493, 1493-1496, 1498-1500, 1502-1504). Американын расмий ачылган күнү деп **1492 ж.12-октябры** эсептелет. Бул күнү Колумбдун кемелери Самана аралына (Багам аралдарына кирет) жеткен. Колумб Саргос жана Кариб деңиздерин, Чоң Антил аралдарынын бардыгын, Кичи Антил аралдарынын бир нечесин жана Багам аралдарын, Түштүк Американын чоң эмес (150 км) тилкесин жана Борбордук Американын жээктеринин (1700 км) бөлүгүн ачкан.

Колумбдун атын Латын Америкасынын бир өлкөсү- Колумбия Республикасы алып жүрөт. Колумбга бир нече эстеликтер коюлган. Американын ачылышынын 500-жылдыгына ал улуу адамдын өмүр жолун чагылдырган телевизиондук сериал тартылган. Көптөгөн тарыхчылар Американын ачылышын адамзат тарыхындагы жаңы доордун башталышы деп эсептешет. «Американы ачуу» деген сөз, бардык башка ачылыштар бириккенде дагы Колумбдун ачылышына тең келе албайт деген мааниде эл арасында кеңири таркап кеткен.

[1] **меридиан** –жер шарынын полюстары аркылуу ой менен жүргүзүлгөн сызык.

Дагы бир деңиз саякатчысы, Испаниянын башка штурманы[1] Америго Веспуччи, Христофор Колумбдун көлөкөсүндө калып кеткен. Ал, А.Охедо менен биргеликте (1499-1500) Түштүк Американын 1600 км Түндүк жээктерин жана 200 км Чыгыш деңиз жээктерин ачкан. Анын экспедициясы Венесуэла булуңунда жана бир нече Кичи Антиль аралдарында болгон. Америго Веспуччи өз алдынча Амазонканын дельтасын[2], Гвиан агымын, Түштүк Американын түндүк жээктерин (1500 км) жана Бразилия тайпак тоолорун картага түшүргөн. Америго Веспуччи атлантиканын арт жагында ачылган континентти Жаңы Дүйнө деп атоону сунуштаган. Бирок, лотарингиялык картограф[3] М. Вальдземюллер 1507 ж. ал материкти Веспуччинин урматына Америка деп атап койгон. 1538 ж. бул аталыш Түндүк Америкага дагы таркап кеткен.

Инновациялар. Картофель (картөшкө) Паслендордун[4] тобуна кошулат. Адегенде Чилиде маданий өсүмдүк катары өстүрүлгөн. Европага 1565 ж. жакын алып келинген. Европанын мелүүн алкагында бир жылдык өсүмдүк. Картөшкөнүн даны углеводдор менен калийге бай, амино-кислоттук курамы боюнча малдыкына жакын белогу бар. Гектарынан алынуучу түшүмүнүн көлөмү 200-400 центнерге жеткен. Картөшкө тез эле адам баласынын негизги азыктарынын бирөөнө айланды. Ал андан башка спирт, крахмал өндүрүшүндө жана малга жем катарында пайдаланылат. Россия жана башка Европа өлкөлөрүндө картөшкө «экинчи нан» деп аталып калган, себеби, эгин түшүмү болбой калган учурларда эл жанын картөшкө жеп куткарып келген. Географиялык ачылыштар менен Европага кофе (1516), шоколад (1521), тамеки (1553), тамакка кошулуучу таттуулар ж.б. алынып келинген.

Европадагы реформация

Инсандар. Мартин Лютер 1483- 1546жж. жашаган. Лютер дыйкандын уулу болгон, атасынын аракетинин аркасында билим алып, Эрфурт университетин “Ыйык жазуунун” доктору наамын алуу менен бүтүргөн. Катуу бороон учурунда жанында бара жаткан досуна чагылган тийип өлтүрөт. Өзүнүн өлүмдөн аман калышын кудайдын керемети деп түшүнгөн Лютер өз өмүрүн Кудайга сыйынууга арнап, монастырга кеткен. Өзүнүн жарыя кылган 95 тезистери жана аларды эл алдында коргогондугу үчүн Лютер чиркөөдөн четтетилген. Ошол жаза жазылган Рим папасынын булласын[5] жана Рим папасынын укуктары жөнүндөгү бардык китептерди

[1] **штурман** – кемелерди, самолётторду, дирижаблдерди жолго баштоочу киши.
[2] **дельта** – дарыянын салаалап куйган жери.
[3] **картограф**- география карталарын түзүүчү адис.
[4] **паслён** – ботаникада – ит жүзүм.
[5] **булла** – Рим папасынын жиберген каты, грамотасы

Виттенбергде студенттер менен профессорлордун көзүнчө өрттөп, Папанын өзүн антихрист[1] деп атаган. Мындай кылыгы үчүн эми Лютерди чиркөө сот жообуна тарткан көптөгөн еретиктердин[2] тагдыры күтүп турган. Алсак, 1415 ж. Пап соборунун чечими жана Ыйык Рим империясынын императору Сигизмунддун үн катпай койгондугунан улам Прага университетинин профессору жана диний үгүттөөчү Ян Гус, диний үгүттү өзүнүн чех тилинде жүргүзүп койгондугу, католик чиркөөсүндө орун алган кыянаттыктардын бетин ачып жана Папа өзүн чиркөөнүн башчысымын деп мыйзамсыз атайт, чынында чиркөөнүн башчысы Куткаруучу кудай өзү" – деп далилдегени үчүн өрттөлгөн болчу.

Бул ирет немис реформаторун саксониянын курфюрсту[3] Акылман Фридрих өзү коргоп, камкордугуна алган. Анын макулдугу менен Виттенгбергде Лютер тарабынан бир нече өзгөртүүлөр киргизилген. Ал монастрларды жаап, храмдарда Христостун колу-бутун керип, жыгачка мык менен кагып койгон элесин калтырып, иконалар[4] менен мощаларды[5] чыгарып салганга буйрук берген, анткени монахчылык менен "ыйыктардын" өлүгүнө сыйынуу **Ыйык Жазууга** карама-каршы келет деп эсептеген.

Храмдар ашыкча жасалгалардан тазаланып, дин адамдары аземдүү, ыксыз кооздолгон кийиминен ажыраган. Литургиянын[6] ордуна немис тилинде үгүт-насыят жана диний гимндерди ырдоо киргизилген. Жети сырдуулуктардан: чокундуруу, причастие[7], конфирмация[8], соборование, тобо кылуу (сырын айтып, кечирим суроо), ника жана поптук наам (священство) – ичинен алгачкы экөөнү гана калтырган. Диний майрамдардан Рождество (Иса пайгамбардын туулган күнү), Пасха (Христостун тирилип кеткен күнү) жана башка көп эмес майрамдарын гана калтырган. Лютер Библияны немис тилине которуп, бардык балдарды сабаттуулукка жана ыр ырдаганга окутуу зарыл деп эсептеген. Бул багытта Саксониялык курфюрстводосунда көптөгөн мектептер ачылган. Кийинчерээк лютерандык өлкөлөрдө XVIII-XIX к. башында балдарга милдеттүү башталгыч билим берүү кирген. Лютер

---

[1] **антихрист**- Христиан дининде- Иса пайгамбардын эң башкы жана акыркы душманы, ал «акыр заман» болор алдында келер имиш.

[2] **еретик** – ересь –үстөмдүк кылып турган динге каршы келген диний окуу.

[3] **курфюрст** – феодалдык Германиядагы императорду шайлоо укугуна ээ белгилүү бир аймактын князы.

[4] **икона** – Христиандар сыйына турган кудай же олуялардын кооздоп тартылган сүрөтү.

[5] **мощи** – адамдын кургак жердеги көрдө жатып кургап калган денеси; элди алдоо үчүн аны динчилер «олуя» деп жарыялап сыйынышкан.

[6] **литургия** (гр.) – Христиандардын кудайга сыйынуу жөрөлгөсү: православиеде- обедня; католиктер менен лютеранстводо – месса.

[7] **причастие** – кудайдын денеси, каны деп ооз тийгизилүүчү нан жана вино.

[8] **конфирмация** – католиктерде баланы жыттуу май менен майлоо ырым-жырымы.

үйлөнүп, балалуу болгон. Лютердин атын Христиан динининбир тармагы болгон- протестантизм же лютеранство алып жүрөт.

Таблица. **Католик, православие жана протестантизм диндеринин ортосундагы айырмачылыктар**

	Католик	Православие	Протестантизм
Уюшкандыгы	Рим папасы башында турган бирдиктүү чиркөө	Бөлөк-бөлөк өз алдынча болгон (автокефалдык) чиркөөлөрдүн биримдиги.	Бирдиктүү уюму жок, чиркөөлүк иерархиянын жоюлушу.
Дин илиминин маңызы.	Ыйык рух бир эле Кудай- Атадан эмес, Кудай-уулдан дагы таркаган. Чиркөө ыйык рухтун сакчысы жана башкаруучу, тескөөчүсү болгондуктан, жарандык бийликтен жогору турат жана эч жаңылбайт.	Ыйык рух бир гана Кудай-Атадан таркаган.	Кудай менен адамдардын ортосунда арачынын кереги жок. Ыйык жазууларды чечмелөө бир эле динаятчылардын (поптор) эмес, дин тутунгандардын дагы укугу.
Адам өлгөндөн кийин анын жаны	Тазалоочу отко түшөт, бирок индульгенция[1] аркылуу отто тазаланууну мөөнөтүн кыскартса болот.	Бейишке же тозокко түшөт.	Жанды кыйноодон куткаруунун жолу-жашоодогу ишеним менен жакшы жүрүм-турум.
Табынуу, сыйынуу жолдору.	Солдон оңду карай чокунат. Ыйык ырыскы деп нан менен оозанат. Чокунганда үстүнөн суу куят.7-8 жаштан динге тартылат. (сүйкөө, майлоо). Негизги майрамы Рождество (Иисус Христостун адам катары жарык дүйнөгө келген күнү).	Оңдон солду көздөй чокунат. Ыйык ырыскы нан менен вино. Чокунганда сууга чөмүлтөт. Чокунган учурдан динге тартылат. Негизги майрамы Пасха (Иисустун жарыкчылык менен кош айтышкан күнү).	Сыйынуунун эки гана түрүн- чокунганды жана ыйык ырыскыдан даам татууну карманышат. Ал эми шаан-шөкөттүү –сыйынуу жөрөлгөлөрүн индульгенция, иконаларды жоюп, үрп-адатты жөнөкөйлөтүү.

[1] **индульгенция**- «күнөөнүн кечирилгендиги» тууралуу Рим папасынын атынан сатыла турган грамота.Бул-чиркөөнүн таасирин чындоо жана динге ишенүүчүлөрдөн акча өндүрүп алуу үчүн иштелген алдоонун бир түрү.

Ыйык адамдар (поп) үчүн	Никеге турбоо убадасы (целибат)[1]	Монахтардан башкасы никеге турса боло берет.	Монахтык[2] жоюлган.
Баалуулуктар системасынын өзгөчөлүктөрү.	Христостун адам экендигине басым жасалып, жарыкчылыкта жашоону жакшыртууга умтулуу.	Христостун кудай катары касиетине басым жасалып, адам баласынын жанын куткаруу негизги милдет деп эсептелет.	Чарба жүргүзүү Кудайга жагарлык иш: байлыкты көбөйтүү кудайга жагарлык иш, экономиканы өнүктүрүүгө түрткү берүү.

Европадагы абсолютизм

Инсандар. Карл V(1500-1558), Ыйык Рим империясынын императору жана Испаниялык король. Карлдын ата-энеси: атасы австриялык эрцгерцог Сулуу Филипп, ал эми апасы испаниялык инфанта[3] Иоанна –күйөөсү өлгөндөн кийин акылынан адашып кеткен. Карл андан башка чоң аталарынын: император Максимилиан Інин жана Испаниялык Фердинанд Vнин мурастарын ээлеп калган. Болочоктогу императордун ден соолугу начар болгон, бирок,ал тынымсыз көнүгүүлөрдүн аркасында ал ооруларын жеңип чыгат. Бара-бара анын бардыгын алдын ала ойлоно билген акылдуулугу, чарчабай иштөө жөндөмдүүлүгү, өжөрлүгү жана кырдаалды терең талдоого алгандан кийинки чечкиндүү аракет кылуу кудурети айкын болгон. Карл V чыныгы абсолюттук монарх экендигин көрсөткөн. Шаарлар өз алдынчалыгынан ажыраган. Испаниялык шаарлардагы коммунерлердин көтөрүлүшү басылган. Испаниялык кортестер (парламент) императордун колундагы тил алчаак куралга айланган. Оппозициянын каршылыгы токтотулган. Аймактарды башкаруу Карл Vнин үй-бүлө мүчөлөрүнө же ишенимдүү адамдарга тапшырылган. Франция менен болгон согуш учурунда Король Франциск I өзү колго түшүрүлгөн. Тунисте мусулман каракчылары талкаланган. Бирок диний биримдикти орнотуу мүмкүн болгон эмес. Карл V нин католиктик реформацияны ишке ашыруу тилеги ишке ашпай, тескерисинче католик реакциясы башталып кетип, Европа жүз жылдай диний согуштардын кучагында калган. Тынымсыз аракет түрдүү оору чакырып,

[1] **целибат**-XIк. Католик динаятчылары үчүн киргизилген милдеттүү түрдө никеге турбоо тартиби.
[2] **монах** – Кечил- дүйнөдүн безип, монастырда жашоочу адам.
[3] **Инфанта** – улуу курагында деле балалык физикалык жана психикалык белгилери кала берген оору

Карл убакыттан эрте карып, 50 жашында өтө улуу жашка барып калган карыяны элестетип калган. 1556 ж. өз кызматынан баш тартып, жашоосун Испанияда улантып, ошол жакта эки жылдан кийин көз жумган.

Инсандар. Вольфганг Амадей Моцарт 1756- 1791жж. жашаган, австриялык композитор, клавесинист[1], органист[2], скрипач, капельмейстер[3].

Моцарт, атасы сыяктуу эле ак сарайдын композитору болуп кызмат кылган. Кичинекей кезинен эле бул «керемет бала» өзүнүн таң каларлык музыкалык жөндөмдүүлүгүн көрсөткөн. Өзүнүн кыска (35 жаш) өмүрүндө гениалдуу композитор 20дан ашык операларды (эң белгилүүлөрү: «Фигаронун үйлөнүү тою», «Дон Жуан»,«Сыйкырдуу флейта»), 50 чакты симфонияларды, андан башка ораторияларды[4], мессаларды[5], контаталарды, Реквием[6], инструменталдык концерттер, камералык- инструменталдык (аспаптык) ансамблдер үчүн, фортепяно үчүн чыгармаларды, вокалдык чыгармаларды чыгарып, жазып калтырган. Моцарттын музыкасында музыка жана сулуулук терең кеткен драматизм менен айкалышып турат. Йозеф Гайдн жана Людвиг ван Бетковен менен катарда Моцарт дагы аспаптык жанрлар системасын (симфония[7], соната[8], квартет[9]) иштеп чыгуу менен байланышкан классикалык стилдин негиз салуучусу болуп эсептелет. Андан башка дагы Моцартты веналык классикалык мектептин өкүлдөрүнө кошүп жүрүшөт. Анын чыгармалары дүйнөдө эң көп аткарылып турган музыкаларга кирет. XIXк. А.С.Пушкин ага арнап өзүнүн «Кичинекей трагедиялар» циклиндеги «Моцарт жана Сальери» чыгармасын жараткан. Ал эми гениалдуу австриялык композитордун татаал бейнесин ачып берүү аракетин, учурдун өтө таланттуу кинорежиссңру Милош Форман өзүнүн «Амадей» деген фильминде (1984) көргөн.2006 жылы дүйнө элдери улуу композитордун 250 жылдыгын белгилеген. Моцарттын музыкаларын миллиондогон адам тааныйт, билет, ал эми аны бар болгону «музыка чыгаруучу» дегендерди сыягы кесипкөй тарыхчылар менен музыка изилдөөчүлөр гана билиши мүмкүн.

---

[1] **клавесин**- клавишалуу эски музыка аспабынын бир түрү.
[2] **орган** – музыкалык аспаптын бир түрү.
[3] **капельмейстер** – хордун же оркестрдын жетекчиси жана дирижеру.
[4] **оратория** – хор, солист-ырчылар жана оркестр үчүн жазылган музыкалуу-драмалык чоң чыгарма.
[5] **мессалар** – органдын же оркестрдин коштоосунда аткарылуучу көп үн менен ырдалган чиркөө хору.
[6] **симфония** – оркестр үчүн түзүлгөн көбүнчө төрт бөлүктүү музыкалык чоң чыгарма.
[7] **соната** – бир нече ыргак жана мүнөздөн турган аспаптык музыкалык чыгарма
[8] **квартет** – төрт аспаптан же төрт үндөн түзүлгөн ансамбль.

Инсандар. Людвиг XIV 1638-1715жж. жашаган. 1643 жылдан Франциянын королу, Бурбондор династиясынан. 1638 ж. Австриялык Анна эгиз уул төрөп, анын бирөө Людовик XIV король болот, ал эми экинчиси «Темир беткапчан» деген ат менен камакта өлгөн. Людовик XIVнү ак сарайдагы жасакерлер «Күн король» деп аташкан. Ал чынында эле абсолютизмдин күзгүсү болгон. «Мамлекет деген бул - менмин» -деген учкул сөздү ал, Париж парламентинде (сотто) айтып, сот кагаздарынын арасынан «ашыкча барактарын өз колу менен жулуп салган» -деп айтылат.Париждин жанындагы атасы курган мергенчилик үйүн көз жоосун алган Версаль сарайына айланткан. Испан королунун кызы Мария Терезага үйлөнгөн. Версалдагы өзүнүн көңүлдөштөрүн ачык эле камсыздап, алардын бирөөсүнөн төрөлгөн жети баласын расмий түрдө өз баласы катары тааныган. Людовик XIV бийликте турган жалпы мөөнөтү (62 жыл) боюнча жана иш жүзүндө өлкөнү башкарган мөөнөтү (54 жыл) боюнча «рекордсмендердин» бири. Людовик XIV өлгөндөн кийин такка Людовик XV деген ат менен анын чебереси олтурган.

Инновациялар. Энциклопедия бул билимдин түрдүү тармактары жана тажрыйбалык ишмердик боюнча системалаштырылган маалыматты камтыган, илимий жана илимий- популярдуу маалымат берүүчү басылма. Энциклопедиялар универсалдуу жана тармактык, улуттук жана аймактык, көп томдук жана бир томдук болуп бөлүнөт.

«Энциклопедия» аталгысы грек тилинен «көптөгөн чөйрө боюнча билим» же «билимдин бардык чөйрөсү боюнча үйрөтүү, окутуу» - деп которулат. Биз карап, окуучуларга сунуш кылып жаткан окуу куралындагы цивилизациялык өнүгүүнүн модели (үлгүсүндө), адамдардын топтогон тажрыйбасы үч бөлүмгө бөлүнгөн. «Адам жана Табигат» деп аталган чөйрөдө топтолгон билим так жана табигый илимдердин комплексинде (табият таануу) белгиленген. «Адам менен Адам» деп аталган чөйрөдө топтолгон билим коомдук жана социалдык илимдерге (коом таануу) чагылдырылган. «Адам дүйнөсү» бөлүмүндөгү билимдер гуманитардык илимдерге «адам таануу» белгиленген.

Энциклопедиялык мүнөздөгү эмгектер Байыркы мезгилдерден жана орто кылымдардан белгилүү. Бирок, алгачкы расмий басылма, англичан Э.Чемберлен тарабынан жазылган «Энциклопедия же кол өнөрчүлүк менен илимдердин Жалпы сөздүгү» болуп эсептелет. Ал басылманы француз тилине которууга француз басмакана ээси А.Ф.Ле Бретон философтор Д.Дидро менен Ж.Л.д” Аламберлерди тарткан. Алар сөздүктүн көлөмүн көбөйтүп, ага талаштуу максаттарды кошушуп, ошону менен бул китеп

Агартуу доорунун төл(знаковый) манифестине айланган. Д.Дидро 6000, ” Аламбер – 1600 макала жазган. Басылманын башкы редактору менен философтор: Вольтер, Руссо, Монтескье, Гольбах, скульптор Э.Фальконе, архитектор Ф.Блондель ж.б. кызматташкан. Иш 30 жыл бою (1751-1780) уланган. Макалалардын 17 тому жана иллюстрациялардын[1] 11 тому даярдалган. Алгачкы 4миң даанасы тез эле тарап кеткен. Кийинки басылмасында көлөмү кичирейтилип, иллюстрациялардын саны азайтылган, кагаздын сапаты начарлап, баасы дагы түшкөн, ошондуктан китепти сатып алуу мүмкүнчүлүгү сүткорлордо (рантье), нотариустарда, мугалимдерде, адвокаттарда эле эмес, студенттерде дагы пайда болгон.

Азыркы илим билимдин көлөмү ар бир 15-20 жылда эки эсеге өсүп жатат. Ошондуктан энциклопедиялар менен справочниктер[2] тез-тез басылып чыгып турат жана коомдун абалын чагылдырат. Эң чоң энциклопедиялар: Америка энциклопедиясы («Америка», АКШ), Чоң Советтик энциклопедия, Брокгаузен менен Ефрондун энциклопедиялык сөздүгү (Орусия), Британия энциклопедиясы («Британика», Улуу британия жана АКШ), «Чоң Ларусс» (Франция), « Чоң Брокгауз жана Мейердин энциклопедиялык сөздүгү »(Германия), Универсалдуу иллюстрацияланган европа –америкалык энциклопедия («Эспаса», Испания). Ар бир маданияттуу үй-бүлө дайыма пайдалана турган энциклопедиялык басылманы сатып алууга умтулган. Акыркы жылдарда заманбап маалымат сактоочу техникалык жабдыктарда алгачкы энциклопедиялык басылмалар пайда болду. Мисалы, бир ДVД – дискисинде «Брокгауза жана Ефрон» жана Чоң советтик энциклопедиясынын 30 томдугу баткырылган.

Инновациялар. **Икебана** Японияда таркаган гүлдөрдү аранжировкалоо[3] искусствосу: бул композиция өзү Икебананын мыйзамдары боюнча жасалат. XV к. пайда болгон.Икебанага үч компонент кирет: табигый материал (гүлдөр, бутактар, жалбыректар ж.б.); ваза, темир төөнөгүч («кэндзан»).Эң негизги эстетикалык принцип- материалдын табигый кооздугун пайдаланып чыгарылган назиктик Икебананы курчап турган табигатка өтө аяр мамилеси менен айырмаланган япондуктарга мүнөздүү көрүнүш деп эсептешет. Мындай табигатка болгон аяр

[1] **иллюстрация**- сүрөт менен жабдуу; мисалдар менен түшүндүрүү; көрсөтмөлүү кылуу.
[2] **справочник** – белгилүү бир маселе тууралуу маалымат берүүчү китеп.
[3] **аранжировка** (фр.тартипке келтирүү) – өсүмдүктөрдү (гүлдөр, декоративдик бутактар, жалбыректар) вазалар*, корзинкаларга, гирляндаларга*, венокторго* көркөмдөп салуу.
гирляндалар – тасмага же чынжырга окшотуп өрүлгөн гүл же жашыл чөп.
венок –гүлдөн же чөптөн жасалган тегерек кооз түрмө.
ваза – жемиш,гүл салынып, кооздук үчүн коюла турган идиш.

мамиленин калыптанышын тез-тез болуп туруучу Зилзала (жер титирөөлөр) менен байланыштырышат. Япондуктар өздөрүнүн ушундай эстетикалык жөндөмдөрүн XX к.экинчи жарымындагы жаратмандыгына пайдаланышып, өнөр жай продукцияларынын: телевизор, автомобилдер, кемелери ж.б. дизайндарында[1] билгичтик менен колдонушкан.

XVI-XVII кк. Москва падышачылыгы: калыптанышы, кризистер, реформалар

Инсандар. Каардуу Иван IV (1530-1584, 1533 жылдан башкарган) – Василий III нүн уулу. Болочок падыша адам өлтүрүү, кордук көрсөтүү менен коштолгон падыша сарайында болуп турган төңкөрүштөрдүн кырдаалын көрүп өскөн. Ошондон болсо керек кийин анын мүнөзүндө дагы шек саноо, аңо сезими жокко эсе, бирөөнү кыйнап кордоодон ырахат алуу калыптанган.

Расмий түрдө 7 жолу үйлөнгөн. Биринчи аялынан төрөлгөн уулун өзү өлтүргөн, ал эми Рюриковичтердин акыркы мураскери – Федор 1584-1598 жж. бийлик кылган. Иван IV маанилүү реформаларды жүргүзүп, падышалыкка расмий түрдө 1547ж. тактыга олтургузулган, бирок, иш жүзүндө контрреформалык опричнина[2] саясатын (1565-1572) жүргүзгөн. Иван IV өзүнүн карамагына Казан, Астрахан, Сибир хандыктарын кошуп алып, Ливон орденин жок кылган, бирок, өзү Ливон согушунда жеңилген, 1550 ж. падышалык Судебникти бекиткен.

Падыша Каардуу деген аталышты өзүнүн репрессия[3] жана террордук[4] саясатынан улам алган. Анын оор, аңсуз катуу жана шек саноочулук мүнөзү өлкөнү башкарууга дагы өз таасирин берген. Тарыхта аты калган инсандардын ичинен талаштуу фигуралардын бири. Сөөгү Кремлге коюлган. Эстелиги жок.

Инсандар. Ермак Тимофеевич атамандын аты көп: Ермак (казактар арасында бардыгы үчүн ботко бышырылган казанды «Ермак» деп айтышкан), Ермил, Герман, Василий, Тимофей, Еремей ж.б.-деп аталган.

---

[1] **дизайн**- (англ. – долбоорлоо, конструкциялоо) – өнөр жай продукцияларын, имараттардын бет маңдай жагын, имараттардын интерьерлерин* көркөм долбоорлоо **интерьер** (фр. ички) – имараттардын ички бөлүгүн архитектуралык көркөмдүк жактан жасалгалоо

[2] **опричнина** – Каардуу Иван IV-падыша болуп тургандагы-мамлекеттин бир бөлүгү, бул бөлүк падышанын өзүнүн башкаруусунда турган жана күчтүү борбордук бийлик түзүү үчүн жүргүзгөн күрөштө падышага жөлөк болгон. 2. ошол кездеги атайын войсколор.

[3] **репрессия** – жазалоо, кысымдоо, жаза чарасы, жаза берүү.

[4] **террор** – саясий душмандарга карата колдонулуучу зордук, аларды өлтүрүү.

Анын качан жана кайсыл жерде төрөлгөндөгү боюнча так маалымат жок. Белгилүү болгону жыйырма жылдай Орусиянын түштүк чек арасында татарлардын кол салуусуна каршы жиберилген отрядды баштап согушкан. Анын Ливон согушуна катышкандыгы дагы айтылат. Ал эми жортуулга аттанганы 1581 жылга туура келип, кол алдында 1650 адамы, 300 дөй жазайылы[1] жана 3 замбиреги болгон. Ермакты бул жортуулга Строгановдор деген бир тууган көпөстөр камдап жөнөтүшкөн. Алардын транспорту 20 адам, курал-жарактын жана азык-түлүктүн запасы бата турган кайыктар болгон. Ермактын дружинасы Кама,Чусовой, Серебрянка, ал эми Уралдан Чыгышка карай Тагил жана Тур дарыялары менен уланган. Ошондон ары Сибир хандыгынын жери башталап, сибир татарлары менен алгачкы кагылышуулар орун алган. Казактар Тобол дарыясы менен сапарын улантып, чакан шаарчаларды ээлеп, ошолорду өздөрүнүн таянычы катары пайдаланышкан.

Ермак жөндөмдүү жоокер жана кол башчы экенин көрсөтөт. Татарлар бир жолу да алардын кербенине күтүүсүздөн кол сала алышкан эмес. Ал эми күтүлгөн татарлардын кол салуусуна казактар адегенде жазайыл менен ок чыгарып, алардын мизин кайтарып алып, анан чабуулга өтүшкөн. 1582 ж. сентябрында Ермактын отряды Чуваш тумшугунда канзаада Маметкулдун он миңдей жоокерине сокку уруп, Маметкул өзү жараланган. Хандын жоокерлери бет алды качып таркай баштаган. 1582 ж. октябрында Күчүм Хан өзүнүн борбору Искер шаарын (же Кашлык, азыркы Тоболскиден 17 км.), андан башка Обь жана Иртыш дарыяларынын аймактарындагы жерлерин таштап кетүүгө аргасыз болгон. Мына ошентип, казак Ермак Тимофеевич орус падышасына Батыш Сибирди багындырып берген. Ал Күчүм хандан айырмаланып, жергиликтүү элге эгедер, мансапкор адамдарды өтө капа кылбай, өзүнө тартып жүрүп олтурган. Казактар Батыш Сибирге, жалпы эле болочоктогу мунай менен газга бай адам баласы өздөштүрө элек аймактарга европалык колонисттер Америка жерине барардан жыйырма жылдай мурун келишкен.

Унутта калган Нидерланд революциясы

Жаңы тарых доорун Англиядагы буржуазиялык революциядан баштоо салтка айланып калып, андан мурун 1566-1609 жж. болуп өткөн Нидерландиядагы революциясы унутта калып келет.

XVI к. Нидерландия (« деңиз деңгээлинен төмөн жайгашкан жерлер») Европадагы калк эң жыш жайгашкан аймак болгон. Анча чоң эмес аймакта Шельд, Маас жана Рейн дарыяларынын төмөнкү агымындагы жерлерде 3

[1] **жазайыл** – пищаль – мурунку мезгилдеги оор мылтык.

млн адам, 300 шаар жана 6500 айыл кыштактар жайгашкан. Ошол жерде цехтик кол өнөрчүлүктөн мануфактурага өтүп, нооту (сукно), парусина деп аталган (калың кендир кездеменин бир түрү) кемеге зарыл шаймандар чыгарыла баштаган. Дүйнөдө биринчи жолу болгон буржуазиялык революциянын натыйжасында Нидерландияда дүйнөдөгү эң алгачкы буржуазиялык республика пайда болгон.

Инновациялар. Революция бул аталгы (термин) көбүнчө саясий бийликтин жана мамлекеттик түзүлүштүн алмашуусун мүнөздөгөн учурларда пайдаланылат. Адатта, коомдук турмуштагы чечкиндүү төңкөрүш радикалдык өзгөрүүлөрдү жактаган жана эл массасын чечкиндүү аракеттерге үндөгөн партия жана партиялар тарабынан күч колдонуу менен коштолот. Саясий революция коомдогу социалдык карама- каршылыктардын өтө тез курчушунан келип чыгат. Адегенде революциялык кырдаал, башкача айтканда, тандап алуу кырдаалы жаралат. Эгерде бийлик реформаларга, эпке келүүгө барбаса же оппозицияны басып, анын чечкиндүү аракеттеринин алдын ала албаса, анда революция эл үчүн акыркы кадам (аргумент) болуп калат. Элдин революцияга баруу укугун агартуучулар, «коомдук келишимдин теориясын» түзүүчүлөр негиздеген. Эгерде бийлик эл ишенип берген башкаруу милдеттерин аткара албай калса, жөндөмсүз болсо, анда эл андай бийлик адамдарын, керек болсо күч колдонуу менен дагы бийликтен четтетүүгө акылуу.

Томас Джефферсон (АКШнын болочоктогу үчүнчү президенти) өзүнүн 1787 ж. Дж.Медисонго жазган катынан төмөндөгүлөрдү окууга болот:«Менин көз карашымда маал-маалы менен боло калып жүргөн анчалык чоң эмес козголоңдор жакшы эле нерсе –алар саясий дүйнөдө – физикалык дүйнөдө болуп туруучу бороон сыяктуу зарыл нерсе. Ийгиликсиз аяктаган козголоңдор бийлик тарабынан элдин козголоңго болгон укугун чектөө аракетине жол ачат. Көтөрүлүштөрдүн чыныгы пайдасын түшүнө билген республиканын бийлик эгедерлерин, козголоңго катышкан элди жазалоодо- алардын үмүтүн үзүүгө өтө эле кызыга бербөөлөрү шарт.Өкмөттөр ден-соолугу жакшы жана акылы жайында болушуна дары катары көтөрүлүштөр болуп турганы дурус». Ошол эле Т.Джефферсон У.С.Смитке 1787 ж. жазган катында: «Эркиндиктин дарагын мезгил-мезгили менен тирандар жана патриоттордун каны менен сугарып туруш керек. Бул анын табигый жер семирткичи (азыгы)»- деп жазган.

Инсандар. Рембрандт Харменс ван Рейн 1606-1669жж. жашаган голландиялык живопись[1] жана график[2] сүрөтчү. Анын чыгармаларын башкалардыкынан терең психологиялык мүнөздөмө, живописте өзгөчө чебердик жана күн нуру менен көлөкөнүн эффективдүү берилиши айырмалап турат. Рембрандт портреттердин автору, анын ичинде тобу менен тартылган портреттер («Түнкү дозор[3]».1642; «Ыйык үй-бүлө», 1645). Бир нече сүрөттөрү жомокторго («Даная»,1636),динге («Давид менен Урия», 1665) жана тарыхый сюжеттерге[4] («Юлий Сивилистин заговору[5]»,1661) арналган. Анын чыгармаларында живопись өзгөчө эмоционалдуу[6] ачык-айкындуулукка ээ.

[1] **живописец** – боёк менен сүрөт тартуучу художник.
[2] **графика** – сызыктар жана штрихтер менен сүрөт тартуу искусствосу жана да ошол искусствонун чыгармалары.
[3] **дозор** – кичинекей чалгындоочу отряд.
[4] **сюжет** – көркөм чыгарманын негизги мазмунун көрсөтө турган аракеттердин, окуялардын жыйындысы.
[5] **заговор** – болуп турган бийликке каршы бир нече адамдын өз ара жышырын сөз бекитип, аракеттениши.
[6] **эмоционалдуу**- сезимге тез берилүүчү, тез таасирленүүчүлүк

III БӨЛҮМ: Индустриалдуу цивилизациянын жаралышы жана дүйнөлүк өнүгүүнүн карама-каршылыктары (XVIII-XIXк. I жарымы)

Европадагы XVI-XVIII кк революциялар

Париж дүрбөлөңгө түшкөндө:

Француз революциясы жана Наполеон согуштары

“1640-жылдардагы Француз революциясынын улуу жана теңдешсиз чындыгы түбөлүккө жашай берет, аны биз шаан-шөкөт, эстеликтер, ажайыптар менен чулгап салдык. Бул чындыктар өлбөйт. Революциянын алгачкы кара тактарын биз даңктуу жеңиштер менен жууп салдык”.

Наполеон Банапарт.

Европа үчүн француз революциясынын ролу эбегейсиз чоң. Дал ошол революциядан кийин буга чейин солк этпеген абсолюттук монархиялар кыйрап, орто таптардын башкаруусундагы улуттук мамлекеттер түзүлө баштаган.

Революция террордон башталган

XVIII к. ортосунан, **Агартуучулук доорунан** эле, Францияда абсолютизмди жоюу жана курамына түрдүү (сословиелердин) катмарлардын өкүлдөрү катышкан башкаруу системасын түзүү чакырыктары угула баштаган. Кылым аягына глобалдуу өзгөрүүлөргө кырдаал бышып жеткен. 1788 ж. Людовик XVI өлкөгө оорчулук туудурган согуштардын экономикалык кесепеттерин жою максатында салыктын өлчөмүн дагы бир жолу көтөргөн – бул кадам революциянын отун тутанткан учкун болуп калган. 1789 ж. 14 июлунда Париждин жашоочулары король бийлигинин символу болуп калган Бастилия чебине чабуул кое баштаган. Бир эле учурда ар жерде дыйкандар көтөрүлүшү жүз берген. Август айында революционерлер түзгөн Улуттук чогулуш мыйзам алдында бардык жарандардын тең укуктуулугун жарыя кылган “Адамдын жана жарандын укугунун Декларациясын” кабыл алган.

1793 ж. январында башталышында аша чаппай, болгону конституциялык монархияны орнотууну максат кылган революция (радикалдуу) чечкиндүү кадамдарды жасай баштайт. Король өлтүрүлүп, Франция республика болуп жарыяланат. Анын урааны: “Эркиндик, теңдик, бир туугандык!” деп кабыл алынат. Ушул учурдан Робеспьердин жетекчилиги астындагы якобинчилер кыймылынын террорчулук мезгили башталган. Жаңы саясатка макул болбогондор түрмөгө салынып, көпчүлүгү өлтүрүлгөн. Бардыгынан көп жапа чеккендер мурдагы башкаруучу тап, анын аристократтары болуп калган Француз революциясынын эң кандуу мезгили

аталып калган якобиндердин террору учурунда гильотина[1] бир күн дагы бош турган эмес. Бир нече ай ичинде эле 18 миңдей адамдын башы алынган.

“Эгерде жай турмушта элдик башкаруунун куралы изгилик, жакшылык болсо, революция мезгилинде ал милдетти изгилик дагы, террор дагы бир учурда аткарып калат: изгилик болбосо террор кыйроого алып барат, ал эми террорсуз изгиликтин күчү жетпейт”.

М. Робеспьер

Наполеон бийлике келет

Якобинчилердин ашынган таш боордук аракеттери нааразычылыктарды күчөтүп, өздөрүнүн ичинде алардын лидерлерине каршы уюмдашкан кыймыл башталган. Робеспьер колго түшүрүлүп, анын душмандары кандай өлтүрүлсө өзү дагы ошондой өтө ыкчам, тергөөсү,соту жок гильотинага жөнөтүлгөн. Ушундан кийин уюшкан кыймылдын мүчөлөрү эки палатадан турган жаңы бийлик органы –Директорияны түзүшөт. Ал төрт жыл бою оппозицияда турган якобинчилер менен роялисттердин тынымсыз чабуулуна кабылып, араң бийлик жүргүзүп келген. 1799 ж. жаңы козголоң башталып, эми Директорияны бийликтен кулатуу аракети башталган.

Козголоңчуларга аскерлердин колдоосу керек болуп, жаш бирок, өтө келечектен үмүттөндүргөн Наполеон Бонапарт аттуу аскер башчыга жардам сурап кайрылышат. Ал макулдугун берип, төңкөрүш ийгиликтүү аяктап, Бонапарт жаңы өкмөткө мүчө болуп калат. Бирок ал, аны менен эле чектелип калгысы келген эмес. Кыска убакытта эле ал өзүнө көптөгөн тарапташтарды топтоп, бийликти басып алган. Наполеон өлкөнүн жалгыз башкаруучусуна айланып, иш жүзүндө революцияны тынчытып, анын идеалдарын дагы жок кылган. Бирок ал абсолюттук монарх болгон эмес, жарандарга көптөгөн укук кепилдигин берген **конституция** иштелип чыккан жана кабыл алынган.

Наполеонго Орусиянын каршылыгы

Наполеон Франциянын консулу болуп келген учурда, өлкө Австрия жана Улуу Британия менен согуш абалында эле. Бийлик жүргүзгөн бир жылдан кийин, 1800 ж. Наполеондун аскерлери австриялыктарды талкалап, Франция Түндүк Италиянын үстүнөн болгон бийлигин өзүнө кайтарып алган. Ошондон кийин эми Англияга кол салуугу камданат.Ага жооп кылып Англия-Австрия, Россия, Швеция өлкөлөрү менен коалициялык келишим

[1] **гильотина** [француз дарыгеринин (1738-1814) фамилиясынан]- 1792 ж. Француз революциясынын учурунда өлүмгө буюрулгандардын башын алуу үчүн ойлонуп табылган машина

түзүүгө үлгүрөт. Анда Франция Австрияга кол салып жеңишке жетишет. Андан көп өтпөй Британия менен деңиз салгылашуусу жүрүп, француздар жеңилүүгө дуушар болуп, эми көңүлүн коалиция мүчөлөрүнө бурат. Бул ирет Наполеондун аскерлери Аустерлицтин астындагы салгылашууда Россия менен Австриянын биргелешкен күчтөрүн талкалоого жетишкен.

Жогоруда аталган согуштардын жыйынтыгында ЫЙык Рим империясы кулап, Пруссиядан башка немис княздыктарынын бардыгы Наполеондун империясына бириктирилген. Пруссия болсо Орусияга кошулуп, ал экөөнүн тең аскерлери жеңилүү ызасын тартышкан. Наполеон Борбордук жана Батыш Европаны өз кучагына алган эң чоң империяны түзүп, Франция кыска убакытка болсо дагы континенттеги эң башкы державага айланган. 1812ж. Наполеон ошол учурга салыштырмалуу өтө көп сандуу 600 миң адамга жакын аскер топтоп Орусияны карай бет алган. Москвага чейин ал тез эле жетип барган, бирок ошону менен анын Европа боюнча салтанаттуу жүрүшү аяктаган. Москва өрттөлгөн, бирок багынган эмес, каардуу орус кышы башталып кеткен. Жоокерлерге азык-түлүк менен кийим жетпей, көптөгөн чакырымга созулуп калган наполеондун аскерине каршы чыныгы партизандык согуш жүргөн. Узак аралыкка артка чегинүү учурунда Наполеондун аскери талкаланып жок болгон.

Француздарды кубалап жүрүп олтурган орус аскерлери Европа өлкөлөрүнөн колдоо таап, 1814 ж. союздаштар Парижге кирип барган. Наполеон бийликтен баш тартууга мажбур болуп, Эльба аралына сүргүнгө айдалган.

Наполеон алгачкы сүргүндөн качып кеткен. Анын миңге чукул тарапташтары калып, алардын катарын Наполеон тарапка өтүп кеткен жоокерлерден толуктап, кайрадан бийлике келген. Бийликте Наполеон жүз күн туруп, Ватерлоонун алдындагы салгылашууда биротоло жеңилет.

Америка Кошмо Штаттары: көз карандысыздык үчүн согуш

“Мен, турмуштагы бардык жакшылык менен жамандык көз каранды болгон, табигат ыроологон баа жеткис белек эркиндикти коргош үчүн эч ойлонбой колуна курал алыш керек деп ойлойм. Бирок, айткан оюмду толуктап койоюн, курал алуу бул акыркы кадам”.

Дж Вашингтон.

Мурдагы британиялык колониялар Америка Кошмо Штаттары деп аталган алгачкы документ 1776 ж. 4-июлунда кабыл алынган Көз карандысыздыктын Декларациясы болгон. Бул Америка революциясынын негизги жыйынтыгы.

Кантка, чай жана гезиттерге салыктар

Революцияга чейин Америкадагы колониялар үч түргө бөлүнгөн: британия таажысынын ээликтери, республикалар, жеке ээликтер. Эң чоң шаары Филодельфия, чоңдугу жагынан экинчи Нью-Йорк болгон.

Америкадагы революция өтө узак мезгилде барып бышкан, бирок анын катализатору Британиянын жүргүзгөн саясатына нааразылыктар болуп калган. 1770-жылдарда кылым башындагы мезгилге салыштырмалуу. Американын калкы он эселеден да көбүрөөккө өскөн. Анын себеби калктын көп төрөлүп табигый жактан көбөйүүсү эле эмес, Европанын түрдүү өлкөлөрүнөн агып келген иммиграциясы дагы роль ойногон. Мурунку мезгилде колонисттердин көпчүлүгү англичандар болгон, ал эми айтылып жаткан учурда алардын 1/3 дүйнөлүк диндердин бардыгын камтыган башка улуттардын өкүлдөрү түзгөн. Ушундай ар кошкон элди башкаруу Британия үчүн оңой эмес эле, анан калса ал келгиндер Британияны өз мекени катары эсептебей жана анын бийлигин дагы тааныгылары келген эмес.

Революциянын чыгышына алып келген эң олуттуу себептерге Англия тараптан киргизилген экономикалык чектөөлөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот. Метрополия колонияларынын негизги милдети Англиянын гүлдөп өсүшүн камсыз кылуу деп эсептеп, аларды өздөрүнүн баюусу үчүн пайдаланган. Колонияларга Британиядан башкалар менен соода кылууга тыюу салынган. Алар англиялык товарларды гана колдонуп, салыгын төлөөгө милдеттүү болушкан, ошол эле учурда өздөрүнүн өнөр жай өндүрүшүн өнүктүрүүгө дагы болбойт эле, анткени алар Англияга атаандаш болуп калмак. Америкалык фермерлер дагы англиялык көпөстөрдөн көз каранды эле, себеби, алардын өндүргөн продукциясын ошол англиялык көпөстөр гана сатып алып турган.

1760-1770-жылдары бир нече жаңы актылар (чечимдер, токтомдор, указдар) чыгарылган: Кант актысы (Англияга ташылып киргизилген кантка салык), Герб алымы (мөөргө салык), Квартирьер[1] актысы (колонистерди англиялык аскерлерди үй-жай жана тамак-аш менен камсыз кылууга милдеттендирген), андан башка (чай, кагаз, айнек ж.б.у.с.) товарларга салыктар киргизилген. Бул чечимдер колонисттер арасында нааразычылыктарды жараткан.

Америкалык революция учурунда колонистер “Өкүлчүлүк жок салык жок!” деген ураан көтөрүшкөн. Чечмелеп айтканда колонисттер өз өкүлчүлүгүн британ парламентине кошмоюнча, салык төлөө болбойт деген ойду билдиришкен. Ал гана эмес колонисттер арасында Британия менен

[1] **квартирьер** – аскерлер жолдо бара жаткан кезде, конуш чалуу үчүн илгери (алдыга) жиберилген аскер кызматчысы.

соода жүргүзүүнү толук токтотуу чакырыктары чыга баштаган. Жыйынтыгында америкалык колониялардын өкүлдөрү, андан ары кандай кадамдарга баруу маселелерин чечүү максатында Биринчи Континеттик конгресске чогулушкан.

Бостондогу кыргын жана чай ичүү

1770 ж. “Бостондогу кыргын” деген атка конгон көчөдөгү кагылышуу – англиялык аскерлер куралсыз адамдар тобуна ок аткан окуя болуп өткөн. Анда бир нече адам өлүп, колонияларды нааразычылык толкундары каптаган. Бул окуя болочок революциянын алгачкы белгиси болуп калган.

Экинчи белги деп “Бостондогу чай ичүүнү” аташат: чайга салык салынганына нааразы болгон Бостон шаарынын тургундары үстүнө чай жүктөлгөн англиялык кемелер токтоп турган гаванга[1] барышып, жүктү деңизге ыргытып жиберишкен. Аларга жооп кылып Англиянын өкмөтү колонисттердин эркиндигин чектеп жана экономикалык укугун басынткан дагы бир нече актыларды кабыл алат.

“Эгерде эл, мамлекетке: алар эмнени жеп, кандай дарыларды иче тургандыгына чейин чечкен мүмкүнчүлүк берип койгон болсо, анда, тираниянын таманы астында кыйналган жаны сыяктуу эле, элдин денеси дагы ошондой кейиштүү абалга жетет”.

Томас Джефферсон

Бүт Америка боюнча революциялык уюмдар түзүлө баштап, алардын өзөгүн – реформалар сезилерлик деңгээлде тийген жөнөкөй жумушчулар менен фермерлер түзгөн. Башкаруучу таптар болсо, революция тереңдеп кетип, өз артыкчылыктарынан ажырап калабызбы деп кооптонушуп олку-солку абалда калган. Ошентсе дагы революциялык кыймылды колониялардын дээрлик көпчүлүк калкы колдоп кетип, кыймылдын катышуучулары ушундай Британияны, кубаттуу державаны жеңип чыгышкан.

Жашасын көз карандысыздык!

1775 ж. Англия колонияларга киргизилген салыктар менен актылардын көпчүлүк бөлүгүн кайра карап чыгуудан баш тарткандан кийин, карама-каршы күчтөрдүн ортосунда куралдуу кагылышуулар башталып кеткен. Адегенде британиялыктар жеңилүүгө дуушар болуп, андан кийин аскер – деңиз күчтөрүн революцияга каршы күрөшкө тартып чабуулга өтөт.

[1] **гавань** – деңиздин жээгинде кемелер токтоп, жүк жүктөп, жүк түшүрүү үчүн арналган жай.

Мындай абалга крабастан 1776 ж. **Көз карандысыздыктын Декларациясы** – деген документ жазылып, жарыяланат. Анда америкадагы 13 колония өздөрүн Британиядан көз карандысыз, эркин штаттар деп жарыялашат. Азырынча кагаз жүзүндө **Америка Кошмо Штаттары** (АКШ) жаралган. Декларациянын идеяларын турмушка ашырыш үчүн дагы бир нече жыл салгылашууга туура келген.

Көз карандысыздык үчүн күрөшкөндөрдүн аскерлери уюшкандыгы начар, британиялыктардын аскерине профессионалдык жактан дагы жеткен эмес, бирок, алардын күчү колдоп турган жергиликтүү калктын деминде эле. Бул согушта өңү кара негр кулдар дагы жигердүү катышып, аларга колонисттер эркиндик менен жер берүүнү убада кылган. Англичандардын эң чоң баш ооруткан көйгөйү согушуп жаткан аскерлерине өз убагында азык-түлүк, курал-жарак жана башка зарыл муктаждыктарын жеткирип туруу болгон. Көз карандысыздык үчүн согуштун аяк ченинде бул көйгөй абдан оор кырдаалга айланып кеткен. Колонисттерге күч берген , аларды колдоп Франциянын согушка кириши болду. Ошондон тарта согуштун тагдыры алдын-ала чечилип калган. Англия жеңилгенден кийин 1783 ж. АКШнын көз карандысыздыгын бекиткен Версаль келишимине кол коюлган.

Англиялык буржуазиялык революция

Америкадагы колониялардын көз карандысыздык үчүн согушу оош-кыйышы болуп олтуруп 8 жылга созулган. 1783 ж. Англия америкалыктардын көз карандысыздыгын таанууга мажбур болду. Америка эли өз тагдырын өзү чечүү укугун коргоп калды. Калыптанып баштаган буржуазиялык коомдун баалуулуктары, жарандардын укугунун жарыяланышы жана республикалык түзүлүштүн курулушу: Көз карандысыздыктын Декларациясында (1776 ж.4 июль), Америкалык Конституцияда (1787), Укуктар жөнүндө Биллде бекемделген.

Инсандар. Оливер Кромвель 1599-1658 жж. жашаган. Өтө бай эмес жаңы дворяндын үй-бүлөсүндө чоңойгон. Чарбасын капиталисттик нукта жүргүзүп, соода менен алектенген. Согуш ишине капитан чини менен катышкан. Өзүнүн атчандар (кавалеристтик) полкун согуш ыкмаларына үйрөтүүгө көп күч сарптаган. Анын жоокерлери темир соот кийип, согушта өтө өжөрдүк менен согушкандыктан, аларды «темир капталдар» деп атап коюшкан. Кромвель өзү күч- кубаты мол, эрки күчтүү, койгон максатына жетүү үчүн өжөр, сөзгө чечен жана уюштургуч жөндөмүнө ээ адам болуп калыптанган. Ал өзү түзгөн «жаңы үлгүдөгү» революциялык аскери менен

1645 ж. июнунда Нейзби кыштагынын жанында королдун аскерин бытчытын чыгара талкалап, жеңишке жетишкен. Кромвель королду Францияга жардам сурап кайрылгандыгы үчүн саткын деп айыптап, аны өлүм жазасына буйругандардын бирөө болгон. Анан калса, Карл I жарандык согуш чыгарып, жеңилип калган. Бара-бара Кромвель өзүнүн аскерине таянып алып, анык диктаторго айланып кеткен. Англияда монархияны кайрадан калыбына келтиргенден (реставрация) кийин Кромвелдин жана анын жакын шакирттери Айртон менен Бредшоулордун сөөгү жерден кайрадан казылып алынып, дарга асылып, анан өрттөлүп, күлү шамалга чачылып учурулган.

Инновациялар. Коомдук келишим Нидерландия жана Англиядагы революциялар коомдук аң-сезимдин өнүгүүсүнө түрткү берди. Голландиялык Гуго Гроций, англиялык Томас Гоббс менен Джон Локктор, француз Жан-Жак Руссо, америкалык Томас Джефферсон мамлекеттин пайда болушу жана өз милдетин аткаруусун түшүндүрүп берүүчү теорияны иштеп чыгышкан. Алардын ою боюнча мамлекет адамдар ортосунда жетишилген келишим боюнча жаралат.Бул келишимге ылайык адамдар мамлекеттин пайдасына өздөрүнүн табигый укугунун бир бөлүгүнөн баш тартат. Ал эми мамлекет болсо өз жарандарынын менчигин коргоп, коопсуздугуна кепилдик берет.

Жан-Жак Руссо өзүнүн «Коомдук келишим жөнүндө» деген трактатында (1762), адамдар жаралгандан «асылзат жапайылар», ошондуктан алар, “Чоң демократиялык коомдун бир бөлүгүнө айланганда гана өзүнүн моралдык жана жарандык жоопкерчилигине ээ болот”- деп жазган. Ал эми Т.Джефферсон болсо, адамдын табигий укугунун сакталышы коомдук келишимдин негизги шарттарынын бири деп эсептеген. Бийлик өз милдетин начар аткарган шартта эл өзүнүн укугунан пайдаланып, андай бийликти керек болсо революция аркылуу алмаштыра алат деп белгилеген.

Колониядан көз карандысыздыка карай: америкалык цивилизациянын калыптанышы

Тексттер. АКШ Конституциясынан үзүндүлөр

«Конгресс төмөндөгү мааниде мыйзамдарды чыгарбаш керек: кандайдыр бир динди жайылтуу же адамдын дин тандоо укугун чектөө, сөз эркиндигин же басма сөз эркиндигин же тынчтык жолу менен чогулуп, Өкмөткө бийликти кыянаттык менен пайдаланууну токтотууну талап кылган петиция[1] менен кайрылуу укугун чектеген... элдин курал алып жүрүү жана

[1] **петиция** – Жогорку өкмөткө жазылган көпчүлүктүн өтүнүчү, суроосу.

сактоо укугу чектелбейт... Элдин менчиги, үй-жайы, кагаздары жана мүлкү жөнү жок тинтүүгө же камакка алынбайт... эч ким кылмыш иши тергелип жаткан учурда өзүн-өзү каралоого мажбурланбайт; мыйзамдуу соттук териштирүү болмоюнча эч кимдин өмүрү, эркиндиги жана мүлкү кыйылбайт жана тартылып алынбайт ... адилеттүү сыйлык менен орду толтурулмайынча эч бир жеке менчик коомдук пайдаланууга өткөрүлбөйт... Кылмыш ишин тергөө учурунда күнөөкөр тарап, ошол кылмыш иши орун алган штаттын жана округунун калыс присяжныйларынын[1] катышуусунда тез арада жана публичный[2] сот болушун, күнөөлөнүп жаткан тарап өзүнүн күбөлөрүн күч колдонуп болсо дагы алынып келинишин жана өзүн коргоо максатында адвокаттын жардамын алууга акылуу... Конституцияда тизмеленип өткөн укуктар адамдардын башка укуктарын жокко чыгарат дегендик эмес.

Инсандар. Джордж Вашингтон 1732- 1799-жж. жашаган. Түндүк америкалык саясий ишмер. XVIII к. орто ченинде Виргинияга келип отурукташып калган англиялык колонистердин үй бүлөсүнөн. Мектепти окуп бүтүргөндөн кийин жер ченегич, өзүнүн плантациясын башкарган, виргиния милициясынын офицери. Үйлөнгөндөн кийин колониядагы өтө бай адамдардын бирөөнө айланган. Кулчулукка каршы ойлорун айтканы менен аны жоюунун жолун таба алган эмес.

1775 ж. экинчи конгресстин чечими менен америкалык колонисттердин аскеринин генерал чининдеги башкы командачылыгына дайындалат. Аскерди өзүнүн чынчыл касиетине таянып, бардык зарыл болгон нерселер менен камсыз кылып, нөлдөн баштап түзүп чыккан. Англиялык аскерлерге сокку уруп, жеңишке жетишкен.

1789 жана 1792 жж. Д.Вашингтон шайлоочулар коллегиясы тарабынан бир добуштан эки жолу тең американын президенттигине шайланган. Өкмөттү билгичтик менен башкарган. Президенттикке үчүнчү мөөнөткө шайлануудан баш тарткан, анын бул жоругун кийинки президенттердин бардыгы кайталашкан. (Президент болуудан баш тарткандыгынын себеби көз карашынан, анан дагы кээ бирөөлөр ойлогондой мураскер болоор уулу жоктугунан).

Өмүрүнүн акыркы жылдарын Д.Вашингтон азыр анын аты берилип, музейге айландырылган АКШнын борборунан алыс эмес Маунт-Вернондогу өзүнүн имениесинде[3] өткөргөн. Жазып калтырган керээзине ылайык өзүнө

[1] **присяжный** – Округдук соттун заседаниелерине катышып, айыпталуучунун күнөөлүү же күнөөсүз экенин аныктоочу кишилер; булар-ценздүү адамдардын арасынан шайлануучу.

[2] **публичный** – ачык эл алдында.

[3] **имение**- 1. имарат; мүлк; корук; 2. Чоң жер ээлерине караштуу корук, имарат, мүлк.

караштуу кулдарына эркиндик берген. АКШ да Дж.Вашингтонго көптөгөн эстеликтер коюлган, анын арасында Ак үйдөн алыс эмес жердеги бийиктиги 170 м. болгон таштан курулган обелиск[1]. Джордж Вашингтон - «ата мекендин атасы», «негиздөөчү аталардын» арасындагы биринчиси экендиги талашсыз.

Инсандар. Джеймс Смитсон 1765-1829 жж.жашаган меценат[2] Францияда төрөлгөн. Бастард (англиялык аристократтын никесиз төрөлгөн уулу) болгондугуна байланыштуу Джеймс мамлекеттик, жарандык же аскердик кызматка орношо алган эмес. Джеймс Лунс Мейси деген ат менен өтө атактуу химик жана минералог болуп чыккан. Химия боюнча 27 илимий эмгектерин жарыялаган. Ал цинктин карбонатын[3] жана анын урматына «смитсонитом» аталып калган жаңы минерал ачкан. Апасы өлгөндөн кийин Смитсон фамилиясын алган . Көпчүлүк бастарддар сыяктуу эле үйлөнбөй бойдок калып, өзүнүн бардык байлыгын АКШ га мураска калтырган. Генуяда жерге берилген.

Мураска калтырган 105 каптагы алтын соверендер[4] менен жалпы наркы 508 318 доллар жана 46 цент каражаты АКШ га ташылып барылган. 1847 ж. максаты билимдерди толуктоо жана жайылтуу болгон Смитсон институту ачылган. Азыркы учурда Вашингтондогу Смитсон институтунун комплексине 13 мекеме: аба жана космос мейкиндигинин музейи, табият таануу, американын тарыхы, африка искусствосу музейлери, Улуттук көркөм өнөр галереясы[5], Джон Ф.Кеннеди атындагы искусствolорду изилдөө Борбору, Вудро Вильсон атындагы илимий борбор ж.б. бар. Нью-Йоркто дагы бир мекеме жайгашкан. Смитсон институтунун курамына Вашингтондогу Улуттук парк дагы кирет.1904 ж. өзү эч качан америкада болуп көрбөгөн Д.Смитсондун сөөгү анын атын алып жүргөн комплекстин борборундагы кичинекей чиркөөгө алынып барып коюлган.

Улуу Француз революциясы

Инсандар. Пьер Бомарше 1732-1799 жж. жашаган француз драматургу. Саат оңдогон устанын уулу, бай соодагер Бомарше Улуу Француз революциясынын болор алдында үчүнчү сословиенин[6] көз карашын

[1] **обелиск** – кандайдыр бир окуяга же бирөөгө арналып орнотулган, баш жагы ичкерип кеткен бийик мамы.
[2] **меценат** – илимдин жана искусствонун ишмерлеринин колдоочусу.
[3] **карбонат** – 1. туздун бир түрү; 2. алмаздын бир түрү.
[4] **соверен** – наркы 1 фунт стерлинг болгон англиялык алтын тыйын.
[5] **галерея** – сүрөттөр көргөзмөсү үчүн атайын жасалган имарат.
[6] **сословие** – укуктары мыйзам менен бекитилген коомдук түркүм, катмар.

билдирип, аристократтардын үстөмдүгүн жана сословиелик артыкчылыктарын сынга алган. Американын көз каранды эместиги үчүн согуш учурунда ал, өз каражатына офицерлерди жана курал- жабдыктарды жардам иретинде жеткирип берүү үчүн атайын кеме даярдаган. «Севилдик цирюлник»[1] (1775) жана «Фигаронун үйлөнүшү» (1784) пьесаларынын негизги каарманы Фигаро өз мезгилинин негизги символу[2] болуп калган. Фигаро ошол үчүнчү сословиенин өкүлү болуу менен, автордун түшүнүгүндө эч нерсеге арзыбаган жана жеңил ойлуу аристократтарга (ак сөөктөр) салыштырмалуу акыл-эс, күч-кубат жана оптимизмге[3] ширелген инсан. «Фирагонун үйлөнүшү» пьесасы коюлгандан кийин Бомаршени абакка олтургузуп, бир аздан кийин кайра чыгарышкан. Бомаршенин сюжеттерин Моцарт менен Россини өздөрүнүн керемет опералык чыгармаларында пайдаланышкан.

Инсандар. Вольтер 1694-1778жж. жашаган. Чыныгы аты Мари Франсуа Аруэ. Франциялык жазуучу, философ-агартуучу. Жашынан эле Вольтер сезимтал, жетик бала болуп, жети жашынан ырларды жана трагедияларды жаза баштаган. Иезуиттик[4] коллегияда окуп, аны бүтүргөндөн кийин адабият менен шугулданып, укук илимин изилдейт. Бирөөлөрдүн айыбын ашкерелеген ырлары үчүн Бастилияга абакка олтургузган. Жаш курагында Вольтер эпикурчу[5] болгон. Кийинчерээк тарыхый жана коомдогу маанилүү көйгөйлөрдү чагылдырган трагедияларды («Брут»), повестерди, романдарды, поэмаларды жазган. Публицистикада[6] жана тарыхый чыгармаларында феодалдык-абсолюттук системаны, цивилизациянын кемчиликтерин сынга алган. Дин эркиндигин, диндерди сыйлоону жактап, чиркөөнүн: прогресске, агартуу ишине жана илимге душмандыгына каршы чыккан. Коомдогу чиркөөнүн ролу боюнча Вольтер «Арамзаларды талкалагыла!» - деген ураан чакырууга чейин барган. Ал өзү атеист болгон эмес жана элди баш ийдирүүнүн бир куралы катары динди сактап турууну туура көргөн. Анын: «Эгерде кудай жок болсо, анда аны ойлоп табыш керек»- деген сөзү сакталып калган. Өзүнүн «Философиялык каттар», «Философиялык сөздүк» -деп аталган чыгармаларында Вольтер, Францияда

[1] **цирюльник** – чачтарач.

[2] **символ** – бир абстракттык түшүнүктөрү, ойду билдирүүчү нерсе; аракет же образ.

[3] **оптимизм** – келечекке, ишинин ийгиликтүү болушуна ишенип, айланадагы болмушка шайыр, шаттуу көз караш

[4] **иезуит** – католик- монахтык уюм; өзүнүн көздөгөн максатына жетүү үчүн эч нерседен баш тартпайт.

[5] **эпикурчу** – өз жыргалчылыгын, сезим ыракатын бардык нерседен жогорку коюучу адам.

[6] **публицистика** – коомдук –саясий маселелер боюнча чыгармалар.

жана Европада турмуштук терең өзгөрүүлөрдү киргизүү зарылдыгын негиздеген. Ал жеке менчикти чектөөнү жактаган эмес жана илим билимге каныккан философ- өкүмдар тарабынан өзгөрүүлөрдүн киргизилишине үмүт арткан.

Инновациялар. Метр узундук бирдиги, өлчөө системасынын негизги бирдиги. Учурдагы Эл аралык метрдик (ондук) системасы Францияда, Улуу Француз революциясынын мезгилинде Улуттук жыйындын чен, өлчөмдөрдү реформалоо боюнча декретинин негизинде иштелип чыккан. Курамына атактуу окумуштуулар: Кондорсе, Борда, Лагранж, Тилле жана Лавуазье кирген Франциянын илимдер академиясынын комиссиясы ондук системанын киргизилишин колдоп чыккан. (Англия менен АКШ эмдигиче өздөрүнүн чен-өлчөм системасын сактап келе жатат).

Метр 1790 ж. бир эле учурда узундуктун чен өлчөмү катары, Париж меридианынын төрттөн биринин, он миллиондун бир бөлүгү менен барабар катары сунушталган. Франция илимдер академиясынын ишинин жыйынтыктары 1799 ж. декабрында бекитилген. Гректерден «метрон» деген сөзүнүн «метр», гректердин «арос»- «айдоо жер» деген сөзүнөн «ар» , гректердин «литры» деген сөзүнөн «литр» жана гректердин «грамма» деген сөзүнөн 0^{o} ^{C} температурадагы таза суунун 0,01 м3 көлөмүнө барабар - «грамм» келип чыккан. Дүйнөдөгү метрдик системаны бекитүү дээрлик бир кылымга созулган. 1889 ж. метрдин, платина (90%) жана иридий (10%) кошулмаларынан турган эл аралык так эталону жасалып, Севр шаарындагы (Франция) чен жана салмактын эл аралык бюросунда сакталып турат жана дүйнөнүн көп өлкөлөрүнө көчүрмөсү таратылган. Метрдин төмөнкүдөй үлүштүк жана эселик бирдиктери бар: км, дм, см, мм, мкм ж.б. Метрдин учурдагы (1983) аныктамасы – жарыктын вакуумда секунданын 1/29 972 458 үлүшүнүн жолунун узундугу –деп эсептелет.

Орусиядагы үстүртөдөн болгон революция: Петр I жана Екатерина II

Инсандар. Улуу Петр 1672-1725жж. жашаган көрүнүктүү реформатор жана император. Петр 1672 ж. 30 майында жарык дүйнөгө келген. Ал падыша Алексей Михайловичтин он төртүнчү, ал эми падышанын экинчи никесинен Наталья Кирилловна Нарышкинадан төрөлгөн биринчи уулу болгон. Петр 4 жашында атасынан ажырап, 10 жашында падыша, ал эми 17 жашында (1689) 1682-1689 жылдары өлкөнү башкарып турган аталаш чоң эжесин бийликтен четтеткен. 1696 ж. өлкөнү чогуу башкарышып келген Иван V нин өлүмүнө байланыштуу Петр Орусияны жалгыз башкарган, монарх болуп калган. Петр

башкалардан сейрек кездешүүчү эс тутуму, акылы, адам менен тез эле сүйлөшүп тил табыша кетүү жөндөмдүүлүгү жана өтө бекем, катуу мүнөзү менен айырмаланган. Өзү өтө бойчол (2 метрден бийик), кара күчү зор (така, темир тыйындарды ийип койгон), арыбаган күч- кубатка ээ адам болгондугу айтылат. Анын колунан көп нерсе келген өнөрлүү, Европадан дагы көп нерсени үйрөнүп, көзү ачылып келген. Петрди пир тутуп, өмүр жолун зор ынтаа менен изилдеп жазган тарыхчы С.М.Соловьев: «Жаңы өнүгүү жолуна түшүп өнүгүү зырылчылыгы жаралган; ал жолдогу милдеттер аныкталган; эл көтөрүлүп, жолго аттанууга даяр болуп калган; бирок, кимдир бирөөнү күтүп жаткан; жол башчыны күтүп жаткан; жол башчы келген» деп сүрөттөгөн.

Петр I бийлик тактысын мурас катары өткөрүп берүү бийлик ээси, монарх тарабынан чечилээр эрежесин бекиткен, бирок өзү мурасчысын дайындаган эмес. Петр I нин сөөгү Санк-Петербургдагы Петропавлов чиркөөсүнө коюлган. Ал чиркөө ошондон тарта Орусия падышаларынын сөөгү коюлуучу ыйык жайга айланган. Ага чейин андай жай болуп Москвадагы Кремль эсептелип келген эле. Петр I Орусиядагы абсолюттук монархиянын түзүүчүсү. Анын урматына Санкт-Петербург, Петрозаводск, Петродворец аталып, анын эстеликтери көп жерлерге тургузулган. «Петр Великий» деген чоң кеме оруссиялык аскер деңиз флотунун флагманы[1].

Инсандар. Екатерина II 1729-1796- жж. Орусиянын императору, кыз кезиндеги аты-жөнү Софья-Фредерика-Августа-Ангольт-Цербетская. Ал Штеттин шаарында жарык дүйнөгө келген (Германия). Анын атасы Түндүк Германиядагы жакырланган кыздар уругунан чыккан, пруссиянын королу Фридрих II нин армиясынын генерал-майору болгон. Екатерина 15 жашында орусиянын императордук тактысынын мураскору-улуу князь Петр Феодоровичке кудалап коюшкан. Ал 1774-ж. император Елизабета Петровнанын чакыруусу менен Москвага келип, православие динин кабыл алып, жаңы Екатерина Алексеевна деген ат берилген. Петр Феодорович менен болгон үйлөнүү тою 1745-жылы Санкт-Петербургда өткөрүлгөн. Жаш жубайлардын ортосундагы мамиле башынан эле салкын болгон. Екатерина болсо ак сарайды жогорку даражалуу адамдарга жана гвардиянын урмат-сыйына татыктуу болуу аракетин көргөн. Улуу урматтуу княздын келинчеги диний ырым-жырымдарды, олуттуу жана так аткрып, орус тилин дагы кыска убакытта үйрөнүп алат. Ал, Платон, Плутарх жана Тациттердин чыгармаларын, ошондой эле француз агартуучулары Мантескье менен

[1] **флагман** – отряддын же эскадранын командири жүргөн деңиз кемеси.

Вальтердин эмгектерин окуп чыгып, аларга көз карашын айта алган даражага жетет.

1761-жылы император Елизабета Петровна дүйнө салып, тактыга Екатерина Алексеевнанын күйөөсү Петр III отурат. Анын жүргүзгөн саясаты гвардиячылардын каршылыгына туш келип, кийинки 1762-жылы, хан сарайынын төңкөрүшүнө алып келет. Гвардиялык эки полкко (Измайлов жана Семенов), таянып алган Екатерина күйөөсүн бийликтен четтетип, өзүн император деп жарыялаган. Бийликке келгенден тартып, Орусиянын экономикалык жана саясий абалын оңдоо аракетин максаттайт. 1767-жылы, Москвада Орусия империясынын жаңы мыйзамдар жыйнагын иштеп чыгуу үчүн комиссия өз ишин баштаган. Император болсо, орусиянын бардык адамдарынын мыйзам алдындагы теңдигин орнотуу зарылдыгына басым жасаганы менен, иш жүзүндө, өзүнүн таянычы болуп турган дворяндар жана негизги байлык булагынын милдетин аткарып келген крепосттук дыйкандардын коомдогу абалын өзгөртүүгө барган эмес. Анын максаты жер-жердеги администрация аппараттарын күчөтүү болгон. Губерниялардын саны 20дан-51ге көбөйүп, алардын ар бири уездерге бөлүнгөн. Ал эми, Оруссиянын бардык аймактарында бардык сословиенин балдары үчүн башталгыч билим берүү системасын киргизүү Екатерина IIнин агартуу жана маданият жаатындагы салымы болуп калды (крепосттук дыйкандардын балдары эске алынган эмес). Калкка дарыгердик жардам көрсөтүү дагы мамлекеттин мойнундагы иш болгон. Ар бир шаар өзүнүн дарыканасы жана ооруканасы менен элди камсыз кылуу милдеттендирилген.

1785-жылдагы жарык көргөн дворяндар менен шаарларга берилген “Сый грамотасы”-деген мыйзамга ылайык дворяндарга кол алдында дыйкандарды, жерлерди, жер алдындагы байлыктарды кармоого, өз жерлеринде завод, фабрика курууга, өндүрүлгөн заттарды сатууга, соода жүргүзүүгө, жарманке уюштурууга укук берилген. Дворяндар салыктан жана уруп жазалоо тартибинен бошотулган. Шаарлар болсо шайлоо жолу менен өзүн-өзү башкаруу укугуна ээ болгон. Екатеринанын бул иштерин артта калган крепостнойлук оруссияны аз-аздан болсо дагы капиталисттик өнүгүү жолуна, Петр I нин жолун улап, Европалык цивилизацияга кошуу аракети катары баалоого болот. Анын оюнда бул милдеттерди жүзөгө ашыруу миссиясын ошол учурда оруссия коомунда алдыңкы катмарда турган дворяндар аткара алат деген үмүттө болгон. Екатерина II тышкы саясатты да жигердүү жүргүзгөн. Эки жолку (1768-1774, 1787-1791-жж.) орус-түрк согуштарынын жыйынтыгында Крым жарым аралы менен Кара деңиздин түндүк жээги толук бойдон Оруссиянын карамагына өткөн.

Мунун аркасында Оруссия Кара деңизге чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, андан башка орустардын тынчын алып келген, крым татарларынын кол салууларынан дагы кутулушкан. Ал эми Кара деңизге өзүнүн флотун түзүүгө жетишкен.

1772-1795- жж. Оруссия Речь Посполитянын[1] үч жолку бөлүштүрүүсүнө катышкандан кийин, Белоруссия, Батыш Украина, Литва жана Курляндиянын аймактары Орус империясынын карамагына өткөн. Екатерина II түрдүү кызматтарда өзүнүн жөндөмдүүлүгүн көрсөткөн адамдарды жогорку мамлекеттик, аскердик, администрадивдик кызматтарга дайындаган. Алардын катарына Г.А Потемкин, П.А Румянцев, З.Г Чернышев, бир туугандар Г.Г жана А.Г Орловдор, Я.Е Сиверс ж.б кошууга болот. Екатерина II башкарып турган учурда А.В Суворов менен адмирал Ф.Ф Ушаков аскердик каармандыктары менен даңаза болушкан. Екатерина II өлгөндөн кийин сөөгү Петропавлов сепилине (крепость) коюлган.

Инсандар. Михаил Васильевич Ломоносов-1711-1765 жж. жашаган улуу орус окумуштуусу. Архангельс губерниясынын Холмогоры шаарынан алыс эмес Мишанинск кыштагында төрөлгөн. Физика, физикалык химия, минералогия, кристаллография, тил илими, филология жана башка илимдердин негизин түптөгөн. Болочок окумуштуунун атасы Василий Дорофеевич расмий статусу[2] боюнча дыйкан, а иш жүзүндө кемеси бар промысловик болгон. Апасы Елена Ивановна Сивкова дьякондун[3] кызы, эрте эле каза болуп калган.

Кичинекей Михаил окуганды жана жазганды Иван Шубинден, жергиликтүү дьякон Семен Сабельниковдон уйрөнүп, Псалтырды[4] өздөштүргөн, М.Смотрицкийдин «Грамматикасы» менен Л.Магницкийдин «Арифметикасын» жатка үйрөнөт. Билимдүү адам билүүгө зарыл болгон Байыркы жана Жаңы тилдерди окуп- үйрөнүү мүмкүнчүлүгү жок эле. Ошондуктан Ломоносов 19 жашында балык ташыган араба менен Москвага келип, өзүн Холмогордук дворяндарданмын деп таанышгырып, Славян-грек-латын академиясына тапшырып билим ала баштаган. 1736 ж. башында

[1] **Православие**-византияда чыгыш-христиан чиркөөсү катары калыптанган, Рим империясында каралган католиктер чиркөөсүнөн айырмаланган диний агым.

2**. Речь Посполитая**- Польша мамлекетинин XV-XVIII кк салттык аталышы. Латын тилинин "res publika" (жалпы иш)-деген сөздүн айтылышынан згөртүп алынган. Польша мамлекетиндеги башкаруунун өзгөчө түрү. Атайын тандалып алынган, король башында турган сословиялык монархиянын аталышына айланган. 1569-жылы, Люблин униясынын негизинде Польша көз карандылыгынан ажырагандан кийин 1795-ж расмий аталышы болуп калган.

[2] **статус** – укуктук абалы.

[3] **дьякон** – православ чиркөөсүндө-эң кичи наам; өзүнчө (намаз окутууга) чокунтуп сыйынтууга укугу жок дин кызматчысы.

[4] **псалтырь** – Эски Осуяттын библиялык китептеринин бирөө (псалмдардан турат).

Ломоносов Петербургдагы Илимдер Академиясынын алдындагы университеттин студенти, ошол эле жылдын аяк ченинде Германияга окууга жиберилген. Мекенине өтө зор билим алып 1741 ж. кайтып келген.

Илимдер Академиясында иштеген 24 жыл ичинде жаш окумуштуу өзүн түрдүү тармактарда көрсөтө алган. 1745 ж. ал химиянын профессорлугуна шайланып, ошол эле жылы Тредиаковский экөө Елизавета Петровнанын указы менен эловенция (чечендик) кафедрасынын профессору болуп калган. 1748 жылдан Орусияда биринчи илимий-изилдөө жана окуу химиялык лабораториясы иштей баштаган. 1755 ж. М.В.Ломоносовдун демилгеси менен Москва Мамлекеттик Университети (МГУ) түзүлгөн. 1758 ж. Илимдер Академиясынын Географиялык департаментинин башчысы Ломоносовдун жетекчилиги менен жаңы «Орусиянын Атласын» түзүү боюнча иш башталат. 1761 ж. Венера жылдызынын Күн дискасы[1] аркылуу өткөндүгүнө байкоо салып, Ломоносов дүйнөдө биринчи жолу Венера жыш аба атмосферасы менен курчалгандыгын аныктаган. Тажрыйба жолу менен Ломоносов андан ары материянын сакталуу мыйзамы боюнча далил тапкан. Бул далилди кээ бир окумуштуулар А.Лавуазьенин аты менен дагы байланыштырып келишет. Өзүнүн тарыхый изилдөөлөрүндө Ломоносов орус элинин өнүгүү жолунун өзгөчөлүгүн баса белгилеп, норманисттер[2] менен талаш жүргүзүп келген. Ломоносовдун мурасы катарында илимий эмгектер менен түрдүү приборлор эле эмес, түзүү технологиясын өзү иштеп чыккан мозаикалык[3] сүрөттөр дагы калган.

Екатерина II нин падыша сарайындагыларга Ломоносов анча жаккан эмес. Айтууларга караганда Ломоносов жазган ода[4] жаңы падышанын көңүлүнө төп келбей калган. Бирок, ошого карабай 1763 ж. аягында М.В.Ломоносов жылына 1800 рубль айлыгы бар статс кеңешчиликке дайындалган. 54 жашында катуу суук тийип оорудан каза болот. Сөөгү абдан көп адамдын катышуусунда Петербургдагы Александр-Невский лаврасындагы[5] Лазарев көрүстөнүнө коюлган. Эки кылымдан ашыгыраак убакыттын ичинде Ломоносов боюнча талаш-тартыш токтобой келет. Ал жөнүндө көп сериалуу кинофильм тартылып, көптөгөн илимий жана популярдуу эмгектер жазылган. Өзү төрөлүп- өскөн Мишанинская кыштагы Ломоносово болуп өзгөргөн. Петербургдун алды жагындагы Ораниенбаум

[1] **диск** – жерден караганда планетанын тегерек сыяктуу болуп көрүнүшү.

[2] **норманисттер**- норманн теориясын жактагандар.

[3] **мозаика** – түрдүү түстөгү таштардан, айнектин сыныктарынын, жыгачтан, маталлдардан бири-бирине бекитип кооздоп жасаган нерсе.

[4] **ода** – кандайдыр бир тарыхый окуяга же баатырга (императорго) арналган салтанаттуу, көбүнчө классикалык стилде жазылган ыр.

[5] **лавра** – революциядан мурунку Орусиядагы кээ бир чоң монастрлардын аты.

шаарынын чет жакасында Ломоносов өзү ачкан фабрикага дагы анын аты берилген. Учурда Таранчылар тоосунда (Воробьевые горы) орун алган Ломоносов атындагы Москва Мамлекеттик Университетинин имаратынын алдында дагы улуу орус окумуштуусунун эстелиги турат.

Англия өнөр жай революциясынын негиз салуучу өлкөсү

Инновациялар. Илим биздин учурдагы түшүнүктөгү илим жаңы тарых мезгилинен пайда болот, анын эң күчтүү өндүргүч күчүнө айлануу жараяны башталат. XVIII-XIXкк тогошуусунда дүйнө жүзүндө 1 миңге жакын окумуштуу болсо, XIXк ортосунда алардын саны – 10 миңдей, 1900 ж.-100 миңдей, ал эми XX к. аягында- 5 млндон ашыгыраакка жеткен. XX к. 50-70 жылдарында окумуштуулардын санынын 2 эсеге көбөйүшү Европада 15 жылда, АКШда -10 жылда, СССРде – 7 жылда жетишилген.

XX к. дүйнөлүк илимий информация (маалымат) 10-15 жылда 2 эсеге өскөн. Эгерде 1900 ж. илимий журналдардын саны 10 миңге жакын болсо, XX к. акырында алардын саны бир нече жүз миңге жеткен. XX к.аяк ченинде илим, билимдин өтө зор облустарын өзүнө камтыган, дисциплиналардын саны 15 миңге жеткен. Илимий-техникалык мекемелердин ачылыштарынын 90% көбүрөөгү XXк. туура келет.

Инсандар. Исаак Ньютон 1643-1727 жж. жашаган, көрүнүктүү англиялык окумуштуу, математик жана физик. Исаак Ньютон – азыркы классикалык физиканын негиздөөчөсү. Математика, оптика, динамика жана астрономия боюнча изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Анын математикага кошкон салымы дифференциалдык жана интегралдык эсептеп чыгаруунун теориясы болгон (1671). Ньютон рефлектордук[1] телескоп курган (1668), бүткүл дүйнөлүк тартылуу мыйзамын ачкан (1687). Өзүнүн «Натуралдык философиянын математикалык башталышы» (1686-1687) деген эмгегинде окумуштуу механика[2] жана гравитация[3] мыйзамдарын баяндап берген жана планеталар менен Айдын кыймылын түшүндүрүүдөгү аларды колдонуу боюнча түшүндүрмө берген. 1696 ж. Ньютон Англиянын Монета сарайына[4] директор болуп дайындалган жана монета иши боюнча реформа жүргүзгөн. Королдук коомунун адегенде мүчөсү, ал эми 1703 жылдан президенти болуп, анын кадыр-баркын көтөрүүгө өз салымын кошкон. Окумуштуунун

[1] **рефлектор** – чагылдыргыч, кабырынкы күзгүлөр менен жабдылган телескоп.

[2] **механика** – физиканын кыймылды жана күчтү текшерүүчү бөлүмү.

[3] **гравитация** – телолордун (заттардын бири-бирине тартылуусу аркылуу түшүндүрүлүүчү материянын касиети.

[4] **монета сарайы**- монета согулуп чыгарылуучу орун.

урматына күн бирдиги- Ньютон аталган. Сөзгө уста, тамашакөй адамдар көңүл бурган нерсе: алма көп эле адамдын башына түшкөн, бирок, бүткүл дүйнөлүк тартылуу мыйзамы боюнча ой бир гана Исаак Ньютондун башына келген.

Инновациялар. Буу машинасы Т.Ньюкомендин буу насосунан кийин буунун мүмкүнчүлүгүн (күчүн) завод өндүрүшүндө пайдаланганга чейин ондогон жылдар талап кылынган. Аны жүзөгө Джеймс Уатт (1736-1819) ашырып, 1774-1784 жылдарда барсканды кыймылга келтире ала турган өнүктүрүлгөн буу кыймылдаткычын жасаган. Металлды согуп керектүү түргө келтирүү технологиялык жараянда маанилүү роль ойногон. Өнөр жайдын өнүгүшүндө аябагандай чоң белен бөлүктөрүн согуп даярдоо зарылчылыгы күчөгөн. Ошондуктан өнөр жай революциясы үчүн буу барскан өз мезгилинин өтө баалуу ойлоп табуусу болгон. Кийинчерээк Несмит деген ойлоп табуучу буу барсканын андан ары өркүндөтүп, анын сокку күчүн жана кыймылын башкарып жөнгө салууга жетишкен. 1843 ж. өзүнүн барсканын Адмиралтействонун[1] лорддоруна көрсөтүп, дөшүнүн үстүнө хрустал рюмкага салынган чийки жумурткаңы койгон. Ойлоп табуучу салмагы 2,5 тонна барскан менен чийки жумурткаңын кабыгын жарып, рюмкага эч кандай зыян келтирбей токтотуп калган. XIX к. 60-жылдарындагы Крупптун заводундагы «Фриц» асма балкасынын салмагы 50 тонна болгон.

Инновациялар. Паровоз жана темир жол жыгачтан курулган рельс жолдор мурдатан эле болгон. Кийинчерээк ал жолдорду чоюндан, XIXк. баш ченинен темирден жасай баштаган. 1801 ж. Англияда Уондсворт –Кройдон аралыгындагы жолдо биринчи атка сүйрөткөн пассажирдик рельс жолу пайда болот. Буу казанын ойлоп тапкан Уаттын жардамчысы Мердок, жерде буу менен жүрө турган машинаны жасоого аракеттенип, бирок колдоо таппай аягына чыгара албай калган. Мердоктун шакирти Ричард Тревитик 1804 ж. өзүнүн бир жыл мурда жасаган, өзү кыймылга келүүчү буу менен иштеген арабасын рельске койгон. Бир нече жылдан кийин Треветик толук жакырланып, анын паравоз жасоо аракетин башкалар улантышкан. Түрдүү аталыштагы «Күшүлдөгөн Билли», «Блюхер», «Киллингуорт» деген моделдери жаралган.

1821 ж. Эдгар Пиз максаты Дарлингтон – Стоктон темир жолун куруу болгон компания түзөт. 1825 ж. ал жолдо 34 вагону менен биринчи темир жол составы жүргөн. 1829 ж. паровоздун эң мыкты модели болуп Джордж

[1] **адмиралтейство**-1.Санкт-Петербургдагы деңиз флотунун иштерин башкаруучу мекеме.

Стефенсондун конструкциясы менен жасалган «Ракета» таанылган. Паровоз куруунун керектүү учуру болуп калган Рейнхилдеги мелдешти дагы «Ракета» утуп алган. Алгачкы эң чоң темир жол Ливерпул-Манчестер XIX к. 30-жылдарынын башталышында ачылган.

Англия классикалык капитализмдин өлкөсү

Инновациялар. Саясий партиялар Англияда эң алгачкы азыркы аткарып жаткан функциясы жана түрү менен саясий партиялар пайда болгон. Ой-максаттары бирдей саясий группировкаларды түзүү аракети байыркы мезгилде деле болгон. Байыркы Грецияда, Афинада, Александр Македонскийдин учурунда Б.з.ч. 338-323 жж.- Ликургдун, Демосфендин, Гипериддин, Эсхиндин, Фокиондун топтору түзүлгөн.

Улуу британияда **вигдердин** саясий партиясы –буржуазияга айлана баштаган дворяндардын аристократиясынын жана ири соода, финансы буржуазиясынын группировкасы катары XVII к. 80-жылдардын башталышында пайда болгон. Алар бийликте дагы бир **тори** партиясы менен кезек-кезек орун алмашып турган. XIX к. ортосунда вигдердин партиясынын негизинде **Либералдык партия**, торинин негизинде **Консервативдик партия** түзүлгөн. Торилер жер ээлери аристократтарынын жана англичан чиркөөсүнүн эң жогору дин кызматкерлеринин (духовенство) кызыкчылыгын коргогон. XX к. 20-жж. Либералдык партия өз ордун **Лейбористтик партияга** бошотуп берген.

АКШда 1834-1854 жж. өздөрүнүн **вигдер** партиясы болгон, анын негизинде **Республикалык партия** жаралат. **Демократиялык партия** болсо башында 1828 ж. түзүлүп, Түштүк плантаторлорунун жана соода-банк чөйрөсүнүн кызыкчылыгын коргогон. Кийинки убактарда бир топ эволюцияланган. Эки: Республикалык жана Демократиялык партиялар узак убакыттан бери улум-улам бийдик ордунда алмашып келишет.

Индиялык **Улуттук Конгресс** (ИУК) партиясы 1885 ж. түзүлгөн. Адегенде ИУК англиялык-колониалдык бийлике карата лоялдуу[1] оппозицияда болуп келген. XX к. 20-жылдарында бул уюм улуттук көз каранды эместик үчүн жигердүү күрөшкө аттанып, массалык партияга айланат. Көз карандысыздыкка жеткенден кийин (1947), анча-мынча гана танапис менен башкаруучу партия болуп келген. Орусиядагы саясий партиялар XIX к. акыркы он жылдыгында түзүлө баштаган. Орусиялык

[1] **лоялдуу** – өзү алган милдеттенмелерди орундоочулук, жашап турган бийликке ак ниеттик менен карап, ага баш ийүүчүлүк.

социал-демократиялык жумушчу партиясы (РСДРП) өлкөдөгү революцияга чейинки түзүлгөн 200 дөн ашыгыраак саясий партиялардын бирөө эле. 1917 ж. октябрындагы революциянын шарапаты менен ошол РСДРП (б) партиясы бийликке келип калган. Анын жаңы аталыштары: Орусия коммунисттик партиясы (большевиктер 1918 ж. жана Советтер Союзунун коммунисттик партиясы 1952 жылдан-большевик коммунисттердин алдына коюп чечүүнү максат кылган милдеттерине байланыштуу болгон. КПСС – көпчүлүк тоталитардык деп атаган катаал саясий системанын чордону болгон. Азыркы учурда дүйнөдө миңдеген саясий партиялар бар. Алардын өз өлкөлөрүндөгү жетектөөчү ролун «Саясат таануу» деген предмет изилдейт.

Инновациялар. Либерализм Учурдагы либерализмдин негиз салуучусу философ Джон Локк (1632-1704) болуп эсептелет. Анын айтымында элдин коомдук союздарга биригүүсү алардын ыктыярдуу макулдашуусу- **коомдук келишими** аркылуу ишке ашкан. Кандай гана коом, мамлекет болбосун анын эң башка максаты Локктун ою боюнча адамдын жеке эркиндигин коргоо жана сактоо болуп эсептелет. Ал тең укуктуулук жана жеке менчик менен биргеликте адамдын табигый укугу катары каралышы керек. Либерализмге философ-идеалист Джордж Беркли (1685-1753) менен агностик[1], табигатты таанып –билүүгө мүмкүн эмес деп эсептеген Давид Юмдун (1711-1776) көз караштары кеңири тараган.

Инновациялар. Саясий экономия Адам Смит 1723-1790 жж. жашаган бир эле англиянықы эмес, дүйнөлүк классикалык саясий экономиянын негиз салуучусу болуп калган. Ал атаандаштыктын эркиндигин табигый башталыш деп эсептеп, капиталисттик мамилелердин өнүгүшү менен эл массасынын жашоосу дагы жакшырарына ишенген. Адам Смиттин айтуусунда эмгек байлыкты топтоонун жалгыз булагы. Акча болсо бар болгону айлантуу каражаты, «алмашуунун чоң дөңгөлөгү».

Франция Европага каршы

Инсандар. Наполеон I 1769-1821 жж. жашаган жана 1815 ж. март-июнь айларында франциянын императору. Наполеон Бонапарт 1769 ж. Корсика аралындагы жакырланган дворянин, сегиз балалуу адвокат Бонапарттын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. 1785 ж. 16 жашында артиллериянын кенже лейтенанты чининде аскер кызматын баштаган. 1792

[1] **агностик** – агностицизмдин жактоочусу; агностицизм – обьективдүү дүйнөнү жана анын мыйзам ченемдүүлүгүн билүү мүмкүндүгүн тануучу идеалисттик философиялык окуу.

жылдан революциячыл Франциянын согушунун жүрүшүндө Наполеон өзүн чечкиндүү офицер жана таланттуу генерал катары көрсөтө алган (24 жашында Тулон шаарын ээлеп алган).

1799 ж. 9-10 ноябрында (революциялык календарь боюнча 18 брюмер) Наполеон өзүн биринчи консул деп жарыялап, иш жүзүндө аскердик диктатура орноткон. Бул аракеттер “беш жүздөр Кеңеши” менен “аксакалдар Кеңеши” өз жыйындарын өткөрүп жаткан Сен-Клу сепилинде болгон эле. Бонапарттын оюнда бул эки декоративдик мекемелер анын декреттерине[1] өз добуштарын берип, бийликти толук бойдон анын колуна тапшырып, анын тынч тарап кетишмек. Болжогон убакыттан кечигишкендигине байланыштуу Бонапарт талкууга кийлигишүүнү чечет. “Аксакалдар Кеңешинде” ага түз эле оройлук көргөзүшсө, “беш жүздөр Кеңешинде”: «Каракчы жоголсун! Тиран жоголсун! Мыйзамдан тышкары!»- деген ызы-чуу, кыйкырыктар менен кол сала башташканда, анын башын чымыр денелүү гренадерлор[2] аман алып чыгып кетишкен. Ошондо Наполеон “беш жүздөр Кеңешин” күч менен таркатууну чечкен. Жыйын залына болочок маршал Мюраттын командачылыгында гренадерлор киргизилген жана Кеңешти таркаткан.

Наполеон өз өмүрүндө 60 тан ашык согуш талаасына чыгып өзүнүн аскердик генийлигин көрсөткөн. 1812 жылдагы Орусияга каршы согуш, анын империясынын кыйрашына жол ачат. Ал бийликтен баш тартууга аргасыз болуп, Эльба аралына сүргүнгө айдалган. 1815 ж. мартында бийликке кайтып келип, «жүз күндүк башкаруудан» кийин кайрадан бийликтен кеткен. Өмүрүнүн акыркы жылдарын Ыйык Елена аралында англичандардын туткуну катары өткөргөн. «Адамзаттын душманы» деп жарыяланган. Анын өлүмүн англичандардын ууландыргандыгы менен байланыштырып келишкен, бирок, 2005 жылдагы француз окумуштууларынын изилдөөсүнөн, ал, өлүмгө өзү себептер болгондугу маалым болгон. Көрсө, Наполеон чачынын көп түшө баштаганын токтотуу үчүн курамында уулуу заттар бар кремди пайдалангандыгын тарыхта айтып жүрүшөт.

Инсандар. Людвиг ван Бетховен 1770-1827жж. жашаган немис композитору, пианист, дирижер. 1792 жылдан Венада жашаган. Веналык классикалык мектептин өкүлү. Анын эстетикалык көз карашы Француз революциясынын таасири астында калыптанган. Он тогуз жаштагы студент «Ким эркин адам?» деген ырын жазып, жолдоштору менен бирге ырдап чыккан. Жаш кезинде республикачыл жана демократ болгон. Баатырдык

[1] **декрет** – жогорку бийликтин токтому.

[2] **гренадерлор**- узун бойлуу адамдардан түзүлгөн атайын аскер бөлүктөрүндөгү аскер кызматкерлери.

(Үчүнчү) симфониясын[1] (1804) Наполеон Бонапартка арноону чечип, бирок, Наполеон өзүн император деп жарыялагандан кийин эл алдында мурунку оюнан баш тарткан. Бетховендин симфония жана башка чыгармаларынан трагизмди[2] байкоого болот, бирок, жалпысынан анын чыгармачылыгы оптимистүү[3], бууракандуу финалдары[4] акыр аягында жакшылыктын салтанатын билдирет. Тогузунчу симфониянын финалында хор Шиллердин «Кубанычка Ода» деген чыгармасын аткарат. Анда - «Миллиондор кучакташкыла»- деген чакырык жаңырат. Кулак угуусунун оорлошуп бара жатканына карабай Бетховен музыка жазуусун уланта берген. Бул чыныгы адамдык жана чыгармачылык эрдик эле.

Инсандар. Симон Боливар-1783-1830жж. жашаган Түштүк Америкалык саясий ишмер. Венесуэлага келип отурукташып калган испаниялык өтө бай дворяндын баласы. Эрте жетим калган. Испаниядагы туугандарына жөнөтүлүп, ал жерде укук боюнча билим алат. Европа менен Түндүк Американы көп саякаттап кыдырат. Түштүк Америка үчүн Джордж Вашингтондой кызмат кылгысы келет. Миранданын армиясынын полковниги болгон.

1812 ж. сентябрында Боливар 300 адамдан турган отряды менен Жаңы Гвинеянын (Колумбия) жээгине түшөт. Уламдан-улам сан жагынан көбөйүп жаткан армиясы менен испандыктарга бир топ сокку уруп, Каракоа шаарын алат.“Азаттык тартуулаган” атыгып, Батыш Венесуэланын диктатору болуп жарыяланат. Кийин Каракас колдон чыгып кетип, жаңы көтөрүлүш, жаңы армия менен Боливар Колумбия менен Перуну бошотот. 1825 ж. Жогорку Перу Боливия деген аталышта өзүн көз карандысыз республика деп жарыялаган. Симон Боливар 1819 ж. эле Улуу Колумбия деп аталган курамына бүгүнкү Венесуэла, Колумбия, Панама жана Эквадор кирген Федеративдик республиканын президенти болуп калган. Анын сунушу менен федерациянын конституциясы кабыл алынган. 1826 жылга Боливар үч чоң өлкөнүн – Колумбия, Перу жана Боливиянын өмүрүнүн акырына чейинки президенти болуп калган. Анын кыялында, бүткүл Түштүк Американы өмүр бою башкарган башчынын астындагы бир федерацияга баш коштуруу бар эле. Тилеке каршы курч саясий күрөштүн аркасында Венесуэла менен Эквадор бөлүнүп чыгып кеткен. Боливар өзүнүн бардык ээлеген кызмат

[1] **симфония**- оркестр үчүн түзүлгөн, көбүнчө төрт бөлүктүү музыкалык чоң чыгарма.

[2] **трагизм** – драмалык чыгармадагы трагедиялык элемент. Трагедия-карантүн,чоң кайгы

[3] **оптимистүү** – келечекке, ишинин ийгиликтүү болушуна ишенип, айланадагы болмушка шайыр-шаттуу көз караш.

[4] **финал** – бир иштин корутундусу, натыйжасы, акыры, аягы, аякталышы.

орундарынан кол жууп, чоң суммадагы бүткүл өмүрлүк пенсия чегерилген, бирок, бир нече айдан кийин көз жумган. Боливардын замандаштары аны бийликти жакшы көргөн, айлакер, ырайымсыз деспот[1] катары эсептешкен, бирок, анын ички жигердүүлүгүн, стратегиялык[2] талантын жана патриоттугун моюнга алышкан. Өз менчигиндеги бардык плантацияларындагы 1000 ашык кулдарына азаттык тартуулаган. Латын Америкасынын тарыхына Симон Боливар "Эркиндик берүүчү", "Куткаруучу" катары жазылып, ал жөнүндө көп сандаган китептер жазылып, кинофильмдер тартылып, эстеликтер тургузулган.

Жаңы тарыхтын адамы

Инновациялар. Мода Бул сөз Латынчадан «өлчөм, ыкма, эреже» деп которулат. Мода деп сөздүн кеңири маанисинде турмуштун же маданияттын кандайдыр бир чөйрөсүндөгү белгилүү, кооз сезимдин, көп эмес убакыт ичиндеги үстөмдүгү айтылат. Стилден[3] айырмаланып мода, турмуштук буюмдардын жана көркөм чыгармалардын тышкы формаларынын салыштырмалуу кыска убактарга жана үстүртөдөн өзгөрүлүшүн чагылдырат. Ал эми сөздүн тар, кыска маанисинде мода – бул, кийимдин формасы менен үлгүлөрүнүн алмашуусу.

Моданын эң алгачкы баштоочусу француз королевасы Мария Антуанеттанын модисткасы[4], француз королдук сарайынын «мода министри» деген атка конгон, өзү дагы франциялык Роз Бертен болуп эсептелет. Анын мезгилинде мода журналдары, атактуу модельерлер[5] (азыркы-кутюрьелер) пайда болгон. Материалдардан-жибек, парча[6] пайдаланыла баштаган. Людовик XV нин фавориткасы[7] маркиза Помпадур өзүнүн бою кыска болгондуктан бийик каблукту[8] ойлоп тапкан. Ошол эле маркиза Помпадур косметика үчүн (помподур) деп аталган кичинекей баштыкты (сумочка) алып жүрүп, элге жайылтып жиберген. Бул баштык: кол каптар, муфта[9], веер[10], табигый жана жасалма бутоньеркалар[1] менен

---

[1] **деспот** – зулум.

[2] **стратегиялык**- жалпы максатка жетүү үчүн жолбашчылык кылуу искусствосу.

[3] **стиль**-бир сүрөтчүнүн, замандын же улуттун чыгармаларына таандык болгон каражаттардын жыйындысы

[4] **модистка** – аялдар калпагын же кийим тигүүчү аял.

[5] **модельер**- моделдерди жасоо жагынан, бир нерсенин үлгүлүү экземплярын жасоо жагынан адис.

[6] **парча** – кымкап.

[7] **фаворитка**- падышанын, монархтын же жогорку даражадагы адамдардын ойнош аялы.

[8] **каблук** – така.

[9] **муфта** – эки колго тең кийилүүчү, тең сыяктуу кол кап.

[10] **веер** – желпингич.

чогуу ак сөөк, аристократ айымдардын аксессуарына[2] айланган. Мария Антуанстта биринчи болуп эл
алдына шым кийип чыккан. Эркектер башына парик(жасалма чач) кийип, аялдардын прическасын[3](атайын ылайыкталып, кооздолуп жасалган), мачталуу кемелер, тегирмендер, мөмө жемиш салынган корзинкалар менен кооздошкон. Эл арасына, өзгөчө мода кууп жашагандар арасында: грим[4], упа сүйкөнүү, жасалма кал коюу, кринолин[5] пайдаланылган юбкалар (киттин мурутун пайдаланып тигилген), жибек байпактар, бант (көркөм кылып байланган тасма), кружева[6] ж.б. кеңири пайдалууга өткөн Жаш балдарды чоң адамдарга окшотуп кийиндирүү дагы колго алынган.

Инсандар. Джамбаттиста Вико 1668-1744жж. жашаган Неополитан университетинин профессору өзүнүн «Улуттардын жалпы табияты жөнүндөгү жаңы илимдин жер пайы» деген эмгегинде бардык элдердин рассасына жана географиялык шартына карабай өнүгүүсүндө окшоштук бар экендигин ачкан. Тарыхый циклдин аягына чыккан мезгилинде Джамбаттиста Вико адам баласынын сөзсүз басып өтө турган беш баскычтарын белгилеген: 1) алгачкы доордогу «жырткычтык абал»; 2) «кудайлар кылымы»; 3) «баатырлар кылымы»; 4) «адамзат кылымы»; 5) кыйроо, жапайычылыкка кайра баруу. Ренессанстын, Реформациянын жана Агартуучулуктун идеяларына ылайык тарыхый жараяндын чордонуна Д.Вико адамды (анын дилгирлүүлүгү жана кемчиликтери менен) койгон. Агартуучулук доорунда «цивилизация» аталгысын, “адам баласынын биримдиги” деген абстрактуу-гуманисттик идеалга каршы койгон.

Инсандар. Иоганн Вольфганг Гңте 1749-1832жж. жашаган немис жазуучусу, ойчулу, табият илими жагынан окумуштуу. Бай үй-бүлөдө жарык дүйнөгө келген. Университетти бүтүргөн, юридикалык, табият таануу илимдерин, медицинаны, бир нече чет тилдерин билген, өз мезгилинин эң
билимдүү адамдарынан болгон. Веймар герцогствосунда өкмөттү башкарган, бирок, турмушта жөнөкөй, байлыкка умтулган эмес. Ыр жана проза түрүндө жазылган көптөгөн чыгармалардын автору.

Антикалыктардын[7] жана эпикурчулук[1] көз караштарга кызыгуудан

---

[1] **бутон** – ачыла элек гүл.

[2] **аксессуары** – бир нерсенин майда буюмдары (М: айымдардын а.)

[3] **прическа** – чачтын таранууу түрү, формасы.

[4] **грим** – бети-башты боёо.

[5] **кринолин**-кеңири тигилген юбка, ага болот зымы же киттин муруту пайдаланылган

[6] **кружева** – кийимди, үйдүн жасалгасын кооздоо үчүн жиптен токулган гүлдүү материал.

[7] **античность** – антикалык дүйнө (байыркы гректер, алардын дүйнөсү жана маданияты)

баштаган. Сезимдин эркиндигин, жекече турмуштун эркиндигин коргогон (« Жаш Вертердин кайгы чегиши»). Аягы трагедия[2] менен аяктаган романтикалык[3] сүйүү жөнүндөгү сентименталдык[4] тарых азыркы күнгө чейин жолун жолдоонун, окшоштуруп жашоонун мисалы болуп келе жатат. Өзү жашаган доордун, өзгөчө Француз революциясынын бурулуш мүнөзүн сезген. Жыйынтыктоочу философиялык чыгармасы - «Фауст» (1808-1832) трагедиясында жашоонун негизги маселелери, адам табиятында жашап келген «кудайдын жолу» менен «шайтандын жолунун» ортосундагы кармаш (конфликт) даана ачып берилген. Гңте адамдын чыгармачылык кудуретин даңктаган. Өзү болсо өсүмдүктөрдүн, гүлдөрдүн, минералдардын метаморфозасы[5] жөнүндө бир нече илимий эмгектерин калтырып кеткен.

Инсандар. Джакомо Джованни Казанова 1725-1798жж. жашаган венециандык авантюрист[6],«дүйнөлүк жаран», дүйнөгө: акын, прозаик[7], драматург, физик, химик, математик, юрист, теңдешсиз дипломат[8], ийгилик коштогон финансист, таланттуу музыкант катары белгилүү болуп калган. Венециалык актңрдун уулу катары бүт Европаны кыдырып, көптөгөн мамлекет башчыларынын хан сарайларында, анын ичинде Петербургда Екатерина II нин хан сарайында дагы болгондугу айтылат. Өз мезгилинин жигердүү ишмери Джакомо Казанова өзүнүн «Мемуарларында» өзү кездешкен, күбө болгон көптөгөн окуялар жана ишмерлер жөнүндө чындыкка жакын жана ачык жазган. Ал, XVIII к. салттары, үрп-адаттарына мүнөздөмө берген. Кийинчерээк ал өзү адабий чыгармалардын жана кинофильмдердин каармана айланган. Анын аты ийгилик коштогон жана айлакер ойнош катары жалпы ат болуп, өзү болсо өз доорунун өзүнчө символу жана жомогуна айланган.

---

[1] **эпикурейство** –сезим ыракатына, назик турмушка берилип кетүүчүлүк.

[2] **трагедия** – каран түн, чоң кайгы.

[3] **романтикалык** – кыялга берилгендик.

[4] **сентиментальность**- ыгы жок боорукерлик, ыгы жок эркелөөчүлүк.

[5] **метаморфозе** – жаңы түр жана функция алып, бир формадан башка формага өтүү, айлануу.

[6] **авантюрист**-өз пайдасын гана көздөгөн, принципсиз, митаам адам.

[7] **прозаик** – кара сөз менен чыгарма жазган адам.

[8] **дипломат** – башкалар менен мамиле кылууда эптүү, айлакер, чебер киши

IV БӨЛҮМ. Биринчилик үчүн күрөш:

XIX к. II жарымы - XX к. I жарымындагы дүйнөлүк өнүгүүлөр

Фабрикалар, заводдор, пароходдор: өнөр жай революциясы

“Элдин өнүгүп-өсүшү, атак-даңкка бөлөнүп, жемиштүү ой жүгүртүп иштөөсү үчүн, алардын жашоосунда жетелеген күч болуп прогресс идеясы турушу керек”.

Эмилио Кастеляр.

Британиялык Бүткүл дүйнөлүк устакана (мастерская)

XVIII-XIX кк. чейин базарга чыгарылгын товарлардын дээрлик көпчүлүгү колдо жасалган. Айылдык жана шаардык кол өнөрчүлөр чийки затты сатып алып товарды өз колу менен же бир нече жалданма жумушчуларды ишке тартып жасаган. Даяр продукцияны дүңүнөн соодагерге баалап берген, ал эми соодагер дүкөндөр аркылуу элге саткан.

Өндүрүштүн жаңы ыкмаларынын жайылышы менен кылымдар бою калыптанган жогорудагы схема өзгөрүүгө дуушар болот. Машиналардын жана башка механикалык ыңгайлуу жабдыктардын пайда болушу көп сандагы жумушчулардын, материалдардын жана өндүрүш куралдарынын бир жерге бириктирилишин шарттаган. Ошентип, алгачкы фабрикалар жаралган. Бардыгы XVIII к. башталышында өнөр жай өндүрүшүнө ыңгайлуу шарт түзүлгөн Англиядан башталган. Ал өлкөдө жаңыдан гана ойлоп табылган буу машинасы үчүн отун катары кызмат кылган көмүрдүн чоң кени, инструменттер, механизмдердин бөлүктөрүн жасоо үчүн жана башка жабдыктар үчүн зарыл темир рудасынын кени табылган. Ал гана эмес дүйнөнүн бардык бөлүгүндө орун алган англичандардын көп сандаган колонияларынан керек болгон материалдардын бардык түрүн алууга мүмкүн эле.

Британиянын ишинин илгерилишине андагы саясий абал, тагыраагы туруктуулук, өнөр жайга байланышкан узак мөөнөткө эсептелген долбоорлорго коркпой каражат салууга мүмкүнчүлүк берген. Өкмөт ушундай аракеттердин келечектүүлүгүнө ишенип дайыма колдоо көрсөтүп турган. Чыгарылган товарлар башка базарлар менен катар эле англиянын колонияларында дагы кеңири сатылып турган.

Буу кыймылдаткычы жана темир кесүүчү станоктор
Өнөр жай төнкөрүшү

Текстиль өндүрүшүнөн башталган. Ал тармакта XVIII к. ичинде тынымсыз өнүгүп-өркүндөө иши жүрүп турган – Англияда суу менен айланган пара аркылуу иштеген эң жөнөкөй машинадан, **буу кыймылдаткычы** иштеткен агрегатка чейин жеткен. Кылым аягында бул өлкөдө жүздөн ашык чоң-чоң фабрикалар ошол мезгилге салыштырмалуу өтө көп көлөмдө кездемелерди чыгарып турган.

Буу кыймылдаткычын ойлоп табуу, анын андан ары өркүндөтүлүшү жана түрдүү муктаждыктарга ыңгайлаштырылышы **индустриалдык** революция үчүн чоң түрткү болгон. Буу кыймалдаткычы суу насосторун иштеткен, тегирмендин парасы менен фабриканын станокторун айланткан, XIX к. баш ченинде ал, транспорттун ылдам жүрүүчү жаңы түрлөрүндө – пароход менен паровоздо пайдаланыла баштаган. Бардык өнөр жай ишинин өтө маанилүү бөлүгүн түзгөн темир иштетүү дагы бир орунда туруп калган эмес. Темир иштетүүнүн алдыңкы ыкмаларын ойлоп табуу, анын ичинен жаңы темир кескич станоктордун жасалышы түрдүү машиналарды жасоодо керек болуучу бөлүкчөлөрдү жасоону жеңилдеткен.

Чийкизат менен даяр продукцияларды алыс аралыктарга тез убакытта ташып жеткирүү үчүн жаңы транспорт тармагы зарыл болуп, ал дагы курула баштаган. XVIII к. британиялык инженерлер көптөгөн каналдарды курушуп, аларда пароходдор жүрүп, ал эми XIX к. башталышында биринчи темир жолдор салынып, алар менен “темир аттар” чуркап, элди таң калтырган.

Бардык адамдар түшүп, барар жерине жете алган эң алгачкы темир жол 1825ж. Англиянын түндүк-чыгышында салынган. Ал жол Стоктон менен Дарлингтон шаарларын байланыштырып, узундугу 40 чакырым болгон. Ал эми 1779 ж. Англиянын Шропшир графтыгында дүйнөдөгү эң алгачкы бүт бардыгы чоюндан жасалган көпүрө курулган. Ал көпүрө капчыгайдагы Северн дарыясындагы эки жээкти туташтырган. Өнөр жай революциясына жол ачкан **эң биринчи буу машинасы** англиялык ойлоп табуучу Томас Севери тарабынан XVII к. акырында жасалган. Өнөр жай революциясы Англиядан Бельгияга, андан Германияга ж.б. өлкөлөргө жайылып, бул жараянда кимдир бирөөлөр алдыга кетсе кимдир бирөөлөр мисалга, согуштардан алсыраган Франция артта калгандыгына карабастан жалпы прогресс алдыга кеткендиги айкын эле.

Европада жаңы тартип: улуттук мамлекеттер

“Мен өз өлкөмдү сүйөм, анткени мен бардык өлкөлөрдү жакшы көрөм”
Джузеппе Мадзини

Француз революциясынан жана кыйраткыч наполеондук согуштардан кийин Европа өтө өзгөргөн: демократиялык улуттук мамлекеттерди куруу үчүн жан үрөгөн жаңы саясий кыймылдар пайда болгон. Монархтар менен аристократтарга эски тартиптерди сактап калуу убакыт өткөн сайын кымбатка туруп калган.

Вена конгресси жана анын каршылаштары (душмандары)

Наполеондун аскери талкаланып, өзү Эльба аралына сүргүнгө айдалгандан кийин Венада европалык өлкөлөрдүн өкүлдөрү эски тартиптерди калыбына келтирүү боюнча стратегияны иштеп чыгуу максатында чогулушат. Вена конгресси (1815ж.) Францияда Бурбондор династиясын жана Түштүк Германия, Борбордук Европа менен Түндүк Италияда Габсбургдар династиясынын бийлигин калыбына келтирет. Белгия менен Нидерландия мурдараак бириккен Швеция менен Норвегия сыяктуу эле бир мамлекетке биригет. Мындай эки бөлөк мамлекеттин бир мамлекетке биригүүсү күчтүү королдуктун жаралышын шарттайт деп эсептелген.

Мындай көп улуттуу империялардын бекемделиши боюнча демилгелер Европанын түрдүү облустарында каршылыктарды туудурган. Бардык аймактарда эл бир тилде сүйлөгөн, бир же бир нече туугандык тамырлаштардын башы кошулган улуттук мамлекеттерди түзүү боюнча улуттук кыймылдар башталат. Анан калса улуттук кыймылдардын катышуучулары абсолюттук монархиялык бийликке дагы каршы чыгышкан жана Француз революциясына шыктанышкан алар, бардык жарандардын укуктары корголгон конституциялык тартиптин орношун каалашкан. Эң биринчи көз карандысыз өлкө Швейцария болуп калган: Вена конгресси бул мамлекеттин өз алдынчалыгына макулдугун берген.

Революциялардын эки толкуну

Европадагы революциянын **биринчи** толкуну 1830-жылдарга туура келет. Бардыгы Франциядан башталып, көтөрүлгөн эл король Карл X ну бийликтен кулатат. Бул ирет республиканы орнотуу ишке ашпай калган, себеби, демилгени конституциялык монархияны жактагандар ээлеп кетип, такка өздөрү “король-жаран” деп атаган Луи-Филипп Орлеанскийди олтургузган.

Франциянын мисалы Европанын либералдарына дагы бир ирет шык берген, бирок, Польшадагы, Италия менен Германиянын кээ бир

бөлүктөрүндө башталган көтөрүлүштөр күч менен басылган. Бир гана Бельгия Нидерландиядан бөлүнүп, 1839 жылдан өз алдынча түтүн булата баштаган. Британия, Россия, Пруссия сыяктуу монархиялык державалар Бельгиянын бөлүнүшүнө дагы каршы болушкан, бирок, алардын бирөө дагы Белгия революциясын басып коюу үчүн өз аскерин жөнөтүүгө батынган эмес.

Ошол учурда, кечээ жакында эле күчтүү жана жеңилүүнү билбей келе жаткан Осмон империясы алсырай баштаган болучу. Ошондон пайдаланып, анын кол алдында болуп келген Греция көтөрүлүп, европа өлкөлөрүнүн колдоосу менен өз алдынчалыгын алат.

Европа революцияларынын **экинчи** толкуну 1848-жылдан дагы деле болсо Франциялан башталган. Каршылык көрсөтүүнүн массалык акциялары Луи-Филиппти тактан баш тартып Экинчи республика доорун жарыялоого мажбур кылган.

Франциянын артынан Венгрия, Чехия жана Хорватия австриялык башкаруу бийлигин кулатып, өздөрүнүн бийлик органдарын түзүшөт. Италиянын Түндүгүндө дагы ошол эле кадам жасалган. Көптөгөн герман княздыктары бир мамлекетке биригүү аракетин башташат.

Революциялардын экинчи толкуну максатына толук жетпей токтогон. Эң күчтүү аскерлерге таянган консервативдүү монархиялык күчтөр чачкын революциячыл уюмдардын каршылыгын басып салууга жетишкен.

Италия менен Германиянын жаралышы

Европадагы революциялык толкундар өтө тез арада өз жемиштерин бербесе дагы, жөн эле өтүп кеткен эмес. Ошол улуттук кыймылдардын акыбети кайтып 1870-жылдары Европада эки **жаңы мамлекет** – Германия менен Италия түзүлгөн.

Вена конгрессинин чечими менен Италиянын бир топ бөлүгү Австрия бийлигинин карамагына өтүп, ал эми калган бөлүгү башында ар биринин монархы бар чачкын королдуктарга бөлүнгөн. Революционер Джузеппе Мадзинин тарабынан түзүлгөн “Жаш Италия” уюму болсо италиялыктарды бир байрактын түбүнө биригүү ураанын чакырган. 1820-1830жж. Мадзини жана анын пикирлеш жан-жөкөрлөрү массалык куралдуу көтөрүлүштөрдү уюштурушуп, бирок, австриялык аскерлерден жеңилип калышкан. “Рисорджименто” деген италия сөзү “кайра жаралуу, жаңылануу” дегенди туюндурат. Италиянын тарыхындагы өлкөнү бириктирип, чет элдиктердин бийлигинен өз жерин бошотуу үчүн күрөш жүргөн мезгил ушинтип айтылган. Революциялардын экинчи толкунунан кийин Сардиния королдугунун премьер-министри Камилло ди Кавур, көтөрүлүшчүлөрдүн

башчысы Джузеппе Гарибальдинин колдоосу менен австриялыктарга каршы күрөш баштап, анан бошотулган жерлерди өлкөнүн башка аймактары менен бириктирүү милдетин колго алган.

1871-ж. чейин Германия дагы эч качан бирдиктүү өлкө болгон эмес, көптөгөн майда мамлекеттерден турган. XIXк. орто ченинен өлкөнү бириктирүү жана кубаттуу империя түзүү идеясы немистерге көп жагынан кызыктуу боло баштаган. Бул кыймылдын демилгечиси жана идеологу пруссиянын премьер-министри Отто фон Бисмарк болуп калган. Франция менен болгон согушту жеңгенден кийин, мекенчилдик сезимдин толкуну менен бардык Германиянын княздыктары менен жерлерин биригүүгө макул кылган. Германия империясынын биринчи императору Вильгельм I болуп, ал эми Отто фон Бисмарк канцлер кызматын ээлеген. Кээде “Экинчи рейх” деп аталып калган Германия империясы 1918 жылга чейин жашаган. Анда, ноябрь революциясынан кийин парламенттик Веймар республикасы түзүлгөн. Вена конгрессинде ошол мезгилдеги европалык саясаттын лидерлеринин – үч мамлекеттин Ыйык союзу түзүлгөн. Ал союзга Австрия, Пруссия жана Россия кирип, кийин аларга башка монархиялар дагы кошулган. Ал союздун максаты Европада конгресс тарабынан орнотулган тартиптерди колдоо болгон.

“Германия Пруссиянын либерализмине эмес, анын бийлигине кызыгат... Венадагы келишимдер боюнча аныкталган Прусиянын чегарасы мамлекеттин нормалдуу жашап кетүүсүнө ылайык келбейт. Учурдагы маанилүү маселелер көпчүлүктүн сүйлөгө сөздөрү жана чечимдери менен чечилбейт, ал маселелер темир жана кан менен чечилиш керек. 1848 жана 1849 жылдардагы чечим чоң катачылык болгон”.

Отто фон Бисмарк

.

Түштүктүктөр түндүктүктөргө каршы АКШдагы жарандык (граждандык) согуш

“Мен, эгерде кудай адамдарды иш кылбай эле жалаң гана жеп-ичкенге жаратса, анда алардын колу жок, бир эле оозу болмок деп ойлойм; а эгерде кудай ичип-жебей, жалаң гана иштөө үчүн тап жараткан болсо, анда аларга ооз бербей, колу менен гана болмок”.

Авраам Линкольн.

АКШнын тарыхындагы эң кандуу кыргын согуш, өлкөнүн бардык аймагында кулчулуктун жоюлушуна алып келди, бирок, Түндүк менен Түштүктүн ортосундагы көйгөйлөрдүн бардыгын чече алган эмес.

Американын конфедеративдик штаттары

XIXк. баш ченинде АКШнын түштүк штаттарында кулдардын эмгегин пайдаланган айыл чарбасы өнүгүп, түндүк штаттарында өнөр жай тез өнүгүп, экоо эки башка экономикалык зонага айланган. Калктын бардык катмарынын абалын эске алганда түндүктө жашоо деңгээли жогору болгон. Ал жакта Европа менен дүйнөнүн түрдүү өлкөлөрүнөн агып келип, көп сандаган завод-фабрикаларда иштеген иммигранттардын саны дагы көп эле. Ал эми түштүктө болсо эбегейсиз чоң жер аянттарында Африкадан алып келинген негр кулдарды аесуз эзген плантаторлордун күнү тууган.

Узак убакыт Түндүк менен Түштүк тынч жашап келген: Түштүк Түндүктү чийкизат, айыл-чарба продукциясы менен камсыздап турса, Түндүк Түштүккө машина менен жабдууларды берип турган. Бара-бара алардын ортосунда пикир келишпестик күчөп, биринчи орунга кулчулукка карата мамиле чыгат.

XIXк. ортосунда Түндүктө АКШнын бардык штаттарында кулдарга эркиндик берүү боюнча коомдук кыймыл жанданат. Бул кыймылга каршылык иретинде түштүк штаттары биринин артынан экинчиси бөлүнүп чыга баштайт. Мындай кадамга, өзүнүн кулчулукка каршы көз карашы менен бергилүү Авраам Линкольндун өлкөнүн президенттигине шайланышы түрткү болгон. АКШдан бөлүнүп чыккан түштүк штаттары өздөрүн Американын **Конфедеративдүү Штаттары** деп аташып, алардын президенти плантатор жана саясий ишмер Джефферсон Девис болуп калган.

Жеңишке жеткенче салгылашуу

Жарандык согуш 1861-ж. 12 апрелинде башталган: бул күнү конфедеративдик аскерлер Түштүк Каролинадагы Самтер фортуна кол салышкан. Линкольн ыктыярдууларды мобилизациялоо боюнча жарыя кылып, түштүктү деңиз жактан блокадага алат. Анткени, өнөр жайы жокко эсе Түштүк, Европадан келүүчү өнөр жай жана армияга зарыл продукцияларсыз кыйын ахвалда калмак. Президенттин ою боюнча түштүк штаттарынын бөлүнүп чыгуусу мыйзамсыз болгондуктан аларды күч менен кайырып келүү керек болгон.

Согуштун алгачкы айларында Түштүк биринен сала экинчи жеңиштерге жетишип жатты, анткени, алардын аскерлери менен генералдары согушка мыкты даярдыкта болушкандыгы көрүнүп калды. Түндүк алгачкы

жеңишке 1862ж. сентябрында Мериленддин Антьетам деген жериндеги салгылашууда жетишет. Ошондон кийин Линкольн “Боштондукка чыгаруу жөнүндө Прокламация” чыгарып, ага ылайык Америка Кошмо Штаттарындагы бардык кулдар – кулчулуктан бошотулган. Анын артынан ыктыярчылар жетишсиз болуп келген түндүктүн армиясына өз эркиндигин колуна курал алып коргоону каалаган кара түстүү жоокерлер агып келе баштаган.

Түндүктүн аскерлеринин ийгиликтеринин артынан 1862-1863 жылдардын кыш, жаз айларында жеңилүүлөр орун алган. Жайында генерал Линин кол башчылыгы астында конфедеративдик аскерлер Пенсильванияга бет алышат. Геттисберг деген жерде алар талкаланат. Ошол жеңилүү согуштун чукул өзгөрүүсүн шарттап, эми сан жагынан жана жабдылышы жагынан дагы түндүктүктөр артыкчылык кылып, чабуулга өткөн. Кийинки айда дагы түштүк аскерлери өз аймагына сүрүлүп, ал аз келгенсип алардын ресурстары түгөнүп, чарбалык бүлгүн менен ачарчылык каптаган. 1865ж. апрелинде конфедеративдик аскерлер багынып берген.

АКШ бир мамлекет бойдон сакталып калып, кулчулук жоюлуп америкадагы африкалыктар АКШнын жарандары болуп калган. Тилекке каршы бардык расалык көйгөйлөрдү чечүүгө жүз жылга жакын убакыт сарпталып, расалык дискриминация дагы көпкө чейин сакталып келген. Жарандык согуш жүз миңдеген адамдардын өмүрүн алып, андан да көбү жаракат алган. Андан башка, түндүктүн жеңишин кайгыга айланткан окуя – түштүктүктүн колунан президент Линкольндун ажал табышы болуп калган.

“Башка адамды эркиндигинен ажыраткан адам, өзү эркин жашоого татыксыз”. *Авраам Линкольн*

Мурда болуп көрбөгөндөй: биринчи дүйнөлүк согуш

“*Бардыгы согуштун башталган себебин издеп жатышат. Алардын бул аракети кур бекер убара, анын себебин таба алышпайт. Бул согуш кандайдыр бир себептен улам башталган эмес, бул согуш болгон бардык себептерден улам дароо башталып кеткен*”.

ТомасВудро Вильсон.

Адамзаттын тарыхындагы эң чоң масштабдагы согуштук конфликттин бири 1914 жылдын жайында башталган. Бул согушта 10 млнго жакын жоокерлер менен 12 млндой жайкын тургундар каза болуп, 55 млнго чукул адам жаракат алган.

Дүрмөт салынган бочканын үстүндөгү Европа

Европадагы чыңалуу XIXк. аягынан күч алган. Ири державалардын: Германия, Орусия, Франция, Австро-Венгрия жана Италиянын ортосунда көптөгөн карама-каршылыктар орун алып, бирок, аларды чечүү мүмкүн болбой калган.

Германия империясы бардыгынан кеч (1871ж.) жаралган. Бирок, анын күч-кубаты өскөндөн-өсүп, империялык бой көтөрүүчүлүгү пайда болгон. Анан калса бул мамлекеттин колониясы болгон эмес, анткени ал колониалдык согушту өтө кеч баштап, анын чыгарган товарын сатууга рыногу жана кошумча киреше берүүчү булактары дагы жок эле. Германиянын калкы тез көбөйүп, аймагы алдаганча кичине бойдон калган. Анын аскеринин кубаты чыңдалып, ошонун аркасында Германия согуш баштап, башка өлкөлөрдү кысымга алуу менен дүйнөнү кайрадан бөлүштүрүүгө барары көрүнө баштаган.

Германиянын мындай ой максаттарын байкаган үч чоң держава – Орусия, Франция жана Англия ага каршы өздөрүнүн “Антанта” (“чын ыкластан макулдук”) деп аталган шериктештигин (союз) түзөт. Германия бул союзду “курчоого алуу” деп атайт, анткени, чын эле ал үч мамлекет анын айланасында жайгашкан болучу. Аларга жооп кылып, Германия курал-жарагын күчтөнтүп согушка даярдана баштаган. Башынан эле Австро-Венгрия талашсыз Германия тарапта болгон, кийинчерээк бул союзга Италия, Турция (Осмон империясы) жана Болгария кошулат. Алардын ичинен Италия согуш башталары менен Антанта тарапка өтүп кеткен. Демек карама-каршы тараптар:

- Төрттүктөр союзу: Германия, Австро-Венгрия, Осмон империясы, Болгария.
- Антанта: Орусия, Франция, Улуу Британия

Ошол учурда бир нече чыңалуунун очоктору болуп, алардын ичинен Балкан жарым аралындагы очокто Австро-Венгрия менен Орусия тиреширип турган. Экинчи Жакынкы Чыгыш очогунда европалык күчтүү державалар алдан тайып бара жаткан Осмон империясынын ээликтеринен кур калбоонун аракетин көрүп жаткан. Дүрмөт салынган бочканы жарган учкун Балкандан жылт эткен. Ал учкун австриянын эрцгерцогу Франц Фердинанддын серб террористи Гавриил Принцип тарабынан өлтүрүлүшү болгон. Ошондон кийин Австро-Венгрия Орусиянын жакын өлкөсү Сербияга согуш жарыялайт. Бул окуя 1914 жылдын 28-июлунда болгон.

Парижде болбой калган түштөнүү (обед)

30-31 июлда Орусия менен Францияда аскердик мобилизация (аскерге чакыруу) жарыяланып, 1-августта Германия Орусияга согуш ачат. Кийинки күнү немистер Бельгиядан, өз аймагы аркылуу Франция тарапка өз аскерлерин өткөрүүнү талап кылат. Бельгия бул талапты аткаруудан баш тарткандан кийин Германия 3-августта Францияга каршы согуш жарыя кылган. Белгиянын королу жардам сурап Антанта өлкөлөрүнө кайрылууга мажбур болгон. Күтүлгөндөй эле Германия ал талапты аткаруудан баш тарткандан кийин Англия өз өнөктөштөрү Франция менен Орусияга кошулуп Германияга согуш жарыялайт. Эң акыркы согуш жарыялоо кезеги Австро-Венгрияга жетип, ал 6-августа Орусияга каршы согуш аракетин баштаган.

Согушкан тараптардан эч ким согуш ушундай узака созулуп кетет деп ойлогон эмес, бардык өлкөлөрдүн божомолунда согуштук аракеттер бир нече айда эле жыйынтыкталмак. Алсак, Германия Белгия аркылуу Францияга ыкчам сокку урууну мерчемдеп, император Вильгельм II нин ою боюнча Орусия өз өнөктөштөрүнө көмөк көрсөтүү үчүн аскерин Батыш Европага эмес, өзүнүн чегараларын коргоого дагы үлгүрө алмак эмес. Ал, “биз Парижде түштөнүп, Санкт-Петербургда кечки тамакка олтуруп калабыз” – деп айткан.

Иш жүзүндө бардыгы мерчемделгенден башкача болду. Француздар адегенде, 1870-1871жж. француз-пруссия согушунун жыйынтыгында немистерге өтүп кеткен Эльзас менен Лотарингияны өзүнө кайтарып алууну болжогон. Алар, француздар менен немистер 1914ж. августунун аягында бет келишип, адегенде, Германия жеңишке жетишкендей болгон, бирок Парижге жете алган эмес.

Батыш фронтунда эч өзгөрүү жок

Батыш фронту улам узарып, күч бирдей, каршылашуу үч жарым жылга узарып кеткен. Жоолашкандар уулуу газ, миналарды, от чачкан куралдарды пайдаланган. Согуш жерде эле эмес, авиация согушка тартылып, Германиянын авиапаркы ичинде дирижаблдерди[1] кошкондо абдан эле чоң болгон. Немистердин жерине чейин улам учуп барып турган француздардын авиациясы, ал эми Орусияда эң алгачкы “Илья Муромец” деген төрт моторлуу самолету болгон.

Ошол эле 1914ж. августунда орус аскерлери Германияга басып кирип, Чыгыш фронту жаралган. Орусиянын аскеринин экинчи бөлүгү Австро-Венгрияга каршы согушуп, алардын абалы “ит жыгылышты”

[1] **дирижабль-** фр.башкарылуучу, абада жеңил газ толтурулган учуучу башкарылма аппарат

элестетип турган. 1916-жылга эки тараптан тең оор жоготуулар орун алып, күчтөрү алсыраган. Батыш жана Чыгыш фронттору негизги майдан талаасы болуп, бирок, согуштар башка жактарда дагы жүрүп турган. Италиялыктар Австро-Венгрияга каршы, ал эми Антанта түрктөр менен, Япон аскерлери Кытай жергесинде германиялык гарнизон менен алышып, Грецияда Сербияга жардам берүү фронту түзүлгөн ж.б.

1917ж. Орусияда монархия кулатылып, большевиктер согушту улантуудан баш тартат. Алардын бул кадамы Германияга жеңишке жетишүү үмүтүн жандандырган, бирок, Улуу Британия өз күчүн мобилизациялап, андан башка дагы АКШ Антанта тарапты колдоп согушка киришкен. Бул эки фактор согуштун тагдырын чечип, 1918ж. 11-ноябринде Германия тынчтык келишимине кол коюуга мажбур болгон. Ошентип биринчи дүйнөлүк согуш аяктаган.

Өзүнүн азыркы Биринчи дүйнөлүк согуш деген аталышын ал, Экинчи дүйнөлүк согуш аяктагандан кийин XX к. орто ченинде эле алган. Ага чейин бул согуш “Улуу согуш” деп аталып келген. Ал эми Орусияда болсо бул согуштун Германиялык жана Империалисттик деген аталыштары болгон.

“*Адамзат бул убакка чейин эч качан мындай абалда болгон эмес. Жакшылык жолунда мүмкүн болгон жогорку деңгээлге жете албай, ошондой эле акылман жетекчиликке жарыбай жүрүп, адамдар бүткүл адамзат тукумун толук кырып сала турган куралды колуна алды*”.

Уинстон Черчиль

Бардык бийлик советтерге: Орусиядагы революция жана жарандык согуш

“Бизге, Орусия тыркырап өз алдынча республикаларга бөлүнүп кетет деп айтып жатышат, бирок, биз андан коркпойбуз.. Биз үчүн мамлекеттин чегарасы кайсыл жерден өтөрү маанилүү эмес, маанилүүсү буржуазия менен күрөшүүчү бардык улуттардын эмгекчилеринин ортосундагы союздун сакталып калышы”.

В.И.Ленин

1917-1922 жылдар аралыгында Орусияда анын тарыхын өзгөрткөн үч тарыхый окуя болуп өткөн: Февралдагы буржуазиялык-демократиялык революция, Октябрдагы социалисттик революция жана Жарандык согуш.

Февраль жана Октябрь революциялары

Бардык окуялардын башаты 1905-ж.тынчтык демонстрациясын атып (“кандуу жекшемби”) аягы революцияга айланган коогалаңдан башталган. Орусиянын завод, фабрикаларында иш таштоо, армия менен флотто толкундоолор каптаган. Жыйынтыгында өкмөт манифест[1] жарыялоого мажбур болуп, анда түрдүү жарандык эркиндиктердин кепилдиги белгиленген. Тилеке каршы бар болгону эки жыл өтпөй реакциялык аракеттер жасалып, бардык революциялык жеңиштер жокко чыгарылган. Мына ошентип, 1905-07 жылдардагы революцияга алып келген себептер жоюлбастан, алар, акыры 1917 жылдагы революциягажол ачкан.

Андан башка дагы кырдаалды курчуткан себеп Биринчи дүйнөлүк согуш болуп калган, анткени, калктын көпчүлүк бөлүгү бул согушту өз кызыкчылыгына каршы келген фактор катары кабыл алган. Согуштун кесепетинен инфляция күчөп, азык-түлүк, отун жана башка турмушка өтө зарыл товарлар менен материалдардын жетишсиздиги күч алган.

1917-ж. февралында Петроградда көтөрүлүш башталат. “Согуш токтотулсун!”, “Падыша кетсин!” деген ураандар астында ак падыша Николай II тактыдан баш тартып, өлкөнү башкаруу Убактылуу өкмөткө өткөн. Ал болсо согушту улантууну чечип, элдин кыжырданууусун күчөткөн.

Убактылуу өкмөткө оппозицияда Петросовет (Жумушчу жана жоокерлердин [солдаттар] Петрограддык кеңеши) туруп, иш жүзүндө күчү жана укугу бар эки бийлик, б.а. кош бийлик орноп калган. Аларга караганда максаты радикалдуу, өзү аларга караганда күчтүү большевиктер партиясы кырдаалды өз колуна алуу аракетин баштайт. Партиянын башында В.И.Ленин туруп, анын лидерлеринин арасында Ленин сыяктуу эмиграциядан жаңы эле келген Л.Д. Троцкий дагы болгон.

“*Совет бийлиги окоп мээнетин жок кылат. Ал элге жер берип, ички бүлгүндү айыктырат. Совет бийлиги өлкөдө болгон нерсенин баарын жакырлар менен окопто жаткан жоокерлерге берет. Буржуй – сенин эки тонуң бар, бирөөнү жоокерге бер. Сенин жылуу өтүгүң барбы? Өзүң үйдө олтур. Сенин өтүгүң жумушчуга керек”*

Л.Д. Троцкийдин сүйлөгөн сөзүнөн...

1917-ж. 25 октябрында большевиктер партиясы атайын түзүлгөн Аскердик-революциялык комитеттин жетекчилиги астында көтөрүлүш баштап, бийлик большевиктердин колуна өткөн.

---

[1] **Манифест**-1. Жогорку бийликтин салтанаттуу кат түрүндөгү калкка кайрылуусу. 2. Программалык мүнөздөгү жазуу түрүндө кайлыруу же чакыруу.

Актар кызылдарга каршы

Большевиктер дароо эле өлкө согуштан чыга тургандыгын жарыялаган. Германия менен сүйлөшүүлөр башталып, 1918 ж. мартында тынчтык келишимине кол коюу менен аяктаган. Бирок тышкы согуштун ордуна ички жарандык согуш келген. Октябрь революциясынан кийинки бир нече ай ичинде түрдүү облустар каршылык көрсөтүү очокторуна айланган – Актардын армиясы пайда болгон Адегенде алардын отряддары аз сандуу болуп, анан калса большевиктердин аскерлери дагы жаңыдан түзүлө баштагандыктан алардын кагылышуулары анча деле көп аймакка жайыла элек болучу.

Бара-бара Кызыл аскерлер кубат топтоп, ал эми Актар дагы Франция, Англия, АКШ менен Япониядан жардамдарды ала баштаган. 1918 ж. күзүндө жарандык согуштун негизи фронттору даана ажырымдашып, кийинки бир жарым жыл ичинде өлкөнүн бардык аймактарында жана чегараларында көптөгөн кан төгүүлөр, айыгышкан кармашуулар болуп өткөн. Башталышында актар үстөмдүк кылып, кийин 1920 ж. жаз айларынан бурулуш учур – кызылдар жеңишке жетише баштап, кийинки бир жарым жылда актар большевиктер үчүн муруңкудай коркунучтуу болбой, кармашуулар негизинен өлкөнүн чет жакаларында жүргөн.

Жарандык согуш бир партиялуу, 15 республикадан турган СССРдин түзүлүшү менен аяктаган. Өлкөнүн бардык коомдук түзүмүндө ар тармакты өзүнө камтыган кайра куруулар жүрүп: бийликтин жаңы органдары калыптанып, завод, фабрикалар улутташтырылган, колхоздор түзүлгөн. Мунун бардыгы бүлгүн, кыйроолордун күчөшү, ачарчылык жана калктын түрдүү катмарларынын каршылыгы учурунда ишке ашырылган.

“Андай партия бар!” – бул сөз 1917 жылдын июнунда болуп Өткөн Советтердин Бүткүл россиялык сөездинде Ленин тарабынан айтылып, анан канаттуу эл оозундагы сөзгө айланып кеткен. Анда Петросоветтин төрагасы залга кайрылып, ушундай оор кырдалда бүт бийликти толугу менен өзүнө алууга даяр саясий партия барбы? – деген суроосуна Ленин андай партия – большевиктер партиясы – деп жооп берген.

Эки дүйнөлүк согуштун ортосу: Фашизм башын көтөрө баштаган

“Фашизм деген – бул бир эле башкаруу системасы эмес, баарынан мурда ой жүгүртүү системасы”.

Бенито Муссолини

Фашисттик идеологиянын эң негизги белгилеринин бири – ички же тышкы душманына карата жек көрүү сезимин жаратуу. Душманды аныктагандан кийин кыймылдын лидерлери аны улуттан ажыратып, жамандоонун эч кандай ыкмаларын колдонуудан тартынышпай, ал адамды мокочо абалына чейин жеткиришкен.

Фашисттердин Миландагы сөезди

Германия жана анын өнөктөштөрү үчүн кайгылуу аяктаган Биринчи дүйнөлүк согуштун жыйынтыгы боюнча Европа өлкөлөрүнүн башчылары Версаль келишимине кол коюшкан. Германиянын жери бир топко кыскарып, өлкө монархия болуудан калып, экономикасы оор абалга тушуккан. Көптөгөн башка мамлекеттерде дагы саясий түзүлүшү, аймагы жана экономикалык абалы өзгөрүүгө дуушар болгон. Орусиянын империялык өмүрү аяктап, бир мезгилдердеги кубаттуу Австро-Венгрия бир нече мамлекеттерге бөлүнүп кетсе, Осмон империясы өз ээликтеринин көпчүлүгүнөн кол жууган. Эски тартип кайра келгис болуп кыйраган.

XX к. баш чениндеги Европада куралдуу карама-каршылыктардын жаралашынын себептеринин бири **улутчулдук** болгон. Иш жүзүндө ар бир улут өзүнүн мамлекетин түзүүгө умтулган, ал эми андай улуттук мамлекети барлар биримдигин күчөтүп, гүлдөп өнүгүүгө аракет кылган. Ошондой улутчулдуктун толкунунда түрдүү өлкөлөрдө фашисттик идеяларды үгүттөгөн кыймылдар менен күчтөр жандана баштаган.

Мындай идеялар, өзгөчө өзүн “Революциялык аракеттердин союзу”деп атаган уюмдун лидери Бенито Муссолини жетектеген Италияда кеңири таркаган. Ал уюм 1914-ж. декабрында Милан шаарында өткөн фашисттердин сөездинде түзүлгөн. (“Фашизм” – деген аталышты, ошентип, авторитардык-улутчул кыймылы үчүн ошол эле Бенито Муссолини ойлоп тапкан. Рим империясын кайра жаратуу жөнүндө кыялданган ал, консулдардын бийлигинин символу – фасциону эстеген. Фасцио – кызыл жип менен боолонгон кайың чыбыктар болгон эле). Ошондон алты жылдан кийин Италияда Улуттук фашисттик партия каттодон өтүп, Биринчи дүйнөлүк согуштун жыйынтыгына жана өлкөдөгү экономикалык абалга калктын нааразычылыгынан пайдаланып, тез эле бийликти басып алган.

Муссолини мекендештерине – өзүнүн элдешкис, катуу жетекчилигине

таянган, калктын бардык катмарынын жыргалчылыгы жөнүндө кам көргөн, өлкөнүн кызыкчылыгын эл аралык деңгээлде коргогон корпоративдик[1] мамлекет курууну убада кылган.

Гитлер бийликке келгенде

1920-жылдары Германияда өлкөнү чөгөлөткөн Версаль келишимине кол койгон өкмөттүн аракеттерине нааразы болгон жумушчулардын, кызматчылардын, дыйкандардын кыймылдары болуп турган. Немистердин улутчул-социалисттик партиясынын башчысы Адольф Гитлер өзүнүн саясий программасынын алгачкы пункттарынын биринде Версаль келишиминен баш тартуу деп жазган. Андан башка анын айтымында: өлкө күчтүү борбордук бийликке, жөнөкөй адамдардын абалын жакшырта турган социалисттик кайра курууларга жана улутту жат элементтерден, барыдан мурда еврейлерден тазалай турган бийликке муктаж.

“Улутчул-социалисттердин негизги идеялары
Адольф Гитлердин “Майн кампф” же
“Менин күрөшүм”- деген китебинде берилген.
Алардын арасында: расизм[2], милитаризм[3],
антикоммунизм[4] жана демократия институттарын
четке кагуу сыяктуу идеялар орун алган”.

1923 ж. Германия Версаль келишиминде белгиленген репарацияларды[5] төлөй албай калгандан кийин Франция өнөр жай ишканалары көп топтолгон – Рур облусун ээлеп алат. Ошол эле учурда инфляция дагы күчөп массалык иш таштоолор менен коштолгон. Учурдан пайдаланып Гитлер бийликти басып алуу аракетин көрүп – “Пиво путчун[6]” уюштурган. Анда алардын аракети ишке ашпай, бирок, он жылдан кийин баары бир Рейхстагка колдору жеткен. 1920 жылдардын аягында Европадагы абал бир топ эле оңолгон, анткени Англия менен Франция тарабынан Германиядан алынуучу репарациянын өлчөмү кыскартылган, анан калса америкалык карыз берүүлөр дагы абалды тутукташтырууга көмөкчү болгон. Тилеке каршы 1930-жылдары дүйнөлүк экономикалык кризис каптап: АКШда акциялардын баасы түшүп

---

[1] **Корпорация** – көбүнчө кесиптештик, тилектештик таламдардын негизинде түзүлгөн союз, бирикме, коом.
[2] **Расизм**-адам баласын жогорку жана төмөнкү расага бөлүү. Психикалык жана физикалык жактан бирдей эместигин далилдөөгө аракет жасап, расалык айырмачылыктын коомдун тарыхына менен маданиятына тийгизген таасирин камтыган концепциялардын жыйындысы.
[3] **Милитаризм**-бул же тигил мамлекеттеридин башчыларынын экономикалык, саясий, идеологиялык каражаттарды пайдалануу менен согуштун кудуретин күчтөндүрүүсү же согушка болгон даярдык.
[4] **Антикоммунизм**-коммунизм окуусуна каршы багыт алган саясат же идеология.
[5] **Репарация**- согушта жеңилген тарап жеңген тарапка келтирилген чыгымдардын бир бөлүгүн же толугу бойдон эл аралык укуктун негизинде төлөп берүүсү.
[6] **Путч** – мамлекеттик төңкөрүш жасап, бийликти алууну көздөгөн козголоңчулардын чоң эмес тобунун авантюристтик аракети.

кетип, карыз берүү токтотулган, Европада жумушсуздук менен жакырчылык болуп көрбөгөндөй деңгээлге көбөйгөн. Ушундай оор кырдаалда көпчүлүк, абалдан чыгуунун жолун, тынчтык менен өнүгүп-өсүүнү убада кылган жаңы-фашизм кыймылынан көргөн.

Гитлер бийлике келээри менен чукул арада жумушсуздукту жоюп, муктаж болуп турган жараандарга гуманитардык жардам уюштурууга жетишкен. Бирок, мындай жакшылыктардын кайтарымы, гуманизм көз карашынан алганда акылга сыйбаган – антисемитизм[1] саясаты болуп калган. Немис фашисттеринин башчысы бардык еврейлерди кырып жок кылуу ниетин жашырган эмес. Гитлер: “немистер рассасынын артыкчылыгына чын ыкластан ишенип, ошондуктан башка элдерди озуно баш ийдирүүгө акылуу” – деп эсептеген.

“Немец фашизми, өзүнө мүнөздүү принциби жоктугуна ылайык, элдин бардыгына бардык нерсени убада кыла берген”.

Вильгельм Райх

“Менин уятым жок! Менин абийиримдин аты Адольф Гитлер!”

Г. Геринг

Отко чулканган Европа: Экинчи дүйнөлүк согуш

“Жалпы эл үчүн согуш деген бул: көз жашы менен кан, жетимдер менен жесирлер, бузулуп талкаланган уя, жаштайында жайраган өмүр менен шылдыңга кабылган карылык...”.

Илья Эренбург

Экинчи дүйнөлүк согуштун кыйраткыч кесепеттери эбегейсиз чоң болгон. Согушта 55 млнго жакын адам өлүп, он миңдеген шаарлар менен айыл-кыштак тыптыйпыл жок кылынган, өнөр жай менен айыл чарбасы кыйроого кабылган.

Польшанын кулашы

Немистердин улутчул-социалисттер партиясынын саясий программасынын пункттарынын бирөөндө “жашоо мейкиндигин чыгышты көздөй кеңейтүү” деп жазылган. Бул жөнүндө Гитлер 1925 ж. өзүнүн китеби “Майн Камфта”:”Биз Европадагы жаңы жерлерди басып алуу жөнүндө сөз кылганча биринчи кезекте Орусия жана ага баш ийген чет жакалары жөнүндө айтып жатабыз”- деп белгилеген. СССРге бет алганда жолдо Польша турган,

[1] Антисемитизм-еврей улутуна каршы жек көрүү сезими, улуттук саясат.

ошондуктан германиялык командачылыктын мерчеминде аны биринчи кезекте басып алуу керек эле.

Согуш болор алдында европалык державалар Франция менен Англия, агрессорду жем салды жана компромисс жолу менен токтотууну максат кылып “тынчытуу саясатын” жүргүзүшкөн. Бирок, бул саясат өзүнүн тескери жемишин берип, Гитлердин табити уламдан-улам арта берген. 1939 ж. 1-сентябрында немис аскерлери словактардын аскердик бөлүктөрү менен биргеликте Польшага кол салат. Ага жооп кылып Польшанын өнөктөштөрү, барынан мурда Франция менен Англия Германияга согуш жарыялашкан. Ошол окуя тарыхтагы эң чоң, кан күйгөн согуштун башталышы эле. Немистер жаңы аскер тактикасын – блицкриг, б.а. “чагылгандай тез согушту” колдонгон. Анда, бир эле мезгилде чабуул абадан, оор бомбалоочу самолеттор менен жана жерден жөө аскерлердин колдоосу, кубаттуу танкалар менен коштолгон. Согуштук кудурети Германияныкына караганда бир топ чабалыраак Польшанын аймагы бир нече аптада басып алынган. 1939 ж. сентябрь айынын аягында советтик аскерлер Польшанын чыгышындагы – Батыш Украина менен Батыш Белорусияга киргизилген. Бул операция 23-августта СССР менен Германиянын ортосунда кол коюлган келишимдин негизинде жүргүзүлгөн иш-чара эле. Ал келишимде өз ара кол салышпоо маселеси менен катар эле, Европадагы кызыкчылык чөйрөлөрүн бөлүштүрүү дагы каралган болучу.

Фашисттердин мерчемине ылайык Польшанын үчүнчү рейхтин карамагына өткөн жерлеринин бир бөлүгү “германдаштырууга” жатмак.
Бул деген массалык репрессия “ расалык жактан кабыл алууга жатпаган” еврейлер менен поляктарды концлагерлерге айдап салуу эле. “Келечеги бар” деп эсептелген балдарды ата-энесинен ажыратып, “чыныгы арийлер” катары тарбиялоочу атайын мекемелерге жөнөтүшкөн.

Англичандар багынбайт

Улуу британиянын Германияны, ага анын согуштук өнөр жайына зарыл болгон темир рудаларын берип турган Скандинавиядан бөлүп салуу мүмкүнчүлүгү бар эле. Ошону эске алган Германия алдын алып 1940 ж. апрелинде Дания менен Норвегияга кол салып, каршылыкка жана өнөктөш өлкөлөрдүн жардамына карабай июнь айында толук басып алган. Ошондой эле кыска убакта Нидерландия, Бельгия жана Люксембергду өзүнө каратып, Орусияга кол салардан мурда Германия өзүнүн батыштагы абалын бекемдеген. Кезекте Франция менен Англия бар эле. Бельгияны алгандан кийин немис аскерлери өзүнө кошулган италиялыктар менен бирге Францияга чабуул койгон. 1940 жылдын 14 июнунда немистер иш жүзүндө

оңой эле Париж шаарын ээлеген. Франциянын түштүк бөлүгү фашисттерге баш ийген Вишинин бийлигинде калып, ал эми түндүгү оккупациялык аймакка айланып, бул жакта **Каршылык көрсөтүү** күчтөрү аракет кылып жаткан. Гитлер, Франция жеңилгенден кийин Англия бейызат тынчтык келишимин түзүүгө барат деп ойлогон, бирок, андай болгон жок, англичандар согушууга бел байлашкан. Англиянын согуштук-өнөр жай кудуретин алсыратуу максатында Германия топтоштурулган бомбалоону баштаган. Бирок, немистер өзүнүн негизги максатына: Англияны согуштан четтетүүгө жетише алган эмес. Ал эми көпкө чейин даярдык жүрүп, анан Англиянын аймагына басып кирүүгө дааган эмес.

Сталинграддан Берлинге чейин

Фашисттик аскерий жетекчилик тарабынан тыкан иштелип чыккан Советтер Союзуна басып кирүү жана тез арада басып алуу “Барбаросстун планы” деп аталган. Бул мерчемдин биринчи бөлүгү оңдой берди болуп ишке ашырылган, ал эми 1941 жылдын жай айларынын акырынан калган максаттары ойлогондой болгон эмес.

1941 жылдын 22 июнунда согуш жарыялабай туруп Германия Советтер Союзуна кол салган. Анын алдында фашисттерди колдоого алган Италия, Венгрия, Румыния жана Болгария өлкөлөрүнөн “Ок”[1] деген аталыштагы өнөктөштүк түзүлгөн. Ошол “окко” кирген өлкөлөр Греция менен Югославияны каратып алышкан.

СССРге кол салуу болуп көрбөгөндөй күчтүү уюштурулуп, ага ар тараптан жакындап келтирилген үч армиялык топтор тартылган. Согуштун алгачкы айларында “Октун” чабуулу өтө тездик менен жүрүп, “Түндүк”, “Борбор” жана “Түштүк” деген аталыштагы армиялар үч багытта СССР дин аймагына тереңдеп кирип барышкан. Ошол эле жылдын күз айларында совет аскерлери душманга татыктуу каршылык көрсөтө баштаган. Ошого карабай немис күчтөрү 1941 жылдын декабрында Москвага жакын келип, Ленинградды курчоого алганга жетишкен. Бирок, душмандын алдыга жылуусу токтотулган. Согуштун түп-тамырынан бери өзгөрүүчү учуру Сталинграддын алдындагы салгылашууда – советтик жоокерлер болуп көрбөгөндөй каармандык көрсөтүп шаарды коргоп калган. Ошол окуядан кийин Экинчи дүйнөлүк согуш башталгандан бери алгачкы жолу советтик аскерлердин душманга каршы чабуулу болгон.

[1] **Ось** – орус. ок, огу деп которулат. М.: дөңгөлөктүн огу, передняя ось – алдыңкы ок, ось вращения – айлануу огу.

“Сталинграддын алдындагы салгылашуу Германиянын тарыхындагы өтө оор жеңилүү болсо, Орусия үчүн болуп көрбөгөндөй жеңиш болгон. Орусия Полтаванын алдында (1709) европадагы “улуу держава” атагына укук алса, Сталинграддан баштап дүйнөлүк эң улуу эки державанын бирөө деп аталуу бактысы буюрган”.

Ганс Дерр.

Өзүнүн аймагын немистик баскынчылардан бошоткон советтик аскерлерди батыштан өнөктөш өлкөлөрдүн жоокерлери колдоп турган. 1944 ж. жай-күз айларында Кызыл аскерлер Румыния менен Болгарияны, 1945 ж. кышында Польша менен Венгрияны бошоткон. Апрель айында Берлин шаарына чабуул башталып, 1945 ж. 8 нен 9 майга караган түнү Германия сөзсүз **капитуляция** актысына кол койгон.

Экинчи дүйнөлүк согуштун 5 мезгили:

1. 1939 ж. сентябрь – 1941июнь Германиянын Польшага кол салышы менен башталган.
2. 1941 июнь – 1942 ноябрь. СССРге бастырып кирүү.
3. 1942 ноябрь – 1944 июнь Сталинграддагы жеңиш – согуштун чоң бурулуш мезгили.
4. 1944 июнь – 1945 май. Германиянын капитуляциясы.
5. 1945 май – 1945 сентябрь. Япония менен согуштун аякташы.

Экинчи дүйнөлүк согушка түз же кыйыр түрүндө жер шарынын калкынын 80 % га жакыны катышкан. Бул конфликтте 1940 – жылдары жашап жаткан дүйнөнүн 73 өлкөсүнүн 68и тартылган.

Биринчилик үчүн жарыш:
XIX к. II жарымы - XX к. I жарымындагы дүйнөлүк өнүгүү
Учурдагы цивилизациянын материалдык негизинин калыптанышы

Инновациялар. Өнөр жай революциясы, өнөр жай төңкөрүшү

«Өнөр жай революциясы» деген аталгыны француздар ойлоп табышкан деп айтылып жүрөт. Алар XVIII к. акырында Улуубританияга барышкан. Британиянын экономикасындагы өтө тез өнүгүү Франциядагы революциялык кайра курууларды эске салган.

Индустрияга[1] чейинки коомдогу экономиканын өнүгүшүн энергия[2] ресурстарынын жетишсиздиги артка тарткан. Суунун жана шамалдын энергиясын пайдаланып, жыгач күйгүзүлүп энергия алынган, негизги күч берген адам жана жумушчу унаа болгон. Англияда көмүр көп болуп, ал буу машиналары үчүн пайдаланылган. Кийинчерээк буу машиналары бардык жерде таркаган. **Өнөр жай төңкөрүшү** деген - бул өтө кеңири түрдө мануфактурадан машинаны пайдаланып өндүрүүгө өтүү жараяны - эсептелген. Англиядагы биринчи өнөр жай төңкөрүшү XVIII к. 60-жылдарынан – XIX к.10-20 жылдар ортолугунда орун алган. XIX к. алгачкы жылдарында өнөр жай төңкөрүшү АКШда, Францияда, Германияда, Италияда, Японияда ишке ашырылган. Орусияда өнөр жай төңкөрүшү XIX к. 1-жарымынан -70-80 жылдар аралыгында болгон. «Революция» деген француз сөзү орус тилинде «төңкөрүш» деп которулат.

Инсандар. Чарльз Бэббидж 1791-1871жж. жашаган Англиялык математик жана ойлоп табуучу. Логарифмалар[3] теориясынын үстүнөн иштеген. Ал маалыматты (информация) сактап жана кайрадан иштеп чыгууга жөндөмдүү эсептөө машинасын жасап чыккан. Анын иштөө принциби Жаккарддын кездеме токуган машинасындай болуп, маалыматы бар программа перфокартага[4] түшүрүлгөн. Бэббидждин «Аналитикалык түзүлүшү» көзү барында пайдаланылганга жетпей калган. XX к.акыркы он жылдыктарында гана барып Ч.Бэббидждин «Аналитикалык түзүмү» азыркы компьтердин алгачкы карлыгачы экендиги билинди.

Инсандар. Альфред Нобель жана Нобель сыйлыгы Альфред Нобель 1833-1896 жж. жашаган Швед ишкери жана филанторп[5]. Санкт-Петербургда

[1] **индустрия**- өнөр жай.
[2] **энергия** – кубат, күч – материянын касиети – анын кыймыл өлчөмү; иш иштөө жөндөмдүүлүк.
[3] **логарифма** (лат.гр.) – санды алууга негиз болуп бере турган даражанын көрсөткүчү.
[4] **перфокарта** (лат.)- стандарттуу өлчөмдөгү картондон же пластмассадан жасалган, ЭЭМ үчүн перфорация менен информация жазылуучу тик бурчтуу карточка.
[5] **филантроп** – кайрымдуулук, колдоочу, кишиге жакшылыкты көп кылган адам.

чоңоюп, ошол жерден билим алган. Химияны, инженердик ишти жакшы билген, иши ийгиликтүү жүргөн бизнесмен[1], беш тилде сүйлөй алган. 1866 ж. динамитти[2] ойлоп тапкан. А.Нобель өзү пацифист[3] болгондуктан, ал ойлоп тапкан жарылгыч зат согуш ишине пайдаланылбайт деп ойлогон. Ойлоп табууларын өндүрүшкө кийирүү, Бакудагы мунай (нефть) өндүрүшүнө салган инвестицияларынан[4] түшкөн каражаттан көп байлык топтогон. Ал өзү каражатынын көп бөлүгүн атайын фондго которуп берген. 1901 жылдан А.Нобелдин керээзи боюнча: физика, химия, медицина жана физиология, адабият жана дүйнөдө тынчтыкты бекемдөөгө, кошкон зор салымы жана жетишкендиктери үчүн эл аралык Нобель сыйлыгы тапшырыла баштады. Иш жүзүндө бул сыйлыктар адамзаттын жыргалчылыгы үчүн чыгармачыл жетишкендиктерди баалоонун эң жогорку баасы болуп калды.

Инсандар. Луи Жак Дагер 1787-1851жж. жашаган Франциялык театралдык сүрөтчү жана ойлоп табуучу. Фото сүрөт (фотография) пайда болгонго чейин химия жана оптика[5] тармагында түрдүү милдеттерди чечүүгө туура келген. XVI к. эле хлор-күмүшү (хлористое серебро) табылган жана чоң тешиги жана линзасы[6] бар обскур[7]-камерасы[8] жасалган. 1816 ж. сүрөтчү Жозеф Ньепс обскур-камеранын ичине жарыкты сезгич пластинаны[9] жайгаштырып, иш жүзүндө эң алгачкы фотоаппаратты жасап алат.

Ж.Ньепс өлгөндөн кийин анын эксперименттерин[10] Л.Ж.Дагер улантат. Ал кокусунан караңгы азык-түлүк, эмеректер сакталуучу бөлмөдө йод буусу менен бууланган жарыкты сезгич пластинканы калтырып кетет. Ал пластинада төгүлүп кеткен сымаптын буусунан кандайдыр бир сүрөт пайда болуп калат. Мына ошентип, негативдерди[11] өңүнө чыгаруучу химиялык зат (проявитель) табылган. 1839 ж дагеротипия деп аталган ойлоп чыгарылган табылга жарыя болгон. Франциянын өкмөтү бул табылганы сатып алып, Дагерге өмүр бою алынуучу 6 миң франк өлчөмүндөгү пенсия чегерген.

---

[1] **бизнесмен** – бизнес менен алектенген адам; коммерсант, ишкер; соодагер, бизнес-коммерция.

[2] **динамит** – күчтүү жарылгыч зат.

[3] **пацифист** –тынчтыкты сактоо үчүн кандай гана согуш болбосун каршы чыккан адам.

[4] **инвестиция** – ишканага капитал салуу.

[5] **оптика** – физикалык жарыктын, кубулуштарын жана сыпаттарын үйрөнүүчү бөлүгү; М.: көз айнек, дүрбү.

[6] **линза** – айнек, кварц ж.б.тунук заттан жасалган томпок же кабырынкы нерсе.

[7] **обскур** – камера – ичи караңгы камера

[8] **камера** – кандайдыр бир прибордун, жабдыктын ичиндеги боштук, көңдөй.

[9] **пластина** – жалпак нерсе.

[10] **эксперимент** – 1. Илимий текшерүүлөр максаты менен жүргүзүлүүчү тажрыйба; 2.тажрыйба кылып көрүү, байкап көрүү, сынап көрүү.

[11] **негатив** – жарык сезгич пластинкага түшкөн сүрөт, т\стърд\ орду мн кърсътът. Жарык сезгич пластинага түшкөн сүрөт, мында кара жери ак, ак жери кара болуп көрүнөт

Позитив сүрөт алынууга зарыл болгон бардык жабдыктар сатылып алынган. Фото сүрөт алуу жараянын өркүндөтүү иши улана берген.

Инновациялар. Киноматограф бул ойлоп табуунун иштөө принциби, адамдын көзүнүн өтө кыска учурда секунданын 1үч14 бөлүгүндө көргөн нерсесинин образын (кейипкерин, кейпин) сактап калуу жөндөмүнө байланышкан. Адамдар, дөңгөлөктүн чабагы (спицасы) дөңгөлөк тез айланганда туташ, бир бүтүн тегерек жалпак нерсеге (диск) айланарын илгери эле байкашкан. Ушундай натыйжаны (эффекти) пайдалануу үчүн байыртадан эле- кыймылдай турган сүрөт алуу максатында сыйкырдуу фонарды (чырак) жасашканы белгилүү.

1833 ж. австриялык Симон Штаффер стробоскоп[1] жасап, анын жардамы менен биринчи кыймылдаган сүрөт алынган. Ал эми башка австриялык Франц фон Ухатиус 1853 ж. кыймылдаган сүрөттү экранга[2] которуп б.а. стробоскоп менен сыйкырдуу фонарды бириктирген. 1888 ж. француз Эмиль Рейно кыймылдаган сүрөттөрдүн мурунку калыбындагы көчүрмөсүн жасоо үчүн проекциялык[3] аппаратты түзгөн. Анда стробоскоптун эпсиз тегерчеги целлулоиддик[4] пленкасы бар барабан[5] менен алмаштырылган. 1859 ж. Томас Дю Мон кыймылды сүрөткө тарткан көп обьективи[6] бар камерасын патенттен[7] өткөргөн. Франциялык сүрөтчү (фотограф) Огюстин Пренс кыймылды пленкага тартып, экранга чыгарган жана перфорацияны[8] ойлоп тапкан. Перфорацияга, пленканын четиндеги тешиктерине лентаны жылдыруучу дөңгөлөктүн тиштери кирип жылдырган. 1894 ж. Жорж Демени секирип туруучу маханизми бар чыныгы киноаппаратты жасап чыккан. Бирок, киноматографиянын башталган жылы деп 1895 ж. эсептелет, анткени, ошол жылы бир тууган Люмьерлер өздөрү жасап чыккан аппарат менен проекторго патент алышкан. 1895 ж. Париждеги Капуцинов гулбагында (бульвар) биринчи кинотеатр пайда болгон. Бул жаңы көңүл ачуунун түрү жүрө-жүрө искусствого айланып, адам баласына таасир этүүнүн маанилүү куралына айланган.

---

[1] **стробоскоп**-гр.обьектердин кыймылын жана алардын ылдамдыгын аныктап үйрөнүүчү прибор.

[2] **экран** – бетине фильмдердин, диапозитивдердин сүрөтү күрсөтүлүүчү ак полотно.

[3] **проекция** – сүрөттү экранга түшүрүү.

[4] **целлулоиддук** – целлюлозадан чыгарылуучу зат; бул киноматографиялык лента, фотографиялык пластинка жана башка даярдоо ишинде колдонулат.

[5] **обьектив** – оптикалык куралдардын асты жагындагы айнеги.

[6] **патент**- ойлоп чыгаруучунун автордугун билдирүүчү документ.

[7] **перфорация** – кинолентанын эки жагындагы тешиктер.

Инсандар.Анри Сен-Симон 1760-1825жж. жашаган ак сөөк, бай дворяндын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келип, ар тараптуу билим алган. Улан кезинен эле француз агартуучуларынын коомдук жыргалчылыгына кызмат кылуу идеясын кабыл алган. АКШнын көз карандысыздыгы үчүн согушка катышып, полковник чининде Францияга кайтып келген. Бирок аны чин дагы , байлык дагы кызыктырган эмес. А чынында анда байлык деле болгон эмес, ал жакырданып, өтө кедей жашаган. Ошондой болсо дагы, ал, өзүнүн жашоодогу максатын: адамдардын көпчүлүгүнө бакыт тартуулай турган коомдук түзүлүштүн долбоорун иштеп чыгуу деп билген.

Инсандар. Оноре де Бальзак 1799-1850жж. жашаган француз жазуучусу. Бальзакка мүнөздүү касиеттери: таң калыштуу иштөө жөндөмдүүлүгү менен түгөнгүс чыгармачылык көрөңгөсү. Анын «Адамзат комедиясы» деген эпопеясы[1] 90 томдон жана аңгемелерден туруп, андагы каармандардын саны бир нече миңден ашат. Бальзак чыгармаларында капитализмдин калыптануу мезгилиндеги француз коомунда орун алган чындыкты чагылдырган. Ал, байлыктын артынан түшүп алган көр пенделик, адамга мүнөздүү бардык жакшы касиеттерди жок кыларын көрсөткөн. Анын кейипкерлери (банкирлер менен көпөстөр, кызматка жулунгандар менен атак-даңкты жакшы көргөндөр, ак сөөк ургаачы арстандар (львицы) менен калкалай турган адамы жок жаш кыздар) ошол доордун өкүлдөрү («Чигирим булгаары»[2], «Горионун атасы», «Евгения Гранде» ж.б.) Жазуучу адабий эмгеги менен өмүр кечирип, күнүнө 14-16 саат иштеген, тапкан акчасын ойлонбой сарптап, өзүнүн ден-соолугуна дагы жетишээрлик кам көргөн эмес. Анын чыгармалары көптөгөн кинофильмдерге табылгыс азык болду.

Инсандар. Карл Маркс 1818-1883жж. жашаган ойчул, коомдук ишмер, марксизмдин негиз салуучусу. Германиянын Трир шаарында адвокаттын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1835-1841 жж. Бонн жана Берлин шаарларында юридика факультетинде билим алган. 1843 ж. Парижге көчүп келет. Эл аралык «Коммунисттер союзу» уюмунун ишине жигердүү катышып, Ф.Энгельс менен бирге анын программасы «Коммунисттик партиянын Манифестин» жазган (1848). К.Маркс капитализмдин өнүгүшү менен революциялык кыймылдын жүрүшүнө тынымсыз назар салып, талдап турган. Маркс Биринчи Интернационалдын (1864-1876) уюштуруучусу жана лидери[3] болгон. 1867 ж. Марксизм теориясынын негизи болгон Маркстын

[1] **Эпопея** – бир далай тарыхый окуяларды сүрөттөөчү ири адабий чыгарма.

[2] **Чигирим** булгаары – шагреновая кожа.

[3] **лидер** – жол башчы.

эмгеги «Капиталдын» I тому жарык көргөн. Ал эми анын 2 жана 3 томдорун К.Маркс өлгөндөн кийин өмүр бою анын үй-бүлөсүн материалдык жактан камсыз кылып келген Ф.Энгельс чыгарган. Ф.Энгельс өзү фабрикант болгону менен, бир эле мезгилде көрүнүктүү теоретик, К.Марксстын досу эле. Капиталдан башка К.Маркс: «Ыйык үй-бүлө» жана «Немис идеологиясы» (Ф.Энгельс менен биргеликте), андан башка «Философиянын жакырдыгы», «Франциядагы жарандык согуш», «Готтордун программасына сын айтуу» ж.б. чыгармаларын жазган. СССРде, марксизмдин идеялары турмушка ашырылган өлкөдө 1917-1991 жж. К.Маркс менен Ф.Энгельстин чыгармалар жыйнагы эки жолу басылып чыгарылган. Дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө марксизмдин идеялары популярдуу болуп келген.

АКШ нын дүйнөлүк лидерликке сапары

Инсандар. Авраам Линкольн 1809 – 1865жж. жашаган. 1861 ж. АКШ нын президенти болуп, кедей фермердин уулу ишенимдүү демократ жана кулдарга эркиндик берүүнү жактаган (аболюционист) Авраам Линкольн шайланат. Федералдык өкмөткө каршы түштүктүктөр ачыктан - ачык козголоң уюштуруп, башында ири кул ээлөөчү-плантатор, полковник Дэвид турган түштүк штаттардын конференциясын түзүшөт. Анын натыйжасында 1861-1865 жж. АКШда айыгышкан жарандык согуш жүргөн. Адегенде түштүктүктөр жеңишке жетишип, бирок, А.Линкольн, кээ бир авторлор мааниси жагынан жарандык согушту экинчи америка революциясы деп аташкандай эки радикалдык мыйзам кабыл алып, ишке ашырган.

Биринчиден, 1862 ж. гомстеддер (бекер жер бөлүп берүү) жөнүндөгү мыйзам боюнча бардык каалоочуларга ким гана болбосун өлкөнүн батыш бөлүгүнөн бекер чоң өлчөмдөгү жер тилкеси бөлүнүп берилет. Экинчиси, 1863 ж. 1-январынан козголоңчулардын менчиги болуп эсептелген бардык кулдарга азаттык берилет. Ошол кулдуктан бошонгондордун көп бөлүгү түндүктүктөрдүн аскерине кошулуп, өлгөнүнчө салгылашкан. Согуштун аяк ченинде түндүктүктөрдүн тарабында 166 негрлердин полктору салгылашып, ал эми негр жоокерлердин саны 186 миң адамды түзгөн. Ар бир төртүнчү негр жоокери өз расасынын азаттыгы үчүн салгылашып жанын берген. Жеңиштен кийин Түштүктө реконструкция жүргүзүлүп, өлкөнү бөлүп-жаруу, оппозициялык коркунучтары биротоло жок кылынган. Линкольн өзү түштүк капитуляция болгондон беш күндөн кийин өлтүрүлгөн. Ошого карабастан өлкөнүн өнүгүшүнө тоскоолдук кылуучу себептердин көпчүлүгү тазаланган.

Инновациялар. Мунай өткөргүч (Нефтепровод) Түтүк аркылуу өткөргүч байыркы мезгилден эле боло келген. (М: римдеги акведуктар[1]). XIX к. экинчи жарымында түтүк аркылуу өткөргүчтү биринчи жолу мунай жеткирүүдө пайдаланышты. АКШ да Колифорниядагы мунай чыгуучу жайлардан мунайды баржага[2] жүктөп бочкаларда, анан адегенде жыгач, кийинчерээк металлдан жасалган цистернеларда[3] жеткирип турган.

Мунай өткөргүчтүн биринчи долбоору 1860 ж. инженер Крепс тарабынан сунушталган, бирок, иш жүзүндө үч жылдан кийин жүзөгө ашырылган. Биринчи мунай өткөргүч түтүктүн узундугу 6 км болгон. 1866 ж. Гетч деген конструктор мунайды тартып алып айдоочу бир насосу менен 16 км мунай өткөргүч курган. Диаметри 50 мм болгон түтүк менен суткасына 2000 бочка мунай ташылган. Андан көп өтпөй чоң узактыктагы мунай өткөргүчтөр курулуп, мунайды сордуруп куюштуруу үчүн жолунда станциялар курула баштаган. Түтүк аркылуу өткөрүүчү транспорт кийинки мезгилдерди андан ары өнүктүрүлгөн. Ал аркылуу түрдүү аралыкка суюктуктар, газ, сууну, катуу продуктыларды, пульпаны[4], контейнерлерди дагы ташып жатышат. Түтүк аркылуу жүк ташуунун башка түрү катары пневматикалык[5] транспорт дагы элге кызмат кылып келет.

Инсандар. Джон Д.Рокфеллер 1839-1937жж. жашаган америкалык миллиардер. Мектепте окуп жүргөндө Джон 100 000 долларлуу болсом деп кыялданган. 1855 ж. ал жумасына 4 доллар маянасы бар жумушка орношот. 28 жашында Рокфеллер өзүнүн өнөктөшү менен анча чоң эмес дүңүнөн соода жай ачат. 1865-жылдан өзүнүн акчасын мунай өндүрүүгө салат. Жүрүп олтуруп АКШ дагы мунай өнөр жайынын 95% Рокфеллер көзөмөлдөп калган. 1881 ж. Д.Рокфеллердин «Стандард ойл» компаниясы[6] биринчилерден болуп трестке[7] айланып, башка компанияларга мисал болот. Өзү кудайга өтө ишенген баптист[8] болгондугуна байланыштуу кайрымдуулукка көп акча сарптаган. XIX к. 90-жылдарынан ал филантропия[9] менен алектене баштаган. Рокфеллер университетин жана фондун түзүп,

---

[1] **акведук** – көпүрөгө окшотубураак салынган суу өткөргүч, ноо.

[2] **баржа** – ичине жүк салынып, кемеге чиркелип жүрүүчү чоң кайык

[3] **цистерна** – суу, мунай, керосин, бензин өңдүү суюктуктар сакталуучу чоң металл идиш

[4] **пульпа** – эшилме майдаланган зат менен суюк заттын аралашмасы.М.: мөмөнүн жумшак, ширелүү же ун сыяктуу массасы.

[5] **пневматикалык**- шыкалма, кысылган абанын жардамы менен аракетке келүүчү

[6] **компания** – капиталисттердин соода же өнөр жай шериктештиги.

[7] **трест** – бир нече ишканалардын монополиялык бирикмеси.

[8] **баптизм** – Христиан дининдеги протестанттык секта, алар: Кудайга чиркөө аркылуу эмес, жеке өзү кайрылууну жактайт жана динге чокунууну акыл-эси толгондо гана ишке ашырат.

[9] **филантропия**- кайрымдуулугу

«адамзаттын жыргалчылыгы үчүн» каржылоону чечкен. Д.Рокфеллер 26,5 млрд доллар мураска калтырып, кайрымдуулук максаттарга 600 млн доллар бөлгөн. Анын уулу кичүү – Рокфеллер Джон Девидсон (1874-1960) Нью-Йоркто сатып алган жер тилкесин БУУнун (Бириккен Улуттар Уюумунун) штаб-квартирасын куруу үчүн белекке берген.

Инсандар. Томас Алва Эдисон 1847-1931жж. жашаган Америкалык ойлоп табуучу жана ишкер. 1000 ден ашык ойлоп табуулардын, негизинен электротехниканын[1] автору. Ал коллежде бар болгону үч ай гана окуган, 1862 ж. баштап телеграфист[2] болуп иштей баштаган. 1869 ж. добуш берүүнү электрдик каттоо боюнча биринчи патент алат. 1876 ж. АКШ нын Нью-Джерси штатындагы Менло- Паркында биринчи өнөр жай – изилдөө лабораториясын уюштурган. 1879 ж. телеграф менен телефонду, ичине зым же көмүр жип коюлган электр лампочкасын (лампа накаливания) өркүндөткөн, 1877 ж. фонографты[3] ойлоп тапкан, 1882 ж. дүйнөдө биринчи коомдук пайдаланууга ылайыкталган электрстанциясын курган.

Ал ойлоп тапкан фонограф үндү (тыбышты) механикалык түрдө жазып алуу жана кайрадан жаңыртып уктуруу боюнча эң алгачкы приборлордон эле. Жазып алуу же уктуруунун узактыгы 4 мүнөт болгон. Кийин ошол фонографтын негизинде граммафон[4] жана патефон[5] ойлоп табылган. Эдисон илимий изилдөө, ойлоп табуу ишин, аларды турмушка ашырууну айкалыштырган ийгиликтүү ишкер да болгон.

Германия жана Италия: биригүүнүн жолдору

Инсандар. Бисмарк Отто фон Бисмарк 1815-1898 жж. жашаган уруу негиздөөчүсү патрициандык[6] көпөстөр гильдиясынын старшинасы[7] болгон, атактуу померандык юнкерлер[8] уруусунан чыккан. Бисмарктар монархистер болушкан, бирок, өз алдынча терс кыялдуу, эч кимге баш ийишкен эмес. Отто Геттинген жана Берлин университеттеринин юридика факультетинде

[1] **электротехника**-1.электрди практикалык максаттар үчүн колдонуу жөнүндөгү илим; 2.электр энергиясын иштеп чыгаруу жана пайдалануу үчүн шаймандарды жасап чыгаруучу өнөр жайлардын бир тармагы.

[2] **телеграф** – зым аркылуу электр сигналдарынын жардамы аркылуу маалыматтарды кабыл алып жана тез жеткирүүнү камсыз кылуучу байланыш системасы.

[3] **фонограф** – ооздон чыккан тыбышты жазып алуучу прибор.

[4] **граммофон** – колдонуудан чыгып калган үн жазылган пластинканы ойнотуу үчүн рупору (үндү күчөткүч) бар механикалык аппарат.

[5] **патефон** – үн күчөткүчү (рупору) жок көтөрүп алып жүрүүгө ыңгайлуу граммофон.

[6] **патрициандык** – ак сөөктүк.

[7] **старшина** – бир волост элдин башчысы.

[8] **юнкер** – Пруссияда дворянин – помещик.

окуган. Студенттик күндөрүндө 3 семестр ичинде 27 дуэлге[1] катышат. Армияда дагы өз ордун эркин тандоочу болуп кызмат кылган. Чарба менен алектенген, көп окуган. Бисмарк прусс парламентинин депутаты, Германиянын союздук парламентиндеги пруссиянын өкүлү, Орусиядагы жана Франциядагы Пруссиянын өкүлү болгон. 1862 ж. ал Прусс өкмөтүн башкарып, чечүүнү күтүп бышып калган көйгөйлөрдү «чыныгы прусстук» ыкмага салып, «темир жана кан» менен жүзөгө ашыра баштаган.

«Тышкы көрүнүшү боюнча баатыр, дайыма сергек жана чарчап-чаалыкканды билбеген, жол тапкыч жана ачыктан- ачык эле тартынбаган, өзүн көз карандысыз сезген, уят-сыйытты билбеген, ийкемдүү жана тартынбаган акылы бар, таң каларлык эс тутумга ээ, ар бир окуя же маселеден негизги тамырын кармай билген ал, чыгармачыл тарыхый роль ойнош үчүн жаралгандай»- деп мүнөздөгөн аны изилдөөчүлөрдүн бири.

Инновациялар. Автомобиль Биринчи автомобилдин көч башысы, көп адамдардын ою боюнча 1769ж. ойлоп табуучу француздук Кюньонун буу арабасы болгон. Кюньонун буу мобили саатына 4 км. ылдамдыкта жүрүп, 3 тоннага чейин жүк көтөргөн. Ал машинанын көптөгөн кемчиликтери болгон. Бир жолу жүрүп бара жатып анын буу казаны жарылып кетип, Кюньо аз жерден тирүү калган. “Автомобиль” деген сөздүн бүгүнкү күндөгү маанисин (рельси жок жолдо пассажирлерди же жүктөрдү ташуу үчүн өзү жүрүүчү араба) ичинен күйүүчү кыймылдаткычтын ойлоп табылышы менен байланыштырышат. Австриялык Зигфрид Маркус пиротехникага[2] кызыгып, аны менен алектенип жүрүп, эксперимент[3] катары бензиндин буусу менен абанын аралашмасына электр учкуну менен от коет. Дүрт эткен күчтүү жарылуу изилдөөчүгө эки тактылуу[4] электр от тутанткычы бар, бензин менен иштөөчү кыймылдаткыч жасап, аны автомобилге коюуга түрткү берген.
Бирок, автомобилди расмий ойлоп табуучулар катары немис инженерлери К.Бенц менен Г.Даймлер эсептелет. Учурдагы автомобилди жасап чыгаруу көптөгөн жылдар бою изденүүлөрдү талап кылып келген процесс. М:паромобилден дифференциал[5] менен кыймыл берүүчү коробкасы[6]

[1] **дуэль** – белгилүү эреже боюнча эки кишинин бирме-бир чыгып атышуусу же кылычташышы. Намыс жана аны коргоо жөнүндөгү феодалдык көз караштын калдыгы.
[2] **пиротехника** – техниканын от чыгаргыч курамды жасап даярдоо жана аны буюмдарга дүрмөттөө үчүн колдонууга байланыштуу тармагы.
[3] **эксперимент** – тажрыйба кылып көрүү, байкап көрүү, сынап көрүү.
[4] **такт**–бир калыпта урулуучу сокку, ошону менен бирге алардын ортосундагы убакыт.
[5] **дифференциал** – машинанын кыймылдаткыч бөлүктөрүнө түрдүү ылдамдыкты жана багытты билдирип туруучу механизм
[6] **кыймыл берүүчү коробкасы** – коробка передач

пайдаланылган. Каретадан[1], ат арабасынан жана велосипедден подвескалар[2], рессорлор[3], руль менен башкаруу, резинадан куюп жасалган шиналары[4] жана тормоздор үлгү катары алынган. 1894ж. автомобил куруунун тарыхындагы эң биринчи Париж-Руан жолундагы автомобилдер жарышы уюштурулуп, анда түрдүү кыймылдаткычтагы 21 автомобилден марага бензин кыймылдаткычы бар бир гана автомобил жеткен. 1901ж. Германияда Даймлер конструкциялаган эң алгачкы "Мерседес" жасап чыгаруу башталган. Машинанын аты завод ээсинин кызынын атынан коюлган. "Мерседесс" азыркы учурдагы автомобилдердин негизги мөнүздөмөлөрүнө төп келип, саатына 70 км. ылдамдыкта жүргөн. 1995ж. дүйнөдөгү автомобилдердин саны 600 млндон ашып, планета калкынын 10 жашоочусуна бир даана туура келген. Анын ичинен 450 млн. жеке менчик, калгандары автобустар ж.б. автомобилдин түрлөрүнө туура келет.

Инсандар. Джузеппе Гарибальди 1807-1882жж. жашаган Италиянын элдик баатыры, генерал. Ниццеде төрөлгөн, моряктын уулу болгон. 1833ж. боштондук күрөшүнө катыша баштаган, 1848-1849жж. революциянын катышуучусу, 1849ж. Рим республикасынын коргонуусун уюштуруучусу. 1848, 1859 жана 1866жж. ыктыярчылардын отрядынын башында Австриядан бошонуу үчүн болгон согуштарга катышкан. Рисорджиментонун[5] жетекчилеринин бири. Түштүк Италияны бошотуу жана өлкөнү бир мамлекетке бириктирүүдө зор роль ойногон. 1862ж. жана 1867ж. Римди папанын бийлигинен бошотуу аракетин көргөн. 1870-1871жж. франк-прусс согушунда Франция тарабында салгылашкан. Италиялык революционердин бейнесин англиялык жазуучу Этель Лилиан Войнич өзүнүн "Овод" деген романында ишенимдүү ачып көрсөткөн

Инсандар. Энрико Карузо- (1873-1921жж. жашаган Италиялык драмалык[6] тенор. Неаполдо төрөлүп, ата-энесинин каршылыгына карабай өспүрүм кезинен эле музыканы тандап алган. Энрико табигат тартуулаган уккулуктуу вокалдык[7] таланты бар, мээнеткеч болуп өскөн. Чиркөөнүн хорунда ырдоодон баштайт. 1894ж. Неаполдогу "Нуово" театрында анын биринчи концерти болот. 1900-1901жж. "Ла Скала" театрында ырдаган. 1903-

[1] **карета** – чүмбөттүү араба

[2] **Подвеска** – илмек, асма, асылган нерсе

[3] **Рессор** – жүктүн жалпайышын азайтуу,жеңилдетүү үчүн арабанын, вагондун, машинанын ж.б.нын кузовунун астына, атайын коюлган солкулдак темир

[4] **Шина** – дөңгөлөктүн кырына кийгизилүүчү темир же резинке алкак

[5] **рисорджименто**- Италия элинин чет элдиктердин үстөмдүгүнө каршы улуттук-боштондук күрөшү жана өлкөнү бириктирүү кыймылы.

[6] **драма**- театрга арналып, диалог формасында жазылган адабий чыгарма

[7] **вокал** – ырдоо чеберчилигинин кесиптик жөндөмү.

1920жж. Нью-Йорктогу “Метрополитен - опера” театрынын солисти. Өзүнүн отуз жаш курагында 50 дөн ашык операларды аткарган. Өзүнө жаккан партияны Энрико бир нече күндүн ичинде жаттап алуу жөндөмүнө ээ болгон. Жалпысынан Карузо жүздөн ашык операларды билип, анын ичинен сексенден ашыгыраагын сценада аткарган. Дагы бир белгилеп кетүүчү өзгөчө жагдай Энрико Карузо англис, француз, немис жана испан тилдериндеги чиркөө музыкасынан тартып романстарга[1] чейинки түрдүү жанрдагы[2] чыгармаларды аткара алган. Өзү аткарган чыгармаларды граммофон табакчаларына жазуу эрежесин дагы ошол улуу талант киргизген. Өзү болсо өпкө оорусуна чалдыгып каза болгон.

Япондуктарча модернизациялоо

Инновациялар. Реформа **б**ул аталгынын негизи латын сөзүнөн алынып, “кайра куруу” деген маанини туюндурат. Реформа – деген бул, коомдук турмуштун кандайдыр бир жагын (М.: экономика) кайра куруу, андан башка мыйзам түрүндө коомдогу жаңы тартиптерди киргизүү (институттар, мекемелер). Негизги бардык эле жаңы нерселердин коомго киргизилишин реформа деп атап койсо болот. Бирок, адатта реформаланып жаткан чөйрөдөгү кырдаалды жакшыртууну камсыз кылуучу прогрессивдүү кайра курууларды реформа деп түшүнөбүз. Алсак, католик чиркөөсүнүн ичинде кайра куруу зарылдыгынын бышып жетилишинен, Мартин Лютердин 95 тезистеринен (1519) европада эң зор Реформация жараяны башталган. Саясатчылардын, саясий элитанын өз учурунда кырдаалды даана сезип, өз милдеттерине жоопкер мамилесинен улам зарыл болгон кайра курууларды жүзөгө ашыруусу өтө маанилүү. Өз учурунда, ырааттуу, ийгиликтүү жүргүзүлгөн реформалар социалдык-экономикалык каатчылыктар менен революциялардын альтернативасы[3] болуп калды. Дүйнө тарыхында ийгиликтүү реформалар менен катар эле контрреформалар дагы болуп келген.

Цивилизациялык коомдун англиялык үлгүсү (модели)

Инновациялар. Суфражисттер Англис тилинде сүйлөгөн өлкөлөрдө шайлоо укугун талап кылган аялдардын кыймылы ушундай аталган. Suffrage- деген англис сөзү “шайлоо укугу” деп которулат. Бул кыймыл 1848ж. АКШда башталып, бирок, өз максатына жетиш үчүн ондогон жылдар талап

[1] **романс** – лирикалык мүнөздө, көбүнчө обон менен айтылуучу, кичинекей музыкалуу чыгарма
[2] **жанр** – кандайдыр бир искусствонун өзүнө таандык болгон өзгөчө түрү
[3] **альтернатива** – мүмкүн болгон эки чечимдин бирөөнү тандап алган зарылчылык.

кылынган. Англияда суфражизм XIX к. 70-ж. пайда болуп, 3 млн адамдын колу коюлган аялдардын петициясы[1] парламентке жөнөтүлгөн. 1903ж. тарта бул кыймыл башында Эммелин Панкхертс (1858-1928) турган Аялдардын социалдык-саясий союзу (АССС) жетекчилигинде өнүккөн. Парламент талапты аткаруудан баш тарткан. Анда суфражисттер коомдук тартипти бузуп, парламенттик талкууларга жолтоо кылуу ыкмаларына өткөн. Камака алынгандар ачкачылык жарыялоого чейин барышкан. АССС тин ишмердигине Э. Панкхертстин кыздары Кристабель менен Сильвиялар дагы катыша башташкан. 1918 ж. шайлоо укугу 30 жаштан жогорку, күйөөгө тийген англиялык аялдарга берилген, ал эми андан он жыл өткөндөн кийин 21 жашка келген кыз-келиндердин бардыгы эркектер менен тең шайлоо укугуна ээ болгон. Бул окуя Эммелин Панкхертстин дүйнөдөн кайтарынан бир нече жума мурдараак турмушка ашкан эле.

Инновациялар. Метрополитен[2] Англиялыктар өз жашоо чөйрөсүн жакшыртып, ыңгайлаштырууну уланта беришкен. Калк көп жашаган Лондондо 1863ж. метрополитендин эң алгачкы бутактары пайда болот. Алар рельс[3] менен жүрүүчү жүргүнчүлөрдү ташууга ылайыкташкан транспорттор болуп, ал жолдор жер астында эле эмес, жер үстүндө же эстакадаларда[4] дагы салынган болучу. Алгачкы метродо буу менен жүрүүчү поезддер түтүн, ыш бүркүп, көп көмүр талап кылган. Андан 30 жылдан кийин 1890ж. буу менен жүргөн поезддер электр тогу менен алмаштырылып, метронун кадыры андан дагы өскөн. Мына ошентип, Лондондогу метро дүйнөдөгү биринчи деп эсептелет. Андан кийин метро Нью-Йоркто (1868), Будапештте (1896), Парижде (1900) ж.б. шаарларда анын ичинде Москвада (1935), Ленинградда андан 20 жылдан кийин пайда болгон. Эң ыңгайлуу бул транспорт каражатынын кызматынан жүздөгөн миллион адамдар пайдаланып келет. XX к. 90-жж. баш ченинде дүйнөнүн 80ден ашыгыраак өлкөсүндө метрополитен иштеп жаткан. Нью-Йоркто анын жолунун жалпы узундугу 500км. ден ашып, станцияларынын саны 450 болсо, бул көрсөткүч Лондондо -408 км, 230 станция, Москвада -230 км, 150 станцияны түзгөн.

Инновациялар. Бокс Чечмелей келгенде “бокс” деген сөз англис тилинен “сокку” деп которулат. Бокс – бул спорттук жекеме-жеке, атайын

[1] **петиция** – жогорку бийликке жазылган көпчүлүктүн өтүнүчү, суроосу.

[2] **метрополитен** – шаарларда жер астында курулган темир жол.

[3] **рельс** – керектүү эндүүлүктө жана калыңдыкта болоттон куюлуп жасалган кууш төрт кырдуу устун. Ал устундун үстү менен вагондордун же вагонеткалардын ж.б. дөңгөлөктөрү айланып жылат.

[4] **эстакада** – тирөөчтөргө же мамыларга салынган көпүрө.

эреже боюнча, жумшак кол каптар менен бири-бирин уруп ойнолуучу мелдеш. Анын эрежеси 1867ж. маркиз де Квиксберри тарабынан иштелип чыккан. Орусияда спорттун бул түрү XXк. башынан ойноло баштаган. Бокс боюнча Европанын чемпионаты 1924 жылдан, дүйнөнүкү – 1974ж., ал эми Олимпиадалык оюндардын программасында – 1904 жылдан өткөрүлө баштаган. XIX к. аягынан бери боксту кесип кылгандардын (профессионалдар) чемпионаты өткөрүлүп келет. Советтик боксерлор XXк. 50-80жж. боксту сүйүүчүлөрдүн (любители) ортосундагы бокс чемпионаттарында (Европанын, дүйнөнүн) үстөмдүк абалга жеткен. Ал эми кесипкөйлөрдүн мелдештерине Орусиялык мушкерлер 90-жж. баштап катыша баштаган.

Модернизация – тарыхый жараян XIX к. акыркы үчилтигинде европа өлкөлөрү менен АКШ өзүнүн өнүгүүсүндө өтө зор ийгиликтерди жараткан. XIX- XX кк. айкалышында топтолгон тарыхый тажрыйбаны эске алып, жалпы эле дүйнөлүк өнүгүүдөгү модернизациянын: салттуу коомдон жаңы өнүгүү этабына, агрардык коомдон индустриалдык коомго өтүүнүн кээ бир мүнөздүү белгилерин бөлүп карап көрсөк болчудай.

Таблица **Европадагы цивилизация**

Экономикалык чөйрө	Социалдык чөйрө	Саясий чөйрө	Маданий чөйрө
•Өнөр жай төңкөрүшү, анан индустриялаштыруу •Илим менен техникадагы өтө зор прогресс •Эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн олуттуу жогорулашы •Транспорт менен түрдүү коммуникациялык[1]	•Калктын жогорку мобилдүүлүгү, жер которуучулугу, миграция[2] жана эмиграция[3] •Шаарлардын өнүгүшү, шаар калкынын көбөйүшү, урбанизация[1] •Социалдык	•Бийликтин мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот түзүмдөрүнүн даана, так бөлүнүшү, бири-бирине тең салмактуулук менен тизгиндөөчүлүк түзүмүнүн орношу. •Башкаруунун түрдүү	•Инсандын материалдык байгерчилик менен көз карандысыздыкка умтулушу. •Чиркөөнү секуляризациялоо, диндин мамлекеттен бөлүнүшү. •Коомдо айлана-чөйрөгө болгон илимий көз

[1] **коммуникация** – катташ, байланыш

[2] **миграция** – бир жерден, экинчи жерге которулуу, көчүү, өтүү

[3] **эмиграция** – түрдүү саясий, диний, экономикалык ж.б. себептер менен өз ата-журтунан башка өлкөгө көчүү

каражаттардын өнүгүшү. •Улуттук чарбалык комплекстердин түзүлүшү жана алардын соода жана башка байланыштар аркылуу дүйнөлүк экономикага интеграцияланышы .•Экономикалык өнүгүүнүн базасы (жер пайы) жеке менчик менен рыноктук мамилелер болуп калат.	тутумдун (структура) өзгөрүүсү жана татаалдашуусу, буржуазия, пролетариат, интеллигенция, ортоңку катмардын калыптанышы. •Калктын түрдүү катмарынын киреше деңгээлинин бири-бирине жакындашы. •Массалык билим берүү, медициналык тейлөө жана социалдык камсыздоонун түзүмүн (система) өнүгүшү.	деңгээлиндеги түзүмдүн рационалдашуусу[2] •Демократиялык институттардын: жалпыга бирдей шайлоо укугу, көп партиялуулук, жарандык коом, укуктук мамлекеттин өнүгүшү. •Революциялык-радикалдык[3] өнүгүү жолуна караганда саясий плюрализм[4], реформалык өнүгүүнүн үстөмдүгү	караш үстөмдүк кылат. •Светтик (жарандык) маданият үстөмдүк кылат. Маданият: жашоого ылайыкташат, дифференциялана т (тарамдоо, ажырымдоо), карама-каршы жактарга бөлүнөт жана коммерцияланат[5] •Калктын кеңири катмары маданиятка тартылат (жалпы сабаттуулук, мезгилдүү басма сөз).

[1] **урбанизация** – 1.элдерди, экономикалык турмушту ири шаарларга топтоштуруу кыймылы, шаардын коомдогу ээлеген ордун, кызматын көтөрүү. 2. Шаарга таандык болгон чекти, өзгөчөлүктөрүн, бүт өлкө боюнча жайылтуу, таркатуу.

[2] **рационализм** – турмушка жалаң акыл-эс менен мамиле кылуучулук

[3] **радикалдык** – аракеттин чечкиндүү түрү.

[4] **плюрализм** - 1. Дүйнө жаратылышынын негизинде бир нече башкы себеп бар деп эсептөөчү философиянын бир түрү. Укуктук коомдун түзүлүшүнүн негиздеринин бирөөсү. 2.Бир нерсенин көп жана ар кылда болуусу.

[5] **коммерция** – соода, соода иши

Скандинавия өлкөлөрү реформа жолунда

Инсандар. Жан Батист Бернадот 1763-1844жж. жашаган. Францияда, ортозар жашоосу бар адвокаттын үй бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Наполеондун согуштары учурунда аскерий карьерасын[1] түптөгөн (1792-лейтенант, 1794-бригада генералы). Эң жогорку деңгээлдеги мамлекеттик кызматтарды аркалап (наместник[2], министр, армиянын командачысы), аскер башчылык кызматта зор ийгиликтерге жетишип, 1804ж. маршалл наамына татыктуу болгон.

1810ж. Наполеондун макулдугу менен өзүнө Карл Юхан деген атты кабыл алып швециялык конпринцтикке шайланат, Лютеран динин кабыл алып, жүүнү бошураак король Карл III нүн асыранды баласы болуп таанылып, иш жүзүндө Швецияны башкарып калган. Аялы Дезира Клари, марселдик кемелердин ээсинин кызы болгон. Париждеги орус чалгынчысы А.Чернышевге Ж.Б. Бернадот Орусия менен жакшы мамиле орнотууну убада кылып, иш жүзүндө дагы андан кийинки мезгилдерде эки өлкө эч согушууга чейин барышкан эмес. Антинаполеондук коалиция тарабына өтүп, 1812ж. Англия менен өнөктөштүкө барып, Орусия менен дагы өнөктөштүк келишимин түзгөн. 1813ж. Лейпцигдин алдында болуп өткөн “элдердин кармашы” деген ат менен тарыхта калган согушта, ал, өнөктөштөрдүн жүз миң жоокери бар түндүк армиясына кол башчы болгон. Ж.Б. Бернадот франциянын императору болууну эңсеген, бирок, Александр I ал орунга Бурбондор акылуу деп макул болгон эмес. Дания менен Швециянын ортосунда уния[3] түзүлүп, Дания Норвегиядан баш тартып, анын Швецияга өтүп кетүүсүнө макулдугун берген. 1818ж. Карл XIV Юхан деген ат менен Швециянын хан тактысына олтуруп, өлкөнү чечкиндүү, бирок, Конституцияга ылайык башкарган. Мына ошентип Швецияда бүгүнкү күнгө чейин башкарып келе жаткан Бернадоттор династиясын негиздеген.

Инсандар. Николай – Фредерик – Северин Грундтвиг 1783-1872жж. жашаган **к**өрүнүктүү даниялык агартуучу өзүнүн ишмердигин динаятчы (священник), акын, диний үгүттөөчү жана эркин христиандардын сектасын негиздөөчү катары баштаган. Өзүнүн диний көз карашын жигердүү үгүттөп, Ыйык Жазууну бурмалоодон коргогон. 1830ж. “Лютердин реформациясын улантуу керекпи?” деген макаласында, реформация чиркөөдө эле эмес, мамлекет менен мектепте дагы жүргүзүлүшү зарыл деген

[1] **карьера** – мансап

[2] **наместник** – бир облусту башкарып, колунда жогорку бийлик укугу бар киши.

[3] **уния** – эки же бир нече мамлекеттердин бир монархтын бийлиги астында биригүүсү

бүтүмүн билдирген. Грундтвиг эл эркиндиги, билим алуу, болгондо дагы улуттук духта билим берүү, эне тилдин тазалыгын сактоо, элдин кеңири катмарын билим алууга тартууга үндөгөн, аракет кылган. Анын демилгеси менен 1843ж. элдик билим берүүчү жогорку окуу жайлары (элдик университеттер) ачылып, алар Скандинавия менен Финляндиянын бардыгына жайылган. Даниянын Конституциясын түзүүгө жигердүү катышып, мыйзам чыгаруучу жыйындын мүчөсү болгон. 1861ж. епископтук наамга көтөрүлгөн. Дин кармоо эркиндигин жактап, чиркөөнүн мамлекеттен бөлүнүшүн каалаган. Данияда анын "Түндүк мифологиясы", "Бүткүл дүйнөлүк хроника" тарыхый драмалары, "Дания чиркөөсүнө багышталган ырлар" ж.б. эмгектери кеңири тараган. Грундтвигди улуттун руханий атасы деп эсептешет.

Египеттин тагдыры

Инновациялар. Суэц каналы Египет үчүн маанилүү эл аралык геосаясий абалды ээлеп, аймактагы таасир этүүнүн борбору болуп калган. 1854ж. Франциянын Египеттеги мурунку консулу Фердинанд де Лессепс Суэц каналын курууга уруксат алган. Каналдын курулушуна 20 миңдей жергиликтүү дыйкандар-феллахтар тартылып, 60 атайын жасалган экскаваторлор пайдаланылган. Андан 75 млн.м³ кыртыш алынган. Узундугу 161 км, тереңдиги 16,2м жана кеңдиги 120-318м келген Суэц каналы: Суэц шаары жайгашкан жерден Кызыл деңизи менен Порт-Саид шаары жайгашкан Жерорто деңиздерин туташтырган. Канал 1869 ж. ачылып, Европадан Индия менен Кытайга кеткен деңиз жолун дээрлик кыскартып, дүйнөлүк сооданын өнүгүшүнө олуттуу роль ойногон.

Таблица. **Туркиядагы танзимат**[1]

Тутуму	Өзгөрүүлөрдүн маңызы
Жогорку бийлик	Султан номиналдуу[2] түрдө толук бийлигин сактап калган
Аткаруу бийлиги	Премьер-министр жаңыдан түзүлгөн Министрлер Советин (меджилис) башкарып калган. Ички жана тышкы иштер министрлиги, аскер-деңиз иштери боюнча ведомство, каржы, соода жана жер иштетүү министрликтери, полиция, юстиция, агартуу, коомдук иштер, диний мүлк ж.б. министрликтери түзүлгөн. Өкмөттүк Кеңештер: Жогорку юридикалык көрсөтмөлөр (1868ж.-Мамлекеттик кеңеш), Танзиматтын жогорку кеңеши, Жогорку Аскерий кеңеш ж.б. түзүлгөн.

[1] **Танзимат** – "Ирээтке келтирүү", "реформа", "кайра куруу".

[2] **Номиналдуу** – аты бар, заты жок. Өзү бар, жыты жок.

Жергиликтүү бийлик	Бирдиктүү жана бөлүнгөн административдик – аймактык болуп: вилайет-санжак-каза-нахийэ-түзүлгөн. Төмөнкү айылдык администраторлор калк тарабынан шайланып, вилайеттин башчысы – вали султан тарабынан дайындалган. Башкаруунун бардык деңгээлдеринде жергиликтүү элдин өкүлчүлүк бийлик органы – Кеңештер (меджлис) түзүлгөн.
Сот бийлиги	Шариат сотторунун колунда никеден чыгаруу жана мурастоо иштери гана калтырылган. Кылмыш, аралаш коммерциялык ссуда иштери боюнча жана Жогорку сот түзүлгөн. Кылмыш, Жарандык, Коммерциялык жана Жер кодекстери кабыл алынган.
Куралдуу күчтөр	Өмүр бою өтөлүүчү рекруттук[1] кызмат жоюлуп, аскердик милдетти мусулман эместер дагы аткара баштаган. 20 жылдык аскер кызматы өзүнө: регулярдуу[2] аскерде, анан запаста жана резервдеги[3] кызматты дагы камтыган. Аскердин саны 700 миң адамга жетип, күчтүү флот түзүлгөн.
Дин	Коомдук турмушка таасири төмөндөп, коомдо секуляризация[4] жараяны жүргөн.

Орусиянын цивилизациялык жактан артта калышы

Инсандар. Петр Аркадьевич Столыпин 1862-1911жж. жашаган. Дворяндардын үй-бүлөсүнөн чыккан. Петербург университетин бүтүргөн. Мамлекеттик кызматтарда, анын ичинде Гроднен жана Саратов губернияларынын губернатору болуп иштеген. 1906 жылдан ички иштер министри жана министрлер советинин председатели. Агрардык реформа жүргүзгөн. Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу боюнча, жалпы башталгыч билим берүү ж.б. реформалардын баштоочусу. 1905-1906 жж. Саратов губерниясында жүз берген көтөрүлүштү аңсуз басып, согуштук-талаа сотторун киргизүүнүн демилгечиси, 1-чи жана 2-чи Мамлекеттик Думаларды кууп таратууга, "үчүнчү июнь төңкөрүшүн" уюштурууга катышкан, солчул кыймылдарга каршы провокация[5] менен террорду[6] колдонгон. 1911ж. Столыпин эсер Д.Г. Богров тарабынан өлгүдөй жараланат.

[1] **рекруттук** – армияга жаңы алынган жоокер.

[2] **регулярдуу** – мыкты уюштурулган, туруктуу согуштук уюму бар жана пландуу түрдө машыгып турган.

[3] **резерв** – кереги тийгенде пайдалануу үчүн камдалып коюлган нерсе.

[4] **Секуляризация** - 1.чиркөөнүн, мечиттин жана монастрдын мүлкүн мамлекеттин мүлкүнө айландыруу: аларды жарандык менчикке берүү; 2. Бир нерсени чиркөөнүн же монастрдын менчигинен алып айылдык жарандык уюмдун менчигине берүү

[5] **провокация** – бир максат менен атайын чатак чыгарууга көкүтүү.

[6] **террор** – саясий душмандарга карата колдонулуучу зордук, аларды өлтүрүү

Таблица. **Орусиянын мамлекеттик түзүлүшүн реформалоонун декабристер, батышчылар жана славянофилдер тарабынан сунушталган долбоорлор.**

	Декабристер	Славянофилдер	Батышчылар
Концепция	Өлкөнүн прогрессивдүү өнүгүүсүнө чектөөлөрдү жок кылуу	Өз алдынча өнүгүү жолу (өзүнө мүнөздүү)	Орусиядагы прогресс европалык, батыштык тажрыйбага таянбай болушу мүмкүн эмес
Саясий чөйрөдө	Конституциялык монархия (Н.Муравьев) же республика (П.Пестель) бийликтин бөлүнүшү	Орус элинин соборлук башталышына таянган самодержавие[1]	Акырындык менен конституциялык монархияга баруу. Үлгү – Улуубритания
Экономикалык чөйрөдө	Крепостнойлук укукту жоюу, дыйкандарга жер бөлүп берүүнүн түрдүү варианттары, сословиелерди жок кылуу	Крепостнойлук укукту жоюу, общиналык жер ээлигинин негизинде дыйканчылыкты өнүктүрүү	Крепостнойлук укукту жоюу, жеке менчикти колдоо, адамдардын экономикалык көз карандысыздыгын колдоо.
Руханий чөйрөдө	Агартуу ишин өнүктүрүү, жарандык укуктар	Негизги руханий таяныч – православие дини	Агартуу ишин, илимди, техниканы, укуктук аң-сезимди өнүктүрүү.
Уюмдар жана аракеттер	Жашырын коомдор, 14.12.1825ж. көтөрүлүш	Ийримдер, журналдар	Ийримдер, журналдар, лекциялар.
Адамдар жана тагдырлар	П.Пестель, К.Рылеев, С.Муравьев-Апостол, А.Бестужев-Рюмин, Г.Каховский дарга асылышкан, 120 адам Сибирге айдалган	Публицисттер, эл турмушун изилдөөчүлөр: И.С.жана К.С. Аксаковдор, И.В. жана П.В. Киреевдер, А.И. Кошелев, Ю.Ф.Самарин, А.С. Хомяков жана башкалар.	П.Я. Чаадаев акылынан адашкан деп жарыяланган. П.В. Анненков, М.Н.Катков, Т.Н. Грановский, К.Д. Кавелин, Б.Н. Чичерин, И.С. Тургенев, В.П. Боткин жана башкалар.

[1] **самодержавие** – падышанын чектелбеген жеке бийлиги

Инсандар. Николай Иванович Пирогов 1810-1881жж. жашаган дарыгер, табият илими жагынан окумуштуу адам, педагог. Адамзат тарыхында болуп келген согуштар көптөгөн адам өмүрүн алуу менен коштолгону белгилүү. Цивилизациялар кыйрап, өтө маанилүү ачылыштар унутулган, адамдын акылы жана колу менен жаралган гениалдуу[1] чыгармалары жок кылынган. Көптөгөн жоокерлер, согуштук кармашуулардан эле эмес, согуштан алган жарааттардан, канга жаман нерсенин кирип бүтүн денеге таралышынан (заражение) жана сапатсыз же кечиктирип көрсөтүлгөн медициналык жардамдан өлгөн. Бул багыттагы Н.И. Пироговдун салымы ат көтөргүс, ал Орусиядагы согуштук – талаа хирургиясынын[2] негиз салуучусу жана хирургиянын анатомия[3]-эксперименталдык[4] багытынын баштоочусу болуп калган.

Пирогов Н.И. жарадар жоокерлердин азап чегүүлөрүн жөн гана бирөөлөрдөн укпай, өзү көптөгөн согуш апааттарына катышкан. Севастополду коргоо (1854-1855), франция-пруссия согушу (1870-1871) жана орус-түрк согушу (1877-1878) ал үчүн оор кайгы жана азап чегүүнүн мезгили болгон. Н.И. Пирогов дүйнөдө биринчи болуп согуш талаасында наркоз[5] менен операция жасаган (1847), кыймылдагыс кылып гипс[6] менен таңганды, ага чейин эч ким жасап көрбөгөн хирургиялык операцияларды сунуш кылган. Жоокерлер гениалдуу хирургду кудай катары көкөлөтүп, ал гана эмес башы жулунган өлүктү көтөрүп келген учурлары болгон. Пирогов түзгөн “Топографиялык[7] анатомия” (1-4 т. 1851-1854) дүйнөгө белгилүү эмгекке айланган. Пирогов Н.И. медицина илими менен эле чектелип калбай, алдыңкы коомдук көз карашы менен дагы өзгөчөлөнгөн. Ал билим берүүдөгү сословиелик чектөөлөргө каршы чыгып, Орусияда жалпыга бирдей башталгыч билим берүү, университеттердин автономиялык укуктарын кеңейтүү боюнча сунуштарын берген.

Инсандар. Дмитрий Иванович Менделеев 1834-1907жж. жашаган орус окумуштуусу, педагог, коомдук ишмер. Менделеевдин атагын дүйнөгө

---

[1] **гениалдуу** – даанышман, акылман (эң жогорку талантка ээ)

[2] **хирургия** – дененин ооруган жерин кесүү же жамоо, эптөө ыкмаларына негизделген медицинанын бир тармагы

[3] **анатомия** – организмдердин түзүлүшүн изилдөөчү илим

[4] **эксперимент** – илимий текшерүүлөр максаты менен жүргүзүлүүчү тажрыйба

[5] **наркоз** – уктатуу же талытуу жолу менен организмдин кээ бир жеринин же бүтүн бардыгынын сезимин жоготуу

[6] **гипс** – скульптурада, медицинада колдонулуучу минералдын бир түрү.

[7] **топография** – бир жердин үстү жана андагы бөлүктөрдүн өз ара жайланышы.

чыгарган “Элементтердин[1] атомдук[2] салмагы жана химиялык окшоштуктарына негизделген системасынын Тажрыйба”- деген аталышта түзүлгөн таблицасы (1869) чыгарган. Окумуштуу тарабынан алдын ала айтылып, анан ачылган элементтер (галлий, скандий жана германий) менен толукталган элементтердин мезгилдүү мыйзамы химиянын мыйзамдарынын бирөө катары таанылган. Окумуштуу орусиялык жана чет элдик академиялардын, окуу жайлар менен окумуштуулар коомдорунан 130дан ашык диплом жана ардактуу наамдарды алып, өзү 500 дөн ашыгыраак басылмалардын автору болгон. “Химиянын негиздери” – деген эмгеги (1869-1871) Менделеевдин көзү барда эле Орусияда 8 жолу басылып чыгып, немис, англис жана француз тилдерине которулган.

Орусияда көп адамдар Д.И.Менделеевдин докторлук диссертациясынын темасын: “Спирт менен суунун аралушуусу” (1865) билишет жана аны орус мамлекетине өтө көп киреше алып келген орус арагынын “атасы” деп эсептешет. Д.И. Менделеевдин ишмердигинде илим өндүрүш менен тыгыз байланышкан. Ал мунай өткөргүч курулуштун жана мунайды химиялык чийкизат катары түрдүү тармактарда пайдалануунун демилгечиси болгон, мунайды отун катары пайдалануга каршы чыккан. Жер семирткичтерди пайдаланып, жердин асылдуулугун жогорулатууга, өзүнүн “кыртыштын асылдуулугунун төмөндөө теориясын” каршы койгон. Менделеев өнөр жай ишканаларын чийкизат менен отун энергиясынын коруна жакын жайгаштырууну жактаган. Сөзсүз түрдө Уралдын, Донбасстын, Сибирдин, Орто Азиянын өндүргүч күчтөрүн өнүктүрүүнү, Төмөнкү Поволжьенин жерлерин сугарууну, дарыялар аркылуу кемелердин жүрүшүн, жаңы темир жолдордун курулушун, Түндүк деңиз жолун өздөштүрүү боюнча көптөгөн сунуштарын берген. Окумуштуу аэростаттын[3] долбоорун түзүп, герметикалык[4] жабык кабинасы[5] бар стратостатты[6] жасоо принцибин негиздеген. Өзү болсо Францияда Жиффардын байлап койгон аэростаты менен абага көтөрүлүп көргөн.

Менделеев Орусиянын өнөр жайы өсүп, экономикалык көз карандысыздыгы бекемделип, индустриялаштыруу зарылчылыгын негиздеп, өлкө үчүн колдоочулук бажы тарифин[7] иштеп чыгууга катышкан. Өнүгүүнүн негизги түрткүчү катары ал, жеке менчикке негизделген жеке кызыкчылыкты

[1] **элемент** – жөнөкөй химиялык жол менен эң жөнөкөй составдык бөлүккө ажыралбай турган зат.

[2] **атом** – химиялык элементтин жай көзгө көрүнбөй турган эң эле майда бөлүкчөсү.

[3] **аэростат** – абадан жеңил учуучу аппарат.

[4] **герметика** – аба кирбей жана чыкпай турган кылып жылчыксыз бекитүү

[5] **кабина** – жүргүнчү, жүк ташуучу транспорттогу адам олтура турган бөлмө

[6] **стратостат** – стратосферага учуу үчүн атайын жабдылган аэростат

[7] **тариф** – белгиленген баа, нарк көрсөткүч

көрүп, өлкөнүн тынч, эволюциялык жол менен өнүгүшүн каалаган. Тилеке каршы, анын, либералдык көз карашы жана алдыңкы жигердүү студенттердин аракетин колдогондугу үчүн Илимдер Академиясына кызматка алган эмес.

Инновациялар. Трамвай[1] XIX к. 2-жарымында “конка” деп аталган релсанын үстүндөгү вагонду[2] ат сүйрөгөн транспорттун түрү пайда болгон. Эки кабат вагон “империал” деп аталган. Орусиянын Петербург шаарында алгачкы конкалар 1854ж. курулган. Орустун аскердик инженери Пироцкий Ф.А. дүйнөдө биринчи болуп эки кабаттуу конканы электр тогу менен жабдыган. Тышынан капталган релстерге ток берилип, конка жүрө турган болгон. Бирок, көп текшерүүдөн өтө элек транспортко акча салуучу адам Орусиядан табылган эмес. Эң биринчи электр тогу менен жүргөн трамвай 1881ж. Берлиндин чет жакасында курулган. Ошондон кийин электр тогу менен кыймылга келген трамвайлар көптөгөн өлкөлөрдө пайда болгон. Орусияда биринчи трамвай жолу 1892ж. 1,5 км. узундукта Киевде ишке киргизилген, 1899ж. Москвада, ал эми Петербургда 1907ж. баштап жүргүнчүлөрдү ташый баштаган. XXI к. башталышында деле метро, автобус, троллейбус жана автомобилдн көбөйгөндүгүнө карабастан көп өлкөлөрдө трамвай пайдаланууудан кала элек.

Табл**. Орусиядагы капиталисттик индустриялаштыруу жараяны: булактары, маңызы, өзгөчөлүктөрү**

Булактары	Маңызы	Өзгөчөлүктөрү
•Айыл чарба продукцияларын экспорттоонун кескин жогорулашы (дан, май, эт, бал, сүт азыктары). •Арак менен тамекиге мамлекеттик монополиянын киргизилиши. Аларга баа менен акциздин[3] көтөрүлүшү •Чет элдик капиталдын	•Темир жол курулушу •Темир жол курулушун камсыз кылуучу тармактарды: металлургия, паровоз куруу, жыгач иштетүү, курулушту өнүктүрүү •Чет элдик капиталды кызыктыруучу тармактарды өнүктүрүү. Темир жол курулушунан башка мунай (нефть),	•Жумушчу күчүнүн арзандыгы •алдыңкы чет элдик тажрыйба менен технологияларды пайдалануу мүмкүнчүлүгү •Примитивдүү[4], патриархалдык[5] айыл чарбасы өнөр жай буюмдарын аз пайдаланып, өнөр жай

[1] **трамвай** – шаардык транспорттун электр энергиясын пайдаланып, рельс бонча жүрүүчү түрү. Трамвай 1880ж. Лондондо рельс жолун курган англиялык инженер О.Трамдын атынан аталган.

[2] **вагон** – темир жол аркылуу жүк жана жүргүнчү ташуучу транспорт каражаты.

[3] **акциз** – кеңири керек кылынуучу кээ бир продукталардан алынуучу кыйыр салык

тартылышы •Катуу салык саясаты. Салык протекционизми[1] •Каржы реформасы •Мамлекет тарабынан алтын өндүрүүнүн жогорулашы •Кытайга, Персияга ж.б. өлкөлөргө товар экспансиясынын[2] күчөтүлүшү	көмүр өндүрүү, электротехникалык[3], химия өнөр жайынын өнүгүшү. •Негизги тармактарда иштеген жумушчулар менен кызматкерлердин эмгек акысынын жогорулашы.	өндүрүшүн артка тартат. •Өнүккөн өлкөлөрдүн өнүгүү деңгээлинен олуттуу артта калуу сакталган. •Саясий системанын катып калгандыгына байланыштуу өлкөдө социалдык чыңалуу өсүп бара жаткан.

Цивилизациялуу дүйнөнүн сыртында калгандар

Инсандар. Давид Ливингстон. 1813-1873жж. жашаган Англиялык миссионер[6] жана изилдөөчү. Жакыр фермердин үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келип, медициналык билим алган. Өз өмүрүнүн 30 жылын Борбордук жана Чыгыш Африкада христиан динин жайылтууга арнаган. 1841ж. Лондондогу миссионердик коом тарабынан Бечуаналендге (азыркы Ботсвана) жөнөтүлгөн Д.Ливингстон “же жаңы жерлерди ачам, же өлөм” деген принцип менен жашаган. 1842ж. ал континенттин түпкүрүнө, али европалыктын буту баса элек аймакка жөнөйт. Европалыктардын арасынан Ливингстон биринчи болуп, Африканы Инди океанынан Атлантика океанына чейин кесип өткөн. Ал жергиликтүү элдердин тилин, үрп-адаты менен салт-санаасын үйрөнүп, тоо-кен байлыктарынын үлгүлөрүн чогултуп, өсүмдүктөрүнүн коллекциясын[7] чогултткан. Африкалыктарды айыл чарбасын туура жүргүзүүгө үйрөтүп, өздөрүн дарылайт. Кулчулукту жек көргөн. 1855ж. Виктория шаркыратмасын ачкан. Д.Ливингстон Нил дарыясынын башатын издеп жүрүп, өз адамдары менен 6 жыл байланышын үзүп алган. Акырында өзү Танганьика көлүнүн жанынан табылган. Кыйынчылыктарга, ооруганга карабай изилдөө иштерин уланта берген. Д.Ливингстон азыркы Замбиянын

---

[4] **примитивдүү** – аң сезими тар, артта калган

[5] **патриархалдык** – эскичилдик; аксакалдар, ата-бабалар доорундагы салт-санаага багынуучулук, жаңы маданиятка каршылык

[1] **протекционизм** – өзүнүн өнөр жайын колдоо максатын көздөп, тыштан келүүчү товарларга кымбат пошлина* салуу саясаты

[2] **экспансия** – саясий жана экономикалык таасирин башка мамлекеттерге таратуу, жайылтуу

[3] **электротехника** – электр энегиясын иштеп чыгуу жана пайдалануу үчүн шаймандарды жасап чыгаруучу өнөр жайдын бир тармагы

[6] **миссионер** - башка диндеги калктын арасына бир динди үгүттөө үчүн үстөмдүк кылуучу чиркөө тарабынан жиберилген киши

[7] **коллекция** – илимий, көркөмдүк же тарыхый мааниси бар түрдүү нерселердин системага салынган жыйындысы

аймагында тропикалык[1] безгек оорусунан өлгөн. Анын сөөгүн африкалыктар, өздөрүнүн досу катары 1200 км. далысына көтөрүп барып англичандарга өткөрүп берген. Сөөгү Англияга алып келинип, Лондондогу Вестминстер аббатчылыгына, өлкөнүн улуу адамдары коюлуучу жайда жерге берилген.

Цивилизациялар аралык мамилелер: бирге аракеттенүүдөн карама-каршылыкка карай

Таблица. **Адамзаттын дин тарыхынын негизги окуялары.**

Мезгили	Чыгыш	Батыш	Орусия
Б.з.ч.	XI к. – иудаизмдин жаралышы. V к. – конфуциан жана буддизмдин жаралышы	II-I миң жылдыктар – бутпарастык, бутка табынуучулук, көп Кудайга ишенүү, мифология[2], чыгыш ырым-жырымдарынын таасири. Б.з.ч. 6ж. – Иисус Христостун жарык дүйнөгө келиши.	
Б.з. 1-миң жылдыгы	VII к. – исламдын жаралышы	I к. –христиан динининжаралышы 325ж. христиан динининВизантияда расмий дин катары кабылданышы. VIII к. – Папалар облусунун[3] пайда болушу	Бутпарастык, көп кудайга ишенүү 988ж. – христиан динин кабыл алуу.
Б.з. 2-миң жылдыгы		1054ж. – христиан динининэкиге: батыш жана чыгыштык болуп бөлүнүшү. XI- XIII к. – крестүүлөр жортуулдары 1439ж. Флорентиялык уния[4] 1517 ж. – М.Лютердин тезистери. XVI- XVIIк. – Реформация, католициздеги бөлүнүп-жарылуу, протестантизмдин пайда болушу.	1299ж. – митрополиянын Киевден Владимирге которулушу. 1326ж. – митрополиянын Москвага которулушу. 1589-1732ж. патриархтын[5] үстөмдүгү 1721-1917ж. синод[6] мезгили 1917-жылдан патриархтын мезгили.

[1] **тропика** – экваторго параллель деп элестетилүүчү тегерек, алкак.

[2] **мифология** – алгачкы жааматтык коомдогу адамдардын дүйнө жөнүндөгү укумдан-тукумга оозеки баян (миф) түрүндө өткөн фантастикалуу (шумдуктуу) түшүнүгү.

[3] **папалар облусу** – Папалар мамлекети, Чиркөөнүн мамлекети, Ыйык Петрдин Патримонийи орто кылымдарда папачылыктын саясий бийлиги таркатылган Борбордук Италиянын жерлери.
патримоний, патримониум – мурас катары берилүүчү, уруктук мүлк

[4] **флорентиялык уния** – 1439ж. июлунда Флоренциядагы собордо католик жана православие диндерин бириктирүү (уния) жөнүндөгү келишим. Бирок орус динаятчылыгы менен улуу князь Василий II бул келишимди кабыл алуудан баш тарткан (1448). Православ чиркөөсүнүн Иерусалим собору дагы бул келишимди каргыш, наалат айтып четке каккан.

[5] **патриарх** - православ чиркөөсүндө жогорку дин бийлигине ээ болгон дин адамынын титулу

[6] **синод** – православ чиркөөсүндөгү башкаруучу башкы мекеме

Инновациялар. Коомдук илимдер коом менен адамдын табигатын изилдөөдө XVIII к. табигый илимдердин усулдары: натурализм[1] менен позитивизм[2] колдонулуп келген. XIXк. антропология[3], демография[4], тарых, саясат таануу[5], психология[6], статистика[7], экономика өздөрүнүн изилдөө усулдарын иштеп чыкты. XIX- XXкк. коомдук илимдердин маанисси дайыма өсүп олтурган. Өкмөттөр, коомдук жана жекече уюмдар коомдогу болуп жаткан жараяндарды түшүнүү, ошондой эле коомдук мамилелерди андан ары өнүктүрүүгө багытталган саясатты иштеп чыгууда илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын кеңири колдоно башташты.

Инсандар. Николай Иванович Данилевский 1822-1885жж. жашаган философ, публицист[8], табият таануучу. Дворяндардын үй-бүлөсүнөн чыккан. Табигый – илимий даярдыгы бар болгон (Петербург университетинин угуучусу), аны бүтүргөндөн кийин мамлекеттик кызматка (чыныгы статс[9] кеңешчи наамына жеткен) өтөт. Климатология[10], геология[11], Орусиянын этнографиясы[12] боюнча эмгектерин жарыялаган, дарвинизмдин[13] окуусуна каршы чыккан.

Өзүнүн “Россия жана Европа. Славян дүйнөсүнүн герман-европалыктар дүйнөсүнө болгон маданий-тарыхый жана саясий мамилелерине көз караш” (1869ж.) деген эмгегинде иштелип чыккан “маданий-тарыхый типтер” теориясы менен белгилүү болгон. Н.И.Данилевский 10 өзгөчөлөнгөн маданий-тарыхый типтерди же

---

[1] **натурализм** – коомдун өнүгүшүн жаратылыш мыйзамдары (климаттык шарттар, географиялык чөйрө, космостук телолордун нурлары, адамдардын биологиялык-генетикалык өзгөчөлүктөрү) менен түшүндүрүүгө аракет жасаган усулуяттык принцип.

[2] **позитивизм** – илим дүйнөгө карата көз караш көйгөйлөрүн изилдөөчү атайын философияга муктаж эмес – деген философиядагы агым.

[3] **антропология** – адамдын жаралышы, эволюциясы жана расалардын жаралышы жөнүндөгү илим

[4] **демография** –калктын курамын, санын, анын жаңыланып туруусунун мыйзам чемендүүлүктөрүн изилдөөчү илим

[5] **политология (саясат таануу)**- коомдун саясий уюмдашуусу менен саясий турмушун, ички саясат менен эл аралык мамилелердин көйгөлөрүн изилдөөчү коомдук илимдердин тармагы

[6] **психология** – **психика*** жөнүндө, адамдар менен жаныбарлардын психикалык ишмердиги (аракети) жөнүндөгү илим.

[7] **статистика** – адамзат коомунун жана эл чарбасынын өнүгүүсүндөгү сандык өзгөрүүлөр жөнүндөгү илим.

[8] **публицист** – коомдук-саясий маселелер боюнча жаза турган жазуучу.

[9] **статс** – мамлекеттик деген мааниде.

[10] **климатология** – климатты, аба ырайын изилдөөчү илим.

[11] **геология** – жердин кыртышынын түзүлүшүн, курамын, тарыхын жана да пайдалуу кендерди изилдөө жолдору жөнүндөгү илим.

[12] **этнография** – элдердин материалдык, коомдук жана руханий маданиятынын, алардын келип чыгышынын, салтынын, үрп-адатынын ж.б. өзгөчөлүктөрүн изилдей турган, тарых илиминин бир бөлүгү.

[13] **дарвинизм** – табигый тандалуу жолу менен айбандардын жана өсүмдүктөрдүн түрлөрүнүн келип чыгышы жана өрчүшү жөнүндөгү окуу.

цивилизацияларды бөлүп көрсөткөн. Анын ичинен жаңы, цивилизациянын славян тибин европалык, роман-германдык, батыш цивилизациясына каршы койгон. Орусиядагы Петр I нин вестернизация (батышчыл) саясатын кескин сынга алган. Орусиянын негизги максаты – борбору Константинополь болгон Орусия бийлигинин астында славяндардын федерациясын түзүү деп эсептеген. Ошентип, ал панславизмдин[1] идеологу болгон.

Инсандар. Луи Пастер 1822-1895жж. жашаган Франциялык химик жана микробиолог[2]. Башкаларга караганда артыкча укугу бар (привилегированный) университетти бүтүргөндөн кийин жаш химик эмне үчүн вино менен пиво бузулуп, ал эми сүт ирип кетет деген суроого жооп издейт. Пастер продукталарды ысытып кайра иштетүү ыкмасын ойлоп тапкан. Анын бул ыкмасы пастеризациялоо деген атка конгон. Ал бардык жерде тирүү жандууларга таасир этүүчү микроптор[3] менен бактериялар[4] жашап жүрөрүн аныктаган. Пастер сибир жарасына каршы вакцинациялоо[5] ыкмасынын үстүндө иш жүргүзөт. 1885ж. Пастер жаңы вакцинанын жардамы менен кутурган ит каап алган баланы айыктырат. Көп өтпөй дифтерия[6] жана холера[7] сыяктуу жугуштуу ооруларга каршы эффективдүү[8] вакциналар ойлонуп табылган. Л.Пастер – бактерология[9] деген илимдин жаңы багытынын негиз салуучусу болуп калган. Ал улуттук баатыр. Пастер институту – эң күчтүү илим-изилдөө борборуна айланган.

Инновациялар. Вакцинация Б.з. II к. Жерортодеңизинин айланасын каптаган биринчи жугуштуу оору оспа[10] болгон деп эсептелет. Бул жугуштуу вирус[11] инфекциясына[12] чалдыккан адамдын дене табы көтөрүлүп, денесин ириңдүү кызамык менен жара басат. Өлбөй калган адамдын денесин тыртык басып, кээ бирлеринин көзү көрбөй калган. СССРде оспа менен ооруп айыккан, бирок денесинде анын калдыктары сакталган эң белгилүү адам И.В.

---

[1] **панславизм** – бардык славян элдерин орус падышасынын бийлиги астында баш коштурууга үндөгөн саясий агым.

[2] **микробиология** – биология илиминин микроорганизмдерди изилдөөчү бөлүмү.

[3] **микроб** – микроскоп аркылуу гана көрүнүүчү, көзгө илээшпеген жаныбар же өсүмдүк организм

[4] **бактерия** – микроскоптук, көбүнчө бир клеткалуу организмдер, өз клеткасынан бөлүнүү аркылуу көбөйөт, таякча түрүндө, шар түрүндө же ийри-буйру түрүндө кездешет

[5] **вакцина** – жугуштуу ооруларга каршы эмдөө үчүн колдонула турган даары.

[6] **дифтерия** – жугуштуу оорулардын бир түрү; көбүнчө балдар ооруйт.

[7] **холера** – кустуруп, ич өткөргөн өтө жугуштуу таралма оору.

[8] **эффективдүү** – натыйжалуу

[9] **бактериология** – бактерия жөнүндөгү илим.

[10] **оспа- чечек**

[11] **вирус** – жугуштуу ооруну козгоочу микроб. Тирүү организмде көбөйүп, адамдарда, жаныбарларда, өсүмдүктөрдө жугуштуу ооруларды пайда кылуучу эң майда микроорганизм.

[12] **инфекция** – оору туудуруучу нерсенин организмге кириши; оору жугузуу

Сталин болгон.

XVII-XVIII кк. калкы көп Европа оспадан өтө көп жапа чеккен. Европалыктар бул ооруну Америкадан жуктуруп алып келишкен. Константинополдогу британиянын консулунун аялы Мэри Уортли Монтегю оспадан жапа чегип бетинин көркү аябай бузулган. Ал, түрк дыйкан аялдары, ооруну жуктуруп албоо үчүн терисинин кесилген жерине жара баскан адамдардын жарасынан бөлүнүп чыккан суюктукту сүртүү менен сактанышаарын угат. 1721 ж. Мэри өзүнүн үч жашар кызына ошол ыкманы колдонуп ийгиликтүү прививка[1] кылат. Бул тажрыйбаны башкалар дагы колдоно баштайт. Орусияда ушундай прививканы Екатерина II өзүнө жана уулуна колдонгон. Кийинчерээк 1796ж. англиялык дарыгер Эдуард Дженнер сегиз жаштагы балага прививка жасап, анын иммунитети[2] пайда болгон.

Прививка (эмдөө) үчүн уйдун эмчегиндеги жаралардан бөлүнүп чыккан суюктук пайдаланылат. Латын тилиндеги vaccine (“уйдун”) деген сөздөн вакцинациялоо келип чыккан. 1900 жылга Батыш Европада чечек оорусу дээрлик жеңилген. Ошонун аркасында Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун камкордугу астында чечек оорусу бүт дүйнөдө жок кылынган.

Биринчи дүйнөлүк согуш жана Улуу орус революциясы

Инновациялар. Самолет 1903ж. америкалык Орвилл Райт биринчи жолу абадан салмагы оор, башкарылуучу аппарат менен учуп көргөн. 1905ж. анын иниси Уилбер Райт “Флаер III” деген аталыштагы аэроплан[3] менен эч жерге конбой 45 км ге учуп барган. Бир тууган Райттар өз аппараттарынын учуу жөндөмдүлүгүн эл алдында демонстрациядан өткөрүшкөн. Самолет куруунун өркүндөтүлүшү, Биринчи дүйнөлүк согушта, аны чалгындоо, бомбалоо жана абадагы согушта пайдаланууга мүмкүнчүлүк берген. Согуш жылдары ичинде эле 200 миңдей самолет жасалып чыгарылган.

Инновациялар. Пулемет тез атуучу курал жасоо аракети Орто кылымдарда эле (ребодекондор, картечтер[4] же органдар[5]) болуп келген. 1860ж. америкалык инженер Гатлинг минутасына 600 ок чыгарган картеч (митральеза) жасаган. Бирок анын түзүлүшү өтө татаал болгон, ошондуктан

[1] **прививка** – эмдөө

[2] **иммунитет** – жугуштуу ооруларды же белгилүү бир ууларды организмдин кабыл албагандыгы

[3] **аэроплан** – абадан салмагы оор учуучу аппарат-самолет.

[4] **картечь** – көп сандагы душманын өлтүрүү үчүн колдонулган, тоголок октор толтурулган артиллериялык снаряд;

[5] **орган** – 16-18 кк. Европада тараган көп стволдуу артиллериялык курал

кеңири жайылып кеткен эмес. Биринчи пулеметту (минутасына 400 ок чыгарган) америкалык ойлоп табуучу Хайрам Максим 1883ж. жасаган. Англиянын аскердик министрлиги пулеметтун жашоосуна жолдомо берген. Кээ бир идеалисттер, бул калкты кыргынга учуратуучу курал саясатчыларды чочутуп, ар кандай маселелерди согуш же демонстрацияга жеткирбей чечүүгө мажбурлайт деп ойлошкон. Андай ой өзүн актай алган эмес. Тескеринче, өз мүдөөсүн аткаруу үчүн саясатчылар жүз миңдеген адамдарды пулеметко каршы айдактап, оппозициядагылар өз тарапташтарын демонстрацияга чыгарып келе беришти.

Версаль келишими жана согуштан кийинки дүйнө

Инсандар. Томас Вудро Вильсон. 1856-1924жж. жашаган АКШнын 28-президенти (1913-1921). Пресвитериандык[1] динаятчынын уулу. Университетте иштөөнү тандап алып, 46 жашында Принстон университетинин ректору болгон. Демократиялык партиядан талапкер катары Нью-Джерси штатынын губернатору, анан АКШнын президенттигине шайланган. Өтө чечен болгон жана сөзү менен элди өзүнө тарта билген. Максаты атаандаштыкка түрткү болуучу, бардык тараптарга бирдей мүмкүнчүлүк жаратуучу жана коррупцияга[2] каршы күрөшүүчү "Жаңы эркиндик" деген программаны ишке ашырган. Ал башкарган учурга "Кургак мыйзам"[3] жана аялдарга шайлоо укугун берүү туура келет. Вильсон Биринчи дүйнөлүк согушта АКШны бейтарап абалда кармап турууга аракет кылган. Бирок, Германия тарабынан, АКШнын кемелерине каршы суу астында жүрүүчү согуштук кемелеринин масштабдуу согуштук аракеттери, АКШны согушка кирүүгө аргасыз кылган. Вильсон Т.В. согуштан кийинки дүйнөнүн түзүлүшү боюнча өз көз карашын 14 пункттан жазып сунуштаган, алардын көбү Версаль-Вашингтон түзүмүнүн негизи катары кабыл алынган.

Инновациялар. Улуттар Лигасы Париж конференциясында уставына 45 мамлекет кол койгон эл аралык уюм катары Улуттар Лигасы 1919-1946 жылдары түзүлгөн. Кээ бир идеалисттердин гана бул уюмдун келечегине олуттуу ишеними болбосо, көпчүлүк өлкөлөр бул уюм алдыңкы, күчтүү өлкөлөрдүн колундагы оюнчук болоруна күмөн санашкан эмес. Негизи, Улуттар Лигасынын максаты эл аралык талаш маселелерди тынчтык жолу

[1] **пресвитериандар** – чиркөөнү реформалап, чиркөөнү башкаруу жана сыйынуу эрежелерин апостолдор мезгилиндегидей өткөрүүнү жактагандар. Алар жекшемби күндөн башка майрамдарды белгилешпейт.
[2] **коррупция** – пара берип сатып алуу, кызмат адамдарынын, саясий ишмерлердин жана мамлекеттик аппараттын атка минерлеринин саткынчылыгы.
[3] **кургак мыйзам** – алкогол ичимдиктерин чыгарууга жана ичүүгө тыюу салуу.

менен жөнгө салуу жана жамааттык коопсуздукту камсыз кылуу деп жарыяланган. Ошондой болсо дагы Улуттар Лигасы бир топ эл аралык кызматташуу жаатында, анын ичинде, саламаттыкты сактоо, жумуш менен камсыз кылуу жана куралдануунуну кыскартууда алгылыктуу иштерди аткара алган. Тилеке каршы, ал уюм италиялык, германиялык жана япониялык экспансиянын[1] алдында алсыз болуп калган. Экинчи дүйнөлүк согушту болтурбай коюуга кудуретсиз экендигин көрсөттү. 1946 ж. Улуттар Лигасынын ордуна Бириккен Улуттар Уюму түзүлгөн.

Орусиянын жана дүйнө тарыхындагы 1917 жылдын орду

Инновациялар. Ураан деп коомдук-саясий турмушта өзүнчө бир инсан же топ, тайпа тарабынан өзүнүн максатынын маңызын кыска сөз менен билдириши айтылат. АКШ нын тарыхында шайлоо алдындагы күрөштөрдө элге эмненидир сөзсүз түрдө жаңы, кандайдыр бир көйгөйлөрдү чечүүнү сунуш кылган талапкерлер жеңишке жетишкен. Алсак, Т.В. Вильсондун урааны- “жаңы эркиндик”, Ф.Д.Рузвельттики – “жаңы курс”, Д.Кеннединики – “жаңы чектер” деп аталган. Өтө таасирдүү ураан көтөрүп, элдин кеңири сүрмө тобун өз тарабына тарта алган саясатчыларды популисттер[2] деп атап коюшкан. 1917ж. дагы Ленин өзүнүн ташка тамга баскандай так, даана жана таасирдүү айтылган ураандары менен өтө тез эле популярдуу лидерге айланып кеткен. Анын ураандары: “Элге – тынчтык!”, “Жер – дыйкандарга!”, “Фабрикалар – жумушчуларга!”, “Бийлик – Кеңештерге!” болгон.

Таблица. **1917- жылдагы альтернативалар[3].**

	Милюков-	Корнилов-	Керенский-	Ленин-
Программа, стратегия	Европалык капитализм	Улуттук капитализм	Элдик капитализм	Социализм жана коммунизм
Бийлик жана анын формасы жөнүндө маселе	Учредителдик жыйында, буржуазиялык	Буржуазиялык республика же конституциялык	Учредителдик жыйында демократиялык республика	Бардык бийлик Кеңештерге! Пролетардык республика

[1] **экспансия** – 1.алгачкы чектерден тышкары чыгып кетүү, кеңейтүү, жайылуу, таралуу; 2.жаңы территорияларды басып алуу аракети; басып алуу, өзүнүн мамлекеттик чегарасын кеңитүү жана да анын саясий жана экономикалык таасирин башка мамлекеттерге таратуу, жайылтуу.

[2] **популярдуу** – белгилүү

[3] **альтернатива** – мүмкүн болгон эки чечимдин бирөөсүн тандап алуу зарылдыгы

	республика	монархия		
Согуш жана тынчтык	“Жеңишке жеткенге чейинки” согуш	Согушту татыктуу, аягына чыгаруу	Революциялык коргонуучу согуш, өнөктөштөргө жардам	Токтоосуз аннекциясы[1] жана контрибуциясы[2] жок тынчтык келишимине кол коюу.
Жер, агрардык маселе	Учредителдик жыйында чечиле турган өзү пайдаланган жерди акчасын төлөп сатып алуу	Учредителдик жыйын чечет	Учредителдик жыйында чечиле турган өзү пайдаланган жерди акчасын төлөп, сатып алуу	Бардык жеке менчик жерлерди конфискацияло о, улутташтыруу кайрадан бөлүштүрүү
Социалдык база, саясий күчтөр, мүмкүнчүлүк төр	Либералды к-буржуазиял ык чөйрө, кадеттер партиясы. Убактылуу өкмөттүн 1-2 курамы	Консерватив дүү генералитет жана бюрократия, офицерлерди н бир бөлүгү, армия. Убактылуу өкмөткө таянуу	Дыйкандар, жумушчулард ын бир бөлүгү, кызматчы интеллигенция нын бир бөлүгү. Эсерлер менен меншевиктер. Убактылуу өкмөттүн 3-4 курамы, кооперациялар дын профсоюздары нын бир бөлүгү ж.б.	Жумушчу, солдат, интеллигенция нын бир бөлүгү. Большевиктер, солчул, эсер анархистер, Кеңештер, Кызыл гвардия, фабрика-заводдук жергиликтүү комитеттер
Убактысы, жыйынтыгы	Март-июнь жеңилүү	Июль-август жеңилүү	Март-сентябрь жеңилүү	Сентябрь-октябрь жеңиш

[1] **аннексия** – бир өлкөнү же анын бир бөлүгүн зордук кылып тартып алуу, басып алуу

[2] **контрибуция** – жеңген мамлекетке жеңилген мамлекет тынчтык келишими боюнча согуштан кийин төлөп туруучу акча

Дүйнөлүк цивилизациянын каатчылык шартындагы адам

Инсандар. Генри Форд 1863-1947жж. жашаган Америкалык ойлоп табуучу жана өнөр жай ээси. Ирландиядан АКШга көчүп келип туруп калган фермердин үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Г.Форд балалык чагынан эле техникага абдан кызыгып өскөн. 1892-1893 жж 4-тактуу[1] кыймылдаткычы (“Форд” маркасы) бар биринчи автомобиль жасаган. Өзүнө окшоп автомобил жасоого кызыккандар менен бирге ал, автомобилди байлар көңүл ачуу үчүн пайдаланган буюмдан бардык адамдарды жүргүнчү катары ташыган машинага айландыруу идеясын кыялданган. 1903ж. “Форд мотор” деген автомобил компаниясын негиздеп, ал, дүйнөдөгү эң чоң компаниялардын бирөөнө айланган. 1904ж. Форддун автомобили саатына 91 миль[2] (146,5 км/с) аралыкты басып өтүп дүйнөлүк рекорд менен мелдешти утуп алган. 1908 жылдан Форд “Т” моделиндеги автомобил чыгара баштайт. Анын заводунда стандартташтыруу[3], типтештирүү[4] жана конвейерлештирүү[5] өндүрүш жараяны колдонулган. 1927 жылга 15 млн машина жасап чыгарылып, “Т” машинасынын баасы модификациясына[6] жараша 900-1200 доллардан 325-645 долларга чейин төмөндөтүлгөн. “Фордизм” усулу (ыкмасы) боюнча эмгекти интенсивдештирүү[7] аркылуу эмгек өндүрүмдүүлүгүн кескин жогорулатууга мүмкүнчүлүк берген. Форддун заводдорундагы минималдуу эмгек акынын өлчөмү дүйнөдөгү эң жогорку эмгек акы болгон. Г.Форд кесиптик кошуундарга (профсоюз) жана кайрымдуулуктарга каршы болгон, бирок, патернализм[8] духунда өз жумушчулары үчүн көп нерселерди жасап, кам көргөн. СССР Форддун тракторлорун сатып алып, анын технологияларын[9] Нижегород автомобил заводун курганда пайдаланган. Г.Форд Биринчи дүйнөлүк согушка каршы болгон, бирок, “эл аралык еврейчиликти” душман эсептеген. Ал антикварианты[10] коллекциялап[11], айыл-кыштактарда сакталып калган эски бийлердин күйөрманы болгон. Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында

[1] **такт** – бир калыпта урулуучу сокку, ошону менен бирге алардын ортосундагы мезгил.
[2] **1 АКШ милясы** – 1609 метрге барабар.
[3] **стандарт** – 1. үлгү 2. шаблон
[4] **тип** – түр. бир типке келтирүү
[5] **конвейер** – жүк ташуу үчүн, иштелип жаткан материалдарды же машинанын жыйналуучу бөлүктөрүн бир жумушчудан экинчи жумушчуга жеткирип туруу ж.б. үчүн колдонулган, токтоосуз жылып туруучу транспорттук лента.
[6] **интенсивдүү** – күчөтүлгөн, жогорку өндүрүмдүүлүктү берген.
[7] **патернализм** – мекеменин же ишкананын жетекчисинин өзүнүн кол астында иштегендердин жашоо-турмуш жана маданий шарттарын жакшыртуу багытындагы кайрымдуулук камкордугу.

[9] **технология** – материалдарды иштетүүнүн жолдору жана каражаттары жөнүндөгү билимдин жыйындысы
[10] **антиквариат** – сейрек учуроочу эски китептерди, сүрөттөрдү жана ошол сыяктууларды сатуучу дүкөн
[11] **коллекция** – илимий, көркөм же тарыхый мааниси бар кандайдыр бир нерселердин системага салынган жыйындысы.

Форддун заводдорунда бомбалоочу самолеттор чыгарылып турган. Мезгилиндеги дүйнөнүн эң бай адамы жашоосунда “Американын иши – бул эмгектенүү” деген принципти карманган.

Таблица. **Мамлекеттердеги автомобилдердин саны**

Өлкө	1914 ж.	1925 м.	Бир автомобилге туура келген калктын саны
АКШ	1 785 000	17 740 000	6
Англия	246 000	788 000	60
Франция	101 000	574 000	71,5
Германия	57 300	216 000	250
Италия	12 500	90 000	333
Испания	8 000	70 000	333
Бельгия	10 000	65 000	143
Швеция	5 000	63 000	100
Дания	8 000	47 000	75
СССР	16 000	18 000	7 500
Австрия	12 300	15 000	400

Инсандар. Петр Ильич Чайковский 1840-1893жж. жашаган композитор П.И. Чайковский жөн гана М.И. Глинка тарабынан башталган салттуу классикалык орус музыкасын улантпастан, дүйнөлүк музыка маданиятын дагы байыткан. Анын чыгармачылыгынын универсалдуулугуна Чайковскийдин “түбөлүк темаларга”: сүйүү, жашоо, өлүм, табыгаттын сырлары ж.б.у.с. кайрылуусу түрткү берген. Анын ийгилигин камсыз кылган музыканын – обон, коштолгон үн, күч, гармония[1], оркестровка[2] сыяктуу таасирдүү каражаттары болгон. Күү, обон аркылуу Чайковский тарабынан орустардын жана жалпы европалык романтикалык[3] музыкалык интонация[4] жалпыланган. Ал Л.Ван Бетховендин симфонизм[5] салтын өрчүткөн. 10 опера жазган (“Евгений Онегин”, 1878; “Карганын маткеси” (Пиковая дама), 1890; “Иоланта”, 1891ж.б.), балеттери (“Аккуу көлү”, 1876; “Уктап жаткан сулуу”, 1889; “Щелкунчик”, 1892), 6 симфонияларды (1866-1893), фортепьяно менен оркестр үчүн 3 концерт, романстар, чиркөө музыкаларын жараткан. П.И. Чайковскийдин чыгармалары Орусиянын музыкалык театрларынын

[1] **гармония** – аккорддорду бири-бирине туура байланыштыруу жөнүндө музыканын теориясы

[2] **оркестровка** – оркестрлештирүү. Оркестр – музыкалык чыгарманы биргелешип аткаруучу музыканттар – инструментчилер тайпасы.

[3] **Романтикалык** – кыялга берилүүчүлүк, кургак кыялчылык.

[4] **интонация** – үндүн көтөрүңкү же басаң айтылышы

[5] **симфония** – оркестр үчүн түзүлгөн көбүнчө төрт бөлүктүү музыкалык чоң чыгарма

репертуарларынын[1] өзөгүн түзүп, дүйнө жүзүндө дагы кеңири популярдуулука ээ.

Инновациялар. Станиславскийдин түзүмү (системасы) Константин Сергеевич Станиславский (1863-1938) режиссер, актер, педагог, театрдын теоретиги[2] болгон. Ал актердук чыгармачылыктын усулуятын (методология), жаңы кейипке өтүп кетүүнүн техникасын иштеп чыккан. “Ишенбеймин” деген атактуу сөз Станиславскийге таандык болуп, ал: актер жаңы кейипке толук өтө алган жок дегенди түшүндүргөн. Орус сахнасында Станиславский биринчи жолу театрдын режиссердук принциптерин бекиткен. Бул деген: чыгармачылык ойдун биримдиги, ал ойго спектаклдин[3] элементтеринин бардыгынын баш ийиши; актерлор ансамблинин бир бүтүндүгү; мизансценанын[4] психологиялык шарттуулугу. Анын аракетиндеги негизги максаты: спектаклдеги көркөмдүк чөйрөнү түзүү, кейипкерлердин турмуш чындыгына жакындыгы, актердун башынан өткөрүп жаткан оюнунун жасалма болбошу эле. Станиславскийдин бул түзүмү бүткүл дүйнөгө таанымал болгон.

Инсандар. Чарли Чаплин 1889-1977жж. жашаган америкалык актер, кинорежиссер, сценарист[5], композитор, продюссер[6]. Лондондо төрөлгөн. Англиядагы мюзик-холлдун[7] сценасында ойногон. 1913 жылдан америкалык комедияларда ойноп, иши оң келбеген, жолу катуу Чарлинин комедиялык бейнесин түзгөн. Өзү кыска метраждуу фильмдерди тарткан. Ч.Чаплинге өзгөчө популярдуулук: “Алтын дүрбөлөңү” (1925), “Чоң шаардын оттору” (1931), “Жаңы мезгилдер” (1936) филмдериндеги трагикомедиялык[8] бейнеси менен келген. “Улуу диктатор” (1940) деген фильминде Чаплин Гитлердин сатиралык бейнесин түзө алган. Ч.Чаплиндин үн кошулган кинолорунун ийгилиги мурункуларындай (үнсүз кинолору) жогорку деңгээлге жете алган эмес. Саясий себептерден улам (“маккартизм”) Чаплин АКШдан кетип, Швейцарияда жашаган. Дүйнө түп тамырынан бери өзгөрүүгө дуушар болуп

---

[1] **репертуар** – театрда коюла турган, музыканттар аткаруучу музыкалык чыгарма.

[2] **теоретик** – бир билимдин теориялык маселелери менен алектенген киши

[3] **спектакль** – театралдык оюн

[4] **мизансцена** – сахнада декорацияны жайлаштыруу планы, көшөгө ачылганда артисттердин турушу жана сахнанын көрүнүшү

[5] ***сценарий** – 1. Сахнага чыгуучу кишилердин сахнага чыгуу тартиби, убактысы кошо көрсөтүлгөн тизмеси; 2. Кино. Кыймылды толук түрдө

[6] **продюссер** – фильмди коюуда анын үстүнөн көркөм – идеялык жана уюштуруу – каржылык жагынан көзөмөлдөөчү кинокомпаниянын ишенимдүү адамы.

[7] **мюзик-холл** = музыкалык, акробатикалык, балеттик, музыкалык комедиялар, водевилдер* ж.б. коюлуучу көрүүчү зал же театр.

водевил – ырлары – куплеттери, романстары жана бийлери бар кыска комикалык пьеса

[8] **трагикомедия** – кайгыра турган жана күлө тургандары бар окуя

жаткан учурдун Кичинекей адамы – катары актердун кейипкери дүйнөлүк маданияттан орун алган.

Инновациялар. Феминизм[1] латын тилинде femina – “аял”. Ал эми сөздүн кеңири маанисинде, бул аялдардын – коомдун бардык чөйрөсүндө эркектер менен тең укукта болууга умтулуусу катары түшүндүрүлөт. Сөздүн кыска маанисинде феминизмди – аялдардын дискриминациясын[2] жок кылып эркектер менен тең укуктуулугун орнотуу үчүн болгон аялдардын кыймылы катары түшүндүрүшөт. 1792ж. англиялык феминистка Мэри Уолстоункрафт өзүнүн “Аялдардын укугун коргоого” деген аталыштагы китебинде, эки жыныстагы адамдардын бирдей мүмкүнчүлүгүн түзүү деген маселе көтөргөн. 1869ж. АКШда Элизабет Кейди Стэнтон аялдардын шайлоо укугу үчүн күрөштүн Улуттук ассоциациясын негиздеген. Ал эми Англияда Эммелин Панкхерст талаптары: аялдардын добуш берүүгө, өз менчигине ээ болууга жана жогорку билим алуу укугуна ээ болуу үчүн суфражисттер кыймылын жетектеген. XIX к. акыркы үчилтигинде аялдар кыймылы Орусияга да жайылган.

Аялдардын бул кыймылын саясий турмушта үстөмдүк кылып келе жаткан эркектер дагы жигердүү колдоого алган. Парламенти жалаң эркектерден куралган түрдүү өлкөлөрдө акырындап аялдар укугун кеңейткен мыйзамдар кабыл алына баштаган. Биринчи болуп шайлоо укугуна Австралиянын (1867) аялдары ээ болгон. Европада 1906ж. Орусия империясынын курамында турган Финляндия Улуу княздыгынын аялдары биринчи жолу мыйзам чыгаруучу органга шайлоолорго катышышкан. 1916ж. өлкөнүн бүткүл аймагында Даниянын аялдары фолькетингге[3] болгон шайлоого катышкан. 1917ж. 12 ноябрында орусиялык аялдар Учредителдик жыйындын депутаттарын шайлоого катышкан. Шайлоо укугун АКШнын аялдары – 1920ж., Англияда – 1928ж. алат. Ар бир жеңиш өтө оорчулук менен келген. 1915 жылдан германиянын социал-демократтарынын лидерлеринин бирөө Клара Цеткиндин сунушу менен эмгекчи аялдардын Эл аралык тилектештик Күнү белгиленип келе жатат.

[1] **Феминизм** (лат. - аял) – бул аялдардын коомдун бардык чөйрөсүндө эркектер менен тең укукта болууга умтулуусу

[2] **дискриминация** – укугун жоюу; укугун басуу; укук бербөө.

[3] **фолькетинг** – Даниянын мыйзам чыгаруучу органы – парламенти

Батышка “чакырык”, Чыгыш үчүн “үлгү”
Советтик цивилизациянын калыптанышы

Инновациялар. Жаңы экономикалык саясат (НЭП - ЖЭС) Жаңы экономикалык саясат айыл чарбасында, соодада жана өнөр жайда жеке ишкердикке уруксат берген. Өлкөнүн экономикасына чет элдик капиталдын катышуусу колдоого алынган. НЭП дыйкандардын эң зор массасынын, жумушчулардын көпчүлүк бөлүгүнүн, кол өнөрчүлөрдүн, интеллигенциянын экономикалык жигердүүлүгүнө түрткү болгон. Лениндин ою боюнча НЭП – бул капитализмден социализмге өткөөл мезгилдин саясаты жана эң негизги утуш түрдүү социалдык-экономикалык укладдардын[1] ортосундагы атаандаштыкка мүмкүнчүлүк берет. Жаңы экономикалык саясаттын жемиши, жарандык согуштан кийинки эл чарбасынын чукул арада калыбына келиши болгон.

НЭПтин кээ бир принциптери, мисалы, менчиктин түрдүү формаларынын ортосундагы атаандаштык “социализмдин швециялык үлгүсү” калыптанган учурда, Ф.Д. Рузвельттин “жаңы курсунда”, азыркы Кытайдын, Вьетнамдын, Лаостун экономикалык өнүгүү программасында ж.б. пайдаланылган. СССРде жаңы экономикалык саясат Сталиндин демилгеси менен токтотулган.

Инновациялар. Жумушчу факультеттери биз утопист[2] эмеспиз. Биз, бардык эле кара жумуштагы адам же үй кызматындагы аял дароо эле мамлекетти башкаруу ишине жарабасын дагы билебиз. Бирок, биз, мамлекетти башкарууну, башкаруу ишинин күнүмдүк түйшүгүн жалаң гана байлар же байлардын үй-бүлөсүнөн чыккан аткаминерлер тартып кете алат деген түшүнүктөн кайтууну, алыс болууну талап кылабыз. Биз, мамлекеттик башкаруу ишине окутуу аң-сезимдүү жумушчу жана жоокерлер тарабынан жүргүзүлүшүн, бул иштин токтоосуз башталышын, б.а. бул ишке окутууга бардык эмгекчилер, бардык жакыр жашаган адамдар токтоосуз тартылышын талап кылабыз. 1918ж. августа жогорку окуу жайларга бардык кабыл алуу экзамендери жоюлган. Ал үчүн орто мектепти бүткөндүгү тууралуу документ талап кылынган эмес. ЖОЖдорго тапшыргандардын бардыгына социалдык камсыздоо убадаланган. Андан башка бардык зачет, экзамендер, лекцияларга сөзсүз катышуу тартиби дагы жок кылынган.

---

[1] **уклад** – түр, тартип, сиңген үрп-адат, м.: коомдук-экономикалык уклад.

[2] **утопист** – кыялга берилүүчү адам, куру кылкеч, иш жүзүнө ашпай турган нерсе жөнүндө кыялданган киши.

Көп өтпөй эле, минималдык мектеп даярдыгы жок жумушчулар менен дыйкан балдары жогорку билимди өздөштүрүп кете албастыгы даана билинген. Ошондуктан, 1919 жылдан жумушчу факультеттери түзүлүп, анда жаштар 3-5 жыл ичинде орто мектептин материалын өздөштүрүп, андан кийин гана ЖОЖдорго окуй башташкан. Жумушчу факультеттери 1930 жылдардын ортосуна чейин иштеп, ал эми анын экинчи жарымынан ЖОЖдорго тапшырууда орто мектепти бүткөндүгү тууралуу документ талап кылынганга өткөн. Мурдагы жумушчу факультетинин ордуна даярдоо бөлүмү келген. Совет мезгилинде кечки жана сырттан окуу түзүмү дагы кеңири таркаган.

Инсандар. Владимир Ильич Ленин (Ульянов) 1870-1924жж. жашаган Поволжьедеги билим берүүнүн белгилүү ишмери Илья Николаевич Ульяновдун үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген.Атасы өз кызмат жолундагы ийгиликтери үчүн мурас катары берилүүчү дворянин наамына татыктуу болгон, ага чейин өзү мещандардан[1], ал эми, ата-бабалары крепостнойлордон[2] болгону маалым. В.И.Ленин Петербург университетинин юридикалык факультетине экзаменди экстерн (сырттан) түрүндө тапшырган. Марксисттик ийримдерди, жумушчу табын боштондукка чыгаруу үчүн күрөш Союзун түзүүгө катышат. Камакка алынып, үч жыл Сибирде сүргүндө болуп келген.

1903 ж. РСДРП нын (Орусиялык социал-демократиялык жумушчу партиясы) экинчи сөездине катышып, анын радикалдуу большевиктер канатын жетектеген. Орусиялык марксизмдин теоретиги жана публицисти[3] катары эрте эле таанымал болгон, падышалык бийликти кулатып, анын ордуна пролетариаттын диктатурасын орнотуу зарылчылыгы боюнча курч талкууларга катышкан жана жактап келген. 1905-1907 жж. революцияга катышып, бирок андан кийин эммиграцияга кетүүгө аргасыз болгон. Биринчи дүйнөлүк согушта, бардык социалисттер өз өлкөлөрүнүн өкмөттөрүнүн согуштук аракеттерин колдобой, тескерисинче империалисттик согушту жарандык согушка, айландырууга чакырган. Ленин “интернационалисттердин”[4] лидерлеринин бирөө болгон.

Орусияга кайтып келгенден кийин 1917ж. апрелинде В.И.Ленин большевиктер партиясынын бийликке келишине жол ачкан стратегиясы менен тактикасын иштеп чыккан. 1917ж. октябрынан Эл комиссарлар

[1] **Мещанин** – падышалык Орусияда шаардык сословиенин адамы: бул сословие майда соодагерлер менен кол өнөрчүлөрдөн, төмөнкү кызматкерлерден турган.

[2] **крепостной** – кулдук көз карандылыкта болуучу, туруучу.

[3] **публицист** – коомдук-саясий маселелер боюнча жаза турган жазуучу.

[4] **интернационализм** – пролетарианттын эл аралык тилектештиги; бардык элдердин эркиндигин жана тең укуктуулугун коргоо.

кеңешинин төрагасы, андан кийин РСФСР дин ЭКСнин жана СССРдин ЭКСнин төрагасы. РКП (б) нын (большевиктердин Орусия Компартиясынын) саясий бюросунун мүчөсү. В.И.Ленин формалдуу түрдө эле Компартиянын жогорку кызматтарын ээлеген эмес, бирок, анын талашсыз лидери, жол башчысы болгон. Ал өтө зор эрк менен энергияга ээ, чоң интеллектуалдуу кудурети бар эле. 1918ж. террористик кол салуудан оор жарадар болгон, ал эми 1923ж. мартынан оорунун айынан мамлекеттик иштерден оолактап калган. Ленин өлгөндөн кийин анын сөөгү Москванын Кызыл аянтындагы Мавзолейге коюлган.

Инновациялар. Синтетикалык каучук Индеецтердин “каучук” – деген сөзү “Даректын көз жашы” деп которулат. Европага бразилиялык гевея дарагынын ширесин Христофор Колумб алып келген. Жасалма каучукту ойлоп табууга өтө көп эмгек жумшалгандыгы маалым. Сууда сүзүп жүрүүчү кораблдерди, танкаларды, учактарды (самолет), автомобилдерди жасап чыгаруу үчүн резина керек болгон. Ал эми Түштүк Америкада гана өскөн гевея дарагын кийинчерээк Индонезия менен Малайага которуп өстүрө башташкан. СССРде дагы гевея климаттык шартына байланыштуу өскөн эмес. Ошондуктан синтетикалык (жасалма) каучукту алуунун технологиясын 1927-1928 жж. ленинграддык химик Сергей Васильевич Лебедев (1874-1934) ойлоп тапкан. Анын жетекчилиги астында СССРде 1932ж. жасалма каучукту өнөр жайда өндүрүү иши жолго коюлган.

Инсандар. Иосиф Виссарионович Сталин (Жугашвили) 1878-1953жж. жашаган. XX кылымда анын атынын айланасында ушунчалык көп сөз айтылып, талаш-тартыш жараткан башка бир дагы инсан болбосо керек. Көптөгөн адамдар азыр дагы Сосо Жугашвили 21 декабрда 1879ж. жарык дүйнөгө келген деп ойлоп жүрүшөт. Ал эми чиркөө-коомунун китебине катталган маалыматта СССРдин болочок мамлекет башчысы 6 (18) декабрда 1878ж. төрөлгөн деп жазылган.

Сосонун атасы кесиби өтүкчү эрте эле каза болуп калган. Апасы катардагы дыйкандын үй-бүлөсүнөн чыккан. Жугашвили өзү туулуп өскөн Гори шаарындагы (Тифлистен 90 км аралыкта) диний окуу жайын 1894ж. бүтүрүп, Тифлистеги православие семинариясына кирген. Бирок, революциялык ишке аралашкандыгына байланыштуу ал окууну аяктабай калган. 1898ж. Закавказьедеги орус марксчыларынын таасири менен

“Месамедаси” грузин социал-демократиялык уюмдун мүчөсү болгон, б.а. РСДРП (Россиялык социал-демократиялык жумушчу партиясынын)[1] мүчөсү.

Сталин кесипкой революционер болгондугуна байланыштуу көп жолу камакка алынып, сүргүнгө айдалган, ал жактан бир нече ирет качкан. 1917ж. чейин эле ал, улут маселеси боюнча адис катары эсептелген. РСДРП (б) нын жетектөөчү органдарында мүчө болгон. Дайыма В.И.Ленинди колдоп келген.

1917 ж. октябрында Аскердик-революциялык борбордун мүчөсү, алгачкы совет өкмөтүндө улут иштери боюнча эл комиссары. Жарандык (граждандык) согушта фронттордо аскердик комиссар катары өтө катаал жетекчи жана падышанын офицерлерин совет бийлиги тарабынан пайдаланууга карама каршы турган адам болгон. 1922ж. Сталин РКП (б) БКнын (Россиянын компартиясынын (большевиктик) Борбордук Комитетинин) Генералдык секретары болуп шайланган. Ошондон тарта, ким бул кызмат орунун ээлеген болсо, ал иш жүзүндөгү өлкө жетекчиси эсептелип келген.

Сталин адамдардын табигатын жакшы өздөштүрүп, ошондон аларды ары-бери калчаганды билген. Ал орус элинин менталитетинин[2] өзгөчөлүгүн жакшы түшүнүп, калктын көпчүлүгүнүн колдоосун таба билген, керек учурда иштин кызыкчылыгына бура алган. Өзүнүн чыгармаларын өзү жазган, жардамчылар менен референттерди[3] билгичтик менен тандаган. Анын айланасындагы адамдар жол башчы өлгөнгө чейин толук берилген, андан көз каранды, анын кандай гана тапшырмасы болбосун аткарууга дилгир, ошол эле учурда алар ишке жөндөмдүүлүгү күчтүү, уюштургуч, тырышчаак жана аяганды билбеген адамдар болушкан.

Иш жүзүндө Сталин акыркы орус падышасы, бийликти бир колдо кынтыксыз кармап турган бийлик эгеси болуп калган. Өлгөнгө чейин эч ким анын бийлигине шек келтире алган эмес. Сталин жөнүндө өтө көп жазылды. Белгилүү совет жазуучусу К.Симонов өзүнүн “Мен куруктуу адамдын көзү менен” деген китебинде Сталин жөнүндө: “улуу жана коркунучтуу” деп жазганы бар. Адамдардын бир даары ал мүнөздөмөнүн биринчи бөлүгүнө басым жасашса, башкалары экинчи бөлүгүнө ыктап келишет. Ал адамдын коомдогу ордун так, даана мүнөздөш үчүн тарыхый жараянга өтө кеңири серп салып, диалектикалык ыкма менен караган оң. Мындай милдетти чечүүнү коом көп кыйынчылыктар менен өздөштүрөт окшоп калды.

---

[1] **РСДРП** – 1898ж. 13-15 мартта Минскиде 1-съезди болуп өткөн. 1903-ж. 2-съездинде партиянын Программасы жана Уставы кабыл алынган.

[2] **менталитет**(фр.) – ар кыл адамдын, бүтүн элдердин дүйнөгө болгон көз караштарынын (идеологиялык, диндик, эстетикалык ж.б.) жыйындысы. Улуттук өзгөчөлүк.

[3] **референт** (лат.) – кайсыл бир маселе боюнча консультация же доклад даярдап берген кызмат адамы.

Биринчи дүйнөлүк согуштан кийинки Европа
Италиядагы фашизм

Инсандар. Муссолини Бенито 1883-1945 жж. жашаган. 1922-1943 жж. италиядагы фашисттик[1] диктатор. XX к. башталышында Швейцарияда жашап, жумушчу болуп иштеген. Социалисттик партиянын мүчөсү болгон. Мекенине кайтып келгенден кийин журналист, окутуучу жана оратор катары белгилүү болуп, "Аванти" социалисттик гезитинин башкы редактору (1912)болуп иштеген. Биринчи дүйнөлүк согуш башталганда Италия Антанта уюмуна кириш керек деген агитациясы үчүн социалисттик партиядан чыгарылган. 1919 ж. "фашио ди компатименто" фашисттик уюмун түзгөн. 1922 ж. Муссолини Италия парламентинен бийликти тартып алып, дүйнөдө биринчилерден болуп фашисттик бийликти орноткон. 1926 ж. Муссолинининин өкмөтү өлкөдө фашисттик террор тартибин киргизип, агрессиячыл саясат жүргүзгөн. 1933 ж. Гитлер бийликке келгенден кийин, аны менен саясий жана согуштук союз түзгөн жана Эфиопияны (1936) басып алган. Муссолинининин демилгеси менен 1937 ж. Үчтүктөр союзу (Италия, Германия, Япония) түзүлгөн. 1938 ж. сентябрдагы Мюнхен макулдашуусун уюштуруучулардын бири.

Италия 2-дүйнөлүк согушта Германия тарапта катышкан. Согушта немистик-фашисттик жана италиялык аскерлердин жеңилишинен, ошондой эле Италияда фашизмге каршы кыймылдын күч алышынан улам Муссолинининин диктатурасы кыйраган (1943 ж. 25 июль). 1945 ж. Муссолинини италиялык партизандар колго түшүрүп, Түндүк Италиянын улуттук-боштондук комитетинин аскер трибуналынын өкүмү боюнча өлүм жазамына тартылган.

Германиядагы фашизм

Инсандар. Гитлер 1889-1945жж. жашаган германиядагы фашисттик мамлекеттин башчысы. Австриялык. Чыныгы фамилиясы Шикльгрубер. Ефрейтор чининде Биринчи дүйнөлүк согушка катышкан. 1921 жылдан Германиянын фашисттик Улутчул-социалисттик жумушчу партиясын жетектеген (фюрер). Мамлекетке каршы кыймылдарга катышкандыгы үчүн бир топ мезгилде камакта олтурган. Өзүнүн көз караштарын "Менин күрөшүм"- деген китебинде берген. Германияны башкарып турган мезгилде

[1] **фашизм** (итал. – бир тутам, боо, бирикме) = идеология жана мамлекеттик түзүмү тоталитардык түрдө болгон социалдык-саясий кыймыл; негизги элементтери: массалык террор, шовинизм, геноцидге айланып кеткен ксенофобия, расизм. Прогрессивдик коомдук кыймылды, демократияны, эркиндикти басмырлап, реакциялык бекем түзүмдү түзүү.

өзүн аң сезимин билбеген диктатор катары көргөзгөн. Гитлер Экинчи дүйнөлүк согуштун башталышы жана СССРге кол салуунун демилгечиси болгон. Советтик аскерлердин Берлинге кирген учурунда өз жанын өзү кыйган. Нюрнберг шаарында болгон сотто ал, негизги улутчул согуштук кылмышкер деп таанылган.

Антифашисттик жана революциялык кыймылдар

Инсандар. Альберт Эйнштейн 1879-1955жж. жашаган физик-теоретик, антифашист. 1905 ж. материалдык телолордун вакуумдагы[1] жарыктын ылдамдыктыгына жакын кыймылын аныктоого багытталган атайын **салыштырмалуулуктун теориясын** (теория относительности) иштеп чыккан. Тынч абалдагы телолордун салмагы менен алардын энергиясынын өз ара байланышын ачкан. 1907-1916 жж. салыштырмалуулуктун жалпы теориясын –учурдагы бири-бирине тартылуу теориясын түзүп чыккан. Жарыктын кванттык[2] теориясын, кванттык статистиканы, космология[3] жана талаанын бирдиктүү теориясын иштеп чыккан.

1930-жылдары фашизмди сынга алып, ага каршы чыккан жана 1933 ж. немис букаралыгынан баш тартып Германиядан АКШга чыгып кеткен. 1940 ж. Эйнштейн АКШнын президентине Германиядагы атом бомбасын жасап чыгуу коркунучу жана мүмкүнчүлүгүн баяндап кат жазган. Бул, өз кезегинде америкалык өзөктүк (ядролук) изилдөөлөрдүн жандануусун шарттаган. Өзөктүк куралды колдонууга каршы чыккан. Израиль мамлекетин түзүүнүн демилгечилеринин бирөө. 1921 ж. Нобель сыйлыгына татыктуу болгон.

Капитализмдин кризиси жана Ф.Д.Рузвельттин “жаңы курс” саясаты

Инсандар. Франклин Делано Рузвельт. 1882-1945жж. жашаган. 1932-1945 жылдардагы АКШнын президенти. ФДР (аты-жөнү ушундайча кыскартылып айтылып жүрөт) 1913-1920 жж. аскер-деңиз министринин орун басары. 1920 ж. вице-президенттик кызматка шайлоого катышып, демократиялык партия менен биргеликте жеңилип калган. Кийинки 1921 ж. муздак сууга байкоосуздан кирине коюп, ооруга чалдыгып буттары баспай калган. Ошентип, ФДР 40 жашында майып болот. Ушундай кырдаалда бул

[1] **вакуум** – туюк кылып бекитилген идиштин ичиндеги абанын эң сейректелген абалы

[2] **квант** – кванта – кандайдыр бир энергиянын эң майда бөлүгү

[3] **космология** – бүткүл дүйнө, ааламдын түзүлүшү тууралуу илим.

адамдын күчтүү мүнөзү жана эрки толук ачылган. 1928 ж. ал Нью-Йорк штатынын губернаторлугуна шайланып, дүйнөлүк экономикалык каатчылык (кризис) шартында өзүнүн уюштуруучулук жана башкаруучулук жөндөмүн көрсөтөт. Ал башкарган Нью-Йорк штатында жумушсуздарга сезилээрлик жардам көрсөтүлүп, коомдук жумуш түзүмү ж.б. уюштурулат. Бул тажрыйба энергиялуу саясатчынын кийинки ишмердүүлүгүндө да көп ирет пайдаланылган. 1932 ж. президенттик кызмат үчүн болгон күрөштө ФДР Колумбия университетинин профессорлорунан турган ийримдин кеңештерине таянган, ал ийрим "мээ трести" деп аталып калган. Каатчылыкты жеңүү үчүн ФДР токтоосуз жана чечкиндүү кадамдар жасалышы керектигин сезген. Шайлоо компаниясы учурунда ал: "Цивилизацияны өсүү мезгилинде бутактары куурай баштаган дарак катары элестетсек, радикал аларды кесип салуу керек деп сунуштаса, консерватор тийбегиле деп кыйкырат. Ал эми либерал болсо компромисске чакырып – эски сөңгөгүнө дагы, жаңы бутактарына дагы доо кетирбес үчүн жөн гана оорулуу бутактарын алып салууга чакырат. Жогоруда келтирилген мисал, өлкөнү алган багытынан тайбай, өзгөрүүлөр аркылуу өнүгүүгө, тартипти сактоого, радикалдык дагы, консервативдик дагы революцияга жол бербөөгө үндөйт" – деген.

Кийинчерээк ФДР, өзүнүн көпчүлүккө жеткиликтүү түшүнүксүздөй сезилген кредосун[1] кыскача: "Мен христианин жана демократмын. Болгону ушул эле" – деп айткан. Бул адамдын өмүр жолун изилдегендердин бардыгы анын, эң алды менен улуу реалист[2] жана прагматик[3] экендигине ынанышкан. ФДРтин жолунда жаралган көйгөйлөрдү чечүүдөгү анын тактыгы, ишмердүүлүгү, конкреттүүлүгү америкалыктардын көпчүлүгүнө жакын сезилип, аны төрт жолу (1932, 1936, 1940, 1944) өлкөнүн президенттигине шайлап алышкан. Дагы бир жолу айта кетүүчү жагдай Ф.Д.Рузвельт 50 жашында президенттикке келип, полиомиелит жана буттарынын шал оорусуна чалдыгып, майыптардын арабасы менен жылып жүрүп иштеген. Өлкөнү башкаруу үчүн анын башы жетиштүү болгон.

[1] **кредо** – өзүнүн керт башынын ишеними, принциптери

[2] **реалист** – турмуштук, практикалык шарттарды эске алып иштөөчү адам

[3] **прагматик** – практикалык пайда келтирүүчүлүктү жактаган адам

Таблица. **1930-жылдардагы Альтернатива**

Гитлердин “Жаңы тартиби”		Рузвельттин “Жаңы курсу”
Теория	Согушчул шовинизм[1], улутчул-социализм, расизм[2], антисемитизм[3], милитаризм[4], антикоммунизм, антисоветизм	Прагматизм[5], реализм[6], рационализм[7], кейнсианство[8], антикоммунизм, антисоветизм
Экономика	•Ири капиталдын кызыкчылыгы үчүн экономиканы милитаризациялоо, согуш адамдарынын кызыкчылыгы үчүн мамлекеттин экономикага кийлигишүүсү •Еврейлердин эсебинен калктын орто катмарын (гроссбауэрлер, бюргерлер, соодагерлер) колдоого алуу •Социалдык нормалаштыруу, башка элдердин эсебинен өз калкынын жашоо деңгээлин жогорулатууга багыт алуу, немис элинин эмгекчилдигин жана тартиптүүлүгүн пайдалануу.	•Каатчылыктарга (кризис) жана революцияларга жол бербөө, социалдык карама каршылыктарды жумшартуу максатында мамлекеттин экономикага кийлигишүүсүн күчөтүү •Ишкердикти колдоо, эмгекти интенсивдештирүү[9], коомдук жумуштарды кеңири жайылтуу, калктын көпчүлүгүнүн жашоо деңгээлинин туруктуулугун кармап калуу •Дүйнөлүк рынок үчүн күрөш, Латын Америкасында үстөмдүк абалды орнотуу

[1] **Шовинизм** – чыныгы эл менин элим деп, башка элдерди жек көрүп, кемсинтүүчү, улуттар арасында душмандыкты туудуруучу, барып турган улутчулдук.

[2] **Расизм** – илимге каршы реакциялык теория; бул – адамдар расасы бирдей эмес, тандалма бир раса башкаларга үстөмдүк кылышы керек деген сандырактык.

[3] **Антисемитизм** – еврейлерге карата жасалма түрдө түзүлгөн улуттук жек көрүү.

[4] **Милитаризм** – кээ бир мамлекеттердин куралдануусу күчөтүү жана согушка даярдануу саясаты.

[5] **Прагматизм** – чындыктын объективдүү мыйзамдарын тануучу жана күндөлүк пайдасы бар нерселерди чындык деп эсептөө.

[6] **Реализм** – бир нерсени ишке ашырууда чындыктын анык шарттарын эсепке ала билүү.

[7] **Рационализм** – турмушка жалаң акыл-эс менен мамиле кылуучулук.

[8] **Кейнсианство** – англиялык Кейнс Жон Мейнарддын (1883-1946) экономикалык теориясы. Ал теория АКШда, Улуу Британияда жана бир катар өлкөлөрдүн экономикалык саясатына олуттуу

[9] **Интенсивдештирүү** – күчөтүү, көбөйтүү.

Ички саясат	•УСНЖП (улуттук-социалисттик немистик жумушчу партиясынын) катаал монополиясы, бардык антифашисттик жана фашисттик эмес партиялар менен уюмдарга тыюу салуу жана куугунтуктоо. •Гитлердин, башкы жетекчилердин жеке адамга сыйынуу тартибин орнотуусу, башкарууну борбордоштуруу жана унификациялоо[1] •Коомдук турмушту, жумушчу кыймылын мамлекеттин көзөмөлүнө алуу. •Террорду, зордук-зомбулук, концлагерлерди, укукту жок кылууну кеңири пайдалануу.	•Өтө катуу эки партиялык түзүм (система), башка саясий күчтөрдү саясий аренага жолотпоонун ыңгайлуу аракети. •Жумушчу жана башка коомдук кыймылдарды башкаруучу таптын кызыкчылыгына баш ийдирүү, саясий түзүмгө интеграциялоо (жуурулуштуруу) •Коомдун демократиялык негиздерин сактап калуу, кеңири өзүн-өзү башкаруу, өнүккөн жарандык коом, укуктук мамлекет
Тышкы саясат	•Дүйнөлүк үстөмдүккө, бүт дүйнөгө “жаңы тартип” орнотууга умтулуу, Экинчи дүйнөлүк согушту кошуп алганда согуш отун тутантуу. •Коммунизмди, СССРди жок кылуу миссиясы. •Расалык жактан толук кандуу болбогон элдерди жок кылуу, немистерди бүткүл дүйнөнү башкаруучу “жогорку расага” айландыруу.	•Өз каршылаштарын начарлатуу жана бири-бирине тукуруу аркылуу дүйнөлүк экономикалык үстөмдүккө умтулуу. •СССРди дипломатиялык жактан таануу, коммунисттик экспансияга каршы аракеттерди көрүү. •Изоляционизм[2], бирөөнүн ички ишине кийлигишпөө, куралдуу бейтараптык (нейтралитет), глобалдык[3] карама-каршылыктын чечүүчү этабы үчүн өз күчүн сактап туруу.

Түрктөрчө реформа

Инсандар. Кемаль Ататүрк 1817-1938жж. жашаган. Мустафа Кемаль Ататүрк Туркиядагы 1918-1923 жылдардагы революциянын жетекчиси, Туркия республикасынын биринчи президенти (1923-1938). Салоника шаарында төрөлгөн. Элдик-республикалык париясын түзгөн. Өзүнүн прагматикалык, турмуштук акыл-эси менен өзгөчөлөнгөн инсан. Ошонун аркасында капитализмдин да, социализмдин дагы жетишкендиктерин өз өлкөсүндө пайдаланган. Ал өлкөнү башкарып турган мезгилде

[1] **Унификация** – бир түргө келтирүү, турпатташтыруу.

[2] **Изоляционизм** – башкалардан бөлүп коюу, обочолонуу.

[3] **Глобалдык** – бүткүл жер шарынын аймагын жана калкын өз кучагына алган.

кооперативдик кыймыл өтө катуу мамлекеттик жөнгө салуу менен, ал эми рыноктук механизмдер мамлекеттик протекционизм[1] менен айкалышып турган. Ататүрк өзү өтө катуу авторитардык[2] лидерлигине таянып өлкөдө “Улуттук негиздеги” мамлекеттик кайра жаралууну жүзөгө ашырган. “Эл атасы”, “түрк атасы” СССРге карата жакшы мамиле карманган. Анкарадагы советтик өкүлчүлүктүн имаратында анын, өзү дайыма келип, элден обочолонуп, мамлекеттик түйшүктөн аз да болсо оолактап, орус арагынан ичип, турмуш ташпишинен эс алуучу бөлмөсү болгон.

Ататүрктүн мезгилинде өлкөнү индустриялаштыруу багытындагы өнүгүү башталып, Туркиядагы алгачкы трактор чыгаруучу завод ишке кирген. Ал өзү спортту, маданий, активдүү жана сергек жашоону колдоочу. Мустафа Кемалдын принциптери: республикачылык, улутчулдук, этатизм (коомдогу мамлекеттин ролун абсолютташтыруу), элчилик же “халкчылык” (демократизм), лаицизм (светтүүлүк – динди мамлекеттен бөлүп, коомдогу ордун оолактатуу), революциячылык – учурдагы Туркиянын мектептеринде “Кайра жаралуу” деген коомдук атайын курста окутуп түшүндүрүлөт. Ататүрктүн ишмердиги вестернизация[3] жана секуляризация[4] саясатынын ийгиликтүү турмушка ашырылган мисалы болуп калды. Бүгүнкү Туркияда орун алган Ататүркке сыйынуу (анын эстеликтери, мекемелер менен жарандардын үйүндө илинип турган сүрөттөрү) табигый көрүнүшкө айланган.

Кытайдагы революция

Инсандар. Сун Ятсен. 1866-1925жж. жашаган кытайлык саясий ишмер. 1894 ж. Синчжунхой революциялык уюмун (“Кытайдын кайра жаралуу союзу”), ал эми 1905 ж. андан дагы кеңири канат жайган Чжунго тунмэнхой (“Кытайлык бириккен союз”) уюмун түзгөн. Императордук бийликке каршы бир нече жолу көтөрүлүш уюштурган. Япония, Англия, Гонконгдо, Француздук Индокытайда, АКШда эммиграцияда болуп, кытай революционерлери үчүн каражат топтогон. 1911-1913 жж. Синьхай революциясын жетектеп, Кытай Республикасынын биринчи (убактылуу) президенти болгон. 1912 ж. Гоминьдан партиясын негиздеген.

1923 жылы Сун Ятсен кытайда коммунисттик советтик системаны түзүш мүмкүн эмес деген. Өзүнүн жана тарапташтырынын негизги милдети буржуазиялык-демократиялык реформаларды ишке ашырып, Кытайдын көз карандысыздыгын камсыз кылуу деп эсептеген. Сунь Ятсен калтырып кеткен

[1] **Протекционизм** – өзүнүн өнөр жайларын колдоо максатын көздөп, тыштан келүүчү товарларга кымбат пошлина салуу саясаты.

[2] **Авторитардык** – бийликке сокур ишенүүгө негизделген.

[3] **вестернизация** – батыштын маданиятын, экономикасын, жүрүм-турум мүнөздөрүн көчүрүп алуу, мүнөзгө кийирүү.

[4] **секуляризация** – чиркөөнүүн, мечиттин мүлкүн мамлекеттин мүлкүнө айландыруу: чиркөөнүн, мечиттин менчигинен алып, граждандык менчикке берүү.

саясий керээзинде “... бир мезгилде биздин эң жакын досубуз жана союздашыбыз СССР, Кытайдын кубаттуу жана эркин өлкө болгондугуна сүйүнүүчүн билдирет” деп жазып кеткен экен. Кытайда аны “Кытайдын Ленини” деп атап коюшкан.

Инсандар. Чан кайши 1887-1975жж. кытайлык мамлекеттик ишмер, 1927-1949 жж. Кытайдын өкмөт башчысы, 1935 жылдан кытай аскерлеринин башкы командачысы, генералиссимус[1].

Чан Кайши коммунизмдин элдешкис душманы болгон. 1926 ж. Гоминьдан партиясын жетектейт. 1928-1937 жж. Кытайдын көпчүлүк аймагын бириктирүүгө аракеттенип, финансы реформасын жүргүзгөн, байланыш каражаттары менен билим берүүнү өркүндөтүү аракетин көргөн, кытайдын салттык баалуулуктарын бекемдөөгө салымын кошкон. СССР 30-жылдары япондук агрессорлорго каршы күрөш жүргүзгөн Чан Кайшинин өкмөтүн расмий түрдө колдоого алган. Ошону менен бирге эле СССР, башында Мао Цзэдун турган кытай коммунисттерин жашыруун колдоп турган. Бир топ мезгил ичинде япондуктарга каршы Чан Кайши менен Мао Цзэдундун кол астындагы кытайлык күчтөр биргелешип чогуу күрөшкөн учуру дагы болгон. Экинчи дүйнөлүк согуш аяктагандан кийин Кытайда жарандык согуш башталып, жыйынтыгында Чан Кайши жеңилген. 1949 ж. Гоминьдандын мүчөлөрү Формоза аралына (азыркы Тайвань) эвакуацияланат. Чан Кайши ал жакта дагы АКШнын колдоосуна таянып, Тайвань өкмөтүн башкарып калат. Ал өлгөндөн кийин Кытай Республикасынын (Тайвань аралындагы) президенттик кызматын анын уулу ээлеген. Дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрү кытай элинин мыйзамдуу өкүлү катарында бир гана Кытай Эл Республикасын таанышат.

Инсандар. Арнольд Джозеф Тойнби 1889-1975жж. жашаган Англиялык тарыхчы, бир нече университеттердин профессору. “Тарыхты окуп үйрөнүү” деген аталыштагы фундаменталдуу он эки томдук изилдөөнүн автору. Цивилизациялардын пайда болушун элдерди кыймылга келтирген табигаттан тышкары космостук күчтөрдүн кудурети деп түшүндүргөн. Ал күчтөрдүн аракетин турмушка ашыргандар табигаттын, убакыттын, тышкы

[1] **Генералиссимус** (лат. – эң башкы) – бир катар өлкөлөрдүн куралдуу күчтөрүндөгү аскердик жогорку наам. Алгач 1769 ж. Францияда киргизилген. Ал согуш мезгилинде бир нече, көбүнчө союздаш армияларга командалык кылган колбашчыларга, кээде падыша үй бүлөсүнүн бирине жана мамлекеттик ишмерлерге берилүүчү ардактуу наам. Россияда генералиссимус болгон аскер башчылар: А.С.Шеин (1696 ж. Петр I берген), А.Д.Меньшиков (1727), Антон Ульрих Брауншвейгский (1740), А.В. Суворов (1799). Советтер Союзунун генералиссимусу деген наам берүү жөнүндө СССР Жогорку совети 1945ж. 26-июнда Указ чыгарып, И.В.Сталинге берилген. Дүйнөдө 70 тен ашык адамга ыйгарылган. XX к. бул наам Ф.Франко (Испания), Чан Кайши (Кытай), Ким Ир Сен (КЭДР) ж.б. берилген.

кырдаалдардын “чакырыктарына” төп келүүчү жооп тапкан көрүнүктүү тарыхый инсандар же “чыгармачыл азчылыктар” деп эсептеген. А.Д.Тойнби үчүн цивилизация деген – бул анын ичинде синхрондуу[1] жана эквиваленттүү[2] түрдө жүзөгө ашырылуучу “маданияттын дүйнөлүк ансамблинин” руханий баалуулуктары. Тойнбинин ою боюнча бардык цивилизациялар өнүгүүнүн бирдей циклин басып өтүшөт: генезис (жаралуу), өнүгүү, сынуу, бузулуу, кыйрап жок болуу. Тойнби, бардык “цивилизациялар баа жеткис деп эсептеп, бардык цивилизациялар үчүн кандайдыр бир “туура” деп эсептелген жолду таңуулаган болбойт” - деп эсептеп, расизм менен неоколониализмди[3] сынга алган.

Экинчи дүйнөлүк согуш жана совет элинин Улуу Атамекендик согушу

Таблица. **СССР – экинчи дүйнөлүк согушта (01.09.1939 - 02.09.1945 жж.)**

Этаптары	Дүйнөдө болгон окуялар	СССРдин катышуусу
Биринчи этап: 01.09.1939-21.06.1941	• Дүнөлүк согуштун башталышы • Батыштагы “Таң калыштуу согуш” • Франциянын талкаланышы жана Германия тарабынан бир нече өлкөлөрдүн оккупацияланышы	• Германия экөөнүн Польшаны өз ара бөлүп алуусу • Советтик- фин согушу • Прибалтиканын, Бессарабиянын, Түндүк Буковинанын СССРдин курамына бириктирилиши
Экинчи этап: 22.06.1941-18.11.1942	• Германия менен анын өнөктөштөрүнүн СССРге кол салышы • ЯпониянынАКШга кол салуусу жана бир нече йымактарды басып алышы • Англия-Америка аскерлеринин Түндүк Африкадагы немистик күчтөргө каршы согушка кириши	• Германиянын агрессиясынын мизин кайтаруу • Москванын алдындагы салгылашуу • Сталинграддагы салгылашуунун коргонуу этабы
Үчүнчү этап: 19-	• Япония менен болгон согушта демилгенин АКШга оошу	• Немистик-фашисттик аскерлердин Сталинграддын

[1] **синхрондуу** – мезгилдеш, бир мезгилде болуучу

[2] **эквиваленттүү** – барабар баалуу, бирдей баалуу, бирдей маанилүү, бирдей күчтүү

[3] **неоколониализм** – көз каранды өлкөлөрдө колониализмдин жаңы формалары жана ыкмаларын пайдалануу менен өз таасирин сактап калууга багытталган империалисттик мамлекеттердин экономикалык саясаты жана идеологиялык аракеттери.

20.11.1942-1943 аягы	• Англия-Американын аскерлердин Италияга түшүрүлүшү, Муссолининин бийлигинин кулашы.	алдында, Курскиде, Орелдо жана Украинада талкаланышы
Төртүнчү этап: 1944 ж. башталышы – 09.05.1945	• Өнөктөштөрдүн аскерлеринин Францияга түшүрүлүшү • Франциянын жана башка өлкөлөрдүн бошотулушу	• СССРдин бардык аймактарынын жана кээ бир европалык өлкөлөрдүн бошотулушу • Берлин операциясы
Бешинчи этап: 10.05.1945-02.09.1945	• Хиросима жана Нагасаки шаарларына өзөктүк (атомдук) бомбанын ташталышы • Американын аскерлердин Японияны басып алышы	• СССРдин Японияга каршы согушка кириши • Японияны капитуляцияланышы

Дүйнөлүк эки согуш боюнча маалыматтар

Согушка тартылган өлкөлөр, элдер боюнча маалыматтар	**Биринчи дүйнөлүк согуш**	**Экинчи дүйнөлүк согуш**
Согуштун жалпы уланган күндөрү	1554	2194
Согушка катышкан өлкөлөрдүн саны	38	72
Бейтарап өлкөлөрдүн саны	17	6
Өзүнүн жеринде согуштук аракеттер жүргөн өлкөлөрдүн саны	14	40
Согушка катышкан өлкөлөрдүн калкынын жалпы саны	1050млн. (дүйнө элинин жалпы саны)	1700млн. (дүйнө элинин 80%)
Согушка чакырылган жалпы адамдардын саны	74 млн.	110 млн.
Согушта курман болгондордун саны	10млн.	60млн. ашык.

Инновация. Пенициллин XX к. алгачкы он жылдыктарында адам баласынын колунда автомобилдер, паровоздор, танкалар, пулеметтор, суу астында жүрүүчү кайыктар болгон, бирок, адам өпкө кагыны, дизентерия (ич өткөк), туберкулез (кургак учук) сыяктуу ооруларды дарылай алган эмес. Ич келте менен өпкө чумасынын[1] эпидемиясы[2] миңдеген адамдын өмүрүн алып турган. Грипп пандемиясынан[3] (“испанка”) өлгөндөрдүн саны (20 млнго жакын) Биринчи дүйнөлүк согушта каза болгондордон (10 млн) көп болгон.

[1] **чума** – өтө жугуштуу катуу оору

[2] **эпидемия** – жугуштуу оорунун абдан жайылып кетиши

[3] **пандемия** – жугуштуу оорунун эпидемияга салыштырмалуу кеңири жайылып, бүт өлкөнү, ал гана эмес материкти каптап кетиши

Бул оорудан каза болгондор АКШда – 500 миң, Европада – 3 млн, Орусияда - 3-4 млн. түзгөн. Орусияда Жарандык согуш жылдары тиф (келте), дизентерия, оспа (чечек) оорулары 2,1 млн. адамдын өмүрүн алган. Ал эми согушта болсо көптөгөн жоокерлер октон эмес, ириңдеп кеткен жарааттан өлгөн. Жараат алган жерге оору чакыруучу микробдордун жабышуусу менен ал жер ириңдеп, гангрена[1] башталган.

XIX к. эле Луи Пастер бир микробдор башка микробдордун күчүн кетирип, шал кыларын изилдеп билген. Ал эми орус дарыгерлери А.Полотебнов менен В.Манассеин XIX к. 60-70 –жылдарында кадимки эле көк даттын (плесень) тоголок бактерияны (кокк) өлтүрүп, жок кыларын изилдешкен.

Шотландиялык микробиолог Александр Флеминг (1881-1955) аскер госпиталынын лабораториясында терезе текчесине коюлган чөйчөктө бактерияларды өндүрүп көбөйткөн. Анын байкоосунда көк дат, шамал менен келген споралар[2] стафилоккокту[3] жок кылган касиетке ээ. А.Флеминг тажрыйба жүргүзүү аркылуу көк дат грибогунун (пенициллума нотатума) активдүү абалга жетүүсүнө зарыл температурасы менен убактысын аныктап берген. Мына ошентип 1929 ж. А.Флеминг антибактериалдык зат – пенициллинди[4] бөлүп чыгарган.

Изилдөөчүлөр Чейн менен Флери – бир эле стафилококту эмес, андан башка гангрена менен менингитти[5] козгогучтарды жок кыла турган таза пенициллинди бөлүп чыгарууга жетишишкен. Пенициллиндин антибиотиктери[6] медицинада 1943-1944 жылдардан колдонула баштаган. 1945 ж. Флеминг, Флери жана Чейн бул ачылыш менен Нобель сыйлыгына татыктуу болушкан.

Инсандар. Георгий Константинович Жуков 1896-1974жж. жашаган улуу орус (полководец) аскер башчысы. Дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Эмгек жолун кол өнөрчүлүк менен баштаган. Биринчи дүйнөлүк жана Жарандык согуштарга катышкан. Өлкөнүн түрдүү аймактарында аскер башчылык кылган. 1939 ж. Жуковдун кол башчылыгындагы советтик аскерлер Халхин –Гол дарыясынын аймагында япондуктарды талкалаган. 1941 ж. январь-июль айларында ал Генералдык штабдын начальниги,

[1] **гангрена** – дененин бир жеринин өлүү болушу жана чириши

[2] **спора** – козу карын, эңилчек, балыр өндүү гүлсүз өсүмдүктөрдүн жана кээ бир клеткалуу жаныбарлардын жакындашуусуз тукумдоо кызматын аткаруучу бир клеткалык бөлүгү

[3] **стафилококк** – чиритип жиберүүчү топ-топ болуп жашай турган, тоголок бактериянын бир түрү

[4] **пенициллин** – көк даттуу кеберлердин кээ бир түрүнөн алынуучу дарылык препарат

[5] **менингит** – мээ кабыгынын оорушу

[6] **антибиотиктер** – ооруну пайда кылууга жөндөмдүү микроорганизмдерди жок кылуучу органикалык түрүндө алынуучу химиялык заттар

коргонуу иштери боюнча эл комиссарынын орун басары болгон. 1941 ж. 23-июнунан тарта – Жогорку Башкы командачынын ставкасынын мүчөсү. 1942 ж. августунан- коргонуу иштери боюнча эл комиссарынын жана Жогорку Башкы командасынын б.а. Сталиндин биринчи орун басары. Москва, Ленинград, Сталинград, Курск, Белоруссия жана Берлиндеги эң чоң аскердик операцияларды иштеп чыгып даярдоо жана ишке ашырууга түздөн-түз катышкан.

1945- ж. 8-майда советтик жетекчиликтин тапшырмасы боюнча Берлин шаарында фашисттик Германиянын сөзсүз капитуляциясын кабыл алган. 1945 ж. 24 июнунда Москва шаарында Жеңиш Парадын кабыл алган. Согуштан кийин бир нече аскердик округдарда аскер башчылык кызматты аркалап, СССРдин коргоо министри да болгон. 1957 жылдан отставкада (кызматтан такыр бошонуу). Эң абройлуу советтик аскер башчы. Советтер Союзунун маршалы. Советтер Союзунун төрт жолку Баатыры. “Ой жүгүртүүлөр жана эскерүүлөр” деген китебин жазган. 1974 ж. өлгөн.

V Бөлүм. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки дүйнө жана цивилизациялык өзгөрүүлөр

Дүйнө экиге бөлүнүп калган: кансыз согуш

“Советтик Россия менен анын эл аралык коммунисттик уюму жакынкы келечекте эмне кылып жиберишет жана алардын экспанциясынын кандайдыр бир чеги барбы эчким билбейт.(...) Балтикадагы Штеттинден Адриатикадагы Триестке чейин, толук бир континент аркылуу “темир көшөгө” тартып койгон”.

Уинстон Черчилль

Кансыз согуштун эң негизги жакшы жыйынтыгы – өзөктүү (ядролук) куралы бар өтө күчтүү державаларды жер бетиндеги жандуунун баарын кырып салуучу үчүнчү дүйнөлүк согушка жеткирбей, өтө назик тең салмактуулукту сактап калгандыгы болду. Кансыз согуш согуштук конфликт эмес, идеологиялык карама-каршылык болуп калган.

Идеологиялардын согушу

“Кансыз согуш” деген сөздү британиялык жазуучу Джордж Оруэлл ойлоп тапкан. Өзүнүн “Сен жана атомдук бомба” деген макаласында ал, бул сөз менен өзөктүү куралы бар өтө күчтүү державалар пайда болгондон кийинки абалды мүнөздөп берген. Ал державалар “кан күйгөн ысык согушка барышпайт, адамды ичиркенткен суук, кансыз абалда карама-каршы турушат” – деп мүнөздөгөн”.

Оруэлл айткандай эле баррикаданын бир жагында СССР жана социалисттик өнүгүү жолун тандап алган өлкөлөр, экинчи жагында – АКШ, Батыш Европа жана башка капиталисттик дүйнөгө кирген өлкөлөр туруп калган. Ар бир тарап: саясий жактан, экономикалык жактан, сөзсүз түрдө согуштук кубаты жагынан үстөмдүк кылууга умтулган. Советтер Союзу менен АКШнын ортосунда түзмө-түз куралдуу кагылышуу болгон эмес, бирок, бирөөлөрдүн колу менен чок кармаган учурлар көп эле болгон. Мындай учурлар өзгөчө үчүнчү дүйнө аталган өлкөлөрдө орун алып, конфликтин артында ошол эле эки дөө өлкөлөр турган.

Кырк жылга созулган кансыз согуш учурунда карама-каршы жактардын ортосунда жарыша куралдануу орун алган. Жөнөкөй жана өзөктүү куралдар өркүндөтүлүп, аларга жана согуштук өнөр жайга акылга сыйбаган өлчөмдөгү каражаттар сарпталган. Үчүнчү дүйнөлүк согуштун

башталып кетүү коркунучу элдин үрөйүн учуруп турду. Анткени, согуш башталып кетсе бүткүл адамзат тагдыры таш-талкан болмок.

Берлиндеги окуя

Экинчи дүйнөлүк согуштагы жеңиштен кийин Советтер Союзу өзүнүн дүйнөдөгү, анын ичинде Европадагы таасирин күчөткөн. Советтик аскерлер фашисттик оккупациядан бошоткон Чыгыш Европа өлкөлөрү социалисттик лагерге кошулган. Мындай абалга АКШ, Улуубритания жана башка батыш державалары нааразы болуп, СССР тарабынан коркунучтун символун көрүшөт.

Согуш бүткөндөн кийинки 1946 ж. эле Улуубритания - ошол учурдагы өзөктүк куралга ээ болгон АКШ менен коалиция түзүү, кокустан Советтер Союзу менен башталып кетиши ыктымал согушка карата стратегиянын үстүнөн иштей баштаган. Улуубританиянын премьер-министри Уинстон Черчилль согуштан кийин дароо эле дүйнөлүк коммунизмге каршы туруу аракетиндеги согуштук өнөктөштүк (союз) түзүүнү сунуштаган. Бул маселеде АКШ адегенде бейтараптык маанайды карманып, фашизмди жеңген СССР Европанын жана Азиянын бир бөлүгөндө үстөмдүк кылууга акылуу деп эсептеген. Эң негизгиси, америкалыктардын ою боюнча, коммунисттердин зыяндуу таасиринин башка аймактарга тарап кетүүсүнө жол бербеш керек эле.

АКШнын Москвадагы элчисинин орун басары Джордж Ф. Кеннанды “кансыз согуштун архитектору” деп атап коюшкан. Анткени, ал 1946 ж. февралында өзүнүн өкмөтүнө жөнөткөн телеграммасында Советтер Союзу менен кызматташуу мүмкүн эмес экендигин далилдөөгө далалаттанган. Каршылаш тараптардын ортосундагы конфликтердин бири Берлин шаарында болгон. Экинчи дүйнөлүк согуш аяктагандан кийин Германия: СССР, АКШ, Улуубритания жана Франциянын көзөмөлүндөгү төрт зонага бөлүнүп калган. Берлин дагы төрт бөлүккө бөлүнгөн. 1948 ж. АКШ, Улуубритания жана Франция өздөрүнүн зоналарын бириктирип, Германия Федеративдик Республикасын түзүшөт. Советтик аскерлер Батыш Берлинди блокадалоого алып, кийинчерээк Германия Демократиялык Республикасы түзүлгөн.

Берлин дубалынын кулашы

СССР американын үстөмдүгүн жок кылуу максатында тез арада атом куралын жасап чыгаруу аракетин көргөн. 1949 ж. августа Семипалатинскиде өзөктүк куралдын алгачкы сыноосу ийгиликтүү өткөн. Андан кийинчерээк эле советтик аскерлер америкалык кубаттуу бомбардировщиктерге каршы турууга жөндөмдүү алдын тороп жок кылуучу жаңы реактивдүү учактар

менен куралданган. Ошол учурдан тарта каршылаштар бир дэңгээлдеги кыйраткыч, адамзат тарыхындагы эң коркунучтуу куралга ээ болушкан.

1950 ж. июнунда Түндүк жана Түштүк Корея ортосунда согуш оту тутанып, биринчисинин артында СССР туруп, экинчисин АКШ менен алардын өнөктөштөрү колдогон. Согуш – Түштүк Кореяга кирип барган Түндүк Кореянын аскерлери артына сүрүлүп, тараптар тынчтык келишимине кол коюу менен аякталган.

1955 ж. башында Советтер Союзу турган социалисттик мамлекеттер өз ара кызматташуу ниетинде **Варшава келишимине** кол коюшат. Бул кадам, 1949 ж. эле АКШ, Батыш Европа өлкөлөрү жана Канада биригип – **Түндүк-Атлантикалык союз** – **НАТО** нун түзүлүшүнө жооп болгон.

Кансыз согуштун эң чокусу, каршылаштыктын жеткен чеги Кариб кризиси эсептелет. Анткени, анда үчүнчү дүйнөлүк согуштун башталып кетишине бир эле кадам жетпей калган. Бул коркунуч 1961 ж. АКШ Туркиянын аймагына өзүнүн өзөктүү ракеталарын жайгаштыргандан башталган. Ага жооп кылып СССР бир жылдан кийин Кубада өзүнүн аскердик базасын курат. Эки дөөнүн ортосундагы мамиле эң жогорку дэңгээлге чейин курчуган. Тилекке жараша алардын өлкө башчылары өз ара тил табышып, абал жөңгөрүлгөн. 1983 ж. АКШ нын президенти Рональд Рейган евангелисттердин Улуттук ассоциациясынын алдында сүйлөп жатып СССР ди “жамандыктын империясы” деп атап, кийин бул сөздү батыштын саясатчылары менен журналисттери такай колдоно баштаган.

Кансыз согуш өз башынан чыңалуу жана бошоңдоо мезгилдерин кечирип, Горбачевдун бийлике келүүсүнө чейин уланган. Горбачев тышкы саясатты чукул өзгөртүп, эки саясий системанын символу болуп келген – Берлин дубалы кулатылган. 1990-ж. ноябрда Кансыз согуштун аяктаганын кабарлаган – Париж шаарында жаңы Европа үчүн Хартияга кол коюлган.

Совет доорунун аякташы: кайра куруу жана башка өзгөрүүлөр

“Мамлекет ичинде киргизиле баштаган өзгөрүүлөрдөй эч нерсе ошончолук дэңгээлде башаламандык жарата албайт: бардык өзгөрүүлөр укуксуздук менен тирания үчүн эле пайдалуу”.

Мишель де Фонтень

Горбачевдун бийлик башына келип, масштабдуу өзгөрүүлөр башталганга чейин Брежнев башкарган учурда узак мезгил өлкө өнүкпөй дымып калууну башынан кечирген. Андан кийин бир нече жыл ичинде өлкөнүн жетекчилери көзгө көрүнөрлүк аракет жасаганга үлгүрбөй улам бирине экинчисин алмаштырып келди. Экономикалык реформалар жөнүндө

Горбачевдон мурдагы жетекчи Юрий Андропов сөз баштап, өлкөдөгү эл чарбасын башкаруу системасын өзгөртүүгө белсенген, бирок, ага жетишпей о дүйнөгө сапар алган, Горбачев бийлике келгенден кийинки мерчемделген иш аракеттерде саясий түзүлүштү **алмаштыруу** эмес, ошол иштеп жаткан түзүлүштү **жакшытруу** жөнүндө сөз жүргөн. Бирок, Михаил Горбачев кыймылга келтирген өзгөрүүлөрдүн дөңгөлөгү жолдо кездешкен тосколдуктардын баарына баш бербей, ойго келбегендей ылдамдыкта бара жаткан.

Коммунизмди курууну токтотуу

Горбачев бийлике келгенден көп өтпөй, 1985 ж. апрелинде КПСС БК нын Пленуму болуп, анда өлкөнүн жаңы жетекчиси реформалоо боюнча өзүнүн программасын жарыялаган. Ага ылайык ошол учурда өлкөнүн социалдык-экономикалык системасында орун алган кээ бир өксүктөрдү жоюу каралган. Ошол программада биринчи жолу “тездетүү” деген сөз жаңырып анын мааниси – социалисттик өнүгүүнү тездетүү, өндүрүштүн жаңы ыкмаларын жайылтуу, компьютерлештирүү ж.б. жөнүндө айтылган. Андан башка, ошол эле пленумда алкогол ичимдиктерине каршы компанияга жана эмгек кылбай табылган кирешеге жана коррупцияга каршы күрөш жүргүзүүгө чакырык ташталган.

Бир аз убакыт өткөндөн кийин бардык негизги тармактардын, өкмөттөн баштап, өнөр жай ишканаларына чейин жетекчи курамын алмаштыруу башталган. Брежнев койгон кадрлардын ордуна жаңы, кийин кайра куруу ишине жигердүү катышкан адамдар келген. Ошол кадрлардын катышуусу менен өткөн партиянын жаңы сьезди өз программасын өзгөртүп - өлкөдө мурдагыдай коммунизмди куруу эмес, жүргүзүлүп жаткан реформалардын максаты **“социализмди өркүндөтүү”** деп белгиленген. Саясатчылардын божомолдору оптималдуу, чындыкка жакын болгон: алардын мерчеминде 2000 жылга СССР дин экономикалык кудуретин эки эсеге көтөрүп, ар бир үй бүлөнү өз алдынча үй менен камсыздоо белгиленген.

1987 ж. баш ченинде белгиленген максаттарга жетүү жана өлкөнү каптаган кризистерди: Чернобыль алааматы менен мунайдын (нефть) баасынын өтө төмөн түшүп кетүүсүн жеңүү үчүн жүргүзүлүп жаткан иш чаралар жетишсиз экендиги айкын болгон. Кайра куруунун экинчи этабы башталган. Эми жетекчилик **демократиялык социалисттик системаны куруу** аракетин көргөн. **“Кайра куруу”** термини эл арасында кеңири жайылган.

Эйфориянын[1] аякталышы

“Ар ким өз кызмат ордундагы ишин жакшы жана чын көңүлдөн аткарса –кайра куруу деген ошол болуп эсептелет!”

М. Горбачев

Системаны алмаштыруу багытындагы иш чаралардын эң алгачкыларынын арасында жеке ишкердикке уруксат берилип бүт өлкө боюнча түрдүү продукцияларды чыгаруу жана сатуу менен алек болгон кооперативдер жана чет элдик өнөктөштөр менен бирге ишканалар ачыла баштаган. Өзгөрүүнүн башка кадамы айкындуулук саясаты болуп, коомдо жана ММКда (массалык маалымат каражаттары) мурда тыюу салынган темалар боюнча талкуулар башталган. Ал эми тышкы саясатта болсо “**жаңыча ойлонууга**” – б.а. Батыш менен мамилени жакшыртып, тирешүү жана күч көрсөтүү саясатынан баш тартуу багытын алган.

Бул мезгил эйфория менен үмүттөрдүн: өзгөрүүлөр жеңил жана жүрөкө так салбагандай өтүп, өлкө жаңыланса бардык жашоо жаңыча нукка түшөт деген ой үстөмдүк кылган учур болгон. 1980-жылдардын аягында эле көптөгөн каатчылык (кризис) каптап: биринчиден, экономикалык абал начарлай баштап, азык-түлүк тартыштыгы менен инфляция башталган, экинчиден, улуттар аралык кагылышуулардын алгачкы очоктору, Тоолуу Карабах жүз берген. Кийинчерээк союздук республикаларда жикчилдик (сепаратизм) маанай күчөп, инфляция катастрофалык дэңгээлге чейин көтөрүлгөн.

1990-ж. башында өзгөрүүлөр өлкө жетекчилигинин көзөмөлүнөн толук чыгып, масштабдуу каатчылык каптаган. Жаңыдан түзүлгөн саясий партиялар 70 жыл бийликте турган коммунисттерге каршы чыга баштаган. Өлкө глобалдуу өзгөрүүгө, **рыноктук экономикага** бет алып, социализмди оңдоп - түзөө менен абалды куткаруу мүмкүн эместиги айкын болуп калган.

Кайра куруу 1991 ж. декабрында **СССРдин кыйроосу** жана союздук республикалардын өз алдынча болуп бөлүнүүсү менен аяктаган. Андан ары ар бир республиканын өз алдынча өнүгүүсү, ал эми Орусияда жаңы лидер Борис Ельцин өтө кеңири рыноктук реформаларды демилгелеп жеке менчикти толук легалдаштырууну баштаган. Баанын мамлекет тарабынан жөнгө салынышынын жок кылынышы менен жаңы каатчылыктар жүз берип, аларды жоюу үчүн дагы көптөгөн жылдар коротулду.

[1] **Эйфория** (гр.) – Сырт жактагы көрүнүштөргө төп келбеген көңүлчөөктүк, көтөрүңкү-курсантчылыктуу маанай, айланадагыларды оптимисттик көз карашта кабыл алуу.

XXI кылым: келечек, көйгөйлөр жана аларды чечүү боюнча аракеттер

“Эң байыркы дооорлордун тарыхын жазыш мүмкүнчүлүгү жок, себеби, бизде тарыхый булактар жетишсиз, ошондой эле соңку мезгилдин тарыхын жазуу мүмкүн эмес, тарыхый булактар өтө эле көп”

Шарль Пеги

Мурдагы бардык мезгилдерден XXI к. айырмачылыгы – калыптана баштаган жалпылык, өз ара байланыштар жана бардык өлкөлөрдүн бири биринен көз карандылыгы. Жыл өткөн сайын дүйнө улам көбүрөөк интеграцияланып (жуурулушуп) бара жатканын көрүүгө болот. Бул жараян бардык чөйрөнү, саясаттан маданиятка чейин өз кучагына алган.

*“Технологиялык революция бизди кайда алып барышы мүмкүн? Биздин илим менен техника дүйнөсүндөгү узак саякатыбыздын түпкү максаты эмне? Мунун бардыгынын жеткен чеги физиктер I типтеги цивилизация деп атаган – **планетардык цивилизациянын** калыптанышы болуп калат”*

Митио Каку

Дүйнөлүк өкмөт

Интернеттин, транспорттун жана коммуникациянын бардык түрүнүн өнүгүшү улуттар менен өлкөлөрдүн ортосундагы айырмачылыктардын жоюла башташына алып келет. ММК жана интернет аркылуу туруктуу өз ара байланыш кармап турган дүйнө калкынын көпчүлүк бөлүгү окшош кызыкчылыктар менен жашап калат. Адамзаттын башына түшкөн дүйнөлүк койгөйлөрдү дагы биргелешип чечүү ыңгайлуу, ошондуктан адамдар ортосундагы байланыштар уламдан улам бекемделип жатат. Андай көйгөйлөрдүн арасында: дүйнөлүк климаттын жогорулашы жана башка экологиялык маселелер, терроризм, баңгизаттардын таркашы, эпидемиялар, эл аралык кылмыштуулук, иммиграция, өзөктүү куралдардын көбөйүшү бар. Көптөгөн окумуштуулардын ою боюнча биздин жашоонун сакталып калышынын бир гана жолу, бул, биригүү, баш кошуу, өнүгүүнүн жаңы баскычына – **планетардык цивилизацияга** көтөрүлүү.

Адамзат цивилизациясынын келечеги боюнча көптөгөн божомолдор бар. Изилдөөчүлөрдүн бир тобу, өлкөлөр өзүнүн эгемендүүлүгү менен улуттук өзгөчөлүгүн сактап калуу менен бирге дүйнөлүк бир БУУ сыяктуу уюмга биригүүсү зарыл деп эсептешет. Экинчиси: Жер шарынын калкын дүйнөлүк өкмөт башкарып, өлкөлөрдүн эгемендүүлүгү акырындап күчүн жоготоруна ишенет. Үчүнчү тобунун божомолу бир топ көңүл чөгөрүп, кайгы алып келген божомол: кубаттуу улут аралык корпорациялар бийликти

басып алып, өз пайдасы үчүн эли менен табигый байлыктарын эзүү жолун пайдаланышат.

“Физиктердин, анын ичинен япондук изилдөөчү Митио Какунун ою боюнча биздин азыркы цивилизация 100 жылдан кийин планетардык же глобалдык цивилизацияга айланышы мүмкүн. Бул – дүйнөлүк коом бир бүтүн экономикалык жана социалдык системага айланат- дегенди түшүндүрөт”.

Табигый байлыктар түбөлүктүү эмес, алар акырындап азая берет – бул адам баласы чече турган олуттуу көйгөйлөрдүн бирөө. Азыр эң кеңири керектелип жаткан энергиянын булагы – бул мунай. Бирок, ал дагы түбөлүктүү эмес, анын кору дагы качандыр бир мезгилде түгөнөт, ошондуктан, адамзат энергиянын жаңы булагын издеп табууга мажбур болот. Азыртадан эле көп өлкөлөр энергиянын жаңы булактарына, анын ичинде атомдук электростанцияларын курууга, күн батареяларын пайдаланууга ж.б. аракет көрүп жатышат. Эгерде мунайдын корунун түгөнгөн учуруна колго аларлык энергия булагы табылбай кала турган болсо, анын кесепети эң кайгылуу: ачарчылыкка, согуштарга, тартипсиздикке алып келиши мүмкүн.

Эң алгачкы энергетикалык кризистердин бири Британияда жүз берип анда жыгачтын көмүрүн алыш үчүн бүт токойлор кыркылып кеткен. Анын натыйжасында таш көмүрдү кокстоо[1] ойлоп табылган. Мүмкүн учурдагы энергиялык каатчылык дагы кандайдыр бир технологиялык ачылышка алып келиши мүмкүн.

Каатчылык, терроризм жана интернет

Учурда боло калып жаткан согуштук конфликттерди **төртүнчү муундагы** согуштардын катарына кошушат. Алар жашап жаткан мамлекеттик система менен бийликти басып алууну каалаган көтөрүлүшчүлөрдүн тобунун ортосунда болот. Көпчүлүк учурда ал топтор өкмөттү кулатууга күчү жетиштүү эмес болгондуктан өздөрүнүн көз карашын таңуулап, коркутуу үчүн террористтик амалдарды колдонушат. 2001 жылдын 11 сентябрындагы АКШ дагы террористтик жардыруулардан кийин терроризмге каршы күрөш озгөчө кулач жайды.

“Араб өлкөлөрүндө 2011 жылы болуп өткөн путчтар дүйнөлүк ММКда “араб жазы” деп аталган. Төңкөрүштөр жана жарандык согуштар Тунисте, Алжирде, Ливияда, Египетте, Иракта ж.б. өлкөлөрдө бийлик алмашуусуна алып келген.”

[1] **кокс** – абдан күйдүрүлгөн таш көмүр же чым көң.

2008-жылдагы АКШны каптаган ипотекалык[1] каатчылык массалык банкротко такаган. Американын аркасынан каржы каатчылыгы калган бардык өлкөлөргө жайылган. “Улуу рецессия[2]” деп аталган ал каатчылыктын кесепеттери азыркы учурга чейин жоюлуп бүтө элек. Интернеттин пайда болушу жана аны менен байланышкан технологиялар чыныгы маданий революция болуп калды. Эч бир убактарда дүйнө адамдары бүгүнкүдөй бири бирине окшошкон эмес: алар бирдей кинофильмдерди көрүшөт, бирдей китеп окуп, бирдей кийимдерди кийинишет. Ушулардын бардыгы адамзатка жакындап келе жаткан глобалдашуунун белгилери. Бул жараяндын жакшы жана жаман жактары бар, бирок, анын агымын токтотуп коюуга мүмкүн эмес

Болуп жаткан бардык жаңылыктар менен өзгөрүүлөргө карабастан коом мындан жүздөгөн жылдар мурун жашап келген өзүнүн мыйзамдары менен жашап келет. Эң негизги базалык муктаждыктар - тамак,үй, баарлашуу, өнүгүү - өз ордунда калды, ошондуктан биз адам бойдон калабыз.

Илимий-техникалык революция доорунда дүйнөлүк өнүгүүнүн альтернативалары жана моделдери

Инсандар. Махатма Ганди 1869-1948жж. жашаган. Өз аты Мохандас Карамчанд Ганди – гуру, реформатор, теоретик жана аларды иш жүзүнө ашырган инсан. Анын негизги куралы жарандык баш ийбөө тактикасы. Индиянын батышында жарык дүйнөгө келген. Лондондо юристик кесипке окуган, ошол эле учурда динге да кызыккан. 1893-1914 жж. Түштүк Африкада юристик кесипти аркалап, азиялыктардын укугун коргоп, бир топ дискриминациялык кемсинткен мыйзамдарга каршы күрөшүп, аларды жумшартууга жетишкен.

Анын көз карашынын калыптанышына “Бхагавадгитанын” индуистик текстинин зор таасири тийген. 1915-ж. ал Индияга кайтып келип, кол тийбестердин (эң төмөнкү индуисттик каста), аялдардын укугу үчүн күрөш баштап, диний карама-каршылыкка каршы жана Индиянын көз карандысыздыгы үчүн күрөш баштаган. Гандинин таасири астында Индиялык Улуттук конгресс партиясы 1920 ж. баштап британ бийликтери менен кызматташпоо практикасына өтөт. Ганди камалып, жалпы жонунан өмүрүнүн алты жылын түрмөдө өткөргөн. 1930 ж. Ганди жарандык баш ийбөө тактикасынын экинчи кампаниясын баштайт, ал эми Экинчи дүйнөлүк согуш жылдары “Британиялыктар Индиядан кеткиле” деген кыймыл

[1] **Ипотекалы**к- таш көмүрдү абасы жок мешке күйгүзүү жолу менен алынган катуу зат(продукт). Бул зат отун катары пайдаланылат.

[2] **рецессия(лат.)** – өндүрүштүн төмөндөшү же анын өнүгүү ыргагынын жайлашы.

уюштурган. 1944 ж.кийин Ганди индустар менен мусулмандар кагылышын элдештирүү аракетин көрүп, өлкөнүн диний белгиси боюнча бөлүнүшүнө каршы чыккан. Ганди аскеттик[1] жашоо кечирип, монахтарча[2] кийинген, эл арасында өтө зор кадырга ээ болгон. Махатма Ганди Дели шаарында көптөгөн адамдар катышкан кечки сыйынуу жөрөлгөсү учурунда террорчу тарабынан өлтүрүлгөн.

Инсандар. Хо Ши Мин 1890-1969жж. жашаган Вөетнамдын мамлекеттик ишмери. Хо Ши Мин деген ат “эл көзүн ачкан адам” деген маанини туюндурат. Хо Ши Мин Парижде болгон учурдан социалисттердин катарына өтүп, 1920 ж. Франциянын коммунисттик партиясын түзүүгө катышкан. Москвада бир нече ирет болуп, Коммунисттик Интернационалда иштеген.

1930 -ж. Индикытайдын Коммунисттик партиясын негиздеген. 1943-ж. Түндүк Вөетнамда япондук баскынчыларга каршы партизан согушун баштаган. 1945 ж. Хо Ши Мин Вөетнам Демократиялык Республикасынын башчысы. Анын жетекчилиги менен жана СССРдин жардамы аркасында вөетнам эли француздук колониалдык аскерлерди талкалаганга жетишкен (1945-1954). Хо Ши Мин Вөетнамдын түштүгүндө түзүлгөн америкачыл бийликке жана америкалык аскерлерге каршы (1963 жылдан) партизандык күрөшкө жетекчилик кылган. Тилекке каршы ал өлгөндөн кийин гана 1975 ж. Вөетнам коммунисттердин бийлиги астында бириктирилип, Түштүк Вөетнамдын мурунку борбор шаары Сайгон Хошимин деген атка которулган.

[1] **Аскет** – турмуш жыргалчылыгынан баш тартып, түнт жашоочу адам

[2] **монах** – кечил, дүйнөдөн безип, монастырда жашоочу адам.

Илимий-техникалык революция жана дүйнөлүк цивилизация

Таб. **Илимий-техникалык прогресс (ИТП): СССР жана башка өлкөлөр.**

ИТПнын негизги багыттары	СССРдин жетишкендиктери	Башка өлкөлөрдүн жетишкендиктери
ЭЭМ кеңири пайдалануунун негизинде өндүрүштү комплекстүү автоматташтыруу, контролдоо жана башкаруу.	1946-Харковдогу автоматтык потоктук линия (конвейер боюнча тынымсыз жүрүү). 1950-Ульяновскидеги поршендерди чыгаруучу автоматтык завод. 1960-жылдар экинчи курактагы ЭЭМди (электрондук-эсептегич машина) жана БАСтын (башкаруунун автоматтык системасын) киргизүү. 1970-жылдар Бирдиктүү энергетикалык системанын (БЭС) түзүлүшү 1980-жылдар өнөр жайга робот техникаларын киргизүү жана компьютерлештирүүнүн башталышы	1946-алгачкы электрондук компьютердин ишке киргизилиши. 1959-АКШда биринчи интегралдык схема даярдалган. 1960-транзистордук[1] алгачкы лазер[2] жана биринчи компьютер. 1961-алгачкы өнөр жай роботу. 1987-Улуубританиядагы толук автоматташтырылган темир жолу. 1980-жылдар – робот техникасы, компьютерлештирүүгө негизделген ИТР (илимий-техникалык революциянын) жаңы этабы, индустриалдык коомдон, маалыматтык (информациялык) коомго өтүү
Энергиянын жаңы түрлөрүн ачуу жана пайдалануу	1946-Европада биринчи өзөктүк (атом) реакторун ишке киргизүү. 1947-биринчи баллистикалык ракета. 1949-биринчи өзөктүк (атомдук) куралды сыноо. 1954-дүйнөдө алгачкы өзөктүк (атом) станциянын ишке берилиши. 1957-алгачкы континенттер аралык баллистикалык ракета.	1939-урандын ядролорунун (өзөк) бөлүнүү жараянынын ачылышы. 1942-Чикагодо алгачкы ядролук реактор ишке киргизилген. 1945-АКШда өзөктүк (ядролук) бомба жасалган. 1952-Англияда өзөктүк (ядролук) бомба сыноодон өткөн. 1952-АКШда алгачкы водород бомбасы сыноодон

[1] **транзистор** – 1.электр сигналдарын күчөтүү же кайра өзгөртүп түзүү үчүн пайдаланылуучу жарым өткөргүчтүү прибор

[2] **лазер** – мажбур кылынган нурдук жардамы менен жарыкты күчтөндүрүү.

	1957-алгачкы өзөктүк “Ленин” муз жаргыч кемеси. 1961-Гагариндин космоско учушу. 1965-ачык космоско чыгуу. 1970-1980-чи – эл аралык космостук станция (ЭКС). 1987- “Буран-Энергия” космостук кораблинин учурулушу	өткөн. 1960-Франция өзөктүк (ядролук) бомбасын сыноодон өткөргөн. 1964-Кытай өзөктүк (ядролук) бомбасын сыноодон өткөргөн. 1969-америкалык астронавдар айга түшүрүлгөн. 1981-алгачкы космостук (бир нече жолу пайдалана турган) челноктун учурулушу.
Биотехнологиянын өнүгүшү	1960-жылдарда микробиологиялык өнөр жайдын түзүлүшү	1940-пенициллинди антибиотик катары колдонуу. 1952-бала түйүлдүгүн болтурбоо үчүн пайдаланган дары. 1953-полиомиелит[1] оорусуна каршы вакцина[2]. 1967-адамга башка кишинин жүрөгүн которуп салуу боюнча биринчи операция. 1978-пробиркада[3] өстүрүлгөн алгачкы ымыркайдын төрөлүшү. 1992-менингитке каршы алгачкы вакцина.
Конструкциялык материалдардын жаңы түрлөрүн жасоо жана колдонуу	1948-электроника менен транзисторлорго байланышкан жаңы тармактын башталышы. 1960-1980-жылдарда – согуштук өнөр жай комплексиндеги (СӨК) прогресс космостук технологияны пайдалануу.	1942-магниттик пленканы ойлоп табуу. 1969-видео магнитофондордун сатыкка чыгарылышы. 1986-CDнын ойлоп табылышы. 1987-үндү санариптик магниттик жазуу системасынын киргизилиши.

[1] **полиомелит** – жугуштуу оорунун бир түрү. Балдардын эпидемиялык шал оорусу

[2] **вакцина** – жугуштуу ооруларга каршы эмдөө үчүн колдонула турган дары

[3] **пробирка** – лабораторияда колдонулуучу, бир башы туюк айнек түтүк.

Согуштан кийинки СССРдеги социализм:
анын дүйнөлүк цивилизациядагы орду

Инновация. Муз жаргыч кеме Суусу тоңуп туруучу аймактарда жүрүп, башка кемелерге дагы жол ачып берген кемелер ушинтип аталат. Мындай кемелерге болгон муктаждык Арктика менен Антарктиданы изилдөө өнүккөн сайын өсө берген. Эң биринчи музду жарып жол ачууга ылайыкталган пароход “Пайлот” орус флоту үчүн 1864ж. курулган. Ал эми биринчи арктикалык муз жаргыч кеме “Ермак” 1899ж. адмирал С.О. Макаровдун жетекчилиги астында курулган. Алгачкы муз жаргычтар мунай (нефть) жана көмүр менен жүргөндүктөн, үстүнө жүктөп алган отуну чектелүү эле.

Эң алгачкы атомдук муз жаргыч “Ленин” СССРде 1959ж. курулган. Анын артынан “Арктика”, “Сибирь” жана “Россия” муз жаргыч атомдук кемелери ишке берилген. Түндүк деңиз жолун пайдалануу идеясын эң биринчилерден болуп М.В. Ломоносов негиздегендигин айта кетүү абзел. Анын: “Орусиянын байлыгы Сибирь менен толукталат” деген сөзүн эстеп коюу артыкчылык кылбайт.

Инновация. Жердин жасалма спутниги 1956 ж. аяк ченинде академик М. Тихонравов салмагы 80 кг. бир аз ооруураак болгон спутниктин долбоорун сунуштаган. Дүйнөдө биринчи жердин жасалма спутнигин ийгиликтүү учуруу иши 4 октябрда 1957ж. жүзөгө ашырылган. 1957ж. ноябрында бортунда Лайка деген ити бар экинчи советтик спутник учурулуп, ал жерди 2370 жолу айланып учуп, 14 апрель 1958ж. атмосферанын калың катмарында күйүп жок болгон. 1958ж. майында СССР учурган үчүнчү спутник кадимки эле автоматтык илимий станция болуп калган. Эң алгачкы советтик серия менен учурулган “Космос” спутниги космоско 1962ж. 16 мартында чыгарылган. Америкалыктар учурган биринчи спутниги ийгиликсиз болуп, ал эми салмагы 8,21 кг. келген “Эксплорер” спутниги орбитага 1958ж. 31-январында көтөрүлгөн.

Инсандар. Юрий Алексеевич Гагарин 1934-1968жж. жашаган дүйнөдөгү №1 космонавт Смоленский облусундагы Гжатск шаарынын жанындагы Клушино кыштагында дыйкандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Өз замандаштарынан эч айырмасы жок адам болгон. Балалыгы колхоздо өтүп, фабрика-заводдук училищени бүтүргөн жана эмгек жолун жумушчулуктан баштаган. Кийинчерээк учкучтар училищесин, анан аскердик аба академиясынан билим алган. Биринчи болуп космоско учуу үчүн космонавтар отрядынан С.П.Королев тарабынан тандалып алынган.

Гагариндин дублеру[1] болуп, ошол 1961 жылдын августунда эле космоско учкан Герман Степанович Титов тандалып алынган.

Гагарин Ю.А. 1961ж. 12 апрелинде адамзаттын тарыхында биринчи болуп, “Восток” космостук кораблинде космоско учуп (жер шарын бир жолу айланып) келди. Гагариндин космоско учуп, кайра аман-эсен жерге конушу советтик илим менен техниканын даңазасын чыгарса, ал өзү – дүйнөдөгү биринчи космонавт – планетадагы эң таанымал адам болуп калган. Гагарин Советтер Союзунун Баатыры наамын алып, космоско улук лейтенант аскердик чини менен учуп чыгып, жерге майор чини менен келип конгон. СССРдин Аскердик-Аба күчтөрүндөгү кызматынан кеткенде полковник наамында болгон. Кийинки жылдары космонавттарды окутуп, машыктырууга катышып турган. Ал космоско дагы учуп чыгууну эңсеген, бирок, жогорку жетекчилик-советтик жетишкендиктердин символу болуп калган адамдын өмүрүн тобокелдике салгылары келген эмес. 1968ж. Ю.Гагарин самолетто машыгып учуу учурунда каза болуп, сөөгү кремль дубалына коюлган.

Инсандар. Сергей Павлович Королев 1907-1966жж. Космостук кораблдердин башкы конструктору. 1906ж. 30 декабрында туулган. 1924ж. Одессадагы кесиптик курулуш мектебин, 1930ж. Москвадагы жогорку техникалык училищени жана Москва учкучтар мектебин бүтүргөн. Ошол 1930 жылдан борбордук аэрогидродинамикалык институттун улук инженери болуп иш баштаган. 1931ж. Ф.А. Цандер менен биргеликте реактивдик кыймылдарды изилдөө тобун түзгөн (бул өз ишине берилген жигердүү топту, алардын ишин түшүнгөн адамдар “акы албай иштеген инженерлер тобу” – деп да атап коюшкан). 1933ж. алгачкы советтик суюк отун менен иштөөчү ракета учурулган. Ошол эле жылы С.П. Королев Ракета институтунун директорунун илимий иштер боюнча орун басары болуп дайындалат. 1934 ж. “Стратосферага ракеталык учуу” деген эмгегин жарыялаган. Королев биринчи башкарылып туруучу ракетасын (1939 ж.) жана биринчи ракетопланерин[2] (1940) Өзгөчө конструктордук бюродо камак абалында болгон учурунда жасаган. 1938-1944 жылдары Королев Колымада, андан кийин Москва менен Казандагы жабык Конструктордук бюродо камакта өткөргөн. 1942-1945 жж. ал, серия менен чыгарылып жаткан согуштук самолеттордун учуусун суюк ракеталык ылдамдаткыч менен жабдуу

[1] **дублер** – зарыл болгон учурда негизги космонавттын ордуна уча турган космонавт.

[2] **Ракетопланер** (ракета+планер) = 1. Ракета – ракеталык отундан күйгөн массанын түртүлүшүнөн пайда болгон реактивдүү күчтүн аркасында учуучу аппарат. 2. Планер – моторсуз учуучу аппарат. Айрым планерлорго кубаттуулугу аз реактивдүү же поршендик кыймылдаткычтар орнотулат (мото-планер).

маселеси менен алектенген, ДВБ-102 самолетун иштеп чыгуу технологиясына катышкан.

1950-1960 жж. Королевдун жетекчилиги менен баллистикалык[1] жана геофизикалык ракеталар, Жердин алгачкы жасалма спутниктери, спутниктердин түрдүү багыттагы моделдери (“Электрон”, “Молния-1”, “Космос”, “Зонд” ж.б.), дүйнөдө биринчи жолу адамды космоско учуп алып барган жана ачык космоско чыкканга шарт түзгөн “Восток”, “Восход” деген аталыштардагы космостук кораблдер жасалып учурулган. Королев СССРдин Илимдер Академиясынын академиги, эки жолку Социалисттик эмгектин Баатыры, Ленин атындагы сыйлыктын ээси болгон.

Инновациялар. Коммунизм (лат. тил.-жалпы)- **к**оммунизмдин теориясында, практикасында дагы – бул, коомдук менен өзүн-өзү башкарууга негизделген адилеттүү, тапсыз коом, анда тарыхый өнүгүүнүн максаты ар бир адамдын ар тараптуу жана эркин өнүгүүсүн камсыз кылуу болуп эсептелет.

Дүйнөнү коммунисттик негизде кайра куруу боюнча алгачкы христиандык общиналар, монах ордендери[2], диний секталар кыялданышканы белгилүү. Коммунисттик коомдун жалпыланган мүнөздөмөсүн К.Маркс, Ф.Энгельс жана В.И. Ленин иштеп чыккан. Хрущев 20 жыл ичинде СССРде коммунизмди курууну мерчемдеп, тилекке каршы майда-чүйдөсүнө чейин иштелип чыккан Программа турмушка ашырылбай калган. Бир учурдагы СССРде жана Чыгыш Европанын бир нече өлкөсүндө коммунизмди курууга багытталган Бүткүл дүйнөлүк тарыхый эксперимент[3] ишке ашпай жок болгон. Бирок ошол мезгилден азыркыга чейин кээ бир өлкөлөрдө (Кытай, Вьетнам, КЭДР, Куба) коммунизмге карай өнүгүү жолу расмий стратегия[4] бойдон калып келе жатат. Кээ бир окумуштуулар, мамлекеттик жана коомдук ишмерлер (М.: Ч.Айтматов) бир катар европалык өлкөлөрдө коммунисттик идеялардын айрымдары турмушка ашырылган деп эсептешет.

[1] **Баллистика** – горизонтко салыштырмалуу белгилүү бир бурчтук ченем менен ыргытылган, учурулган телонун (М.: снаряд, мина, атылган ок) кыймылын изилдөөчү илим.

[2] **орден** -1. Орто кылымдарда Батыш европадагы монахтар же рыцарлардын уюму; 2. Кээ бир жашырын коомдор же бирикмелердин аты

[3] **эксперимент** – тажрыйба кылып көрүү, байкап көрүү, сынап көрүү

[4] **стратегия** – жалпы, түпкү, алгылыктуу зарылчылык, максат

Таблица. **СССРде коммунизмди куруунун планы жана турмуш чындыгы**

Көрсөткүчтөр	1960ж.	1980ж. (план)	1980ж. (аткарылганы)
Электроэнергиясы (млрд. квт.с.)	292,3	2700-3000	1295
Мунай (нефть) млн. т	148	690-710	603
Газ (млрд. куб. м.)	47	680-720	600-640
Көмүр (млн. т.)	513	1180-1200	770-800
Кездеме бардык түрү (млрд. кв.м.)	6,6	20-22	10,7
Кайыш бут кийими (млн. жуп)	419	900-1000	744,3
Эт (млн. т.)	8,7	30-32	14,8
Сүт (млн. т.)	61,7	170-180	92,6

Советтик экономиканын өнүгүшүнүн 1951-1985 жылдардагы сапаттык көрсөткүчтөрү

Жылдык орточо ыргагы (%)	1951-1960	1961-1965	1966-1970	1971-1975	1976-1980	1981-1985
Улуттук кирешенин өнүгүшү	10,2	6,5	7,7	5,7	4,2	3,5
Эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшү	8,0	6,0	6,8	4,6	3,4	3,0
Фонддун кайтарымындагы өзгөрүүлөр	+0,8	-3,0	-0,4	-2,7	-2,7	-3,0

Инновациялар. Атом бомбасы 1904ж. Нью-Йорк шаарында ооокат-аштуу немистик еврейдин үй-бүлөсүндө Роберт Оппенгеймер жарык дүйнөгө келген. 1925ж. үч жыл ичинде ал Гарвард университетин бүтүрүп, 23 жашында 1927ж. Маск Бор менен биргеликте квант[1] теориясынын маанилүү бөлүгүн илимий жактан иштеп чыгышкандыгы үчүн докторлук даражасын алган. 1943-1945 жж. Р.Оппенгеймер америкада атом бомбасын жасоо ишин жетектеген. Бул “Манхэттен долбоору” деп аталган иштин башында аскер

[1] **кванта** – кандайдыр бир энергиянын эң майда бөлүгү

адамы Лесли Р. Гровс турган. Долбоорду ишке ашыруу үчүн 2 млрд. доллар сарпталган.

1945ж. 6-августа “Энола Гэй” деген бомбалоочу самолет Японияны Хиросима шаарына “малыш-балакай” деген бомба таштаган. Атомдук “козу карын” 9миң м. бийиктикке чейин жетип, жарылуудан чыккан ысык (3000° С) менен кыйраткыч шамал бир нече секунд ичинде 200 миңге жакын адамдын өмүрүн алып, 60 миңдей имараттарды кыйратып салган. Р. Оппенгеймер (1947-1952) АКШдагы атом энергиясы боюнча Комиссиянын генералдык консультативдик комитетинин төрагасы, (1947-1966) Принстондогу фундаменталдык изилдөөлөр Институтунун директору болгон. Ал Японияны бомбалоонун кесепеттерин угуп алып үрөйү учкан жана водород бомбасын жасоого каршы чыккан. Бул кылыгы үчүн 1953ж. “кайдыгер эмес” деген күнөө тагылып, жашыруун иштерден четтетилет. Водород бомбасын жасоо ишин Эдвард Тиллер жетекчилике алган.

Инсандар. Игорь Васильевич Курчатов 1902-1960жж. жашаган Советтик улуу физик, СССРде атомдук илим менен техника боюнча иштердин жетекчиси жана көрүнүктүү уюштуруучусу. Сегнетоэлектриктерди[1] изилдөө менен алектенген. Кесиптештери менен биргеликте ядролук изометрияны[2] ачкан. Курчатовдун жетекчилиги астында биринчи атамекендик циклотрон[3] (1939) курулган, урандын ядросунун (өзөгү) карама-каршы бөлүнүүсү ачылган (1940), кемелерди минадан коргоо иши иштелип чыккан, Европада биринчи ядролук реактор[4] (1946) курулган, СССРде биринчи атом бомбасы (1949), дүйнөдөгү биринчи термоядролук[5] бомба (1953) жана биринчи атомдук электр станциясы (1954) пайдаланууга берилген.

И.В. Курчатов атом энергиясы боюнча Институттун негиздөөчүсү жана биринчи директору, СССР ИАнын академиги, үч жолку Социалисттик Эмгек Баатыры, Ленин атындагы сыйлыктын бир жолку, СССРдин мамлекеттик сыйлыгынын төрт жолку ээси болгон.

[1] **Сегнетоэлектриктер** – электрлик карама-каршылыгы тышкы таасири жок эле боло бере турган катуу зат.
[2] **Изометрия** – организм калыптанып өсүп жаткан мезгилдеги адамдын дене бөлүктөрү менен органдарынын пропорциясынын сакталышы.
[3] **Циклотрон** – атомдук ядронун (өзөгүнүн) бөлүнүшүн камсыз кылуу максатында өтө тез ылдамдыктагы заряддалган бөлүкчөлөрдү (протондор, дейтрондор, альфа-бөлүкчөлөр) алуу үчүн колдонулган электромагниттик прибор.
[4] **Реактор** (атомдук) – атомдук ядролордун үзгүлтүксүз бөлүнүшүнө негизделген атом энергиясын алуу үчүн колдонулган механизм.
[5] **Термоядролук** – жогорку температурада болуп өтүүчү ядролук процесстер.

“Кансыз согуш” цивилизациялардын бири-бирине карама-каршы туруусунун бир көрүнүшү

Таблица. **Кансыз согуш: себептери, маңызы, жыйынтыктары**

Себептери	маңызы	жыйынтыктары
Саясий: •АКШ менен СССРдин таасирлеринин андан ары дагы жайылып кетишинен чочулоо, кооптонуу; •дүйнөнүн бардык бөлүгүндө АКШ менен СССРдин тарапташтарынын бар экендиги;	Жалпы стратегияны иштеп чыгуу, согуштук блокторду түзүү. Эки тараптуу жана көп тараптуу жолугушууларды өткөрүү.	АКШ м енен өнөктөштөрү “кансыз согушта” СССР жана анын өнөктөштөрүнүн үстүнөн жеңишке жетишишти “Кайра куруунун” аркасы менен Орусияда батышчыл күчтөр бийлике келген жана ырааттуу түрдө вестернизациялоо багытында реформаларды жүргүзүп турушкан.
•карама-каршы тараптын коркунучу сакталып турган учурда өз тарапташтарынын биримдигин чыңдоо зарылчылыгы.	Каршылаштардын өлкөсүндөгү өз тарапташтарын колдоого алуу.	
Экономикалык: •байлык үчүн, өз өндүрүмүн (продукция) сатуу максатында рынок үчүн күрөш; •аскердик –саясий тирешүүдө каршылаштын экономикалык кудуретинин алсыроосу;	Каршылашынын экономикалык өнүгүшүнө терс таасир берүү максатында таасир этүүчү чараларды (кээ бир өнүмдөрүн (товарлар) сатууга тыюу салуу, ал гана эмес өзү үчүн пайдалуу келишимдерден баш тартуу). Жарыша куралдануу	СССРдин экономикасына үзгүлтүксүз кысым жасоо, көтөрө алгыс жарыша куралдануунуу таңуулоо жана акылга сыярлык реформалардын болбогондугу советтик экономиканын кайрашына, дүйнөлүк экономикадагы өз ордун жоготууга алып келген.
Согуштук:	Чалгындоолордун	Советтик аскерий

•каршылашынын согуштук кудуретинен чочулоо, коркуу; •үчүнчү дүйнөлүк согуш башталып кеткен учурда өзүнүн согуштук үстөмдүгүн камсыз кылуу.	айыгышкан кармашы, аскерий- өнөр жай шпиондугу. Өз каршылашынын даярдыгын көптөгөн локалдуу (жергиликтүү жана аймактык) конфликтерде сынап көрүү.	машина Ооганстанда баткакка тыгылып калды. СССРдин улам күчөй баштаган ыдыроосу өлкөнүн аскерий кубатынын сезилерликтей алсыроосуна алып келген.
Идеологиялык: •Өзүнүн калкынын - жат коомдогу өзүнө тартып алуучу турмуш менен таанышуусуна жол бербөө; •коммунисттик жана либералдык-буржуазиялык идеологиялар ортосундагы бардык жагын камтыган күрөш.	Каршылаш тараптардын жарандарынын ортосундагы байланыштарды чектөө. Өз калкын каршы тарапты жек көрүү духунда психологиялык жактан даярдоо. Өзүнө тартып ала турган идеяларды иштеп чыгуу жана жайылтуу.	Эммиграцияга кеткен СССРдин жарандары үчүн Батыштын жашоо мүнөзү, жашоонун жогорку деңгээли өзүнө тартуу күчүнө ээ эле. СССРдин ЖМК дагы акырындык менен коомдук аң сезимге таасир этүүнүн батыштагы ыкмаларын колдонууга өтө баштаган.

Инсандар. Джон Фицджеральд Кеннеди 1917-1963жж. жашаган АКШнын 1961-1963жж. Президенти. АКШ дагы эң чоң, эң бай жана таасирдүү үй-бүлөлөрдүн бирөөнөн чыккан. Экинчи дүйнөлүк согушка катышып, анын торпедолук катери[1] экиге бөлүнүп калганда жарадар болуп, омурткасын жабыркатып алган. Кеннедилердин үй-бүлөлүк кланы[2] үчүн саясат көнүмүш кесип болуп калган. Д.Ф. Кеннеди дагы конгрессмен, андан кийин эң жаш сенаторлукту аркалаган. 1960ж. тышкы жагымдуу ажары, мыкты оратордук жөндөмү жана саясий кадыры үй-бүлөсүнүн колдоосу кошулуп аны Ак үйгө алып келген. Д,Ф. Кеннеди “Жаңы чектер” деп аталган, максаты “күчтүү Американы” түзүү болгон концепцияны сунуш кылган. Жаш президент америкалыктарга: “Сен, өлкөм мен үчүн эмне кылып берет деп сурабай, сен өлкөм үчүн эмне кылып бере алам, деп сура”- деп кайрылган. Тышкы саясатында ал, "кансыз согушту" бошоңдотуп, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүнү жактаган. 1962ж. күзүндөгү Кариб кризиси[3]

[1] **катер- кичине** кеме:=торпедолук катер= торпедолорду жүктөп жүрүүчү кичине кеме.

[2] **клан**- 1. Шотландиялыктардын жана ирландиялыктардын уруу общинасы; 2. Кандайдыр бир жалпы кызыкчылыктары (экономикалык, казматтык, үй-бүлөлүк ж.б.) боюнча бириккен, тышкы дүйнөдөн обочолонгон топ.

[3] **Кариб кризиси 1962.** – АКШ менен СССРдин ортосундагы эки өлкөнү тең өзөктүк-ракеталык согуштун чегине такап алып келген кризис. Мындай абалга түрткү болгон кадам Советтер Союзунун – Куба аралына

учурунда А.Ф.Кеннеди менен Н.С.Хрущев өз ара копромисске[1] барышканы зор жеңиш болгон. Анда АКШ жетекчилиги социализмди курууну ниет кылган Кубага кол салуудан баш тартып, СССР болсо ал Эркиндик аралына жайгаштырган өз ракеталарын алып чыгып кеткен.

Кеннеди сөзсүз түрдө дүйнөдөгү АКШнын ээлеген ордун чыңдагысы келген. Ошол эле учурда анын: “Адамзат согуштарды токтотушу керек – же согуштар адамзаттын жашоосун токтотот” – деген сөзү элдин эсинен чыга элек. Кеннединин аракети аркасында Москвада өзөктүк (яэролук) куралдарды атмосферада (абада), космосто жана суу астында сыноого тыюу салган Келишимге кол коюлган. Бардык жагынан реалдуу көз карашты карманып жана чыгармачылык менен ойлоно билген америкалык президент 1963ж. ноябрь айында киши колдуу болуп өлтүрүлгөн[2].

Инновациялар. Суу астында сүзүп жүрүүчү кеме 1620ж. голландиялык Корнелиус ван Дреббел англиянын королу Яков I үчүн суу астында сүзүп жүрүүчү кеменин алгачкы конструкциясын түзүп берген. 1800ж. Роберт Фултон Наполеон I ге “Наутилус” кемесин курган. Бирок, чыныгы суу астында сүзүп жүрүүчү кемелер XIXк. аяк ченинде, ичинен күйүүчү кыймылдаткычтар, күчтүү электр кыймылдаткычтар жана эффективдүү аккумуляторлор пайда болгондо гана курула баштаган. Эки дүйнөлүк согуштарда тең суу астында сүзүп жүргөн кемелер өтө зор роль ойногон. 1954ж. атомдук суу астында сүзүп жүрүүчү кемелер пайда болгон. Алар суунун өтө тереңинде 30 узелге[3] чейинки ылдамдыкта сүзүп жүрө алышат. Мындай бир кемеде жайгаштырылган баллистикалык ракеталардын сокку уруу мүмкүнчүлүгү өтө жогору. Алар суу астынан дагы, суу үстүнөн дагы сокку урууга жөндөмдүү.

жашыруун түрдө өзөктүк заряддар менен дүрмөттөлгөн орточо радиустагы ракеталарын жайгаштыргандыгы (“Анадырь операциясы”) болгон. Америкалык президент Кеннеди бул советтик ракеталык базага 30 октябрда авиасокку уруу буйругун берет. Жашыруун сүйлөшүүлөр аркылуу 26 октябрда Хрущев Кеннедиге компромисске барууну: СССР Кубадан өз ракеталарын алып кетет. АКШ Кубанын коопсуздугуна кепилдик берип, Туркиядан өз ракеталарын чыгарып кетет. 28 октябрда Н.Хрущев өз ракеталарын Кубада жайгаштыруу ишин токтотууга буйрук берет. Ошентип кризис токтотулган.

[1] **копромисс** – бири-бирине жол берүү аркылуу түзүлгөн келишим.

[2] **Кеннедеинин өлүмү** – Даллас шаарына (Техас штаты) болгон иш сапарында атылган. Жалгыз гана колго түшүрүлгөн күнөкөр – Ли Харви Освальд – психологиялык жактан оорулуу деп табылган, атылган. Көз карандысыз эксперттердин айтуусунда президентке бир нече адам ок аткан, бирок, ал сыр азыркыга чейин ачылбай келет.

[3] **Узел** – деңиз навигациясында ылдамдыктын системадан тышкы өлчөмү, саатына 1852м.

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки дүйнөдөгү укук жана эркиндик

Инсандар. Элеонора Рузвельт. 1884-1962жж. жашаган коомдук жана саясий ишмер, Франклин Д.Рузвельттин жубайы, Теодор Рузвельттин жээни. Аялдардын, жаштардын, керектөөчүлөрдүн, этникалык азчылыктардын укугу боюнча жигердүү иш жүргүзгөн, чыгаан публицист, күйөөсүнүн социалдык саясат боюнча консултанты болгон. ФДР 1945ж. каза болгондон кийин, анын ордуна келген президент С.Трумен Э.Рузвельтти БУУ дагы АКШ нын туруктуу өкүлү кылып дайындаган. Элеонора Рузвельт адам укуктары боюнча Комиссиянын төрайымы болуп турганда Адам укуктарынын жалпы декларациясынын иштелип чыгышында жана кабыл аланышында маанилүү роль ойногон. Ал, бүткүл дүйнөдөгү адам укуктарынын корголбогондугу – эл аралык конфликттердин чыгуусунун негизги себептеринин бирөө деп эсептеген. Э.Рузвельттин инсандык касиеттери – адамга пайдалуу инновациялардын, алгылыктуу сунуштардын жана доорго жарашыктуу текстин артында дайыма энергиялуу, чыгармачыл адамдар турат – деген эрежени бекемдеп турат.

Инсандар. Мартин Лютер Кинг 1929-1968жж. жашаган Америкалык динаятчы жана жарандык укук үчүн күрөшкөн адам. Өз атын баптисттер чиркөөсүнүн пастору[1] болуп кызмат кылган атасынан, протестанизмдин негиз салуучусу Мартин Лютердин урматына алган. Кинг өзү дагы динаятчы, дин илиминин бакалавры, анан доктору, Алабама штатынын динаятчысы болгон. Өзү жашап, иштеген Алабама штатында орун алган түстүү адамдарга карата жүргүзүлгөн сегрегация[2] саясатына, б.а. негрлерге коомдук транспортто жана билим алууда актар менен бирге болууга тыюу салынгандыгына каршы күрөш жүргүзгөн. Кинг расизмге[3] эле каршы болбостон, жумушсуздукка, жакырчылыкка каршы дагы күрөшкөн, себеби, алардан биринчи кезекте АКШ нын өңү кара жарандары жабырланган. Мартин Лютер Кинг эл алдына өзүнүн лекциялары менен чыгып, угуучуларын өзүнө тартып алуу касиетине ээ экендигин көрсөткөн. Кингдин өмүрүнө кол салуулар болуп, аны абакка олтургузушкан. Бирок, Д.Кеннеди аны кабыл алып сүйлөшсө, анын ордуна келген Л.Джонсон коомдук жайларда сегрегацияны жок кылуу жөнүндө мыйзамга кол койгон, М.Л. Кинг коомдук ишмердиги үчүн Нобель сыйлыгын алууга татыктуу болот. 1968ж. ал өтө оор жарадар болгон. 1986ж. анын колодон жасалган айкели АКШнын Конгрессинин имаратына, Капитолияга орнотулган.

---

[1] **пастор** – протестанттык дин кызматкери, динаятчы (ыйык ата).

[2] **сегрегация** – расалык же улуттук теңсинбестиктин бир түрү.

[3] **расизм** – Адам баласын жогорку жана төмөнкү расага бөлүү, психикалык жана физикалык жактан барабар эместигин далилдөөгө аракет жасоо, расалык айырмачылыктын коомдун тарыхына жана маданиятына тийгизген таасирин камтыган концепциянын жыйындысы.

Документтер. Тексттер. Адам укуктарынын жалпы декларациясы

БУУнун Генералдык Ассамблеясы тарабынан 1948ж. 10-декабрында кабыл алынган. (Үзүндүлөр).

1-Берене

Бардык адамдар өзүнүн кадыр-баркы жана укуктары менен кошо эркин жана тең болуп төрөлөт. Алар акыл-эстүү жана уяттуу болгондуктан бири-бирине мамилеси бир туугандыкта болуусу шарт.

2-Берене

Бул декларацияда жарыялангандай ар бир адам: расасына, терисинин өңүнө, жынысына, тилине, динине, саясий же башкача ишенимине, улутуна жана социалдык абалына, материалдык, сословиялык[1] же башка абалына карабастан бардык укуктарга жана эркиндиктерге ээ. Андан башка, адам жашаган, тиешелүү болгон өлкөнүн же аймактын – көз каранды эмес, опекага алынган[2], өзүн-өзү башкаруу укугуна жетпеген же өзүнүн суверендүүлүгүндө кандайдыр бир чектөө болгондугуна карабастан – **статусуна** саясий, укуктук же эл аралык айырмачылык колдонулбашы керек.

3-Берене

Ар бир адам жашоого, эркиндикке жана жеке кол тийбестик укугуна ээ.

13-Берене

- Ар бир адам ар кайсы мамлекеттин аймагынын ичинде эркин орун которуу жана өзүнө жашоого орун тандоо укугуна ээ.
- Ар бир адам бардык өлкөлөрдү, анын ичинде өзүнүкүн таштап чыгып кетүү жана өз өлкөсүнө кайтып келүү укугуна ээ.

15-Берене

- Ар бир адам жарандык (граждандык) укугуна ээ.
- Эч ким өз жарандуулугунан жөндөн-жөн эле ажыратылууга же өз жарандуулугун өзгөртүүгө мажбурланбаш керек.

16-Берене

- Баралына толгон эркектер менен аялдар расасына, улутуна же диний белгилерине карабастан никеге турууга жана үй-бүлө курууга укуктуу. Алар никеге турууда, никеде турган учурда жана никеден чыгуу учурларында бирдей укуктан пайдаланышат.
- Никеге турууда тараптардын толук эркиндиги жана макулдугу зарыл.

---

[1] **сословие** – укуктары мыйзам менен бекитилген коомдук түркүм.

[2] **опека, опекага алынган** – жашы жетпеген же оорулуу жана ошол өңдүү жарандардын жеке укуктарына жана мүлктөрүнө мамлекет тарабынан надзор жүргүзүү. Мындай укук кээ бир аймактарга карата дагы колдонулушу мүмкүн.

- Үй-бүлө коомдун табигый жана негизги ячейкасы[1] болуп эсептелет жана коом, мамлекет тарабынан корголууга укуктуу.

29-Берене

- Ар бир адамдын коом алдында милдеттери бар, анткени, коомдун ичинде гана инсан эркин жана толук түрдө өнүгө алат.
- Ар бир адамдын укуктары менен эркиндиктерине чектөөлөр, бир гана мыйзам түрүндө, болгондо дагы жалаң гана демократиялык коомдогу башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылуу жана урматтоо, коомдук тартипти жана жалпы бейпилдикти, барчылыкты сактоо максатында киргизилүүсү мүмкүн.

Азыркы доордун цивилизациялык ар түрдүүлүгү Жакынкы, бирок, кол жеткис Финляндия

Учурда Финляндияда курулган коомдук-социалдык түзүм (система) – “иштегендер үчүн социализм, ал эми иштебегендерге коммунизмдин” идеяларынын турмуштук көрүнүшүн элестетет. Бардык финндер алган кирешесинин деңгээлине карабастан бекер билим алуу жана медициналык жардам алуу укугуна ээ. Жумушу бар иштегендердин эмгек акысы **социализмдегидей**: “ар кимдин жөндөмүнө, ар кимге – эмгегине жараша” төлөнөт. Болгондо дагы сөз, төлөнүүчү эмгек акынын – брутто[2] түрүндөгү – салыктардын чыгарылып салынбаган өлчөмү жөнүндө болуп жатат. Эмгек акынын нетто[3] түрүнө, салктарды чыгарып салгандан кийинки өлчөмүндө (Финляндияда салык прогрессивдүү, салыктын өлчөмү кирешенин өсүшүнө жараша көтөрүлүп турат, б.а. 40тан 70 пайызга чейинки өлчөмдө), социалисттик принцип, коммунисттик принципке: “ар кимден жөндөмүнө, ар кимге – керектөөсүнө жараша” – жакындатылып, өзгөртүлөт.

Жогоруда айтылгандай салык салуунун прогрессивдүү ыкмасы – кирешени кайрадан бөлүштүрүп, аз камсыз болгондор менен бай жашагандардын кирешелеринин айырмасын азайтат. Финдерде эмгек акы жалгыз эле киреше булагы эмес: балалуу үй-бүлөлөр жана баласын жалгыз асыраган энелер, баласы 17 жашка жеткенге чейинки пособие (жөлөк пул), энелери баласы үч жашка чейин аны асырагандыгы үчүн жөлөк пул, баласы мектепке чейинки мекемеге (бала бакча) барбагандыгы үчүн жөлөк пул; аз

[1] **ячейка** – коомдук баштапкы уюм.

[2] **брутто** – товардын идиши менен бирге алгандагы салмагы. Бул жерде: айлык акы алына турган салыгы менен бирге эсептелгендиги.

[3] **нетто** – товардын чыныгы өз салмагы. Б.а. салыгын алгандан кийинки айлык акынын өлчөмү.

камсыз болгондор турак жай дотациясын[1], жана Финляндияда атайын коммуналдык[2] социалдык бюро муктаж адамдарга материалдык колдоо көрсөтөт же акчалай колуна берет, же ал адамдын кредитке (насыя) алган товарларын, телефон, электрэнергиясы ж.б. үчүн карыздарын төлөп берет. Бул өлкөдө жогоруда айтылган социалдык көмөкчү жардам бекер берилет, аны кайтарып берүүнүн зарылчылыгы жок. Мындай социалдык көмөкчү жардамдын өлчөмү жылдан-жылга азайып бара жатат, себеби, бардык социалдык камсыздоолор салыктын эсебинен куралгандыктан, өлкөдөгү жумушсуздардын саны жыл сайын көбөйүшү менен салык төлөөчүлөр дагы азайып бара жатат.

Финляндиядагы жумушсуздар үчүн чындыгы эле коммунизм. Өз эмгеги менен бир марка таппаган жумушсуздар социалдык бюродон: ар бир күн үчүн пособие, үй үчүн, балдары үчүн социалдык көмөкчү жардам, социалдык материалдык жардам алып турат. Жумушсуздар иштөөгө жөндөмсүз – же иш жок, же иштөөнү каалашпайт б.а. алар тарабынан коомго кошкон салымы ноль, бирок, алганы муктаждыктарына жараша. Белгилей кетүүчү жагдай – алардын муктаждыктары өтө ашынып кетпегендей, акылга сыярлык.

Европадагы социализм

Коммунизмдин[3] элементтери бар социализм[4] бир эле Финляндияда эмес, бардык эле Батыш жана Түштүк Европа өлкөлөрүндө жашап жатат. Салт болуп бара жаткан флагманы[5] Швеция эсептелген – скандинавиялык социализм жөнүндө айтылып жүрөт. Ал эми Батыш Германиялык социализм жөнүндө сөз кылууга жол берилбей жүрөт. Жалпыга белгилүү болгондой 90-жылдардын башталышына чейин мурунку ГДРда (Германия Демократиялык Республикасы) социализм жөнүндө күмөн жок болуп, ал эми Берлин дубалынын аркы бетинде андан дагы өнүккөн социализм бар экендиги айтылбай келген. Ошого карбастан батыш немистер дүйнөдө: эң жогорку эмгек акы алып, салыштырмалуу анчалык деле көп эмес салык төлөшкөн, билим берүү менен саламаттыкты сактоону бекер пайдаланышып, социалисттик Скандинавиянын жашоочуларынын түшүнө кирбегендей

---

[1] **дотация** – жетишпеген чыгымдарын жабуу же башка максаттар үчүн мекемеге, уюмдарга, жарандарга берилүүчү мамлекеттик пособие (жөлөк пул).

[2] **коммуналдык** – шаардык чарбага таандык.

[3] **коммунизм** (фр., лат. - жалпы) = марксизм – линизм окуусуна ылайык, бул, өндүрүш каражаттарына болгон коомдук менчикке негизделген коомдук- экономикалык формация.

[4] **социализм** (фр., лат. - коомдук) = марксизм-ленинизм окуусуна ылайык бул коммунизмдин биринчи, төмөнкү баскычы, анда антагонисттик таптар, адамды адам эзүү жоюлуп, : “ар кимден жөндөмүнө жараша, ар кимге – эмгегине жараша”- деген принцип жүзөгө ашырылат.

[5] **флагман** – кандайдыр бир чөйрөдө жол баштап, калгандарын өзүнүн артынан ээрчиткен ишкана, коллектив, мамлекет.

калкынын социалдык корголушу ишенимдүү жана көп сандаган социалдык жеңилдиктери болгон.

Алардан башка, Улуубританияда, Италияда дагы социализм орногон. Жалпы Европанын "Социалисттик өлкөлөрү" бар болгону, социалдык жеңилдиктердин системасынын структуралык түзүлүшү боюнча гана бири-бирине айырмаланышат. Согуштан кийинки "эки системанын тынчтыкта жанаша жашоосу" деген абалдын учурунда, мурунку "соцлагерь" тарабынан конкуренциялык жарышта, Батыш Европа өлкөлөрү социалисттик өлкөлөргө айланышкан. Бирок, бул жараяндар азыркыга чейин өз аты менен аталбай келе жатат. Батыштын саясатчылары шайлоочуларынын ишенимин жоготуп алуудан коркуп, бул жерде курулган түзүлүш, иш жүзүндө жана маңызы боюнча социалисттик экенин ачык айта албай келишет.

Таблица. **Социалдык мамлекет концепциясы жана түшүнүгү**

Социалдык мамлекет камсыз кылат:	Социалдык мамлекет таянат:
Коомдо социалдык адилеттүүлүктүн орношуна карай алдыга жылуу	Жетиштүү жогорку деңгээлдеги экономикалык өнүгүүгө
Социалдык теңсиздиктин азайышы	Саясий системанын демократизмине
Ар бир адамды жумуш же жашоонун башка булагы менен камсыз кылуу	Коомдук өнүгүүнүн максаты жана жолдору боюнча негизги саясий күчтөрдүн компромиссине келүү
Коомдо тынчтык менен ынтымактыкты сактоо	Социалдык өнөктөштүк жана жарандарды коргоо системасын өнүктүрүүгө
Адам үчүн алгылыктуу жашоо чөйрөсүн калыптандыруу	Социалдык-экономикалык жараяндарды пландоо системасындагы мамлекеттин ролун көтөрүүгө

Таблица. **Европалык социалдык хартия (текст)**

1961ж.18 октябрында кабыл алынган. 1996ж. апрелде Европа Кеңешинин министрлер Комитети жаңы редакциясын жактырган. 1996ж. 3-майда кол коюлган.
I Бөлүк. Тараптар, мүнөзү жагынан улуттук жана эл аралык каражаттарды пайдалануу аркылуу өздөрүнүн төмөндөгүдөй укуктар менен принциптерин жүзөгө ашырууну милдет кылат: •Ар бир адам өзүнүн кесибин жана жумушун эркин тандоо аркылуу жашоосуна зарыл болгон каражат табууга мүмкүнчүлүк алууга укуктуу. •Ар бир кызматкер адилеттүү эмгек шартынын түзүлүшүнө акылуу. •Бардык кызматкер коопсуз жана жагымдуу жумуш шартында эмгектенүүгө акылуу.

•Бардык кызматкерлер өзүнүн жана үй-бүлөсүнүн жеткиликтүү жашоо деңгээлин камсыз кыла ала тургандай адилеттүү эмгек акы алууга укуктуу.
•Кесиптик билим алуу жаатында ар бир адамга зарыл болгон мүмкүнчүлүк түзүлүүсүн талап кылууга акылуу.
•Ар бир адам ден-соолугунун жакшы болушуна өбөлгө түзүүчү жакшы шарттардан пайдалануга акылуу.
•Бардык кызматкерлер жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү социалдык камсыздоо укугуна ээ
•Коомдун негизин түзүп туруучу алгачкы уюм катары үй-бүлө анын толук кандуу өсүп-өнүгүүсүнө зарыл болгон социалдык, юридикалык жана экономикалык жактан коргоого алынууга укуктуу.
•Балдар жана жаштар зарыл болгон социалдык, юридикалык жана экономикалык коргоого алынууга укуктуу.

12-Берене – Социалдык камсыздоо укугу

Социалдык камсыздоо укугун эффективдүү жүзөгө ашыруу үчүн тараптар төмөндөгүлөргө милдеттенишет:
• социалдык камсыздоо түзүмүн (система) калыптандыруу жана колдоого алуу;
• социалдык камсыздоо түзүмүн Европалык социалдык камсыздоо Кодексинде ратификациялоого[1] жарай турган, канааттандыраарлык деңгээлде кармап туруу;
• социалдык камсыздоо түзүмүн ырааттуу түрдө өркүндөтүүгө умтулуу.

30- Берене – Турак жай укугу

Турак жай укугунун эффективдүү турмушка ашырылышын камсыз кылуу үчүн Тараптар төмөндөгү иш чараларды аткарууга милдеттенет:
•адекваттык[2] стандарттардын[3] деңгээлинде турак жай берүү;
•турак жайы жок, үйсүздүктү акырындап жоюу максатында үйсүздүккө жол бербөө жана үйсүздөрдүн санын кыскартуу;
• жетишээрлик каражаты жоктор үчүн турак жайдын баасын кол жетерлик деңгээлде кармоо.

XXк. Латын Америкасы

Инсандар. Фидель Кастро Рус 1926-2016жж. жашаган Куба революциясынын лидери жана Куба мамлекетинин 1959-2007 жж. башчысы. Ал үй-оокаттуу жер ээсинин үй-бүлөсүндө төрөлүп, Гавана университетинин юридика факультетин бүтүргөн, 1953ж. Фидель Кастро курал-жаракты тартып алып, анан Батистанын диктатурасына каршы көтөрүлүш уюштуруу максатында “Монкада” аскерий казармасына кол салуунун башында турган.

[1] **Ратификация** – өзүнүн укук берилген адамдары тарабынан түзүлгөн эл аралык келишимди мамлекеттик жогорку бийлигинин бекитиши
[2] **Адекваттык** – толук бирдей, окшош.
[3] **Стандарт** - үлгү

Сотто Ф.Кастро “тарых мени актайт” деп айтып, анын ал сөзү кийинки революцияны даярдоонун программасы болуп калган. Абактан бошогондон бир жылдан кийин 1956ж. аяк ченинде “Гранма” яхтасынан Кубага түшкөн (Мексикадан келген) анын отряды талкаланат бирок, тирүү калгандары партизандык согуш баштап, алардын катары уламдан-улам калыңдап 1959ж. 1-2 январында Куба толугу менен Ф.Кастронун аскерлеринин көзөмөлүнө өткөн.

Ф.Кастро өзүн марксистмин деп жарыялап, СССР жана башка социалисттик өлкөлөр менен жакын мамиле кура алган. Кубада болсо радикалдуу революциялык кайра куруулар ишке ашырылган. Ал эми ал жерге түшүрүлгөн контрреволюциялык күчтөр талкаланган. Кубага карата АКШ тарабынан уюштурулган экономикалык блокада[1] СССР тарабынан үзгүлтүккө учуратылган. Дүйнөлүк коопсуздукка коркунуч туудурган, өтө оор 1962 жылдагы Куба кризисинен кийин АКШ бул “Азаттык аралына” ачык кысым көрсөтүүдөн баш тартып, бирок, кубалык “контрастарды” колдоосун уланта берген. Көптөгөн кол салуу аракети болгонуна карбастан, Фидель Кастрону бийликтен кетирүү максаты жүзөгө ашпай калган. Кубанын жетекчилиги тарабынан кетирилген кемчиликтер жана такай сезилип турган тышкы кысымдын айынан ондогон жылдар бою кубалыктардын материалдык-турмуш абалы оор бойдон калган.

Фидель Кастро 1959-1976 жж. Кубанын Революциялык өкмөтүнүн премьер-министри, 1976-жылдан – Мамлекеттик кеңештин жана Министрлер Кеңешинин төрагасы, 1965 жылдан Куба компартиясынын Биринчи секретары болгон. Кадырлуу харизматикалуу[2] жол башчы, ал, кийин тоталитардык[3] бийликке айланып кеткен революциялык диктатура ортноткон эле. Бүт дүйнөгө Фидель Кастро чукугандай сөз тапкан адам, өтө берилип сүйлөгөн оратор жана чыныгы революционер катары белгилүү болгон. 2006ж. 80 жашка чыккан курагында Фидель Кастро ден-соолугуна байланыштуу мамлекеттик жана партиялык иштен оолактап жашоону чечип, 2016 ж. 91 жашка караган учурда каза болгон.

[1] **блокада** – бир мамлекетти экономика жана саясий жагынан обочолонтуу максаты менен байланыштарды үзүү

[2] **харизматикалуу** – адамдын артыкча зээндүүлүгү, ички күч, айлана чөйрөдөгүлөргө таасир этүү жөндөмү.

[3] **тоталитардык** – мамлекеттеги бардык турмуштук булактарды көзөмөлгө алуу, эркиндикти жана конституциялык укукту жок кылуу, башкача ойлогондорду, оппозицияны репрессияга алуучу мамлекеттик бийлик.

Таблица. **XX к. Латын Америкасын модернизациялоо**

Өнүгүү багыттары	XX к. башталышындагы жемиштери
Демократиялык кайра куруулар үчүн, диктатордук бийликтерге жана элитардык[1] - олигархиялык үстөмдүккө каршы күрөш	Аскердик-авторитардык бийликтер четтетилип, конституциялык, демократиялык бийликтерге жол бошотушкан. Саясий күрөштүн күч колдонгон, кыйраткыч формалары конструктивдүү, демократиялык күрөшкө жол бошоткон.
Агрардык реформалар, айыл-кыштактагы латифундизмдин[2] үстөмдүгүн жоюу, айыл чарбасын интенсивдештирүү, индустриалдык коомду куруу.	Латифундизмдин үстөмдүк абалы начарлап, фермердик, дыйкан чарбалары өскөн, айыл чарбасынын агротехникалык деңгээли жогорулаган. Дүйнөлүк чарбанын агрардык – чийки зат берүүчү аймагынан өсүп жетилген индустриясы жана өндүрүштүк инфраструктурасына айлануу жолундагы сезилээрлик жылыш
Улуттук суверенитетти, улуттук экономиканы коргоо, артта калууну, көз каранды абалды жоюу, империалисттик жана интервенционисттик саясатка, эң алды менен АКШга каршы күрөшүү.	Латынамерикалык интеграция[3] америкалык зордукчул саясатка ишенимдүү каршы турууга шарт түзөт, бирок, дүйнөлүк экономикадан четирээкте жайгашкан абалы, көз карандылыкка шарт түзгөн абалы сакталып калган.
Социалдык көйгөйлөрдү чечүү, эмгекчилердин абалын жакшыртуу.	Жарандардын көптөгөн укуктары камсыздалган, бирок, көпчүлүктүн жашоо деңгээлинин төмөндүгү экономикалык жана илимий-техникалык жактан артта калгандыгын чагылдырып турат.
Өзүнчө бир башкача маданияттын өнүгүшү.	Калктын сабаттуулугу, жалпы жана саясий маданияты жогорулап, маданий жактан өзүн окшоштуруу (самоидентификация) жана жалпы кызыкчылыктар менен жалпы тагдырды моюнга алуу өскөн.

[1] **элитардык** (элита – мыкты, тандалган) – элитага тиешелүү.

[2] **латифундия** – ири жеке менчик жер ээлиги.

[3] **интеграция** – кандайдыр бир бөлүктөрдүн бир бүтүнгө биригүүсү

Таблица. **XX к. Латынамерикалык цивилизация**

Адам жана табигат	Адам менен адам	Адам дүйнөсү
•Айыл чарбасынын сапаттык деңгээлинин туруктуу жогорулашы. • Негизинен казып алуучу өнөр жайдан индустриалдык экономиканын заманбап тутумуна (структура) өтүү. • Аймактын транспорттук тармагын өнүктүрүүгө көңүлдүн көбүрөөк бурулушу • Өзүндөгү өзгөчөлүктөр менен колдо болгон байлыктарга төп келген табигый илимдердин өнүктүрүлүшү	• Латифундизм, эскинин саркындылары, АКШ дан көз карандылык. • Демократиялык жана диктатордук бийликтердин кезек менен орун алмашуулары, “виоленсия”. • Мультиэтникалык[1] “казан”, этникалар ортосундагы мамилелердин салыштырмалуу өз ара чыдамдуулугу • АКШнын жана католик чиркөөсүнүн таасири менен укуктун өнүгүшү. • Коомдук илимдердин АКШ менен Европага багыт алышы.	• Испан жана португал тилдеринин үстөмдүгү, роман маданиятынын таасири. • Менталитетине күчтүү сезимдүүлүк (эмоционалдуулук), социалдык жигердүүлүк (активдүүлүк), ачыктык мүнөздүү • Медицинанын айрым багыттарындагы жетишкендиктер. • Спорттун футбол, баскетбол, волейбол түрүндөгү ийгиликтер, физикалык чың ден-соолук. • Кээ бир жазуучулар, сүрөтчүлөрдүн чыгармаларынын дүйнөлүк деңгээлде атак алышы. • Адилеттүүлүк, көз карандысыздык үчүн күрөштүн философиясы католицизмге таянат • Гуманитардык илимдер цивилизация менен чогуу өнүгүп келет (байыркы цивилизацияларга көбүрөөк көңүл буруу ж.у.с.)

<u>Инсандар. Консуэло Веласкес</u> Бул адамдын аты көпчүлүккө анча деле таанымал эмес, бирок анын чыгармасы ондогон жылдар ичинде бүткүл дүйнөгө таанымал болуп кеткен. 1936ж. 15 жаштагы Консуэло Веласкес деген кыз өзүнө куюлуп келип таасир эткен сезимдин күчү менен “Беса ме мучо” (Кыргызчага которгондо “Мени бооруңа бекем кысып өп”) деген обон жараткан. Бул жерде биз, өтө сейрек кездешүүчү чыгармачылык көзү

[1] **мультиэтникалык** – (мульти – көп деген мааниде) = көп этникалуу, көп улуттуу

ачылгандык, жогорку жактан адамга таасир эткен улуу күч жөнүндө сөз кылууга аргасыз болобуз.

Белгилүү болгондой жашоодо алма көп эле адамдын башына түшүп тийген болуу керек, бирок, бүткүл дүйнөлүк тартылуу мыйзамын И.Ньютон гана ачкан. Ал эми химиялык элементтер жүздөгөн жылдар изилденгени менен, “мезгилдүү системаны” Д.И. Менделеев түшүндө көргөн. Консуэло Веласкестин көзүнүн ачылышы анын эмоционалдуу руханий өнүгүүсү жана музыкалык билимдин жыйынтыгы болгон көрүнөт. Кандай болгон күндө дагы бул ыр дүйнөнүн 120 тилине которулуп, ырдалып келет. Бул кыз андан башка эч кандай таң каларлыктай нерсе деле жараткан эмес. Кийинки анын турмушу деле ойдогудай эле болгон: өз үйү, жакшы күйөөгө чыгып, үч балалуу болушкан. 2005ж. башында дүйнөлүк прессада Консуэло Веласкес дүйнөдөн өттү деген кабар таркаган. Бирок, анын ыры жашоосун улантып келет. Дал ошол ырды дүйнөнүн эли Латын Америкасынын ыры катары кабылдап жүрөт.

“Алтын миллиард” өлкөлөрүнүн постиндустиялдык коомго карай сапары

Инсандар. Битлз – англиялык рок[1]- тайпа (группа). Курамына Джон Уинстон Леннон (1940-1980), Джеймс Пол Маккартни (1942), Ринго Старр (Ричард Старки 1940), Джордж Харрисон (1943) кирген Ливерпул шаарында жашоосу ортозар үй-бүлөлөрдөн чыккан төрт жигит рок-тайпа түзүшөт. “Битлдер” атайын музыкалык билим алышкан эмес, ошого карабай алар, өтө аракетчил, эмгеке берилгендик жана түрдүү музыкалык багыттарга жана аткаруучуларга чыгармачылык, изденүүчүлүк менен мамиле кылышкан.

Алар Гамбург шаарындагы “Кайзеркеллер” ресторанында ырдап, өздөрүн көрсөткөндөн кийин белгилүү боло башташат. “Битлз” топ болуп ырдоонун жаңы түрүн түзүп, болуп көрбөгөндөй гармониялык үндүн куюлушун жаратат. Алар жаңы моданы дагы киргизишип, “адам башындагы козу карын” ошол мезгилдеги жаштардын символу болуп калган.

[1]**рок** (англ. – термелүү, айлануу). Рок-музыка = азыркы мезгилдеги вокалдык-аспаптык поп – музыканы элестетүүчү, өзүнө рок-н-роллду, блюзду жана фольклордуу салтты камтыган музыка; негизине так ыргак, аткаруунун жогорку экспрессиясы, электрондук аспаптарды пайдалануу, заманбап темалардын тексттерине кайрылуу жатат.

рок-н-ролл – XXк. 50 жылдарында кеңири тараган Америкада пайда болгон жуп болуп түшүүчү бий: өтө экспрессивдүү, хореографиялык коштоолору, акробатиканын элементтери менен аткарылуучу бий.

1963 жылдан Битлз Англияда, Францияда, АКШда, Дания, Голландияда, Гонконг менен Австралияда жана башка өлкөлөрдө салтанаттуу, жеңиштүү гастролдо болуп кайтат. Алардын ырлары миллиондогон өспүрүмдөр менен жаштарга оптимисттик жана турмушка кумарлуу маанай тартуулап, буулуккан муң-зарын, ички энергиясын сыртка чыгарууга көмөк берген. Алар өз ырларын такай дискилерге жаздырып турушкан. Бул иш акырындап гастролдорду экинчи орунга сүрүп чыккан.

СССРде Битлз эч качан гастрол менен келген эмес, бирок алардын ырлары – “Yesterday”, “Girl”, “Michelle”, “Yellow Submarine” ж.б. чыгармалары советтик жаштарга дагы жакшы тааныш болгон. Башка өлкөлөрдөгүдөй эле СССРде дагы “битлздерди” туурагандар көп эле. 1967 жылга “Битлздин” ырлары жазылган пластинкалардын жалпы саны 200 млн. даанага жакынды түзгөн. 1970 ж. бул тайпа иш жүзүндө ыдырап, анын мүчөлөрү өз-өзүнчө жекече мансап күтүп, коомдук турмушка аралаша баштайт. Битлзге берилүү, аларды тууроо “тобокелчиликсиз козголоңдун” башка түрлөрү менен биргеликте жаштардын бугун чыгаруу, алардын социалдык энергиясын ооздуктоо катары дагы бааланган.

1965 ж. “битлздер” англиянын маданиятын пропагандалагандыктары үчүн англиянын королевасынын орденин алууга арзыган. 1984 ж. алар Ливерпул шаарынын “**ардактуу жарандары**” аталып, аларга эстелик тургузулган. Англияда Битлздин мурасканасы (музей) дагы бар.

Инновациялар. Жогорку ылдамдыктагы темир жол транспорту

1964ж. Японияда ылдамдыгы 200 км/с болгон жер үстүндө жүрүүчү темир жол транспортунун экинчи муунун пайдалануу башталган. Япония үчүн бул кырдаалдан чыгуунун жакшы жолу эле, анткени, өлкөдө өтө көп сандагы адамдарга кыска убакыт ичинде күн сайын жашаган жеринен жумушуна жетүү көйгөйү чечилмек. СССРде дагы жогорку ылдамдыктагы траспорт кыймылын чечүүнү уюштуруу аракети болуп жаткан. Бирок Европада жогорку ылдамдыктагы темир жолдор Францияда TGV поезддери жасалгандан кийин кеңири тараган. Ал поезддер үчүн атайын магистралдар курулган. Андай поезддер үчүн сунушталган ылдамдык 250-300 км/с. Бирок Францияда ылдамдык рекорду 513 км/с, ал эми 2007 ж. – 574,5 км/саатка жеткен.

Таблица. **Япон цивилизациясы**

Адам жана Табигат	Адам менен Адам	Адам ааламы
•Абдан татаал табигый шартта айыл чарбасын жүргүзүү (жер жетишсиздиги, тоо боорлору, жасалма тектирчелерди куруу, интенсивдүүлүк, күрүч эгүү маданияты). Балык кармоонун жашоо үчүн маанилүүлүгү. •XIXк.акыркы үчилтигинде кол өнөрчүлүк-мануфактуралык баскычтан капиталисттик өнөр жай өндүрүшүнө өткөн. •XX к. экинчи жарымында: "Япон керемети", индустриалдык жактан алга секирик, илимге байланган, так жана татаал тармактар: (электрондук, корабль куруу, автомобилдик). •XX к. деңиздеги таасир үчүн күрөштө, кеме куруу ишинде, деңизде сүзүүдөгү сезилерлик ийгиликтер. Алгачкы жогорку ылдамдыктагы (200 км/с жогору) жүргүнчү ташуучу темир жолдор. Транспорт менен байланыштагы кубаттуу инфраструктура. •Табигый жана так	•Экономикалык өнүгүүнүн феодалдык түрүнөн индустриалдык жана постиндустриалдык түрүнө тез жана ийгиликтүү өтүү •Иерархиялык феодалдык коомдон-жамааттык, корпоративдик жана үй-бүлөлүк салттары сакталган өнүккөн капитализмдин социалдык структурасына өсүп чыгуу. •Формасы боюнча монархиялык, бирок маңызы боюнча ар түрдүү мамлекеттүүлүк (күчтүү император, сегунат, конституциялык монархия). •Этникалык биримдик, чет элдиктер, европалыктар менен өзгөчө мамиле. •Өнүккөн феодалдык мыйзамдуулук, заманбап буржуазиялык укук. Салттардын таасирдүү орду. • Өз алдынча өнүккөн тарых илими. Экономикалык, саясий илимдерде чет	•Байыркы япон тили, жазуунун иероглиф системасы. •Ой жүгүртүүдө, психологиясында чыгыш менен батыштын белгилери айкалышып турат (ишмердүүлүк, рационализм, улууларга урмат, кооздукка сыйынуу) • Япон медицинасында чыгыштын салттары заманбап техникалык жетишкендиктер менен айкалышкан. •Чыгыштагы көпчүлүк жекеме-жеке күрөштөрдүн мекени. Учурдагы спорттук кыймылдардын белдүү катышуучусу. • Япон адабияты, ыр жазуу (танки), драма искусствосу (кабуки куурчак театры), оригиналдуу сүрөт тартуу, иероглиф искусствосу, икебана, декоративдик искусство, зодчество өнөрлөрүндө көп кылымдарды камтыган салттар сакталган. • Синтоизм менен катар эле башка диндер дагы таркаган. •Гуманитардык илимдердин арасында психология, эргономика[1] ж.б. ийгиликтерге жетишкен.

[1] **стратификация** – коомдун социалдык катмарларга бөлүнүшү

илимдердин өнүгүшү, башкалардын жетишкендиктерин акыл-эс менен колдоно билүү.	элдиктердин, 1945ж. кийин – америкалыктардын таасири күчтүү.	

Таблица. **XX к. Батыштын индустриалдык цивилизациясы**

Адам жана Табигат	Адам менен Адам	Адам ааламы
•Айыл чарбасын индустриалдык баскычка көтөрүү: механизация, автоматизация, химизация, мелиоризация, генндик инженерияны колдонуу; экологиялык көйгөйлөрдү моюнга алуу. •Өнөр жай, илимий-техникалык, технологиялык, компьютердик, маалыматтык революциялар; энергиянын бардык булактарын пайдалануу; көмүрдү, мунайды (нефть), жыгачты, рудаларды, органикалык чийкизаттын бардык түрүн алуунун жана кайра иштетүүнүн бардык ыкмаларын пайдалануу	•Жеке менчиктин, эркин ишкердиктин жана атаандаштыктын үстөмдүгү; мамлекеттин жөнгө салып туруучу аракети аркылуу(“кейнсианство”, “рузвельтизм”, “социалдык камсыздоочу коом”) жекече, топтук жана коомдук кызыкчылыктардын ортосундагы тең салмактуулукту камсыз кылуу • Социалдык стратификациянын[1] татаалдыгы,үй бүлөлүк мамиленин түрдүү формалары, аялдар менен жаштардын ролунун өсүшү. • Саясий түзүлүштөгү демократиялык	•Англис тилинин, англис тилдүү маданияттын кеңири таралышы. •Батыштын ой жүгүртүүсүндө индивидуализм, рационализм, утилитаризм[2], либерализм жана плюрализмдин үстөмдүк кылышы; адамдын ички дүйнөсүнө көңүл буруунун өсүшү. Адамдын өз ара мамиледеги ички дүйнөсүнүн абалы, психологиялык дал келишүүлүгү, толеранттуулугу[3]. •Адамдын жашоосу үчүн күрөштөгү болуп көрбөгөндөй прогресс; камсыздандыруучу, муниципалдык, үй-бүлөлүк медицина, жекече дарыгерлер,
буу машиналарын, ичинен күйүүчү кыймылдаткычтарды, электротехниканы, сүрөт-кино-видео-теле	принциптердин үстөмдүгү, жалпы шайлоо укугу, бийликтин үч бутагынын: мыйзам чыгаруучу, аткаруучу	саламаттыкты сактоонун индустриялаштырылуусу. •Жашоо деңгээлинин жогорулашы жана ыңгайлуулуктун өсүшү

[1] **эргономика** –эмгек шартын оптималдаштыруу максатында, заманбап өндүрүштүн шартында адамды жана анын ишмердигин изилдеген илим тармагы.

[2] **утилитаризм** – бардык нерседен пайда көрүүгө умтулуу, өзүмчүлдүк.

[3] **толеранттуулук** – башкалардын оюна, жүрүм-турумуна ж.б. у.с. чыдамдуулук, көтөрүмдүүлүк

аппараттураларды, биотехнологияларды ж.б. ойлоп табуу, өндүрүшкө киргизүү жана өркүндөтүү. •Транспорт жана байланыш каражаттарындагы революция; темир жол, авто-,авиа-, түтүк аркылуу ташуучу транспорттун, космонавтиканын, зым аркылуу, зымы жок, оптико-волокно (була) жана башка байланыштардын пайда болушу жана өнүгүшү •Илимдин түздөн-түз өндүргүч күчкө айланышы, өндүрүш менен керектөөнүн тыгыз байланышы; токтобой өсүп турган илимий-техникалык прогресс, илимий изилдөөлөрдүн түрдүү ыкмалары; илимий мектептер, окумуштуулардын, фундаменталдык илимдердин мамлекет тарабынан колдоого алынышы	жана сот бөлүнүшү, күч түзүмдөрү коомдун көзөмөлүндө турат. •Улуттук жана көп улуттук коом, бирикмелер сакталат; колониализмден неоколониализмге жана жаңы дүйнөлүк тартипке (түндүк-түштүк, батыш-чыгыш) өтүү; улуттар аралык мамилелерде көйгөйлөрдүн сакталышы. •Конституциялар, өнүккөн мыйзамдуулук, укуктук мамлекет. •Коомдук илимдердин тынымсыз өнүктүрүлүшү, зарылчылыгы менен коомдогу ордунун өсүшү.	менен дени сак жашоо жана физикалык жигердүүлүктүн (активность) ордунун бийиктөөсү. •Адабият менен искусствонун көп функционалдуу баалуулукка, цивилизациялар аралык байланыш жана өз ара руханий жактан баюунун каражатына айланышы •Калктын көпчүлүк бөлүгү үчүн диндин маанисинин фундаменталдык баалуулугунун сакталып калышы. •Медицинадагы, психологиядагы, психиатриядагы тынымсыз прогресс, адам таануу илиминин жиктелиши (конфликтология[1], виктимология[2], валеология[3])

[1] **конфликтология** – социалдык, психологиялык конфликттердин (кагылышуу, келише албастык, талаш) келип чыгуу себептерин жана андан чыгуу ыкмаларын изилдеген илим.

[2] **виктимология** – криминологиянын бир тармагы, адамга зыян келтирүүчү коомдук патологиянын бардык түрүн: инсандын, кылмыштын курмандыгынын психологиялык жана моралдык өзгөчөлүктөрүн изилдөөчү илим.

[3] **валелогия** – туура тамактануу, күнүмдүк оптималдуу режим, жумуштагы, спорттогу жана башка оорчулук, адамдын курчап турган чөйрө менен мамилелери ж.б. боюнча кеңештерди өзүнө камтыган ден-соолук жөнүндө илим.

Инновациялар. Жекече пайдаланууудагы компьютер Компьютер деген сөздүн негизинде “computo” деген латын сөзү жатат, ал “эсептөө” дегенди туюндурат. Компьютер сандарды эсептөө үчүн жасалган. Маалыматты санарип түрүндө сактоону ойлоп тапкандан кийин бул прибордун мүмкүнчүлүгү чексиз болуп калды. Компьютерди колдонуу текст менен, сүрөттөр, үн, фотосүрөттөр, видео менен иштөөгө, транспортту башкаруу жана чоң-чоң өндүрүштү башкарууга, байланыштын бардык түрүн жасоого мүмкүнчүлүк берет.

1970ж. Эдвард Хофф тарабынан микропроцессордун ачылышы өтө зор роль ойногон. Анда Э.Хофф Intel компаниясынын буйрутмасы менен бир нече интегралдык схемаларды – бир кремний кристаллына жайгаштырган. Бул болсо кагаз жазган столдун үстүнө бата тургандай компьютердин төртүнчү муунун жасоого мүмкүнчүлүк берген.

1974 ж. америкалык ишкер Уильям Генри Гейтс III (1955 ж. туулган) П.Аллен менен бирге, компьютерлерди программалык камсыздоо боюнча “Майкрософт” компаниясын түзүшкөн. 1990-жылдарга бул компания дүйнөдөгү лидерлик орунга көтөрүлгөн. У.Гейтс өзү дүйнөдөгү бай адамдардын бирөөнө айланган. Жекече пайдаланууудагы компьютерлер эмгек куралына айланып, миллиондогон адамдардын күнүмдүк турмушунун ажырагыс бөлүгү болуп калды.

Чыгыш цивилизациясынын адамы

Инсандар. Рухолла Мусави Хомейни 1900, мүмкүн 1898 же 1903-1989жж. жашаган аятолла[1]. Чоң эмес Хомейн шаарында төрөлгөн. Ал-сейид Мусави, Махаммед пайгамбардын урпагы. Хомейнинин атасы Ирандын болочок шахы Мохаммед Реза Пехлевинин жакын адамдары тарабынан киши колдуу болуп өлгөн. Рухолла Мусави Кум шаарында дин окутуучусу болуп, шахтын бийлигин сынга алып атагы чыккан. Улуу аятолла наамына шайланып, ошондуктан шах аны өлүм жазасына тарта албай, 1964ж. өлкөдөн кууп чыккан. 1979ж. өлкөгө кайра келип шахка каршы революцияны жетектеп, Иран Ислам Республикасынын башкы жетекчиси болуп калган. Ирандын негизги душмандары АКШ, СССР жана Израиль, ал эми максаты – бүткүл дүйнөлүк мусулман революциясы деп жарыялаган. Ал аялдардын тең

[1] **аятолла** (араб.-“Алланын аяты”, “Алланын белгиси”)- шииттерде дин башчыларына ыйгарымдуу жогорку диний атак. Бул түшүнүк XIXк. 2-жарымында пайда болгон. Мындай атакты алгандар көптөгөн өлкөлөрдүн шиит коомдорунда кездешет. Иранда 1979ж. ислам революциясынын учурунда 30 га жакын адамга ыйгарылган. Кийинчерээк Иран Ислам Республикасынын башчысы Хомейни Рухолла атакты берүүгө чек коюп, бул маселени өзү чечип калган.

укуктуулугуна, адамдын сезимин мокоткон музыкага, тамаша, шапар тээп көңүл ачууга, деңизде кирингенге каршы болуп, бирок, өзү мылтык атканга, ат минип жүргөнгө жана мелдештерге каршы болгон эмес. Өзү ыр жазып, жаш чагында футбол ойногон. Беш баланын атасы. Кебелбеген кадыр-баркка ээ, чыныгы харизматик[1] болгон.

Инсандар. Мао Цзэдун 1893-1976жж. жашаган Кытайдан Коммунисттик партиясынын (ККП) Борбордук Комитетинин (БК) төрагасы. 1921ж. Мао Цзэдун ККП түзүлгөн, анын биринчи сөездинин катышуучусу болгон. Кийинчерээк ал. Кытайдын элдик-боштондук армиясынын (КЭБА) түзүлүшүндө дагы маанилүү роль ойногон. 1943ж. аңсуз саясий күрөштүн жыйынтыгында ККП нын жетекчилик ордуна жеткен. Мао Цзэдун советтик жетекчиликтин бир нече жолку кайрылуусуна карабастан, экинчи дүйнөлүк согушта анын өлкөсүн Кытайды оккупациялап алган Япондук аскерлерге каршы жигердүү куралдуу күрөш жүргүзүүдөн боюн ала качып келген. Ыраакы Чыгыштагы япон аскерлери СССРден жеңилгенден кийин кытайдын аймагынан чыгып кеткен. Чан Кайшинин аскерлерин болсо КЭБА өлкөдөн кууп чыккан.

1954-1959 жж. Мао Цзэдун Кытай Эл Республикасынын (КЭР) төрагасы болуп турган. Анын демилгеси менен ылдамдатылган социализмди куруунун кытайлык варианты болуп калган «Улуу секирик» жүзөгө ашырылган. Кытайда Мао Цзедундун жеке адамга сыйынуу саясаты таңууланган. Анын сүйлөгөн сөздөрүнүн “үзүндүлөрү” өтө көп нускада басып чыгарылган. 1966-1976жж. өткөрүлгөн “маданий революция” өлкөдө ички оппозицияны, бюрократияны жана коррупцияны жок кылуу максатына багытталган эле. Көзү өткөндөн кийин Мао Цзэдундун бальзам менен катырылган денеси Тяньаньмэнь аянтында атайын курулган мавзолейге коюлган. Кытайдын жаңы жетекчилиги “жеке адамга сыйынуунун” бетин ачуудан баш тарткан, бирок, акырындык менен анын ички жана тышкы саясатына өзгөртүүлөрдү киргизип келе жатат.

Инсандар. 1904-1997жж. жашаган, оокат-аштуу жер ээлиги бар адамдын үй бүлөсүндө төрөлгөн. 16-жашынан Франциядан билим алган. Жигит кезинен Кытай Компартиясынын мүчөсү, СССРде дагы болуп келген. 1926 жылдан административдик жана идеологиялык түрдүү кызматтарда иштеген. “Маданий революциянын” шартында 1968-1971жж. “кайра тарбиялоого” тушугуп, трактор жасоочу заводдо слесар болуп эмгектенген. Мао Цзэдун өлгөндөн кийин акталып, Чжоу Энлайдын өкмөтүндө төраганын

[1] **харизма** – адамдын артыкча зээндүүлүгү, ички күч, айлана-чөйрөдөгүлөргө таасир этүү жөндөмү.

орун басары болуп дайындалат. Ал экөө Францияда билим алып жүргөн мезгилден бери тааныш эле.

Дэн Сяопин, Мао өлгөндөн кийин узак убакытка эсептелген Кытайды модернизациялоонун[1] прагматикалык[2] программасын иштеп чыккан. Өзүнүн көз карашын ачык, афоризмге[3] чулганган: “Мышыктын кандай түстө – ак же каралыгы маанилүү эмес, анын чычкан кармагандыгы маанилүү” – деген сөзү эл оозунда калган.

Таблица. **Кытай цивилизациясы**

Адам жана Табигат	Адам менен Адам	Адам ааламы
•Күрүч эгүүнүн жогорку маданиятына негизделген миңдеген жылдарда калыптанган, интенсивдүү сугарма дыйканчылык. Жер семирткичтерди колдонуу. Жумушчу жана өндүрүмдүк мал чарбасы. •Татаал машиналарды, приборлорду (аспап, шайман катапульт[4] жана камалоо куралынан баштап компаска чейин) жасоодогу эң жогорку чеберчилик; көптөгөн жаңы материалдарды: (фарфор, кагаз, фаянс, жибек, ок даары ж.б.) жасаганды байыртадан эле кытайлыктардын энчисине ыйгарышкан. XX к. 50-жылдарынан тарта КЭРди индустриялаштыруу, өнөр жайдагы (оор жана космостук өнөр жайдан	•Экономикадагы мамлекеттин ченемсиз ролу. Феодалдык, капиталисттик, социалисттик мамилелердин түрдүү формалары. Акыркы жылдары жеке ишкердик колдоого алынып жатат. •Уруунун, патриархалдык үй бүлөнүн маанилүү ролу. •Көпчүлүк учурда кытай падышалары, императорлор, мандариндер[5], жол башчылар, Мао Цзэдундун бийликтерин ыйык көрүп, көтөрмөлөө. Тоталитаризмдин элементтеринин жана күч органдарынын күчтүүлүгү.	•Байыркы тил, иероглифтик жазуу. •Кытай менталитетине: реалдуулук, рационалдуулук, эмгекти сүйүү, улуу урпактарга урмат, бийлик адамдарына баш ийүү, чыдамкайлык жана өзүнө сын көз менен кароо мүнөздүү •Өзгөчөлөнгөн кытай медицинасы (түрдүү дарылар, ден-соолукту чыңдоочу көнүгүүлөр, чебердик менен жасалуучу хирургия ж.б.)

[1] **модернизация** – кандайдыр бир нерсени учурдун талаптарына, табитине ылайык өзгөртүү (мис., өндүрүштү, идеологияны).

[2] **прагматикалык** – нагыз практикалык, турмуштук

[3] **афоризм** – кыска, формасы боюнча даана, маанилүү жана терең айтылган учкул сөз

[4] **катапульт** – байыркы заманда жаанын огун, ташты ыргытуучу машина.

[5] **мандарин** – жергиликтүү провинциялардын башкаруучулары.

тартып жеңил ө.ж. чейин) сан жана сапаттык жактан эң мыкты жетишкендиктер.		
•Дөңгөлөктүү транспорттун жасап чыгарууга салым кошуу. Транспорттун заманбап түрлөрүн өнүктүрүү иши кийинчерээк колго алынган. •Байыртадан табигый илимдердин өнүгүшүнүн жогорку деңгээли, андан кийин анын басаңдай түшүшү, 1949ж. кийин кайрадан өнүгүшү.	•Конфуцианство орнотулган тартиптин козголбостугун камсыз кылып турат. •Этникалык монолиттүүлүк (чыңдыгы, бирдейлиги) хандыктардын абсолюттук көпчүлүктү түзүүсү. Улуттук азчылыктар жалпы тартипке баш ийишет. •Укуктук мамилелер салтка, адат укугуна негизделген. XX к. 2-жар. өлкөнүн Конституциясы, мыйзамдары кабыл алынган, бирок, өлкөнү Кытай Компартиясы толук колго алган. •Коомдук илимдердин маңызын конфуцийдин жана маоизм (кытай шартына ылайыкташтырылган марксизм) түзөт.	•Колуна курал албай, өзгөчө күжүрмөн кармашуу өнөрү. Гимнастикалардын, көнүгүүлөрдүн массалык түрдө жайылышы. Спорттун заманбап түрлөрү боюнча (пинг-понг[1], жеңил атлетика, сууда сүзүү ж.б.) жогорку жетишкендиктер. •Бай жана өзгөчөлөнгөн адабият, живопись[2], фарфорду кооздоо, лакталган[3] скульптура (бедиз), түрдүү диндердин храмдары[4], иероглиф искусствосу. XX к. 2-жарымында үстөмдүк кылуучу идеология- маоизм. Б.а. кытай шартына ылайыкташтырылган марксизм. •Конфуцианство – адам турмушунун бардык жагдайларын өзүнө камтыган – адеп-ахлактык философиялык түзүм, өзгөчө дин жана адам таануунун уюткусу.

[1] **пинг-понг** = стол үстүндө ойнолуучу теннис

[2] **живопись** – боёк менен сүрөт тартуу

[3] **лак** – бир нерсеге жылтырак түс берүү үчүн спиртке, скипидарга эритилген чайыр ж.б.

[4] **храм** – касиеттүү, салтанаттуу жай

Европалык интеграция[1]

Инновациялар. Ла-Манштын астынан өткөн туннель[2] Бул туннелди куруу мерчеми 1867ж. талкууга алынган. Ал гана эмес 1880ж. бургулоо иштери дагы башталып, бирок, аягына чыгарылган эмес, андан кийинки аракеттер дагы ийгиликсиз аяктаган. Курулуш иши 1987ж. башталып, суу астынан 7млн. куб метр жердин катуу кыртышы казылып чыгарылган. 1994ж. Англия менен Францияны туташтырган темир жол туннели ачылган. Анын узундугу 50 чакырым.

Глобалдуу дүйнөнүн шартындагы адам

Инновациялар. Интернет Англис тилиндеги: inter – “аралык” жана net – “торчо” деген сөздөр “Интернет” терминин жараткан. Баары, 1969ж. америка өкмөтүнүн буюртмасы менен окумуштуулар: согуш учурунда ЭЭМ – электр эсептегич машиналардын бузулбай сакталып калуу жолдорун тестирлөөдөн башталган. Биринчи торчо ARPAnet деп аталып, Калифорния жана Юта штаттарындагы компьютерлерди бириктирип турган. 1970-жылдары көптөгөн уюмдар менен өлкөлөрдү кошуу аркылуу алгачкы дүйнөлүк торчо жаралган. 1980-жылдардын баш ченинде физик Тим Бернерс Ли гипертекст[3] түзүп, аны менен ал world wide web (WWW) деген аталыштагы азыркы түшүнүктүн жерпайын коюп кеткен. 1994ж. компьютердик технологиялар рыногунда Windows жана Macintosh популярдуу операциялык системалары пайда болушу менен Интернет бүткүл дүйнөдө өтө тездик менен популярдуулукту ээлей баштаган.

Таблица. **XV-XXI к. башындагы кээ бир өлкөлөрдүн калкынын санынын өсүшү боюнча маалымат (млн. адам)**

Өлкөнүн аты	1480	1680	1880	1980	2020
Россия	2,5	10,2	84,0	266	146,7
Австрия	9,5	14,0	37,8	7,6	8,7
Улуубритания	3,7	5,5	35,0	56,4	66,6
Германия	0,8	1,4	45,7	59,7	83,1
Испания	8,8	9,2	16,3	37,5	46,9
Италия	9,2	11,5	28,9	56,4	60,2
АКШ	-	0,2	50,2	228,0	329,9
Туркия	...	...	8,6	44,4	83,1

[1] **интеграция** – бири-бирине масташуунун кыймылы, ар кыл мамлекеттердин улуттук экономикасынын жуурулушуп кетиши

[2] **тоннель** – туннель – тешкен тоо

[3] **гипер** – татаал сөздөрдүн – нормадан ашык деген маанинин\ туюндурган биринчи бөлүгү

Франция	12,6	18,8	37,4	53,9	68,9
Швеция	...	1,6	4,6	8,3	10,3
Япония	...	...	36,6	117,0	125,9

Инновациялар. Клондоштуруу[1] аталгысы гректердин “klon” – “бутак”, “тукум”, “туяк”- деп которулган сөзүнөн келип чыккан. Ал аталгы жалпы жаралуу теги бир болгон клеткалардын[2] (организмдер) тобун атоо үчүн колдонулат. Жаныбарлардын тканын[3] пайдалануу боюнча алгачкы эксперименталдык аракеттер XIX- XX кк. тогошушунан эле башталган. Жаныбарлардын тканынын маданияты же эксплантация[4] деген – клеткаларды, ткандарды жана тирүү организмдин бөлүктөрүн узак убакытка сактоо (өстүрүү) технологиясы. Клеткалык маданияттар, көптөгөн дары каражаттарынын маанилүү кошулмасына айланып, косметиканы, жер семирткичтерди жана консерванттарды[5] тестирлөөдө кеңири колдонула баштады. Медицинада теринин клеткаларынын маданияты күйүккө чалдыккан тканды жаңылап жамоодо, трансплантациялоодо[6] пайдаланылат. Клондоштуруу үчүн өтө маанилүү өбөлгө **клеткалык инженерия** б.а. атайын ыкма менен жаңы клеткаларды конструкциялоо жана кураштыруу, куруу.

Клеткалык жол менен кээ бир өсүмдүктөрдүн түрлөрүн аргындаштыруу ишке ашырылган. Муну жөнөкөй аргындаштырып алууга мүмкүн эмес болгон. Англичандар клеткалык инженериянын жардамы аркылуу турнепс[7] менен капустаны бириктирип, рапсты жарата алышты.

Клеткалык технологиянын аркасы менен айыл чарба өсүмдүктөрү жана малдарынын сапатын жакшыртууга мүмкүн болду. Жасалма шартта (in vintro – “пробиркада”)[8] жан жаныбарлардын клеткаларын өстүрүү мал чарбачылыгында, андан башка адамдын тукумсуздугунун көйгөйүн чечүүдө кеңири колдонула баштады. Түрдүү өлкөлөрдө **пробиркадан төрөлгөн балдардын** саны миңдеп саналат. 1996ж. Эдинбург шаарында (Англия) алгачкы жолу жумуртка клеткасынан Долли деген жасалма козу алынып,

[1] **клон** –клондоштуруу – жыныссыз (вегатация) жолу менен клеткалар же организмдерди көбөйтүп, жалпы түпкү ата-тегине толук окшош тукумун алуу.

[2] **клетка** – жандуу организмдин негизги (единицасы) бөлүгү; бул – чел кабык, протоплазма жана ядродон турат.

[3] **ткань** – организмде белгилүү бир милдетти аткарууга ийкемделген клеткалар түркүмү.

[4] **эксплантация** – 1. Организмдин бир бөлүгүн башка организмге жамап тигүү үчүн бөлүп алуу; 2. Тканды организмден башка чөйрөдө өстүрүүчү эксперименталдык ыкма.

[5] **консервант** – тамак аш продуктыларын жана кээ бир материалдарын узак убакытка бузулуп кетишинен сактоо үчүн колдонулуучу химиялык зат.

[6] **трансплантация** – тирүү организмдин жана өсүмдүктөрдүн ткандары менен органдарын ошондой эле организмге көчүрүп тигип орун алдыруу.

[7] **турнепс** – малга азык болуучу чамгырдын бир түрү.

[8] **пробирка** – лабораторияда колдонулуучу, бир башы туюк айнек түтүк.

андан кийин дагы бир нече клондолгон козулар пайда болгон.

Клондоштуруунун жана гендик инженериянын келечек мүмкүнчүлүктөрү окумуштуулар арасында, чиркөө менен коомчулук ортосунда айыгышкан талаштарды жаратып келет. Бирок, жараланган же биротоло эле жок болгон гендин ордуна жигердүү (активдүү) генди киргизүү аркылуу адамдагы генетикалык ооруларды дарылоо мүмкүнчүлүгү көпчүлүк адамдардын каршылыгын деле туудурбайт. Адамдарды тынчсыздандырган кооптонуу башкада: алар ушул ыкманы адамдын табиятын гумандуулукка каршы максатка буруп жиберүү мүмкүнчүлүгүндө. Теориялык жактан алганда клондоштуруу адамды **өлбөс** кылып өзгөртүү келечегин ачат. Ушул тарихтан алганда адамды бейиш жана тозок менен коркутуп келген түрдүү дин өкүлдөрүнүн тынчсыздангындыктарын түшүнсө болот. Бирок, өлбөстүккө бир гана Кощейлер (орус жомогундагы) ээ боло турган болсо, анда адамзаттын утушу анча деле көп эмес болуп калат.

Инсандар. Мэрилин Монро 1926-1962жж. жашаган Америкалык киноактриса. Чыныгы аты Норма Джин Бейкер Мортенсон. 1950-жылдарда чыккан көптөгөн кинофильмдерге тартылган. Анын жомокко айланган өмүр жолу көптөгөн чыр чатактарга чулганган. Мэрилин Монро XX к. секс-символуна, көптөгөн адамдар туураган жана сыйынган адамга айланган. СССРде ал тартылган “Джазда жалаң гана кыздар” (1959) деген фильм аркылуу таанылган. Мэрилин Монронун Жон жана Роберт Кеннедилер менен махабат байланыштары жөнүндө, ал гана эмес анын өлүмүн дагы АКШ дагы бийлик үчүн күрөш менен байланыштыргандар чыккан. Расмий түрдө айтылышында, Мэрилин Монро өзүн-өзү өлтүргөн.

Корутунду

Окурман өзү күбө болгондой дүйнө тарыхы “цивилизациялык беш доорго” бөлүнүп берилди. Аларды эң кыска жалпыланган түрүндө берсек, анда:

1. **Биринчи доордо** – адамдын жашоосуна зарыл болгон негизинен материалдык ачылыштардын пайда болушу;
2. **Экинчи доордо** – диндердин - идеология, адамдын аң-сезимине таасир этүүчү факторлорду жаралуу мезгили;
3. **Үчүнчү доордо** – революциялар, реформалар, Европалык капиталисстик цивилизациясынын калыптанышы;
4. **Төртүнчү доордо** – биринчилик (лидерлик) үчүн күрөш. 1-2 чи Дүйнөлүк согуштар;
5. **Бешинчи доордо** – Ааламдашууга багыт алган өткөөл мезгил деп мүнөздөсөк болот;

Эми ар бир доорго кыскача токтолуп тыянак чыгарып көрөлү:

Биринчи – байыркы доор жана алгачкы цивилизациялар (б.з.ч. 8 миң ж. – б.з.башталышы). Эң алгачкы адам баласынын калыптануу эволюциясынан кыскача маалымат.

Гоминиддер – адам менен маймылдын жалпы ата-бабалары мындан 7 млн. жыл иглери жашоосун баштап, тропикалык токойдо жашап, токой жемиштерин жеген, колу-буту бар, денеси жүндүү, узун куйругу болгон. Өзүнүн тукумдаштарынан айырмаланын алар, эки буттап баскан. Мындан 3 млн. жыл илгери **таш доору** (палеолит, мезолит, неолит) Гоминиддердин алгачкы мекени Борбордук Африкада (Танзания, Эфиопия, Кения) өкүм сүргөн. 1,5 млн. жыл илгери алар отту табышкан.

Адамзат тарыхына жол ачкан адамзат коому матриархат формасында тарыхчылардын божомолунда мындан 40 миң жыл илгери Палестинада жаралгандай. Адамдардын эң алгачкы улуу көчү Африкадаг синай аркылуу 2 млн. жыл мурун башталып, Европага, Сибирге жана Ыраакы Чыгышка мындан 30 миң жыл, Аляска аркылуу Америкага 23 миң жыл, ал эми Түштүк Америкага 11-12 миң жыл илгери болгондугу божомолдонот.

Цивилизацыянын башталышы эсептелген **айыл чарба революциясы**: азык болуучу өсүмдүктөрдү өстүрүүнү өздөштүрүп, жапайы жаныбарларды колго үйрөтүү неолит дооруна (б.з.ч. 8-миң жылдыкта) Жакынкы Чыгышта

болгон дешет окумуштуулар. Эстафетаны алардын колунан Инд өрөөнүнүн жашоочулары, байыркы египеттиктер жана кытайлыктар алып, ал эми Колумбга чейинки Американы мекендеген майя, ацтектер ж.б. уруулар айыл чарбасын б.з.ч. 8 миң жыл илгери өз кесибине айлантат. Б.з.ч. 3 млн жылда Шумер, миң жылдыктын ортосунда дүйнөдөгү эң алгачкы империя – Аккад, анан Ассирия, кийин Вавилония жашап өткөн. 27 кылымга созулган Египет фараондорунун династиялык мезгили, ошолмезгилдерге таандык Инд-хараппа цивилизациясы, андагы кудайсыз буддизм философиялык окуусу жаралган учур. Кытайдын жашоочулары ал жерге мындан 2 млн. жыл мурда келген, ал эми неолит маданияты б.з.ч. 8 миң жылдыкта пайда болгон. Алгачкы мамлекет – Шан династиясы б.з.ч. 1760 ж. жаралган. Б.з.ч. V к. байыркы грек полистеринде маданият, илим жана искусство өнүккөн. Өзүнүн **классикалык** мезгилинде Грециянын дүйнө элине берген табылгалары баа жеткис. Грек цивилизацыясынын б.з.ч. V-IV кк. классикалык деп аталганынын себеби, ошол мезгилдеги жалпы батыш цивилизациясынын жерпайы түптөлгөн. Б.з.ч. II к. Греция толук бойдон римдин провинциясына айланган.

Рим тарыхынын маанилүү бөлүгү император Константиндин бийлеген учуруна (306-337жжж.) дал келет. Ал жаңы христиан дининин айланасына империяны бириктирип, аз убакытта болсо дагы бузула баштаган империяны калыбына келтирген. Империянын борборун Византий шаарына көчүрүп, атын Константинополь кылып өзгөрткөн. Римди курамында вандалдар, гунндар, готтор, бургундулар ж.б. элдер болгон байыркы герман жана чыгыш-европалык уруулар толук кыйраткан.

Экинчи доор – диндердин – идеология, адамдын сезимине таасир этүүчү факторлордун жаралуу мезгили. Христианчылык – I кылымда Палестинада жаралып, бир нече кылым ичинде Рим империясына жайылган дүйнөдөгү эң чоң дин. Бул диндин иудаизмден (ал дагы иудейлерде пайда болгон) айырмасы биринчи орунга ишеним менен сүйүү коюлат. IV к. Христиан динин– Улуу Армения, Грузия, Рим империясы расмий мамлекеттик дин катары жарыялаган.

Б.з. 1-мин жылдыгынын орто ченинде Европада климат муздай баштап, элдердин **Улуу көчү** жүз бергенде германдар дагы түштүккө Рим империясынын чегин көздөй жылат. Байыркы герман уруулары: вестготтор, остготтор, франктар, вандалдар ж.б. империянын бөлүктөрүн басып алып, өз мамлекеттерин түзүп, жергиликтүү калк менен жуурулуша баштаган. Бул азыркы Европа мамлекеттеринин калыптануусунун башталышы эле.

Викингдер – дагы бир жүрөктүн үшүн алган каардуу, ачка жоокерлер IX-XI кк. Батышка жана Жерорто деңиздеринин айланасында, Атлантика океанынын түндүк жээктеринде жайгашкан элдердин көкөйүнө тийген. XII к. Дания, Норвегия жана Швеция туруктуу мамлекеттерге айланып, ал эми викингдер болсо Европанын аймактарында отурукташып, жергиликтүү калк менен аралашып, өз алдынча эл болуудан калды.

Ислам дүйнөлүк диндердин ичинен эң жашы, ал VII к. кудай жалгыз экенин элге жеткирген, мусулмандар тарабынан акыркы пайгамбар катары таанылган Мухаммед тарабынан негизделген (1. Ибрагим (Авраам), 2. Ысак (Исаак), 3. Муса (Моисей), 4. Иса (Иисус), 5. Мухаммед).

Христиан жана ислам диндери феодализмдин ишенимдүү түркүктөрү катары кызмат кылган. Ошол доорго мүнөздүү тарыхый окуялар: Ыйык Рим Империясы (IX – 1806 ж.) – Евросоюз түзүлгөнгө чейин эле жаралган союз болгон. Русь IX к. Он чакты чыгыш славян урууларынын союзу болгон. XV к. башында Константинополь түрктөрдүн колуна өтүп, византиялыктар антикалык искусствонун чыгармалары менен китептерин өздөрү менен алып Европага кача башташат. Ал эми европалыктар катаал диний көз карашты карманып, бир мезгилдерде жашап өткөн кудуреттүү Байыркы Рим менен Греция жөнүндө эс тутумдары деле калбай калган болучу. **“Кайра жаралуу”** мезгили ошол эс тутумду ордуна келтирүү аракети эле. Дагы бир маанилүү жараян – **реформация** – эски феодалдык түзүлүш, анын иерархиялык түзүлүшү менен чиркөө бийлигине баш ийгиси келбеген капитализмдин ортосундагы күрөш болгон.

Үчүнчү доор – революциялар, реформалар, батыш (капиталисттик) цивилизацыянын калыптанышы.

XVIII – XIX кк. чейин базарга чыгарылган товарлардын көпчүлүгү колдо жасалган. Кол өнөрчүлөр чийки затты сатып алып товарды өз колу менен же бир нече жалданма жумушчуларды ишке тартып жасаган. Даяр продукцияны дүңүнөн соодагерге баалап берген, ал дүкөндөр аркылуу элге саткан. Бардыгы XVII к. өнөр жай өндүрүшүнө ыңгайлуу шарт түзүлгөн Англиядан башталган. Ал өлкөдө, өнөр жай революциясына жол ачкан эң биринчи Томас Северинин **буу машинасы** үчүн отун – көмүрдүн чоң кени жана инструменттер, механизмдердин бөлүктөрүн жасоо үчүн – темир рудасынын кени табылган. Буу кыймылдаткычы суу насосторун иштеткен, тегирмендин парасы менен фабриканын станокторун айланткан, XIX к. баш ченинде ал, транспорттун ылдам жүрүүчү жаңы түрлөрүндө - пароход менен паровоздо пайдаланыла баштаган. Өнөр жай революциясы Англиядан Бельгияга, андан Германияга ж.б. өлкөлөргө жайылып, жалпы прогресс

алдыга кеткен. Европа (мүмкүн бүткүл дүйнөдө деле) үчүн француз революциясынын ролу эбегейсиз зор. Дал ошол революциядан кийин буга чейин солк этпеген абсолюттук монархиялар кыйрап, ортоңку таптардын башкаруусундагы улуттук мамлекеттер түзүлө баштаган. Мурдагы британиялык колониялар Америка Кошмо Штаттары деп аталган алгачкы документ 1776 ж. 4 июлунда кабыл алынган. Көз карандысыздыктын Декларациясы болгон. Бул Америка революциясынын негизги жыйынтыгы.

Төртүнчү доор – биринчилик (лидерлик) үчүн күрөш. 1-2 Дүйнөлүк согуштар.

Европадагы чыңалуу XIX к. аягынан күч алган. Германия, Россия, Франция, Австро-Венгрия жана Италия сыяктуу ири державалардын ортосунда көптөгөн карама-каршылыктар орун алып, бирок, аларды чечүү мүмкүн болбой калган. Германия империясы бардыгынан кеч (1871 ж.) жаралган, күч-кубаты артып согуш баштап, башка өлкөлөрдү кысымга алуу менен Европаны кайрадан бөлүштүргүсү келгени байкалган. Дүйнө эки согуштук топко: Антанта жана төрттүктөргө бөлүнүп, аягы согушка алып келген. 1-дүйнөлүк согушта 10 млн. жоокер, 12 млн. жайкын тургундар каза болуп, 55 млн. адам жаракат алган.

1917-1922 жылдары Россияда анын тарыхын түп тамырынан бери өзгөрткөн үч окуя болуп өткөн: февралдагы буржуазиялык-демократиялык революция, октябрдагы социалисттик революция жана жарандык согуш.

Советтер Союзуна, дүйнөлүк коммунисттик кыймылга каршы фашизмди пайдаланып экинчи дүйнөлүк согуш отун тутантышкан. Бул согушта 55 млнго жакын адам өлүп, он миңдей шаарлар менен айыл-кыштак тыптыйпыл жок кылынган, өнөр жай менен айыл чарбасы кыйроого кабылган. Бул согушка түз же кыйыр түрүндө жер шарынын калкынын 80%га жакыны катышкан. Бул кон-фликте 1940-жылдары жашап жаткан дүйнөнүн 73 өлкөсүнүн 64ү тартылган.

Бешинчи доор – ааламдашууга багыт

Негизинен бул мезгил **“кансыз согуш”** учуру. Бул согуштук конфликт эмес, идеологиялык карама-каршылык. Терминдин автору британиялык жазуучу Джордж Оруэл, ал эми архитектору АКШнын Москвадагы элчисинин орун басары Джордж Ф. Кеннан. Кансыз согуштун эң негизги **жакшылыктуу** жыйынтыгы – өзөктүү (ядролук) куралы бар державаларды – жер бетиндеги жандуунун баарын кырып салууга кудуреттүү 3 – дүйнөлүк согушка жеткирбей, өтө назик тең салмактуулукту сактап калгандыгы болду.

40 жылга созулган кансыз согуш учурунда эки лагердин (социалисттик жана капиталисттик) ортосунда жарыша куралдануу орун алган. Жөнөкөй жана өзөктүү куралдар өркүндөтүлүп,аларга жана согуштук өнөр жайга акылга сыйбаган өлчөмдөгү каражаттар сарпталган. **3** – дүйнөлүк согуштун башталып кетүү коркунучу элдин үрөйүн учуруп турду. Эки дүйнөлүк система Түндүк Атлантикалык союз (НАТО – 1949) жана Варшава келишими (1955) согуштук блокторун түзүп алышкан эле. 3 – дүйнөлүк согуштун башталып кетүү коркунучу – 1962-ж. Кариб кризисинде орун алып, тилеке жараша АКШ менен СССРдин өлкө башчылары убагында эсине келип, коркунучту жөнгө салып калышкан. Кансыз согуш андан башка дагы өз башынан чыңалуу менен бошоңдоо мезгилдерин кечирип, М.Горбачевдун бийликке келүүсүнө (1985) чейин уланган. Ал тышкы саясатты чукул өзгөртүп, эки саясий системанын символу болуп келген – **Берлин дубалы** кулатылган. 1990-ж. ноябрда кансыз согуштун аяктагандыгын кабарлаган Париж шаарында жаңы Европа хартиясына кол коюлган.

Горбачев бийликке келгенге чейин Л. Брежнев учурунда Советтер Союзунда узак мезгил өлкө өнүкпөй дымып калган эле. Экономикалык реформалар жөнүндө Ю.Андропов сөз баштап, бирок көзү өтүп кеткен. Горбачев болсо – саясий түзүлүштү алмаштыруу эмес, ошол иштеп жаткан социалисттик түзүлүштү **жакшыртуу** жөнүндө сөз баштаган. КПССтин жаңы сьездинде партиянын программасы өзгөртүлүп – өлкөдө мурдагыдай **коммунизмди куруу эмес,"социализмди өркүндөтүү" –**деп белгиленген. 1987ж. СССРдин жетекчилиги **"кайра куруунун"** 2-этабын демократиялык социалисттик системаны куруу аракетин көргөн. Тышкы саясатта **"жаныча ойлонуу"** Батыш менен мамилени жакшыртып, тирешүү, күч колдонуу саясатынан баш тартуу багытын алган.

1990-жылдардын башында өзгөрүүлөр СССРдин өлкө жетекчилеринин көзөмөлүнөн толук чыгып, масштабдуу каатчылык каптаган, инфляция кыйратуучу деңгээлге жетип, союздук республикаларда сепаратисттик (жикчилдик) маанай күчөгөн. Жаңыдан түзүлгөн саясий партиялар 70 жыл бийликте турган компартияга каршы чыга баштаган.

Өлкө глобалдуу өзгөрүүгө – **рыноктук мамилелерге** бет алып, социализмди оңдоп-түзөө менен абалды куткаруу мүмкүн эместиги айкын болуп калган. Кайра куруу (перестройка) 1991-ж. декабрында **СССРдин кыйроосу** жана союздук республикалардын өз алдынча болуп бөлүнүүсү менен аяктаган. Ар бир республика өз алдынча өнүгүү жолуна түшүп, ал эми Россиянын жаңы лидери Б.Ельцин өтө кеңири **рыноктук реформаларды:** жеке менчикти толук легалдаштыруу, баанын мамлекет тарабынан жөнгө салынышын жок кылуу ишке ашырылган.

СССРде (социализмден) коммунизмден баш тартуу дүйнөдө бир гана капиталисттик системанын үстөмдүгү орноп калды дегендикке жатпайт. XXк. аяк чени – XX1к. баш чениндеги дүйнөлүк цивилизациянын өзгөчөлүгү : 1-ден капитализм менен социализм бири – биринин жакшы жактарын өзүнө ыңгайлаштырып пайдаланып, сиңирип келишет; 2 – ден КЭР, Вьетнам, Түндүк Корея улуттук өзгөчөлүктөгү социализмден баш тартыша элек. Анткени социализм идеясы (социалдык тең укуктуулук, жыргалчылык) өзүнүн популярдуулугун жоготпойт.

КЕЛЕЧЕК: XX1к. калыптана баштаган жалпылык, өз ара байланыштардын жана бири – биринен көз карандылыгынын күчөшү. Бул интеграция жараяны саясаттан маданиятка чейин өз кучагына алган. Интернет, транспорт жана коммуникациянын өнүгүшү улуттар менен өлкөлөрдүн ортосундагы айырмачылыктардын жоюла башташына алып келди. Адамдар окшош кызыкчылыктар жана милдеттер (дүйнөлүк климаттын жогорулашы ж.б. экологиялык маселелер, диний экстремизм, терроризм, баңгизаттын жайылышы, эпидемиялар, эл аралык кылмыштуулук, иммиграция, өзөктүк куралдын көбөйүшү) менен жашап калды.

Физиктердин ою боюнча биздин азыркы цивилизация 100 жылдан кийин **планетардык** же **глобалдык** цивилизацияга айланышы мүмкүн. Бул – дүйнөлүк коом **бир бүтүн** экономикалык жана социалдык системага айланат – дегенди түшүндүрөт. Интернеттин пайда болушу жана аны менен байланышкан **технологиялар** чыныгы маданий революция болуп калды.

Пайдаланылган адабияттар жана башка булактар

1. Адилбаев Ж.А Чыгыш өлкөлөрүнүн тарыхнаамесинин негизги маселелери. Окуу-усулдук колдонмо, 2-басылышы, Ош-2008. 4-б.
2. Булыко А.Н. Современный школьный словарь иностранных слов. 17 тысяч слов и словосочетаний. – М.:”Мартин”, 2005.- 624 с.
3. Васильев Л.С. История стран Азии и Африки. Сер. XIX – сер. XX века: учеб. пособие для академического бакалавриата/ -М.: изд-во Юрайт, 2019.- 386 с.
4. Васильев Л.С. История стран Азии и Африки. Сер. XX – нач. XXI века: учеб. пособие для академического бакалавриата/ Л.С. Васильев. -М.: изд-во Юрайт, 2019.- 416 с.
5. Всемирная история. Справочник. –М., ОЛМА Медиа Групп,2010.-608с.
6. Ляпин Е.С. Динамика цивилизаций. Спб.: Нестор. История, 2007.
7. Мировая история. Для тех, кто хочет все успеть.-М.: Эксмо, 2018.-128 с.- (Энциклопедия быстрых знаний).
8. Олех Л.Г. Цивилизация и революция. Новосибирск: Наука.сиб. отд-ние, 1989.- 192 с.- (Серия ”История и современность”).
9. Самыгин П.С. , Беликов К.С. , Бережной Е.Е. и др. История. Серия “ Среднее профессиональное образование”. Ростов н/Д: «Феникс», 2004. - 480 с.
10. Сарыгулов Дастан. Дүйнө цивилизациясына кыргыз улутунун кошкон салымы// Кабар Инфо. – №40. – 2018. – 4 октября.
11. Фортунатов В.В. История мировых цивилизаций. – СПб.: Питер, 2014. – 529 с. : ил.
12. Чыгыштын тарыхы боюнча тарыхый окуялардын, аталгылардын жана түшүнүктөрдүн энциклопедиялык сөздүгү./ Түз. Ж. Адилбаев – ондолуп толуктанган 2-басылышы. – Ош, 2014. – 392 б.

Мазмуну

Киришүү.....3-5

I Бөлүм. Байыркы доор жана алгачкы цивилизациялар

Тарых

1.1 Тарыхка чейинки заман: биздин африкадагы ата бабалар.....6-7
1.2 Цивилизациянын жаралышы: Месопотамия жана Байыркы Египет 7-10
1.3 Инд дарыясы: Веда мезгилине чейин жана андан кийин..... 10-12
1.4 Асман алдындагы өлкө сапары: Чыгыш Азиядагы алгачкы цивилизация 12-13
1.5 Майя, альмектер, байыркы нубиялыктар: б.з.ч Африка жана Америка.....14-15
1.6.Афина жана башка шаар-республикалар: Байыркы Греция.....15-17
1.7 Жаңыдан жанган жылдыз: Байыркы Рим.....18-24
1.8 Жер шарынын жана адамзаттын таралуу тарых боюнча жалпы маалыматтар.....24-25

Цивилизация

Байыркы Египет.....25-27
Инн. Сугарма дыйканчылык
Инн. Соода
Инн. Кеме (Корабль)
Инн. Курулуш пирамидалар
Инс.Улуу Рамзес II
Инс.Клеопатра

Шумерлер цивилизациясы.....28- 31
Инн. Жазуу

Индиялык цивилизация.....31-33
Инс. Сидхартха Гаутама
Табл. Индия цивилизациясы

Кытай цивилизациясы.....33-35
Инс. Конфуций

Иудей цивилизациясы.....36-38
Инн. Библия
Инс. Соломон (Сулайман)
Инн.Талмуд
Табл. Иудей цивилизациясы

Персия цивилизациясы.....38-39
Инн. Зороастризм
Табл. Байыркы Чыгыштагы цивилизациялар

Байыркы башка цивилизациялар.....40-42
Инн. Алфабит
Инс. Ганнибал

Антикалык Греция.....42-45
Инс. Перикл
Инс. Демосфен. Цицерон
Инс. Александр Македонский
Инн. Мусейон жана Библиотека

Антикалык Рим.....45-49
Инн. Аппийдин жолу
Инс. Полибий
Инс. Цезарь
Инс. Октавиан Август
Инн. Колизей
Табл. Антикалык цивилизация (Байыркы Греция жана Рим)

Байыркы доордогу Адам менен Табият.....50-53
Инн. Акча
Инн. Дөнгөлөк
Инс. Аристотель
Табл. Н.И Вавилов боюнча тандалып алынган Маданий өсүмдүктөрдүн келип чыккан борборлору

Адамдын калыптанышы байыртадан башталат..... 53-56
Инн. Олимпиадалык оюндар
Инс. Геракл (Геркулес)
Инн. Венера

Дүйнөлүк диндердин жаралышы жана таралуусу –цивилизациялардын идеологиялык негизи-таянычы.

II Бөлүм. Дүйнөлүк цивилизациялардын өнүгүүсүнүн феодалдык доору

Тарых

2.1 Израилден Византияга чейин: христиан динининн жаралышы жана таралышы.....57-58
2.2 Европа доорлор айкалышында: согушчан кельттер жана каардуу германдыктар.....58-60

2.3 Түндүктөн сапарга чыккан жаңы күч: викингдердин баскынчылыгы 61-62
2.4 Жаңы диндин байрагы астында: Мухаммед пайгамбар жана ислам 62-65
2.5 Ыйык Рим империясы: Евробиримдик түзүлгөнгө чейин жаралган союз.....65-67
2.6 Варягдардан гректерге кеткен жолдо:орус мамлекетинин түзүлүшү..67-69
2.7 Жүз жылдык согуш, чума жана крестүүлөрдүн жортуулдары: орто кылымдардагы европалыктардын күнүмдүк жашоосу.....69-71
2.8 Арт жакка, антикалык доорго кайрылуу: Ренессанстын укмуштуудай мезгили.....72-74
2.9 Кудайы жок дин: буддизимдин салтанаттуу жүрүшү 74-76
2.10 Жолундагынын баарын тып-тыйпыл кылган: моңголдор жана Чыңгыз хан 76-78
2.11 Улуу географиялык ачылыштардын доору: Колумб Американы ачканда 78-81
2.12 Чиркөөдөгү өзгөрүүлөр: Европадагы реформация 81-83

Нидерландиядагы жана Англиядагы буржуазиялык революциялар (1566-1609, 1640-1660 жж.).

Цивилизация

Табл. Европалык цивилизациялардын өнүгүүсүнүн феодалдык доору Христиан дининин башаты.....84

Инс. Иисус Христос

Византия цивилизациясы.....84-87
Инс. Улуу Константин I
Инн. Юстиниандын кодекстери
Табл. Византия цивилизациясы

Европадагы феодалистик цивилизаиянын калыптанышы..... 87-88
Инс. Улуу Карл

Мусулмандар цивилизациясынын жаралышы жана гүлдөшү.....88-91
Инс. Мухаммед
Инн. Куран
Табл. Мусулман цивилизациясы
Инс. Кутейба бен Муслим ал-Бахили Абу Хафс

Европадагы феодализмдин башталыш мезгилиндеги мамлекеттер.....91
Инн. Кароль Артурдун төгөрөк столу

Улуу номаддар цивилизациясы.....92-94
Моңголдор доору
Инн. Көчмөнчүлүк
Инн. Кыргыздардын дүйнөлүк цивилизацияга кошкон салымы
Инс. Чыңгыз хан

Европа жана Азиянын ортосундагы Русь.....94-97
Инс. Рюрик
Инн. Мамлекет жана чиркөөнүн өз ара мамилеси
Инс. Александр Невский
Инн. Рецепция: цивилизациялар ортосундагы өз ара таасир көйгөйү

Батыш Европа: күч топтоо мезгили.....97-99
Инн. Дары (порох), ок атуучу курал
Табл. Орто кылымдагы христиан цивилизациясы

Орто кылымдардагы кытайлык тарыхый цик.....99-100
Инн. Бюрократия , чиновничество

Оттоман империясы дүйнөлөр тогошунда.....100
Инс. Сулейман I Кануни

Индия: Моголдор державасынын англиянын таажысынын берметине айланганга чейин.....100
Инн. Тадж-Махал

Феодалдык доордун адамы.....101
Инн. Университеттер

Италия жана Реннесанс.....101

Инс. Микеланджело
Инн. Китеп басып чыгаруу
Инс. Ульиям Шекспир
Инс. Леонардо Да Винчи
Инн. Компас
Инс. Христофор Колумб
Инн. Картофель
Инс. Мартин Лютер
Табл. Католик, правос. протес. диндердин ортосундагы айырмачылыктар
Инс. Карл V

Европалык абсолютизм.....108-111
Инс. Вольфгант Амадей Моцарт
Инс. Людвиг XIV
Инн. Энциклопедия
Инн. Икебана

XVI- XVII кк. Москва падышачылыгы: калыптанышы, кризиси, реформалары.....112-113
Инс. Каардуу Иван
Инс. Ермак Тимофеевич

Унутта калган Нидерланд революциясы.....113
Инн. Революция
Инсандар. Рембранд

III Бөлүм. XVIII- XIX кылымдын I жарымындагы ндустриалдуу цивилизациянын жаралышы жана дүйнөлүк өнүгүүнүн карама-каршылыктары

Тарых

3.1. Париж дүрбөлөңгө түшкөндө: француз революциясы жана Наполеондун согуштары.....116-118
3.2 Америка Кошмо Штаттары. Көз карандысыздык үчүн согуш 118

Цивилизация

Англиялык буржуазиялык революция.....121
Инс. Оливер Кромвель
Инн. Коомдук келишимдер

Колониядан көз карандысыздыка карай: америкалык цивилизациянын калыптанышы.....122-124
Тексттер: АКШнын конституциясынан үзүндүлөр
Инс. Джорж Вашингтон
Инс. Джеймс Смитсон меценат

Улуу Француз революциясы.....124-126
Инс. Пьер Бемарше
Инс. Вольтер
Инн. Метр, узундук бирдиги, өлчөө системасынын бирдиги

Орусиядагы үстүртөн болгон революция: Петр I, Екатерина II.....126-130
Инс. Улуу Петр
Инс. М.В Ломоносов

Англия өнөр-жай революциясыа негиз салган өлкө.....131-132
Инн. Илим
Инс. Исаак Ньютон
Инн. Буу машинасы
Инн. Паровоз жана темир жол

Англия классикалык капитализмдин өлкөсү.....133-134
Инн. Саясий партиялар
Инн. Либерализм
Инн. Саясий экономия

Франция европага каршы.....134
Инс. Наполеон 1
Инс. Людовиг ван Бетховен
Инс. Симон Боливар

Жаңы тарыхтын адамы.....137-139
Инн. Мода
Инс. Джамбаттиста Вико
Инс. Джокемо Джовании Казанова

IV БӨЛҮМ. Биринчилик үчүн күрөш: XIX кылымдын II жарымындагы

XX кылымдын I жарымындагы дүйнөлүк өнүгүүлөр

Тарых

4.1 Фабрикалар, заводдор, параходдор: өнөр жай революциясы 140-141
4.2 Европадагы жаңы тартип: улуттук мамлекеттер 143-144
4.3 Түштүктүктөр түндүктүктөргө каршы: АКШдагы жарандык согуш.....144-146
4.4 Мурда болуп көрбөгөндөй: биринчи дүйнөлүк согуш 146-149
4.5 Бардык бийлик советтерге: Орусиядагы революция жана жарандык согуш 149-151
4.6 Эки дүйнөлүк согуштардын ортосу: фашизм башын көтөрө баштаганда.....152-154
4.7 Отко чулганган Европа: экинчи дүйнөлүк согуш 154-157

Цивилизация

Учурдагы цивилизациянын материалдык негизинин калыптанышы
Инн. Өнөр жай революциясы, өнөр жай төңкөрүшү
Инс. Чарльз Бэббидж
Инс. А.Нобель жана Нобель сыйлыгы
Инс. Лун Жак Дагер
Инн. Киноматограф
Инс. Анри Сен-Симон
Инс. Оноре Де Бальзак
Инс. К.Маркс

АКШнын дүйнөлүк лидерликке сапары.....162-164
Инс. Авраам Линкольн
Инн. Мунай өткөргүч
Инс. Джон Рокфеллер
Инс. Томас Алва Эдисон

Германия жана Италия: биригүүнүн жолдору..... 164-166
Инс. Бисмарк
Инн. Автомобиль
Инс Джузеппе Гарибальди
Инс. Энрико Карузо

Япондуктарча модернизация.....167
Инн. Реформа

Цивилизациялык коомдун англиялык үлгүсү..... 167
Инн. Суфражисттер
Инн. Метрополитен
Инн. Бокс

Модернизация тарыхый жараян

Скандинавия өлкөлөрү реформа жолунда.....171
Инс. Жан Батист Бернадот
Инс. Николай-Фредерик Северин Грундтвиг

Египеттин тагдыры.....172
Инн. Суэц каналы
Табл. Туркиядагы танзимат

Орусиянын цивилизациялык артта калышы.....173-177
Инс. П.А. Столыпин
Табл. Орусиянын мамлекеттик түзүлүшүнүн долбоору
Инс. Н.И.Пирогов
Инс.Д.И.Менделеев
Инн. Трамвай
Таблица. Оруссиядагы капиталистик индустриялаштыруу жараяны: булактары, манызы, өзгөчөлүктөрү

Цивилизациялуу дүйнөнүн сыртында калгандар.....178
Инс. Давид Ливингстон

Цивилизациялар аралык мамилелер: бирге аракеттерден карама-каршылыка карай.....179
Табл. Адамзаттын дин тарыхынын негизги окуялары
Инн. Коомдук илимдер
Инс. Никита Иванов Данилевский
Инс. Яун Пастер
Инн. Вакцинация

Биринчи дүйнөлүк согуш жана улуу орус революциясы.....182
Инн. Самолет
Инн. Пулемет

Версаль келишими согуштан кийинки дөйнө.....183
Инс. Томас Вудро Вильсон
Инн.Улуттар Лигасы

Оруссиялык дүйнө тарыхындагы 1917-жылдагы көтөрүлүш.....184
Инн. Ураан
Табл. 1917-жылдагы альтернативалар

Дүйнөлүк цивилизациянын каатчылык шартындагы адам.....186-189
Инс. Генри Форд
Табл. Мамлекеттредеги автомобилдердин саны
Инн. Петр Ильия Чайковский
Инн. Станиславскийдин түзүлүшү (системасы)
Инс. Чарли Чаплин
Инн. Феминизм

Батышка чакырык. Чыгыш үчүн үлгү

Советтик цивилизациянын калыптанышы.....190-193
Инн. Жаны Экономикалык саясат
Инн. Жумушчу факультеттери
Инс. В.И Ленин
Инн. Синтетикалык каучук
Инс. И.В Сталин

Биринчи дүйнөлүк согуштан кийинки Европа

Италиядагы фашизм.....194
Инс. Муссолини Бенито

Германиядагы фашизм.....194
Инс. Адольф Гитлер

Антифашистик революциялык кыймыл..... 195
Инс. Альберт Эйнштейн

Капитализмдин кризиси жана Ф.Д Рузвельттин жаны курс саясаты..195
Инс. Ф. Д. Рузвельт
Табл. 1930-жж. Альтернатива

Түрктөрчө реформа.....198
Инс. Кемал Ататүрк

Кытайдагы революция.....199
Инс. Сун Ятсен
Инс. Чан Кайши
Инс. Арнольд Джозеф Тойнби

Экинчи дүйнөлүк согуш жана совет элинин Улуу Ата Мекендик согушу.....201
Табл. СССР экинчи дүйнөлүк согушта
Инн. Пенициллин
Инс. Г.К.Жуков
Илимий-техникалык революция жана дүйнөлүк цивилизация.....202
Табл. Илимий-техникалык прогресс: СССР жана башка өлкөлөр

V БӨЛҮМ. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки дүйнө жана цивилизациялык өзгөрүүлөр

Тарых

5.1 Дүйнө экиге бөлүнүп калган: кансыз согуш 205-207
5.2 Совет доорунун аякташы: кайра куруу ж.б өзгөрүүлөр 207-209
5.3 XXI кылым: келечек, көйгөйлөр, аларды чечүү үчүн аракеттер.....210- 212
5.4 Илимий-техникалык революция доорундагы дүйнөлүк өнүгүүнүн альтернативалуу моделдери.....212-215
Инс. М.Ганди
Инс. Хо Ши Мин
Согуштан кийин СССРдеги социализм: анын дүйнөлүк цивилизациядагы орду.....216-223
Инн. Муз жарган кеме
Инн. Жердин жасалма спутниги
Инс. Ю.Гагарин
Инс. С.П.Королев
Инн. Коммунизм
Табл. СССРде коммунизмдин курушунун планы жана турмуш чын-ы.
Инн. Атом бомбасы
Инс. И.В.Курчатов
Табл. Кансыз согуштун себептери,маңызы, жыйынтыктары
Инс. Джон Фицдж. Кеннеди
Инн. Суу астындагы сүзүп жүргөн кеме

Цивилизация

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин дүйнөдөгү укук жана эркиндик...224
Инс. Элеонора Рузвельт
Инс. М.Л. Кинг
Документтер 225
Тексттер**. Адам укуктарынын жалпы декларациясы. Азыркы доордун цивилизациялык ар түрдүүлүгү. Жакынкы бирок кол жеткис Финландия**.....226

Европадагы социализм 227-229
Табл. Социалдык мамлекет концепсиясы жана түшүнүгү
Табл. Европалык социалдык хартия

XX к. Латын америкасы.....229-232
Инс. Ф.Кастро
Табл. XX к.Латын Америкасын модернизациялоо

Табл. XX к. Латынамерикалык цивилизация
Инс. Консуэло Веласкес

“Алтын миллиард” өлкөлөрүнүн постиндустиялдык коомго карай сапары.....233-237
Инс. Битлз
Инн. Жогорку ылдамдыктагы темир жол транспорту
Япон цивилизациясы
XX к. Батыштын индустриалдык цивилизациясы
Инн. Жекече пайдалануудагы компьютер

Чыгыш цивилизациясынын адамы 238-241
Инс. Рухолла Мусави Хомейни
Инс.Мао Цзэдун
Инс.Дэн Сяопин
Таблица. Кытай цивилизациясы

Европалык интеграция.....242
Инн. Ла-Манштын астынан өткөн туннель

Глобалдуу дүйнөнүн шартындагы адам.....242

Инн. Интернет
Инн. XVI-XX кк. кээ бир өлкөлөрдөгү калктын санынын өсүшү боюнча маалымат
Инн. Клондоштуруу
Инс. Мэрилин Монро

Корутунду.....245-251

Пайдаланылган адабияттар жана башка булактар.....251

Мазмуну.....252-262

Кыскартылган сөздөр.....262

Кыскартылган сөздөр:

1. Инн-Инновациялар
2. **Инс**-Инсандар
3.**Табл**-Таблицалар
4.**Текст**-Тексттер

Басууга берилди: 06.10.2023-ж.

Тираж: 150 д.

Көлөмү: 33 б.т. Формат: 60х84 1/16

РБС «Билим», ОшМУ, Ош ш., Ленин көч. 331